КЫРГ
4(С)К
С)К
К97

КЫРГЫЗ АДАБИЙ ТИЛИНИН СТИЛДИК ТҮРЛӨРҮ



ФРУНЗЕ 1983

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

КЫРГЫЗ АДАБИЙ ТИЛИНИН СТИЛДИК ТҮРЛӨРҮ

«ИЛИМ» БАСМАСЫ
Фрунзе 1983

- 97

Жыйнакта кыргыз адабий тилинин стилдик түрлөрү (публицистикалык, илимий, официалдуу иш кагаздарынын, көркөм адабият ж. б.), алардын мүнөздүү белгилери жана бөтөнчөлүктөрү баяндалат. Жыйнак студенттерге, аспиранттарга жана тилчилерге — түркологдорго арналат.

Басмага Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар совети тарабынан бекитилген жана Кыргыз ССР илимдер академиясынын РИСОсу тарабынан кабыл алынган.

Жооптуу редакторлор:
филология илимдеринин доктору *С. КУДАЙБЕРГЕНОВ*
филология илимдеринин кандидаты *А. Т. ТУРСУНОВ*

Рецензенттер:
филология илимдеринин доктору,
профессор *Т. К. АХМАТОВ*,
филология илимдеринин кандидаты *М. МУРАТАЛИЕВ*

543918

7—1—3 © Издательство «Илим», 1983

Центральная научная
БИБЛИОТЕКА

БАШ СӨЗ

Кыргыз адабий тилинин түзүлүшү Улуу Октябрь революциясынын жеңиши жана Кыргызстанда совет бийлигинин орношу менен тыгыз байланыштуу. Анткени социалдык ушу факторлордун таасири астында кыргыз элинин турмушунда зор бурулуш, өзгөрүү болду: элибиз саясий бийликке ээ болуп өз алдынча мамлекет курду; ушуну менен катар мурдагы караңгы жана көчмөн элибизге, Октябрдын жарык таңы тийди, жалпы элдик жазмабыз, алфавит иштелип чыгып өз эне тилибизде 1924-ж. 7-ноябрде «Эркин-Тоо» газетасынын биринчи номери жарык көрдү. Муну менен катар эне тилибизде окуу китептери жана окуу куралдары чыга баштады. Коомчулугубуздун арасында жогоруда аталган мезгил кыргыз адабий тилинин түзүлүшүнүн башталышы катарында эсептелинип жүрөт.

Жаңы түзүлгөн кыргыз адабий тили өрүшүн кеңитти, өзүнүн ички байлыктарынын жана улуу орус тилинин жагымдуу таасири астында, ошондой эле коңшулаш жашаган түрк тилдеринин карым-катышы аркасында андан ары өстү жана өсүп жатат. Адабий тилибиздин түзүлгөнүнөн бери жарым кылымдан ашуун убакыт өттү. Ушул мезгилдин ичинде анын лексикалык составы дүркүрөп өстү, грамматикалык түзүлүшү өркүндөдү жана ага байланыштуу болгон кээ бир жылыштардын боло баштаганы байкалат. Кыргыз адабий тилинин өнүккөн жана өскөндүгүнүн бир көрүнүшү катарында марксизм-ленинизм классиктеринин — Маркс, Энгельс жана Лениндин — чыгармаларынын кыргыз тилине которулушун белгилөөгө болот.

Алдыда белгиленгендей, мурда кыргыз тилинин жалпы элдик жазуусу (алфавити) жана жазма традициясы болгон эмес, азыр болсо өнүккөн, өскөн кенже адабий тилдердин бири. Көп улуттуу Совет өлкөсүндөгү улуттук адабий тилдер сыяктуу эле ийгиликтүү кызмат өтөп жатат. Өсүшүнө байланыштуу кыргыз тилинин колдонулуу сферасы алда канча кеңейди. Башта ал кыргыз жергесинде оозеки катнашуунун гана куралы болсо, азыр оозеки, жазуу жүзүндө жана техникалык-информациялык билдирүү формасында да колдону-

лат, азыр ал ушу калыбында Кыргызстандын төрт бурчунан угулуп турат.

Окурмандарга тартууланып жаткан жыйнак жөнүндө бир эки ооз сөз. Мындан бир канча жыл илгери Кыргыз академиясынын тил жана адабият институтунда академик маркум Болот Мураталиевич Юнусалиевдин сунушу боюнча «Кыргыз адабий тилинин түзүлүшү жана өнүгүшү» деген проблемалык зор маселе пландаштырылган эле, а киши өзү ушу теманын консультанты болчу. Аталган тема боюнча «Кыргыз жазуусунун тарыхы», «Кыргыз адабий тилинин орфоэпиялык маселелери», «Кыргыз адабий тилинин лексикасынын өсүшү» деген маселелер иштелип чыккан, булардын ичинен биринчисинен башкасы жарыкка чыккан. Окурмандарга сунуш кылынып отурган китепче — «Кыргыз адабий тилинин стилдик түрлөрү» алдыда аталган проблеманын («Кыргыз адабий тилинин түзүлүшү жана өнүгүшү») ичине кирет, ошонун составдык бөлүктөрүнүн бири болуп эсептелет. Кээ бир себептерге байланыштуу эми чыгып отурат.

Жогоруда кыргыз тилинин өсүшү жөнүндө жалпы айтылды. Анын адабий тили ар кандай тармакта колдонулат. Айталык, адабий тилибизде газета, журналдар чыгат. Мындагы материалдардын тили жалпы жонунан публицистикалык стиль деп аталат да, өзүнө тиешелүү тилдик өзгөчөлүктөрү бар. Ушу сыяктуу эле илимий эмгектер мазмуну боюнча башкача стилде жазылат, мунун да өзүнө тиешелүү тилдик бөтөнчөлүктөрү бар. Көркөм адабияттар да стили боюнча башкача, анда тилдик башка ыкмалар колдонулат. Иш кагаздары да стили боюнча жогоруда саналгандардан айырмаланып турат. Ошондуктан адабий тилдеги стилдин түрлөрү бирдей эмес. Ар бир стилдин өзүнө тиешелүү, өзүнө мүнөздүү бөтөнчөлүктөрү бар, жана алар окурмандарга тартууланып жаткан китепчеде мүмкүн болушунча тигил же бул деңгээлде чагылтылды.

Аталган китепче — кыргыз тилинин стилистикасы боюнча биринчи жолу жазылып отурган туңгуч эмгек, ошондуктан мында купулга толбогон ой жорутуулар да болушу мүмкүн. Окурмандар өздөрүнүн сын-пикирлерин айтышса, китептин соңку чыгышында сапатынын жакшырышына көмөк берет деп ишенебиз.

С. КУДАЙБЕРГЕНОВ

ПУБЛИЦИСТИКАЛЫК СТИЛЬ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

Публицистикалык стилге коомдук темада жазылган газеталык, журналдык статьялардын, адабий сын макалалардын, агитациялык-пропагандалык материалдардын[1] жана жалпы эле газетага жарыяланган ар түрдүү кабарлардын, билдирүүлөрдүн, кыскача макала, очерк, фельетондордун стили кирет.

Публицистикалык стилдин максаты маанилүү саясий маселелер боюнча жалпы кабар берүү гана эмес, массаны ошол айтылып жаткан ишке бекем ишендирүү, алардын сезимине таасир этип, кезекте турган коомдук проблеманы чечүүгө, иштеги кемчиликтерди жоюуга активдүү катышууга үгүттөө жана уюштуруу болуп эсептелет[2].

Бул максатка жетишүү үчүн публицистикалык чыгармаларда логикага терең негизделген ар түрдүү далилдер кеңири берилет. Бул болсо айтылып жаткан окуяга ишеничтүүлүктү туудурат. Экинчи жагынан, окуянын жогорку көркөмдүүлүктө жана эмоционалдуу духта жазылышы окуучуларда сөз болуп жаткан ишке тилектештик же болбосо кыжырланыу ж. б. сезимин туудурат жана алардын окуяга түздөн-түз катышуусуна түрткү берет. Публицистикалык чыгармалар элдин өтө кеңири массасына арналгандыктан, анын стили так, ачык, жөнөкөй жана образдуу келип, көпчүлүккө жеңил, түшүнүктүү болуш керек. Публицистикалык чыгармалардын алдына коюлган ушул талаптарга жараша анда колдонулуучу тилдик каражаттар да ар түрдүү болот.

Публицистикалык стилде илимий жана көркөм адабияттын стилинин айрым белгилери учурай берет. Лексикалык жагынан алсак, стилдин бул түрүнө коомдук-саясий, атайын

---

[1] *Чижик-Полейко А. И.* Стилистика русского языка, ч. 1. Воронеж, 1962, 86-бет.

[2] *Гвоздев А. Н.* Очерки по стилистике русского языка. М., 1965, 24-бет.

техникалык терминдер, абстракттуу маанидеги жана жалпы колдонулуучу сөздөр (общеупотребительные слова), эмоционалдык маанидеги сөздөр, неологизмдер, троптун түрлөрү (салыштыруу, эпитет, метафора, метонимия), ошондой эле идиомалар мүнөздүү.

Синтаксистик жагынан көбүнчө жөнөкөй сүйлөмдөр, анын ар кандай түрлөрү, эмоционалдык маниге бай илептүү сүйлөмдөр, байламтасыз татаал сүйлөмдөр басымдуу колдонулат; оозеки речке мүнөздүү конструкциялар да көп учурайт. Мындай структурадагы сүйлөмдөрдүн кеңири колдонулушу ой-пикирди жөнөкөй тил менен жандуу жана эмоционалдуу кылып берүүгө шарт түзөт.

Публицистикалык стилдин кээ бир жанрлары айрым белгилери боюнча официалдуу иш кагаздарынын стилине жакындашып кетет. Мисалы, өкмөт башчыларынын отчеттук докладдары, чогулушта сүйлөнгөн сөздөр, коомдук темадагы макалалар. Буларда речке эмоционалдуу-экспрессивдүү жана көркөмдүк маани берүүчү тилдик каражаттар өтө аз колдонулат. Бирок аларда коомдук-саясий, маданий лексика кеңири учурайт, материалдын мазмуну көбүнчө чакырык, буйруу маанисинде болот. Ушул белгилери боюнча алар публицистикалык стилге кошулат[1]. Функционалдык стилдин түрлөрү бир-биринен айрым сөздөрдү, грамматикалык формаларды жана сүйлөмдүн тигил же бул түрүн колдонууга мүмкүн же мүмкүн эместиги жана алардын көп же аз колдонулушу боюнча айырмаланат. Бирок алар бири-биринен өздөрүнө мүнөздүү болгон лексикалык, грамматикалык белгилери боюнча айырмаланып турат деш жалпысынан шарттуу түрдө гана айтылган сөз болуп эсептелет. Булардын «мүнөздүү» белгилери дегенде стилдин тигил же бул түрүнө бекитилген, ошого гана тиешелүү элементтер деген түшүнүк келип чыкпайт, мында баарыдан мурда тигил же бул тилдик каражаттын стилдин кайсы түрүндө көбүрөөк, басымдуу колдонулушу эске алынат. Демек, стилдин түрлөрү өз ара бири-биринен тилдик тигил же бул каражаттын басымдуулугу боюнча айырмаланышат.

Публицистикалык стилге баарыдан мурда газетанын тили кирет. Газеталык материалдар мазмуну жагынан бирдей эмес. Газетанын беттерине ар түрдүү мазмундагы материалдар жарыяланат. Мисалы, баш макала, саясий документтерде (отчеттук доклад, саясий темадагы макалалар жана көркөм очерктер, маданий турмуш, илим менен техниканын ар кандай маселелерине арналган макалалар) ар түрдүү стилдин (официалдуу иш-кагаздарынын стили, илимий стиль,

[1] *Чижик-Полейко А. Н.* Аталган эмгеги, 87-бет.

көркөм стиль ж. б.) элементтери кездешет. Демек, газета беттерине жарыялаган материалдардын стили мазмунуна жараша ар түрдүү микростилдерге ээ.

Илимий жана көркөм стилдер сыяктуу эле, публицистикалык стилдин да жанрлары бар:

1) билдирүү жанрлары — хроникалык билдирүүлөр жана чет элдик кабарлар;

2) фельетон, макала, корреспонденция жана интервью;

3) көркөм адабият: аңгеме, очерк, ыр, повесть, роман жана пьеса. Бул жанрлар бири-биринен стиль жагынан айырмаланат жана функционалдык стилдин башка түрлөрү менен жакындашат. Мисалы, адабияттык жанрлар көркөм чыгарманын стилине жатса, билдирүү, чет элдик кабарлар, хроника публицистикалык стиль менен жазылат ж. б. Бирок булардын баары негизги окшош белгилери боюнча жалпы жонунан публицистикалык стилди түзүшөт.

Публицистикалык чыгармалардын тематикасы кең, ал өз ичине азыркы мезгилдеги ар кандай актуалдуу маселелерди: саясий, экономикалык, моралдык, философиялык, маданият, тарбия, күндөлүк турмуш жөнүндөгү маселелерди камтыйт.

Публицистикалык стиль коомдук-саясий адабияттарда, газета, журналдардын тилинде, саясий темада сүйлөнгөн сөздөрдө ж. б. колдонулат. Демек, публицистикалык чыгармалар бир жагынан үгүттөө, экинчи жагынан бир нерсе туурралу баяндоо функциясын аткаргандыктан, анда оозеки речке тиешелүү тилдик каражаттар кеңири пайдаланылат. Публицистикалык чыгармалар көп жанрлуу болгону менен, анын негизин көбүнесе газеталык материалдар түзөт.

Газета массалык мүнөзгө ээ жана окурмандардын ар түрдүү чөйрөсүнө арналат, газеталык материалдар ар кандай шартта окулат. Ошондуктан ага жарыяланган кабарлар көлөм жагынан кыска келип, айтылуучу ойдун негизин чагылдырат жана белгилүү бир өлчөмдө, материалдын мүнөзүнө карай, эмоционалдык түскө да ээ болот. Башкача айтканда, макалалардын тез окуп, тез түшүнүүгө ылайыкталып (кыскача) жазылышы газетанын мүнөздүү белгилеринин бири болуп эсептелет. Макаланын темасынын да зор мааниси бар. Адатта дайыма кайталануучу темалар менен бирге актуалдуу (жаңы) темалар да кеңири колдонулат. Теманын мазмуну макаланын ичинде ачылат, б. а. теманын мазмуну макалада кайталанат. Бул сыяктуу кайталоолордун жана штамптын пайдаланылышы газеттик текстин стиль жасоочу факторлорунун бөтөнчөлүгүн түзөт[1].

[1] *Арнольд И. В.* Стилистика современного английского языка. Л., 1973, 54—55-б. б.

ПУБЛИЦИСТИКАЛЫК СТИЛДИН ЛЕКСИКАЛЫК МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Терминдердин жасалыш булактары

Публицистикалык чыгармалардын кеңири массага арналга тургандыгына байланыштуу газета беттеринде публицистикага мүнөздүү коомдун ар кандай тармактарында колдонулуучу терминдерди учуратууга болот: коомдук-саясий терминдер, айыл чарба, өнөр жай, искусство, спорт, экономикага байланыштуу жана атайын техникалык терминдер, абстракттуу маанидеги жана жалпы колдонулуучу сөздөр (общеупотребительные слова), эмоционалдык маанидеги сөздөр, неологизмдер, троптун түрлөрү (салыштыруу, эпитет, метафора, метонимия), ошондой эле идиомалар ж. б. Булардын ичинен басымдуу көпчүлүгүн коомдук-саясий терминдер түзөт.

Коомдук-саясий терминдер да, башка терминдер сыяктуу эле, эки булактын негизинде түзүлгөн:

1) кыргыз тилинин өзүнүн ички байлыктарынан жасалган терминдер;

2) орус тили аркылуу кирген интернационалдык жана орус тилинин өзүнөн кирген терминдер; ушулар менен биргеге тектеш жана коңшулаш жашаган элдердин тилдеринин эсебинен кирген терминдерди да кезиктирүүгө болот, бирок алар анча көп эмес. Андай сөздөр, негизинен, кыргыз адабий тилинин алгачкы түзүлүү мезгилинде (1920 — 30-ж. ж.) кирген.

I. Кыргыз тилинин өзүнүн ички байлыктары аркылуу жасалган терминдер. Буларга мисал катарында төмөнкүдөй сөздөрдү көрсөтүүгө болот:

Тап — мунун кыргыз тилиндеги биринчи мааниси:[1] оюулары бириники экинчисине кыналыштырыла турган шырдактын эки бет кийизи. Ушул конкреттүү материалдык маанисинин негизинде окшоштук закону боюнча жогорку *тап* деген сөз орус тилиндеги *класс* (саясий мааниде) деген абстракттуу түшүнүктү да билдирүү үчүн колдонула баштаган: жумушчу *табы*, эзүүчү *табы*. *Тап* душмандар айыл чарба шаймандарын талкалоо негизинде, оруу-жыюу өнөктүгүн үзүүгө аракет кылып жатышат («К К»).

Эз — баштапкы мааниси: эрий турган же суюла турган заттарды сууга ж. б. суюктуктарга салып эритүү; суюктукка айландыруу; былжыраган, илээшкен абалга келтирип мыжыгуу: Сүзмө *эзип* чалап жасады. Аталган сөз кандайдыр бир ассоциациялык окшоштуктарынын негизинде, мындайча айтканда турмуштук тар мааниден коомдук жана саясий мааниге өтүп, бирөөнү малай, кул катары жумшоо, ага эркиндик бербей эксплуатациялоо деген түшүнүктү берип калды: Мурдагы учурда бай-манаптар кедейлерди *эзип* келишкен.

Үгүт — бул сөз мурда бирөөнүн макулдугун алуу, бирөөнү көндүрүү үчүн болгон аракетти билдирген: Анча-мынча *үгүт* айткан болду. Кыргыз адабий тилинин алгачкы мезгилинде бул сөз орус тили аркылуу кирген *агитация* маанисинде колдонулуп келген, бирок кийинчерээк анын ордуна *агитация* сөзү колдонулуп калды.

Күрөш — эки кишинин кармашып, бирин бири жыгууга кылган аракети. Ушунун негизинде ассоциация кубулушу аркылуу кандайдыр бир максатка жетишүү үчүн болгон кызуу аракетти, кыймылды билдирип калган: Басма сөз коммунизм үчүн *күрөштүн* алдынкы катарында болууга тийиш.

Өнөктүк — шериктик, жаат-жаат болуп бөлүнүп ойногон оюнда биригип бир тарап болгондук. Саясий термин катарында өтө маанилүү коомдук же чарбалык иштерди жапырт аткаруу чаралары, жалпы бардыгы киришкен жумуш, жапатырмак жүргүзүлгөн иш компания маанисинде колдонулат: Жазгы айдоо *өнөктүгү*. Шайлоо *өнөктүгү*. Былтыр зайым *өнөктүгүн* өткөргөн кездеги жаңылыктардын жана кемчиликтердин кайталанышына жол коюлбасын («К К»).

Мында *өнөктүк* сөзүнүн кийинки саясий мааниси баштагы атоочтук үңгүнүн (*өнөк*) маанисинен өнүгүп чыккан.

Бийлик — туунду сөз, азыркы мезгилдеги үңгүсү — *бий* революцияга чейин кыргыз, казак тилинде *сот* маанисинде колдонулган; экинчи жагынан, уюшма тамакты, жорону, шеринени башкаруучу адам деген түшүнүктү да берген. Мунун алгачкы формасы — *бег*. Мындан түрк тилдеринин тыбыштык өзгөчөлүгүнө байланыштуу төмөнкүдөй эки сөз өнүгүп чыккан: *бек, бий,* (*бий*<*бег*>*бек*).

«Бийлик» сөзү «башкаруучу» деген маанисиндеги *бий* сөзүнө *-лык* мүчөсүнүн жалганышы аркылуу жасалган; азыркы мезгилде саясий термин катарында мамлекетти башкаруу укугу, саясий үстөмдүк дегенди билдирет: совет *бийлиги*, кош *бийлик*. Октябрь революциянын жеңишинен кийин жумушчу табы мамлекеттик *бийликти* өз колуна алды ж. б.

2. Азыркы мезгилде кыргыз тилинин лексикалык составы, жогоруда эскертилгендей, **интернационалдык жана орус тилинен кирген сөздөрдүн** эсебинен баюуда. Орус тили Советтер Союзунда жашаган элдер үчүн байланыш-катнаштын куралы катарында кызмат кылуу менен бирге СССРдеги улут

---

[1] Кыргызча терминдердин мааниси «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү» боюнча (Фрунзе, 1969-ж.) берилди.

тилдерин жана майда элдердин тилдерин байытуучу негизги булактардын бири болуп эсептелет. Коомдогу жаңы ачылыштарга, техникалык прогресстерге байланыштуу улам жаңы түшүнүктөр жана терминдер жаралууда; алар башка элдерге, биринчи иретте, орус тилинен кирет же ал аркылуу таралат. Эгерде ошол терминдердин улут тилдеринде семантикалык эквиваленти жок болсо, алар адатта орусча аталышы боюнча кабыл алынып жүрөт. Кээде жаңы түшүнүккө ылайыктуу термин улут тилдеринде болсо деле, ал сөз аз пайдаланылат, ошон үчүн алардын ордуна орусча варианты активдешип кетип, лексикалык составдан биротоло орун алышына ыңгайлуу шарттар түзүлүп калып жатат. Кайсы бир учурда бул кубулуш тескерисинче болушу да мүмкүн. Мындай көрүнүштөр тилдин өнүгүшүндө лексикадан да, грамматикадан да кезиге берет. Бирок жекече мүнөздөгү жана анын үстүнө белгилүү бир мезгилдин ичинде гана учуроочу буга окшогон көрүнүштөр жалпы өнүгүшкө: эне тилдин өзүнүн ички ресурстары менен байышына, анын орус тили аркылуу байышына кедерги боло албайт, тескерисинче белгилүү бир өлчөмдө тилдик каражаттардын нормаланышына алып келет дешке болот.

Публицистикалык стилдеги терминдер

Коомдук-саясий терминдер. Азыркы кезде колдонулуп жүргөн кээ бир коомдук-саясий терминдер кыргыз адабий тилинде бүгүн эле калыптанып калган эмес: көптөгөн баскычтарды басып өткөн, кайсы бирөөлөрү кийинчерээк башка терминдер менен алмаштырылган.

Адабий тилибиздин калыптануу мезгилинде коомдун ар кандай тармактарына байланыштуу басымдуу көпчүлүгүн, калың массага түшүнүктүү болсун үчүн, эне тилибиздин байлыктарынын негизинде жасоого аракет жасалгандыгы (туура болбосо да!) байкалат. Бирок алардын көпчүлүгү кийин акырындык менен орус тилинен кирген же эл аралык терминдер менен алмашылган. Мисал үчүн ошол кездеги терминдерден бир нече факт келтирели:

Орундар: Бул артелдин иши өтө начар. Буга жол башчылык кылган *орундар* жок («КК»). Маанисине караганда, азыр мунун ордуна орус тилинен кирген *орган (дар)* деген сөз колдонулат. Мында кыргыздын *орун* деген сөзүнүн баштапкы мейкиндик маниси кеңейип, бир нерсеге багыт берүүчү, бир нерсени тейлөөчү мекеме маанисинде колдонулган. Бирок, жогоруда айткандай, кийин ал сөз түшүнүктү так берүү үчүн *орган* менен алмаштырылган.

Ушу сыяктуу эле *имтихан* деген термин тууралу айтууга болот. Бул сөз өзбек тилинен келип кирген болуу керек, анткени кыргыз тилинде кездешпейт, мунун синоними — *сыноо.* «Эркин тоо» газетасынын алгачкы номерлеринин Ташкенттен чыгышына жана ошол мезгилде тергөөчүлөрдүн да өзбек, татарлардан болушуна байланыштуу кыргыздын жазма адабий тилинин түзүлүшүнүн баштапкы этаптарында терминдердин толукталышында коңшулаш тектеш түрк тилдеринин, биринчи иретте казак, өзбек, татарлардын таасири тийбей койгон эмес: Кендерде техника *имтиханы* унутулуп калган («КК»).

Коомдук-саясий терминдердин калыптанышында төл сөздүн да активдүү катышкандыгы белгилүү. Мындай учурдөрдүн да алардын кээ бирөөлөрү өздөрүнүн материалдык мааниси боюнча термин катарында пайдаланылса, кайсы бирөөлөрү негизги маанисинин кеңейиши аркылуу терминдик даражага жетишкен да, андан ары термин болуп сиңип кеткен, кээ бирөөлөрү белгилүү убакытка чейин гана термин катары жашап, кийин ылайыктуу башка сөздөр менен алмашылган. Негизги маанилеринин кеңейиши аркылуу термин катарында колдонулган сөздөр аз эмес. Мисалы, *аталык:* Бул уюктун *аталыгында* Новотыройская[1] деген айыл бар. Бул айылда жеке гана комсомол уйугу *аталыка* албастан, партыйа уйугу да *аталык* алган... («ЛЖ»).

Ошол өз учурунда термин катарында колдонулган сөздөрдүн бири — жогорку мисалда келтирилген *аталык,* бул сөз азыркы мезгилде *шефке алуу* (шефство) дегендин ордуна колдонулган. Мында *ата* деген конкреттүү маанидеги зат атоочко-*лык* формаңты жалганган да, абстракттуу маанидеги атооч сөз жасалган: *аталык.* Бул туунду сөздүн алгачкы материалдык мааниси — ата экендик, аталык: Айланайын, Сейтегим, *аталыкка* санасаң, Тоо Тору атка бара көр. Анын ушул маниси кеңейип, алгачкы мезгилде *аталык* сөзү өзүнүн негизги маанисинен тышкары термин катары *шефке алуучулук* деген мааниде да колдонулган; атанын үй-бүлөдөгү жетекчилиги, кам көрүүчүлүк ролунун негизинде аталган сөздүн саясий терминдик мааниси өнүккөн.

Алгачкы маанинин кеңейишинен жасалган коомдук-саясий терминдердин катарына *уюк* деген сөздү да кошууга болот: Бул *уйуктун* аталыгында Новотыройская деген айыл бар («ЛЖ»). Аталган сөздүн алгачкы мааниси — көбүнчө аарынын, кумурсканын жашай турган жайы, уясы.

Бул сөздүн алгачкы мааниси кеңейип, идеясы, максаты

---

[1] Мисалдар ошо кездеги орфография боюнча берилди.

жаңы адамдардын тобун да билдирип, азыркы мезгилдеги *уюм* (организация) деген терминдин ордуна колдонулуп келген.

Кыргыз адабий тилинин калыптануу мезгилинде жаңы пайда болгон коомдук-саясий түшүнүктөрдү атоо үчүн адистер алгачкы учурда биринчи иретте өз эне тилинин мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланууга аракеттенишкен. Мындай учурда жаңы түшүнүккө ылайыктуу кыргыз тилинин эквиваленти алынган, эгерде аны туунду сөз аркылуу атоо зарыл болсо, ага тиешелүү мүчөлөр жалганган. Мисалы, орусча «деятель» деген сөз ордуна жазма адабий тилибиздин алгачкы учурунда *ишмер* колдонулган: Коммунисттик партиянын *ишкерине* кол салынган («КК»). Бул сөз ишке жөндөмдүү, иштин жайын мыкты билген, уюштургуч, ишмер дегенди билдирет. Ушуга ылайык ал баштапкы учурда «деятель» дегендин ордуна колдонулуп келген, азыр ал сөз *ишмер* (мамлекеттик ишмер, искусствонун ишмери, коомдук ишмер ж. б.) менен алмашылды.

Публицистикалык адабияттарда, айрыкча газета беттеринде, кээде терс мааниде, ирония иретинде айтылчу сөздөр да кездешет. Мындай сөздөрдүн эмоциясы, көбүнчө коомдогу терс көрүнүштөргө айрым адамдарга карата айтылат. Буга социалдык термин катарында *төрөчүлдөр, төрөчүлдүк* деген сөздөрдү кошууга болот: *Төрөчүлдөр* демократчылыкты бузушат (К. К.). РайЗО менен МТСтагы *төрөчүлдүктүн* жемиши («КК»). Мындагы асты сызылган сөздөр төрө дегенден алынган. Ага бирдемеге жакындыкты, шыктуулукту билдирүүчү-*чыл* ж. б. мүчөсү жалганган *(үйкучул, төрөчүл)*. Атоочтук уңгу сөз — *төрө* — колунда бийлиги бар ак сөөк адам, кадырлуу мырза, чиновник, господин маанисинде колдонулган. Большевик туу көтөрдү ай-ааламга, Падыша, *төрөлөрү* кетти качып (Тоголок Молдо). Анализге алынган сөздүн ирониялык маанидеги социалдык термин даражасына жетиши, биздин пикирибизче, ага-*чыл* мүчөсүнүн жалганышы менен байланыштуу, анткени -*чыл* мүчөсү кошулбаса, ал сөз жогорудагыдай стилдик терс мааниге ээ боло албайт, салыштыр: *Төрөнү төрө* дебесмин, Төбөдөн басып урса да (Токтогулдан). *Төрөчүлдүк* кылып жооп кайтарган жок.

Кээ бир сөздөр өздөрүнүн баштапкы материалдык маанилеринин негизинде коомдук-саясий термин катарында өнүккөн. *Жекелер* пахта терүүгө даяр эмес (К.К.). *Жекелик* сөөгүнө сиңип калган бириндек дыйкандар колхозго кирүүнү эң жек көрөт (К. К.). Бул сөздүн уңгусу иранча: *йек* — жалгыз өзү жалаң өзү, жалаң гана, бир гана деген маанини билдирет. Кыргызстанда коллективдешүү башталган учурда колхозго

кирүүнү каалабай, чарбасын өз алдынча жүргүзгөн жекечарба адамдар үчүн айтыла баштаган.

Коомдук-саясий терминдердин кээ бирөөлөрү үчүн жогоруда айткандай кыргыз тилиндеги лексикалык параллелдер колдонулса, кайсы бирөөлөрү үчүн кадимки эле сөздөрдүн негизги маанилеринен өнүгүп чыккан маанилер пайдаланылган. Буга биринчи иретте белгилүү контекстте башка маниге өткөн сөздөр кирет:

Агартуу майданындагы жаңы *күчтөр* (К. К.). Айыл чарба стансасы Фрунзе колхозун дайым *аталыкка* алды («КК»). 24-ноябрдеги кечки *олтуруш* («КК»). Оштун жетекчилери *бурулуш* жосо керек («КК»). ... шаарларын бомбардировка кылган кезде (Түндүк *майдан*) Италиянын эки самолету жерге түшүрүлгөн («КК»). Кыргызстан облустук комсомол комитетинин *эсептүү* докладына карата («КК»).

Жогорудагы асты сызылган сөздөр өздөрү катышкан сүйлөмдөрдө баштапкы материалдык маанилеринен бөлөк мааниде колдонулушкан. Алар негизги маанилеринен өнүгүп чыгышкан да өз учурунда коомдук-саясий термин катарында колдонулган: күчтөр — *кадр* дегенди билдирет (азыр ал сөздүн ордуна орус тилинен алынган *кадр* алынган); *бурулуш* — текстте — өзгөрүш (перелом) маанисинде; *олтуруш* — бул сүйлөмдө заседание маанисинде (азыр ал орус тилинен кабыл алынган *заседание* менен алмашылган). Дагы айта кете турган нерсе — ошол өз учурунда колдонулуп келген терминдердин кайсы бирөөлөрү улам убакыт өткөн сайын такталды, калыптанды, кээ бирөөлөрү орус тилинен кабыл алынган терминдер менен алмашылды.

Үгүт: Үгүтчүлөр жакшы катышпайт. («КК»). Бул сөздүн азыркы мезгилдеги уңгусу — *үгүт*.

Кыргыз адабий тилинин түзүлүшүнүн алгачкы мезгилинде бул сөз азыркы агитация-пропаганда маанисинде колдонулуп келген, бирок кийин бара-бара ал түшүнүк үчүн орус тилинен кирген *агитация-пропаганда* сөзү колдонулуп кеткен. Талдоого алынган термин өз мезгилинде *насият* деген термин менен да синонимдеш болгондугу байкалат: Жапонияга каршы кыймыл өздөрүнүн насыяттарын күчөтүүгө мүмкүнчүлүк берди («КК»). Кээде бул экөө кош сөз катарында да колдонулган: *Үгүт-насыят* иштери жолго коюлду (агитация-пропаганда маанисинде). Бул сөздүн экинчи компоненти кыргыз тилинде өзүнчө жалгыз турганда акыл-кеңеш берип, үлгүлүү жакшы жүрүүгө үндөгөндүк маанисинде колдонулат. Демек, жогорудагыдай нагыз саясий мааниге ал сөз кош сөздүн компоненти катары колдонулган учурда гана жетишкен, б. а. анын башка мааниде колдонулушу

морфологиялык ушул абал (кош сөздүк составда болушу) менен шартталган.

Кыргызстан облустук комсомол комитеттеринин *эсептүү* докладына карата («КК») ж. б. Азыр мунун ордуна орус тилинен кирген *отчет* сөзү колдонулат.

Экономикага байланыштуу терминдер. Кыргыз адабий тилинин түзүлүшүнүн алгачкы мезгилинде экономикага байланыштуу терминдердин жасалышында, биринчи иретте, эне тилибиздин ички мүмкүнчүлүктөрү пайдаланылган. Бул үчүн коомдук жаңы түшүнүктөргө ылайык келген төл сөздөр термин катарында колдонулган:

Бул кандай *үнөм* («КК»). Түркүйөдө *үнөм* кыйындыгы («КК»).

Энчик: СССРдин адамдарынын жекелик *энчиги* («КК»). Талдоого алынган сөздүн азыркы мезгилиндеги үнгусу — *энчи* (бирөөгө тиешелүү үлүш; менчигинде кала турган малмүлк, байлык). Азыр мунун ордуна *менчик* колдонулат да, бирөөгө таандык болгон мүлк, нерсе, каражат деген маанини билдирет: социалисттик *менчик;* колхоздук-кооперативдик *менчик*, жеке *менчик.* Бул сөз ат атоочтук үнгуга-*чык* мүчөсүнүн жалганышы аркылуу жасалган да, үнгу сөздүн материалдык мааниси туунду сөздүн семантикалык түзүлүшүнүн негизине жаткан. *Энчик* сөзү академик К. К. Юдахиндин «Кыргызча-орусча сөздүгүндө» туунду формасында *(энчикте, энчиктеп ал;* 954-бет) орун алган, бирок атоочтук үнгусу *(энчик)* аталган сөздүктө жана «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө» да жок. Бул сөздү биз 1936-жылкы (26/IX) «Кызыл Кыргызстан» газетасынан кезиктирдик. Бул фактыга караганда, орус тилиндеги *собственность (коомдук менчик*— общественная собственность) сөзүн алгачкы учурда *энчи* деген сөздүн маанисине карата *энчик* түрүндө берүүгө аракет жасалгандыгы, бирок адабий тилибиздин калыптанышынын кийинки өнүгүү этаптарында ал сөз *менчик* формасында кабыл алынып кеткендиги көрүнүп турат.

Жеке — иран сөзү, кыргыз тилине өзбек, тажик тилдери аркылуу келип кирген. Өзүнүн материалдык мааниси: *жалгыз, өзү, жалаң өзү, жалаң гана, бир гана.* Коллективдешүү мезгилинде бул сөз артелге бирикпеген, өзүнчө чарба жүргүзгөн адам жөнүндөгү түшүнүктү да билдирген. Демек, ал өзүнүн адаттагы маанисинен тышкары коомдук-саясий термин катарында да колдонулган: *Жекелер пахта терүүгө даяр эмес* («КК»). *Жеке, жеке чарба* деген сөздөр коллективдешүү мезгилинде активдүү колдонулуучу сөздөрдөн болгон. Колхоздошуу бүткөндөн кийин мурункусундай колдонулбай калды, азыр көбүнчө ошол мезгилди (коллективдешүү учурун) баяндаган адабияттарда гана жолугат.

Будапештте Венгрия менен Албаниянын ортосунда 1950-жылы *товар алмашуу* жөнүндөгү *келишимге* кол коюлган («КК» 20/XII, 1949). Будапештте 1950-жылда *товар обороту* жана *төлөөлөр* жөнүндө венгериялык — польшалык *келишимге* кол коюлган («КК» 19/XI, 1949). Чехословакия республикасынын тышкы *соода* министри Ринка Франция менен Чехословакиянын ортосундагы *соода* жана *финанса* келишимине кол коюшту («КК»). Мамлекеттик *кредитке* жана *сактык касса* иштерине жардам берүүчү комиссия («КК»). ...быйылкы *бюджет* жылында АКШнын дефицити 6,5 миллиард доллар болот («К К»). Башка райондорго караганда Ат-Башы районунда *кеңеш соодасын* жүргүзүү жумушу эң начар («К К» 16-июль, 1932-ж.) ж. б.

Экономикага байланыштуу термин катары кыргыз сөздөрү жана орус тилинен же орус тили аркылуу кабыл алынган интернационалдык сөздөр колдонулуп келе жаткандыгы жогоруда баяндалгандардан ачык көрүнүп турат. Бул сүйлөмдөрдөн бир эле түшүнүк бир мезгилдин ичинде эки түрдүү термин менен аталып келгендиги даана көрүнүп турат. Ушундай кубулуштардын өзү кыргыз адабий тилинде тармактык терминдердин (отраслевые термины) толук калыптанып бүтө электигине күбө болуп турат: *товар обороту* («К К» 19/XI, 1940); *товар алмашуу* («К К» 20/XII, 1949).

Өнөр жай жана айыл чарбасына байланыштуу терминдер. Алгачкы этапта эл чарбасынын бул тармактарына тиешелүү болгон терминдер да, биринчи иретте, кыргыз тилинин ички байлыктарынын негизинде түзүлгөн. Бул үчүн алды менен даяр материалдар (жаңы түшүнүккө ылайык келүүчү сөздөр) же төл сөздөрдүн кеңейген маанилери колдонулган:

Техниктер — куруучулар[1] же кыргыз тилин билген *маш*[2] *он башылар* керек. Мамлекетке мал чарба продуктыларын көп берели («СК»). Кийим тигүүчү *фабригинде.* Бул сүйлөмдөрдөгү көңүл бурарлык терминдер — *он башылар.* Бул *(он башы)* синтаксистик жол менен жасалган тарыхый терминге жатат (Салыштыр:*жүз башы, элүү башы, миң башы)*. Кыргыз адабий тилинин түзүлүшүнүн алгачкы этаптарында жогорудагы сөз айкашы өзүнүн материалдык маанисине жараша жаңы түшүнүктү билдирүү үчүн колдонулган. Ал *(он башы)* орус тилиндеги *десятник* дегендин ордуна колдонулган. Ушу модел аркылуу *топ башы* (звеновой) да жасалган.

---

[1] Алдыңкы сөз түшүнүксүз болуп калат деп, кошумчалап түшүндүрүү максатында кыргызча сөз кошулуп берилген.

[2] *маш* — квалификациялуу деген мааниде.

Публицистикалык чыгармаларда (өзгөчө газета материалдарында) өнөр жай жана айыл чарба терминдеринин кеңири колдонула башташына дагы төмөнкүдөй мисалдар келтирип көрөлү:

Пакта алуучу пункттардан алынган *пакталарды* зооторго жана темир жол *ыстансаларына* тартып жеткирүү тууралуу түзүлгөн келишимдер транспорт уюмдары тарабынан орундатылбайт («К К» 1932, 4-октябрь). *Плантацияларга* кант камышын чабууга барышкан он миндеген ыктыярдуу шаардыктар Советтер Союзунда жасалган *комбайндарга* жана жүк көтөргүч машиналарда иштеген *механизаторлор*, кант *заводдорунун* кызматкерлери талыкпастан эмгектенүүдө («С К» 23/II—1966-ж.) Азык-түлүк мол камдалып, кеңири керектелүүчү *өнөр жай товарлары* менен камсыз кылынган, жылуу кийим, отун-суу жана башкалар жетиштүү («С К»). Бул жаңы курулуучу тигүү *фабрикасы* күчтүүлүк жагынан азыркы иштеп жаткан тигүү *фабрикаларына* караганда 3 эседен артыгыраак болот («К К»). Күн батыш жагы чегине дейре *ат-арабанын* жолу менен... («Эркин-Тоо», № 1). Мындан мурдагы жылдарда мектепте *мастерской* жок болгондуктан... («Муг. газ.»). Түн жак Амырыйкада жаарупалык байлардын аялдары *аптамабилге* отуруудан эки аякты арабага отуруп, адамдан тарттырып жүрүүнү жакшы көрүшөт («К К», 17/VII—32-ж.).

Өнөр жайга байланыштуу келтирилген терминдердин ичинен лингвистикалык жагынан кызыкчылык туудура тургандары мына булар: адабий тилибиздин калыптанышынын алгачкы этаптарында орус тилиндеги *завод* сөзү кыргыз тилинин тыбыштык өзгөчөлүгүнө ылайыкталып (сөз аягында *д* тыбышынын келбей тургандыгы), оозеки айтылышына карай *зоот* түрүндө өздөштүрүлгөн. Бирок кийин, орус тилинен кирген башка сөздөр сыяктуу эле, ал да өзүнүн түпкү формасында колдонулуп кеткендиги кийинки жылдарда келтирилген мисалдардан ачык көрүнүп турат. Бир эле сөздүн фонетикалык жагынан эки түрдүү формада кабыл алынышы *(зоот, завод)* булардын семантикалык жагынан да дифференцировать этилишине алып келген. Ушунун натыйжасында экинчи вариантына караганда биринчисинин мааниси кен, *асыл тукум* малдарды жана оозеки тилде өнөр жай ишканасын да билдирет; экинчиси *(завод)* болсо материалдык маанисинде гана колдонулат.

Адабий тилибиздин калыптанышынын алгачкы этаптарында азыркы *поезд* деген сөз кыргызча *от араба* формасында колдонулган. Бул эшалондун башында туруп, трубасынан жалын менен от чачып, бууну көк түтүндөй бүркүп чыгарган паровоздун тышкы кебетесине карата алынган өз учурундагы элдик термин. Ушул сыяктуу эле ошол мезгилде *паровоз* күчтүүлүгүнө карата эл арасында *кара бука* деп аталып келгендиги да белгилүү. Бирок булар адабий тилибиздин өсүшүнө жана калыптанышына байланыштуу акыры орус тилиндегидей формаларында *(поезд, паровоз)* колдонулуп калды. Ушул сыяктуу орус тилинен кирген айрым сөздөрдүн кыргызча же тектеш башка тилдерде которулуп берилиши кээ бир адабияттарда пуризм катарында каралып келе жатат. Биздин оюбузча, орус тилинен оошуп кирген терминдердин кыргызча которулуп берилиши кыргыз тилин орус тилинен обочолонтуу же анын тазалыгын сактоо максатында жаңыдан пайда болгон түшүнүктү эл массасына жеткиликтүү формада берүү үчүн жасалган аракеттерден болушу да керек.

Искусствого байланыштуу терминдер. Бир жумада бир мертебе *жыйма* жасаб, *зоок кечесин* коюп, сабактан бош вакта, бир жумада 2-3 мертебе сайасы *насыкаттар* окутулуп турат («Эркин-Тоо», № 15, 1925). Кеңеш өкмөтү алардын *маданият* жана *адабият* жактарына партияча баа берип олтурат («Чабуул»). *Рекламаларды* карап көргүлө («КК»). Издегендери *сүрөт. Сүрөт кадригине* алуучу ыңгайлуу коз жер («Жаш Ленинчи»). Радио станциясы *көргөзмө* уюштурулду деп билдирген («КК»). «Отелло» *спектакли* менен *театрдын* юбилейлик жүзүнчү сезону ачылды («СК»). Аны борбордук Эмгек Кызыл Туу ордендүү *документ фильмдеринин студиясы* тарткан («СК»). Варшавада *документалдуу фильманын* советтик борбордук студиясы чыгарган «Польша» деген кинону коомдук кароо болуп, *фильманы* көрсөтүү зор ийгиликтүү болду («КК»). *Фильмдин* башкы кейипкери — Алексей Лапин деген жигит («СК»).

Жогоруда келтирилген сүйлөмдөрдөгү асты сызылган сөздөр, негизинен, искусствого мүнөздүү терминдер. Семантика жана теги жагынан алганда алардын ичинен лингвистикалык кызыкчылык туудурары төмөнкүлөр:

зоок — араб сөзү, жыргоо, көңүл ачуу маанисинде. Бул сөз «Эркин-Тоо» газетасына жарыяланган материалдардан (1925-ж.) жана К. К. Юдахиндин сөздүгүнөн кезигет. Бирок жогорку сөз азыр *оюн-зоок* формасында белгилүү, б. а. *зоок* деген араб сөзүнүн маанисин ачуу, тактоо, аныктоо катарында ага кыргыз тилинин өзүнүн *оюн* деген сөзү кошулган жана ушул формада колдонулушу басымдуулук кылат: *оюн-зоок кечеси. Оюн-зоок* сыяктуу эле *оюн-шоок* кош сөзү да жасалган. Кийинкисинин акыркы компоненти да араб сөзү *(шоок-желание, охота, стремление)*. Буга да кош сөздүк компонент катарында кыргыздын сөзү *оюн* кошулган: *оюн-шоок.*

Жогоруда келтирилген искусствого байланыштуу терминдердин калгандары кошумча талдоону талап кылбайт, ант-

кени алар орус тилинен кабыл алынган жана ал тилде кандай колдонулса, кыргыз тилинде да ошондой формада, ошондой мааниде колдонулат. Көпчүлүк терминдер грамматикалык жагынан биротоло уюшулуп бүтүүгө чейин бир нече баскычты басып өткөндүгүн көрүүгө болот: *документ фильм, документалдуу фильма, документалдуу фильм.*

Географиялык терминдер. Публицистикалык чыгармаларда учураган айрым географиялык терминдердин жасалыш жана калыптануу жолу да кызыктуу. Алгачкы учурда жарыяланган газеталык жана журналдык материалдардан мындай сүйлөмдөрдү кезиктирүүгө болот: Вена менен *Түш жак* Авыстырыя ортосунда *тилипон* байланышы үзүлгөн («К К», 27/VI, 1933). Революцийага чейин жерди жалаң гана байлар ээлешкен, маселен *Түш жак* Кыргызстандагы архилтеги сакталган документтерге караганда 1912—13-жылдарда чарбачылардын 5,85 процанти таптакыр жерсиз болгон («Коммунист», 1937, № 1). Жакында Румыныйа өкмөтү... бир канча миң кишини *Күн жак* Амырыйкага айдайт («КК», 12/1, 1930). Мындагы асты сызылган сөздөр азыркы учурда *түштүк* түрүндө белгилүү жана географиялык термин катарында ушул формасында колдонулат. Бул сөз *-лык* мүчөсү аркылуу *түш* деген үңгудан жасалган, бирок бул термин адабий тилибизде пайда болгонго чейин, жогоруда көрсөтүлгөндөй, алгачкы мезгилде бул түшүнүктөр аналитикалык жол менен *(түш жак, күн жак)* берилип келген. Кыргыз адабий тили калыптангандан кийин жогорудагы татаал сөздөрдүн ордуна мүчөлөр аркылуу жасалган жөнөкөй сөздөр норма катарында кабыл алынып кеткен. Биздин пикирибизче, *түштүк* деген сөздүн термин катарында пайда болушунда казак тилинин да таасири болушу мүмкүн, анткени анда *оң түстик, сол түстик* деген сөздөр бар: кыргыз адабий тилинин калыптанышынын алгачкы мезгилинде, басма сөздөрү эрте өнүккөндүгүнө байланыштуу термин сөздөрдүн жасалышы боюнча казак тилинин таасири күчтүү болгон.

Жогорку *түш жак, күн жак* деген сөздөрдүн негизги маанисин алдыңкы компоненттери түзөт. Бирок ушуга карап, *күн жак* дегени *күн чыгыш* деген маанини туюндурат деп кароого болбойт, анткени алгачкы мезгилде *күн жак, күн жүрүш, күн жүрүш жагы* деген сөздөр азыркы *түштүк*[1] маанисинде колдонулган. Кийин адабий тилибиздин калыптанышына байланыштуу жогорку эки термин колдонулбай калып, алардын ордуна морфологиялык туунду форма *түштүк* кабыл алынып кеткен, ошондой эле, алгачкы учурда азыркы кез-

[1] *Юдахин К. К.* Киргизско-русский словарь. М., 1965, 465-бет.

деги *түндүк* (жер шарынын төрт тарабынын бир жагы) деген терминдин ордуна жогорудагыдай ык менен жасалган *түн жак*[1] татаал сөзү колдонулуп келген. Бул сыяктуу фактылар тилибиздеги бир катар терминдердин түзүлүшү, калыптанышы оной-олтоң эле боло койбогондугуна, ошондой даражага жетүү үчүн бир нече баскычты басып өткөндүгүнө күбө болуп турат.

Илимдин кайсы тармагын алсак да, бардыгында тең алгачкы мезгилде жаңы пайда болгон түшүнүктөрдү атоо үчүн биринчи иретте кыргыз тилинин өзүнүн ички байлыктары пайдаланылган. Алардын кээ бирөөлөрү ушул убакка чейин ийгиликтүү колдонулуп келе жатат, кээ бирөөлөрү өз учурунда терминдик функцияны аткарышса да, бара-бара башка сөз менен, көбүнчө интернационалдык жана орус тилинен кирген сөздөр менен алмашылган.

Ушундай терминдердин катарына мына бул сыяктууларды да киргизүүгө болот: Ошто 1938-жылдын башында *кудайсыздар* союзунун уюштуруу буйросун түзүшкөн («КК»). Бул сүйлөмдөгү кудайсыздар сөзү мааниси боюнча *кудайчылдар* (динчил, динге бек: булар *кудайчыл*) сөзүнүн антоними. Муну менен *(кудайсыздар)* бирге азыркы мезгилде атеизм (кудайдын бар экендигин жокко чыгаруучулук, динге ишенбөөчүлүк, кудайсыздык), *атеист* (атеизмди жактоочу) сөздөрү пайдаланылат жана адабий тилде алардын колдонулушу басымдуулук кылат. Бул *колтуктарда* искусство жолу менен седеп өстүрүлөт («КК»). Бул сүйлөмдөгү *колтук* деген сөз *кол* деген үңгуга *-лык* мүчөсүнүн жалганышы аркылуу түзүлгөн; мында *-лык* аффиксинин мааниси демейки сөздөрдөгү маанисинен башкача, конкреттүү заттык маанини көрсөтөт: колдун ийин менен туташкан астыңкы бети, колтук. Кийин бул сөздүн мааниси кеңейген: дененин бир бөлүкчөсүн билдирген алгачкы конкреттүү материалдык маани окшоштукка негизделип, кийин *кысык, булуң* маанисиндеги географиялык атты да билдирип калган. Мында жаңы маанидеги сөз лексика-семантикалык ыкма менен жасалган. Ушуга байланыштуу айта кете турган сөз: лексика-семантикалык жол менен тилде жаңы лексикалык бирдик (сөз), лексикалык жаңы атоолор келип чыкпайт, сөздүн баштапкы маанисинин кеңейишинен жаңы түшүнүктөр гана пайда болот. Ошол жаңы түшүнүктөр аркылуу башка нерселер туюндурулат. Бул туунду маанилердин өз алдынча сөз экендиги баарыдан мурда башка тилге которулганда билинет. Конкреттүү бир тилден лексика-семантикалык жол

[1] Ошондо, 781-бет.

менен сөздөр сан жагынан эмес, маани жагынан байыйт. Аталышы гана бир болуп, бирок ар бир мааниси өз алдынча түшүнүктү (затты) билдирип тургандыктан, булардын ар бири өзүнчө сөз деп эсептелиниши мүмкүн.

Административдик-территориялык терминдер: Борбор. Пишпекке көчүб, жергиликтүү кемунус кызматкерлердин эсеби алынды («Эркин-Тоо»). Кум-Бел *поселкалык* советинин составына Кум-Бел кени ээлеп турган *территория* кошулду. Башка бир топ *шаарларда* жана *селолордо* болушту («КК»). Мурдагы өрөөнгө жакшынакай *кыштак* пайда болду. Мурдагы эки *район* бирикти.

Жогоруда келтирилген терминдердин ичинен: *борбор* — 1. ордо оюнунун хан, чүкө салуучу жери (тегерек сызыктын дал ортосу); 2. өкмөт жана өкмөттүк мекемелер турган шаар. Бул сөздүн экинчи мааниси биринчисинен өнүгүп чыккан.

Тарыхый жагынан азыркы *айыл* сөзүнүн баштапкы толук формасы да жана мааниси да башка болгон. Бул сөздүн алгачкы үнгусу — *агыл* (малкана), диалектилерде кездешет,[1] түркчө да агыл — малкана: *агылда* оглак тагса — *айылда* улак тууса (ДТСИ). Мындагы *г* тыбышы кыргыз тилинде *й*-га өткөн да, андан *айыл* келип чыккан. Башта экөөнүн теги бир экендигине карабастан, азыр маанилери башка-башка, бири (*агыл*) *мал сарайы* деген маанини берсе, анын фонетикалык өзгөргөн түрү (*айыл*) административдик-территориялык терминди билдирет.

Зан-законго (юридикалык) байланыштуу терминдер: Албания менен Великобританиянын ортосундагы *чырды* кароого токтом кылды. Бул ишти эл аралык *сот* ушул жылы ноябрден кечиктирбей карай баштайт. Эмгектин *качкындары* менен аёосуз күрөшүү тууралу райондук прокурорго бир нече сигналдар берилген. Бельгиялык депутаттар палатасы өкмөттүн бөтөнчө полномочиялуулугу жөнүндө *закон* долборун бекитти.

Терминдер: *доо коюу, өкүлдүк, аң-сезим укугу, сот адилдиги, элчи, кечирим кылуу, тинтүү, нотариус, кыйыр налог, жаза чарасы, миссия, монархия, мандат, жооптуу адам* ж. б.

Спортко байланыштуу терминдер: акватория (мелдеш өткөрүү үчүн чектелген суу участогу), *баскетбол, барьер* (жеңил атлетикалык тоскоол), *күрөш, эркин күрөш, ат үстүндө ойноо, ипподром, кемсел* (ат чабышта кийүүчү ар түстүү кемсел), *трамплин, бугу* (бугунун келбетинен жасалган бута), *эстафета, оодарыш* ж. б. Кыскача айтканда, улуттук оюндардан башкасында спорттук терминдер үчүн дээрлик орус тилинен же орус тили аркылуу башка тилдерден кирген терминдик сөздөр колдонулат. Газеталык материалдарга караганда спорттук терминдердин ичинен да калыптанылы электеринин бардыгы байкалат. Алсак, *футбол, хоккей, сууда топ ойноо* оюндарында топту дарбазага киргизбөө үчүн турган спортсмен кыргыз адабий тилинде бирде *дарбазачы* деп аталса, бирде *вратарь* деп колдонулуп жүрүшүнүн өзү эле бул терминдердин биротоло нормага салына электигин көрсөтөт.

Кыргыз адабий тилиндеги терминдер жогорудагылар менен, албетте, чектелбейт. Публицистикалык стилде кеңири учуроочу жогорудагыдай коомдук-саясий, маданий-экономикалык жана башка терминдер аны стилдин башка түрлөрүнөн лексикалык составы боюнча айырмалап турат.

Сөз маанисинин кеңейиши да стилдик функцияга ээ болот. Публицистикалык чыгармаларда, айрыкча газетанын тилинде стилдик максатка ылайык бир эле сөз өзүнүн маанисинен башка кошумча мааниде колдонулгандыгы байкалат. Мындай учурда сөздүн баштапкы материалдык мааниси менен кийинки кошумча маанисинин ортосундагы семантикалык байланыш бир канча бошондойт. Сөздөрдүн мындай өтмө мааниде колдонулушу газеталык жанрлардын мүнөздүү белгилеринин биринен болуп эсептелет.

Партия. Бул сөз өзүнүн түз маанисинен башка кыргыз адабий тилинин түзүлүшүнүн алгачкы мезгилинде (азыр оозеки речте да) эки тараптын жаатташуусун көрсөтүү үчүн да пайдаланылган: Кокон каны кыргызды алганда кыргыздын өз ичиндеги *партиячылыгын* байдаланган[1]. Алым-салык аларда кыргыздардын *партиячылыгы* менен байдалана турган болгон («Эркин-Тоо» газетасынан).

Киндик — кыргыз тилинде анатомиялык термин маанисинде. Ал эми кыргыз адабий тилинин алгачкы мезгилинде *борбор* маанисинде колдонулуп, саясий терминге айланган: Орто Азия калктарын улут айырмасына карай чек аралаштыруу жол-жобосу *киндиктен* бекитилди («Эркин-Тоо»). Расыйа (Россия — С. К.) Ленинчил жаш камунистердин *киндик* кемитетинин бүйреси («Эркин-Тоодон»).

Талаа сөзү, негизинен, эгин-тегин, жашылча өсүмдүктөрү айдалуучу жер: эгин *талаасы.* Бул сөз да өз учурунда өтмө мааниде колдонулган: Калаа менен *талааны* жакындаштырунун негизи («Эркин-Тоо»). Мында бул сөздүн (*талаа*) айылкыштак маанисинде колдонулуп жаткандыгы контексттен белгилүү болуп турат.

---

[1] *Юдахин К. К.* Киргизско-русский словарь, 21-бет.

[1] Сөздөр ошо кездеги («Эркин-Тоо» газетасындагы) орфографиялык норма боюнча берилди.

Кыргыз жана башка тилдерде *кабинет* жетекчи адам отуруп иштөөчү жайды билдирет. Бирок публицистикалык чыгармаларда, айрыкча газетанын тилинде, *өкмөт, өкмөт башчылары* деген мааниде да колдонулат: Бүгүн кеч курун Леон Хлюм жалаң социалисттерден *кабинет* түзгөн. Чилинин *кабинети* отставкага чыкты. Жаңы *өкмөт* уюштурулду. Австралиялык *кабинет* мындай деп чечкен («СК»).

Сөздөрдүн өтмө мааниде колдонулушунда төмөнкүдөй эки учурду айрыкча белгилеп кетүүгө болот. Публицистикалык чыгармаларда сөздөр каймана мааниде колдонулганда, алардын кээ бирөөлөрү, жогоруда айтылгандай, өзүнчө коомдук жаңы терминге айланат. Кайсы бирөөлөрү терминге өтпөйт, бирок өзү катышкан сүйлөмдүн составында башка маанигe ээ болот. Мисалы: Социализмдин *ырын* ырдоого милдеттүүбүз («Чабуул» журналы). Мында бул идея деген мааниде колдонулуп жатат. Ошондой эле *кызыл* деген сөз өзүнүн сын атоочтук мааниси менен бирге революциялык кыймылга, совет өкмөтүнө, советтик түзүлүшкө берилген адамдарды же революция, совет өкмөтү менен байланыштуу ар кандай түшүнүктөрдү да билдире турган болуп калган: Советтик чек аралардын биринде *кызыл* сакчылардын дозорлордо турган кези («КК»). *Кызыл обоз, кызыл мугалим. Кызылдар* да карап турбай ...душмандын мизин кайтарууга чамдашты.

Публицистикалык чыгармаларда сөздөрдүн образдуу мааниде колдонулушу да көп учурайт: Дагы бир участкада Н-ский бөлүктүн боецтери немецтердин чалгындоочу отрядынын атакасынын *мизин* кайтарып... («СК»).

Синонимдер стилдик мааниде колдонулат. Стилдин башка түрлөрү сыяктуу публицистикалык стилде да синонимдер зор роль ойнойт. Синонимдердин колдонулушу аркылуу айтылуучу ойдо сөздөрдүн ыксыз кайталана берилишине жол берилбейт, тил маданияты жогорулайт; речке эмоционалдык маани берет.

Кол кабыш кылуу — көмөк көрсөтүү, жардам кылуу. Бул синоним сөздөр, бирок дайыма бири биринин ордуна эркин колдонула бербейт; максатка, стилдик талапка карай тандалып колдонулат: Силерге чоң ыразымын. Колхозго чоң *кол кабыш* кылдыңар (Бейшеналиев). Ашым кантип *жардам* бербесин. Ар бир дем алыш сайын *көмөк көрсөтүп жатат* го (Байтемиров). Мында үчөө тең оозеки речте да, көркөм чыгармаларда да колдонулардыгы мисалдардан көрүнүп турат. Бирок булардын ичинен кол кабыш кылуу көбүнчө оозеки речке мүнөздүү келет да, күч эмгегинде бирөөгө жардамдашууда колдонулат, акыл эмгегине байланыштуу айтылбайт; анда жардам бер, көмөк бер деген түрү колдонулат.

Бийлик, мансап сөздөрү жалпы мааниси боюнча бири бирине дал келбейт, бирок айрым ички маанилери боюнча бул экөө белгилүү өлчөмдө синонимдик түгөй катарында каралышы мүмкүн. Булардын синоним боло алышын кээде бири биринин ордуна колдонула алышы менен ырастоого болот: *Мансапка жетер менен* өзүмчүл өз көмөчүнө күл тартты//*Бийликке жетер менен...* деп мааниси бузулбастан айтыла берет. Демек, сөздөрдүн синонимдик мааниде колдонулушу белгилүү өлчөмдө контекст менен шартталган болот.

Мисалы, *майрам* белгилүү бир данктуу окуяны белгилөөгө арналган салтанаттуу күн; кандайдыр бир кубанычтуу окуяга байланыштуу көңүл ачуу салтанаты, оюн-күлкү, кубаныч, шаттык. Салтанат — кандайдыр бир чоң окуяга, юбилейлик датага арналган майрам, кубанычтуу шаттык; бир нерсенин ийгилиги, жеңиштүү натыйжасы; даңаза. Бул сөздөр маанилери боюнча жакын экендиги жогорудагы түшүндүрмөлөрдөн көрүнүп турат. Ошондуктан кээде бири биринин ордуна колдонула берет: Бул бригада планды *Октябрь салтанатына* карата ашык орундаган // Бул бригада планды *Октябрь майрамына* карата... Мында *салтанат* сөзү *чоң окуяга арналган майрам* деген маанисинде колдонулуп, *майрам* сөзүнө синоним катары келген. Бирок *салтанат* өзүнүн экспрессивдүүлүгү менен *майрам* сөзүнөн айырмалуу. Публицистикалык чыгармаларда кезигүүчү коомдук-саясий терминдердин синонимдик түгөйлөрү катарында *калыбына келтирүү — кайра куруу — кайра түзүү* деген сөздөрдү да атоого болот;

Үгүт (оозеки тилде) — агитация (жазма тилде) да синоним боло алышы мүмкүн. Булардын ичинен *үгүт* басма сөздүн алгачкы өнүгүш мезгилинде колдонулуп келген: Биздин айыл-кыштактагы *үгүтүбүз* ушул күнгө чейин... («КК», 1935). *Үгүтчүлөр* жана насыятчылар тууралу («КК», 1935). Мунун ордуна азыр адабий тилибизде *агитация, агитатор* колдонулат, бирок ушул эле мааниде *үгүт* оозеки тилде да учурайт.

Масса (жазма тилде) — *көпчүлүк* (оозеки жана жазма тилде) экөө бири-бири менен синоним, бирок *көпчүлүк* — бейтарап лексикага жатат, *масса* коомдук-саясий терминдердин катарына кирет. Адабий тилибиздин алгачкы калыптаныш мезгилинде *көпчүлүк* дагы кеңири колдонулган: Бул партиянын *калың көпчүлүк* менен тыгыз байланышуу аркасында гана мүмкүн болду («КК»). *Массалык кыймыл; массалык иш, масса менен иштөө ж. б.*

Турмуш-тиричилик да өздөрүнүн маанилеринин жакындыгы боюнча бири бирине синоним. Алардын кош сөз катарында колдонулушун (*турмуш-тиричилик* үчүн алп урушуу-

да) өзү да булардын маанилеринин жакындыгына күбө болоалат: Сен да өзүндүн айыл, кыштагындын *турмушунан*, жашатар *тиричилиги* тууралу «Эркин-Тоого» сөз бериб тур («Эркин-Тоо», №4.). Публицистикалык стилге мүнөздүү болгон синонимдерден мисал катары төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот: *бөштондук — азаттык — эркиндик; сын — критика; кансоргуч — канкор — залим; инстинкт — сезим; бузуу—бурмалоо; багыт — курс; лозунг — ураан; масса — көпчүлүк; жыйналыш — чогулуш; акылман — дааныш-ман; надзор — көзөмөл; кошумча — үстөк; зордук — зомбулук; кызмат — жумуш; мүнөз — кулк; айыпкер — айыпталуучу; актив — ишкер; антагонизм — карама-каршылык; алып сатар — кызыл кулак — пайдакер; кедейчилик — жакырчылык; кедей — жарды—кембагал — жалчы; батрак — малай; срок — мөөнөт; аскер — жоокер — солдат; күрөш — кармаш; душман — жоо; зыян — залал; эр — баатыр — каарман; эрдик — баатырдык — каармандык; башчы — жетекчи — жол башчы; үстөмдүк — бийлик кылуу — бийлөө; үстөмдүк кылуучу тап — бийлөөчү тап; группа — топ; келечек—болочок; кыймыл—аракет; сыйлык—сыпайы; өз эрки — өз ыктыяры; договор — келишим; доход—киреше; байыркы — эзелки; жалгыз бийлик — жеке бийлик; кызмат акы — маяна; чыйрак — бышык; забастовка — иш таштоо; ишкана — мекеме — жай; жеңип алуу—басып алуу; тартып алуу — басып алуу; окшош — бипбирдей; айбын ачуу — бетин ачуу; айыптоо — күнөлөө; чет өлкөлүк — чет элдик; кыйроо — кулоо; табынуу — сыйынуу; ликбез — сабатсыздыкты жоюу; ажыратуу — айыруу; аз пайдалуу — пайдасы аз; аз өндүрүмдүү — өнүмү аз — өндүрүмдүүлүгү аз; майда товардуу — майда товардык; мистика—чындыка каршы—сырдуу нерсе; күчтүү — кубаттуу; акылман — дааныш-ман; эл — калк — журт; мурасчы — жолун жолдоочу; логикасыз — логикасыз; зарылдык — керектик; муктаждык — жоктук; жакырдануу — кедейленүү; жалпылык — бирдейлик; традиция — адат — салт — каада; таяныч — тирек; камоо — тегеректөө; бошотуу — куткаруу—бөштондукка чыгаруу; маамиле — катыш; кайтуу — баш тартуу; азгын—бозгун; кулга айландыруу — кул кылуу; кул ээси — кул ээлөөчү; кулдук — кулчулук; айбын ачуу — бетин ачуу — ашкерелөө; расход — чыгым; өзүнчөлүк — өз алдынчалык; чогулган—жыйылган—куралган; эркин — эрктүү — азат; даңк — атак; катнаш — байланыш; төмөндөтүү — арзандатуу; келишкендик—келишүүчүлүк; бирге жашоочулук — биргелешип жашоочулук—жанаша жашоочулук; жол — ык — ыкма; бириккен — баш кошкон; согушуу — урушуу; ссуда-карыз; карыя — ак сакал; деңгээл — даража; залимдик — катаалдык; эң чоң — абдан зор; эмгекчил — мээнеткеч; ишеним — ишенич; ударник—эпкиндүү; жалган — калп; туу — желек; падыша — хан; азил — шарж; шпион — тыңчы; энергия — кубат — күч; эра — заман — доор ж.б.*

Публицистикалык стилде көркөм сөз каражаттары да кеңири колдонулат. Публицистикалык стилде фразеологизмдин бир түрү болгон идиомалар да көп учурайт. Ал аркылуу айтылып жаткан ойго образдуу экспрессивдүү маани берилет:

Өктөбүр төңкөрүшүнүн берген жемиши кеңеш өкмөтү орноп, ар улут *эки тизгин, бир чылбырын* өз колуна алуу менен катар... өзүнчө республикалардан болду («КК»).

Талас районундагы кыргыз соодасынын бардык иштери *төрт бутунан аксаган* («КК»). Партиянын жана элдин душмандарынын *беттери ачылып жатат* («Коммунист»). *Ат үстүнөн* буйрук берип желе бастырып жүрүп кетүүнүн натыйжасында («Коммунист»). Мындай *кой терисин жамынган* карышкырларды шериктен чыгаруу керек («КК»). Бир салыкты эки эсе көбөйтүп ала турган куу, шум эл жуткучтардын *тамырын кыркуу керек* («Эркин-Тоо»).

Идиомалардын публицистикалык стилден кеңири орун алышы аны илимий стиль менен иш кагаздарынын стилинен кескин айырмалайт да, көркөм чыгармалардын стили менен жакындаштырат. Көркөм адабияттардагыдай эле публицистикалык чыгармаларда да өзгөчө очерк, фельетондор тигил же бул окуяны окурмандарга жеткиликтүү, образдуу берүү максатында көркөм сөз каражаттары көп колдонулат.

Мисалы, метафоранын колдонулушуна төмөндөгүдөй фактыларды келтирүүгө болот: Көп жерлерде кош айдоо өнөктүгү *ташбака темп* менен бара жатат («КК»).

Арча, кайың, ыргай, шилби, бетеге, шыбак ж. б. мин түрдүү өсүмдүктөрдүн кооздугунан белдемчи байланып, башына жыл бою үзбөй *ак селде оролгон* асман тиреген Ала-Тоо («Кызыл пахтачы»). *Ак кепинден* кутулуп, жер гүлдөдү, жайнады («Эне тили») ж. б.

Келтирилген сүйлөмдөрдөгү асты сызылган сөз айкаштары — метафоралар.

Публицистикалык чыгармаларда (газета, журналдардын беттерине жарыяланган анкеме, очерктерде) айтылуучу ойду окурмандарга образдуу түрдө берүү үчүн кээде троптун дагы бир түрү — салыштыруу колдонулат: Шыркыраган кызыл кумдун үстүнө салынган, бак-дарагы жок, *токол эчкидей мултуйган* там үйлөрү катар тизилген кыштак («ЛЖ», 1932, 27-сентябрь). Натыйжада жүздөгөн тонна тоют даярдалып тоо үстүнө *тоодой* үймөктөрдү жаратышты («СК», 22/II, 1966). Бирок пролетариаттардын *темирдей болгон* мийзамы өркүндөдү, өрчүдү («ЛЖ»). Жолдош Ленин, бизден кетип бара жатып, биздин партиянын бирдигин *көздүн чечекейиндей* кы-

лып сактоону бизге осуят кылды («КК»). Кайнаган *бозодой көбүрүп* агып жаткан жайлоонун ырчы суусу күзгүдөн тунук («Чабуул»).

Публицистикалык чыгармалардан элитет да орун алат: «Буран» пьесасы *кан тырмактуу залим* падыша өкмөтүнүн эзүүсүнүн акыркы көрүнүшүнөн алынган («КК»). Жаштар союзу өзүнүн катарын элдин *жүзү кара* душмандары—троцкийлик, бухариндик жана буржуазиячыл улутчулардан тазалоо боюнча чоң иштерди жүргүзгөн («СК»).

Публицистикалык стилде иронияга да орун берилет: Тонун аңтара кийиб үстөл башына отурган *батырларыбыз* ооз менен жыргатыб кылган эч эмеси жок («Эркин-Тоо»). Кийин жагында алиги калкос баштыгыбыз мурунку *ойрондордун* тукумунан болуп чыгат («КК»). Сен окуп чилтен болмок белең («СК»). Орус адабиятынын тагдыры үчүн күрөшкөн акынды ордодогу *кургурлар* көпкө чейин куугунтуктап, дуэль ошонун натыйжасы болгон («КК»).

Гитлердик *билермандар* жакында эле бир миллионго жакын француз жумушчуларын германдык каторгада иштөө үчүн бергин деп Ловальдан талап кылды («СК»).

Публицистикалык стилде *гипербола* да учурайт, анын жардамы менен чыгармадагы образдуулук күчөйт:

Ыстансада *таш көмүрдү тамак ордуна жеп, чай ордуна* непти *шимирип,* аркасына багондорун тиркеп, демитип сабырсызданып күтүп турган паровоз («Кызыл пахтачы»). Айылкыштактарда *каламын найза, кагазын калкан* кылып социализмдин каармандары болуп олтурган миндеген кабарчылар бар («Чабуул»).

Гипербола, негизинен, элдик оозеки чыгармаларга, эпосторго мүнөздүү, бирок ал кыргыз совет жазуучуларынын чыгармаларынан публицистикалык стилден да кездешет. Гиперболаны колдонуу аркылуу автор айтуучу ойду, окуяны образдуу берүүгө жетишет, чыгарманын таасирдүүлүгү артат.

Публицистикалык чыгармаларда, *метонимия* да колдонулат. Метонимия өзүнүн каймана мааниде айтылышы боюнча метафорага жакын, бирок андан айырмалануучу мүнөздүү белгилери да бар:[1]

Азыр ар бир үйдө Ильичтин шамы жаркырап күйүп турат («СК»).

---

[1] Бул жөнүндө караңыз: *Керимжанова Б.* Кыргыз поэзиясынын көркөм сөз каражаттары. Фрунзе, 1968, 96—97-бет; *Асаналиев К., Кыдырбаева Р. З.* Адабият таануу терминдеринин кыргызча кыскача сөздүгү. Фрунзе, 1963, 73—75-бет.

Публицистикалык стилдин грамматикалык бөтөнчөлүктөрү

Публицистикалык стилдин негизин, жогоруда эскертилгендей, газетанын тили түзөт. Бирок газетанын тили да жанр жагынан бир кылка эмес жана ар бир жанрдын өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү бар: информациялык билдирүү, фельетон, макала, интервью, аңгеме, ыр, повесть, роман, пьеса, очерк.

Газеталык жанрлардын баарын жалпысынан бир стилге бириктирип турган башкы бөтөнчөлүк газетанын тилинин массалык байланыш куралы экендигинде, массанын ар түрдүү катмарына багытталгандыгында, коомдук-саясий мүнөздөгү түрдүү маселелерди элдин кеңири чөйрөсүнө жеткирүү публицистикалык стилдин негизги функциясына кирет.

Газетанын тили жанр жагынан, жогоруда саналгандай, бир канча майда жанрлардан турса, анын кээ бир жанрлары да, мисалы, хроникалык информация, өз ара бир нечеге бөлүнүп кетет:

1) Хроника (газетада күндөлүк турмуш окуяларынын бөлүмү); 2) кыска информация (заметка) же кеңири информация (Заметка басма сөз бетиндеги билдирүү, кабар, кыскача макала); 3) интервью (коомдук-саясий же башка ишмерлердин журналист менен болгон аңгемеси); 4) отчет; 5) репортаж (жергиликтүү окуялар жөнүндө билдирүү, информация; мисалы, футбол ойну тууралу радиодон берүү ж. б.); 6) чөнтөк дептерчесинин кабары (путевые заметки); 7) бир нерсени сүрөттөп жазуу (зарисовка); 8) библиографиялык информация; 9) сүрөт бурчу (фотоокно).

Хроникалык информациянын жогорудагыдай ар түрдүүлүгүнүн өзү эле алардын да стиль жагынан бирдей эместигин көрсөтүп турат.

Газеталык жанрлардын стилин анализдөөдө алардын негизги функцияларын эске алуу керек. Мисалы, информацияда билдирүү негизги орунду ээлейт; фельетондо — сатиралык баяндама, макалада — фактыларды анализдеп көрсөтүүгө көңүл бурулат.

Газеталык жанрлардын стилинде жазма тилдин гана эмес, оозеки речтин элементтери кеңири жолугат.

Газетанын тили адатта публицистикалык стилге жатканы менен, андан башка стилдердин белгилерин да табууга болот. Мисалы, кээ бир информациялык жанрлар официалдуу иш кагаздарынын речине жакындашып кетет: очеркте болсо көркөм адабияттын таасири басымдуулук кылат. Ошондуктан, Г. Я. Солганик айткандай, речтик каражаттарды тигил же бул гана стилге таандык, ошого гана мүнөздүү деп эсептөө же болбосо ошондой элементтерди издөө мүмкүн эмес. Стил-

дин тигил же бул түрүн изилдөө деген сөз көбүнчө ошол стилге мүнөздүү болгон, ошондо көбүрөөк колдонула турган тилдик каражаттарды аныктоо, белгилөө дегендикке жатат.

Стилдин ар бир түрү бири биринен, негизинен, лексика-фразеологиялык составы, морфологиялык жана синтаксистик курулушу жагынан айырмаланат. Ушул жагынан алганда публицистикалык стилдин төмөнкүдөй негизги өзгөчөлүктөрүн белгилөөгө болот:

публицистикалык (газеталык) стилдин типтүү белгилеринин бири темага байланыштуу.

Функционалдык стилдин башка түрлөрүнө салыштыргандa публицистикалык чыгармалардын темаларынын бөтөнчөлүгү бар. Мисалы, газеталык материалдардын темасы катарында, сөз айкалыштарынан тартып, бүтүн сүйлөмгө чейин колдонулат жана алар грамматикалык формасы жагынан ар түрдүү:

1. Тема катарында жай сүйлөмдөр колдонулат. Мындай учурда алардын этиштик баяндоочтору өткөн чак, учур чак же келер чак формасында болот жана кыймыл-аракеттин сүйлөгөн учурда болуп жатканын жана анын андан ары да улантыларын көрсөтүүчү *-ууда* // *-үүдө* формасында да уюшулат. Учур чактын бул формасы кыргыз адабий тилинин түзүлүшүнүн алгачкы мезгилинде газеталык материалдарда колдонулуп келген грамматикалык синоними *-макта* формасынын ордуна колдонула турган болуп калган.

Газеталык темалардын баяндоочторунун ар түрдүү чактык формада уюшулушуна төмөнкүдөй мисалдарды келтирүүгө болот:

1) Акыйлашкан кыздардай баштары кейкендеп, ушакты төлдөтүп ээрди-эрдине жукбай *эбирешмекте* («Жаңы мадаият жолунда» журналы, 1929);

2) Жаштар талаптагыдай *тарбияланууда*. Завод чегин *кеңейтүүдө*. Өзгөрүшчүл аскер Нанкинди *алды*. Аскерлер түн жакка карай артка *кайтууда*. Чет элдер Нанкинден Шанкайга көчүп *жатышат* («ЛЖ», 1927, 3/IV).

3) Катуу сокку *уруп жатат*. ССР Союзунун юбилейин татыктуу *тосуп алабыз*. Космостогу эң көрүнүктүү тажрыйба *аяктады*. («СК», 1972).

Публицистикалык стилдин максаты окурманды айтылып жаткан ойго бекем ишендирүү, алардын ички сезимине терең таасир этип, тиешелүү ишти аткарууга уюштуруу болгондуктан, андагы сүйлөмдөрдүн баяндоочтору да көбүнчө, жогоруда көрсөтүлгөндөй, кыймыл-аракеттин аткарылыш өзгөчөлүгүн ачык көрсөтүүчү чактык формаларда (айкын өткөн чак, келер чак, учур чакта) айтылат. Бирок кээде кандайдыр бир ой башка бир булакка (источникке) негизделип айтылса,

баяндоочу капыскы өткөн чактын-*ыптыр* формасында да түзүлөт. Бул форма көбүнчө хроникалык билдирүү маанисиндеги текстте учурайт: Швециялык «Свенска дагбладет» деген газетанын билдирген кабарына караганда, гитлерчилер совет Латвиясынын калкын ырайымсыз кыйнап жазага тартып *жатышыптыр* («СК», 1944, 24/VI). Рейтер агентствосунун билдирген кабарына караганда, Англиянын тынч океандык флотунун штабы мындай деп *билдириптир*... («СК», 1945, 4/IX).

Газетанын темалары жай сүйлөм түрүндө берилген учурда этиштик баяндоочтору чак формаларында гана эмес, ыңгайдын түрлөрүнүн биринде да болушу мүмкүн:

1) Багбанчылык — илимий негизде *жүргүзүлсүн*. Тамчы суу текке *кетпесин* ж. б. («СК»).

2) Ленинче *окуйлу, иштейли жана жашайлы*. Сууну үнөмдүү *пайдаланалы* («СК»).

Мындагы биринчи пунктта сүйлөмдөрдүн баяндоочтору буйрук ыңгайдын 3-жагында уюшулган, сунуш кылуу маанисин берет *-сын* формасындагы этиштер кээде буйрук же каалоо маанисинде да айтылат: Башыңарга ырыскы-таалай *консун*, үйүңөр жанга, өрүшүңөр малга *толсун* (каалоо). Кийинки жумадан *калбай келсин*, келе албаса ага чейин *кабар берсин* (буйрук). Экинчи пунктта болсо баяндоочтор кайрылуу формасынын биринчи жак көптүк түрүндө турат; грамматикалык мааниси жагынан, сүйлөөчү өзү кирген топко чакырык, үндөө түрүндө кайрылганын көрсөтөт. 1-жактын мүчөлөрү жалганган сөздөр мындан тышкары каалоо же бир нерсени иштөө үчүн өзүн өзү чеккендикти да билдирет: Белеске чыгып *эс алайын*, андан соң *жол тартайын* (каалоо). Түбүнө чөгүп *өлөйүн*, Ысык-Көлдөй көл жокпу (өзүн өзү чеккендик). Маани жагынан жогорудай жалпылыктары болгондуктан, кыргыз тилинин грамматикаларында биринчи жана үчүнчү жактын мүчөлөрү нагыз буйрук иретинде колдонулчу экинчи жактын формасы (*-гын*) менен бирге шарттуу түрдө «буйрук-каалоо» деген термин менен берилип келе жатат.

2. Публицистикалык чыгармалардын темасы *суроолуу сүйлөм* же баяндоочу кыскартылган сүйлөмдөрдөн да болот: кээде тема мейкиндик жөндөмөдөгү сөз менен аяктайт. Темалардын мындай структурада уюшулушу өзгөчө публицистикалык стилге мүнөздүү экендиги байкалат.

1) Эгин чаап-жыйноого даярсыздарбы? Сугалактар *сайраңдай береби*? Трест эмне үчүн артта? («СК», 4-июнь, 1972-ж.).

2) Завод — *селого*. Эгин — *мамлекетке*. Искусство—*элге*. («СК»).

3) Достуктун, кызматташтыктын *духунда*. Врачтар — *малчыларда*. Келерки жылдын *эсебинен*. Кыргыз ССРинин «Билим» коомунун IX *съездине*. Гражданлык коргонуу—*мектептерде* («СК»).

Баяндоочу кыскартылган сүйлөмдөр оозеки речте илгертен эле колдонулуп келген. Мисалы, макал, лакаптарда: *Эт—этке, сорпо—бетке. Найза саймак—эрдиктен, ат жоорутмак—тердиктен.* Ал эми Совет доорунда орус тилиндеги ушундай эле түзүлүштөгү сүйлөмдөрдү кыргыз тилинде которуу менен андай конструкциялардын колдонулушу (өзгөчө публицистикалык стилде) активдешилди.

3. Газеталык материалдардын темалары жардамчы атоочтук же жандоочтук айкаштардан, атоочтук сөз айкаштарынан, чакчыл жана атоочтук түрмөктөрдөн да боло берет. Функционалдык стилдин калган түрлөрүнө алар анчалык мүнөздүү эмес.

1) Жаңы *ийгиликтер үчүн*. Жагымдуу *сөз менен*. Чет элдиктер *Кыргызстан жөнүндө*. Никсондун Пекинде *болушуна карата* («СК», 10-июнь, 1972).

2) Ленинизмдин *туусу астында*. Он бир *жылдын ичинде* («СК») ж. б.

3) *Биринчи болуп*. Катаал *шартка карабай*. Пушкинди *даңазалап* («СК»).

4) Кыйынчылыкты *жеңгендер*. Убакыттан *озгондор*.

Морфологиялык жагынан алганда публицистикалык стилдин негизги бөтөнчөлүктөрүнүн бири — этиштик баяндоочтордун жаксыз формада колдонулгандыгы. Жаксыз форма дегенде биз иштин чыныгы иштөөчүсүнүн же иштеген субъектисинин белгисиз экендигин көңүлгө алып жатабыз. Мындай учурларда этиштик баяндооч морфологиялык жагынан туюк мамиленин формасы аркылуу берилет. Этиш сөздөрдүн жаксыз формада колдонулушу туюк мамиленин негизги маанилеринин бири болуп эсептелет. Мамиле категориясынын башка формаларына караганда туюк мамиле түрк тилдеринде кийин пайда болгон[1]. Анын функциясын башта негизги мамиледеги этиштер аткарып келген. Кыргыздын оозеки речинде туюк мамиленин жаксыз мааниси ушу күнгө чейин кеңири өнүгө элек. Граматикалык бул маани көбүнчө жазма адабий тилибизде, өзгөчө публицистикалык чыгармаларда кеңири колдонулат. Мисалы: Жакында Кеңештер Союзунун эл комиссарлар кеңешинде экинчи беш жылдыктын негизги көрсөтмөлөрү жөнүндө Орто Азиядагы республикалардын

---

[1] *Кудайбергенов С.* Синтетический способ образования глагола: Автореф. докт. дисс. Фрунзе, 1968, с. 19.

доклады *угулду*. («КК» 1932, 11/VIII). Короолору эң эле жакшы *пландалган* («КК»). Поселкалык советтин борбору болуп совхоздун борбордук кыштагы *белгиленди* («КК»). Көчөт 20—30 гектар жерге *отургузулат*. («СК»).

Публицистикалык стилде сөз түркүмдөрүнөн зат атоочтор, көбүнчө коомдук-саясий терминдер, энчилүү аттар кеңири колдонулат. Булардын ичинен термин катарында алынган сөздөр составы жагынан анча туруктуу болбойт, коомдогу өзгөрүүлөргө карай алардын составы улам жаңы терминдер менен толукталып турат.

Публицистикалык стилде жыш колдонулуучу сөз түркүмдөрүнүн дагы бир түрү — этиш сөздөр. Алар аркылуу чак, жак категориялары берилет да, көбүнчө айкын өткөн чак же учур чак менен келер чак формасында келип, окуяны же кубулушту белгилөө, көрсөтүү үчүн колдонулат. Этиштер көбүнчө төмөндөгүдөй формада айтылат: *улантылып жатат, улантылат; болуп өттү, жүргүзүлүп жатат; жогору көтөрүлөт, жогорулайт; макулдашууга жетишти; сунуш кылды; белгиленген, билдирди; ...умтулуп жатат, баалап жатышат; бир пикирге келишти, белгилешти; жолугушуулар болуп өттү; катышып турушту; тосуп алышты; өз ишин улантат; көңүл буруп жатат.*

Публицистикалык стилдин калыптануу маселесине карата

Октябрь революциясынын жеңишинен кийин кыргыз элинин улуттук жазмасы түзүлүп, жазма адабий тили өнүгө баштады. Ага чейин кыргыздын жалпы элдик сүйлөшүү тилинде өсүп-өнүккөн оозеки сүйлөшүү стили жана элдик поэтикалык стиль жашап келген. Оозеки речтин бул эки стилинин өтө бай тилдик каражаттары кийин кыргыздын жазма адабий тилинин түзүлүү мезгилинде анын ар түрдүү функционалдык стилдеринин түзүлүшүнө, өнүгүшүнө негизги база болду. Башка стилдер сыяктуу эле, публицистикалык стиль да кыргыздын жалпы элдик сүйлөө тилинин негизинде түзүлгөн. Бирок ал дароо эле калыптана калган жок, анын лексикалык составы, грамматикалык түзүлүшү мезгил өтүү менен улам такталуунун, өнүгүүнүн үстүндө болду.

Публицистикалык стилдин түзүлүү өнүгүү процесси 1) элдик оозеки тилдин таасиринде болду; 2) айрым айтылыштар (выражения) грамматикалык уюшулушу жагынан жетилди; 3) терминдер такталды, сапат жагынан жакшыртылды. Маселени ушул үч багытта кыскача карап көрөлү.

Публицистикалык стилдин элдик оозеки тилдин негизинде түзүлүп, өнүккөндүгүн, ага оозеки речтин тийгизген таасирин төмөндөгү факт-материалдардан көрүүгө болот:

Кыргыз облусунун *өзгөрүш* комитетинин *төр агасы... көптүн* ортосуна келди («Эркин Тоо»). Азыр: «революциячыл», «председатели», «көпчүлүктүн». Мектепке келбей калуучулардын кыластарына бурулабыз, экинчи жылкыларга токмок урабыз («Кырг. пионери», азыр: «сокку»). Мына минтиб чоң ишенич, *бекем бел менен* биз Октябрь төңкөрүшүнүн сегизинчи жылына аяк басабыз («Эркин Тоо», асты сызылган сөз айкашы азыр учурабайт; «төңкөрүш» ордуна «революция»). Муну көрүп каранғыда жаткан кедей-дыйкандардын күбөсү *окууга пикирин берип* олтурат («ЛЖ»). Көпчүлүк эмгекчилердин *тырпын тышына чыгарып* эзишти («Кыргызстан кеңеш адабияты»).

Мындагы асты сызылган сөз айкалыштары оозеки тилге мүнөздүү. Тилдик материалдарга караганда, публицистикалык стилдеги айрым айтылыштар (выражения) да улам такталып, жакшырып отургандыгын көрүүгө болот. Коомдук-саясий терминдердин, сөздөрдүн, айрым айтылыштардын грамматикалык жактан уюшулушунун алгачкы мезгилдегиге караганда өзгөрүп кетиши калыптануу процесси менен байланыштуу. Айталык, жаңыдан колдонууга алынган сөз же сөз айкаштарынын ичинен коомчулук тарабынан кабыл алынгандары тилде калтырылган жана алар улам кийинкилер менен бирге эриш-аркакта болуп өздөрүнүн жашашын улантууда. Тескерисинче, башта орунсуз алынгандары элге сиңе албай адабий тилибиздин өсүшүндө акырындык менен лексика-грамматикалык башка каражаттар менен алмаштырылган. Биздин бул айтканыбыз, биринчи иретте, лексика менен грамматикага (морфологияга) тиешелүү. Мындан тышкары газетабыздын тили алгачкы мезгилге салыштырганда улам барган сайын синтаксистик курулушу жагынан да өркүндөп (таталл сүйлөмдөрдүн колдонулушуна кеңири жол берилип) бара жаткандыгын байкоого болот. Мисалы, төмөнкү сүйлөмдөрдөгү асты сызылган сөз жана сөз тизмектери алгачкы мезгилде колдонулганы менен, калыптануу процессинин сыноосунан өтө албагандыктан, кийин башкалар менен алмаштырылган:

Төр ага аялдардын билимдери *бышыкталат* («КК», азыр: *өркүндөтүлөт*). Төр ага болуп иштеген аялдардын билимдерин *бышыктоо* үчүн («КК», азыр: *өркүндөтүү үчүн*). 1-ноябрде англиялык элчи Крейди премьер Коненин *алдына кирип...* («КК», азыр: *кабыл алуусунда болуп*). Аламүдүн району Кебез айыл кеңешиндеги «Көк жар» калкозунун төгөрөк резинка бечети жоголду. *Ишке ашпайт* («КК», азыр: *жараксыз деп*

табылсын). Сенин бул осуятыңды да биз *адалдык* менен орундайбыз деп сага, жолдош Ленин, ант беребиз («КК», азыр: *ак ниеттүүлүк*)... Жалпы союздук *пийонер слөтүнө* күжүрмөндүк менен учурайбыз («Кыр. пионери» азыр: *пионерлер слетун...* тособуз). Поруму улутча, тыянагы пүрлатарыятча болот («Чабуул», азыр: *мазмуну*). Ардактуу артистер, чеберчилик, кылдаттык менен чеберчиликтерин жогорку *нокотко* көтөрүүгө тийиш («КК», азыр: *деңгээлге*). Жарыш сөзгө чыгуучулар партиянын жана анын Борбордук Комитетинин ишин жана жолун толук *макул көрүштү* («КК», азыр: *жактырышты, кубатташты*). Зыянкечтин *жугун* большевиктик күч менен жоёбуз («КК», азыр *калдыгын*). Чек арадан *өтүүчү* кармалды (азыр: *бузуучу*). Кече «Седовдун» *калкып жүргөн* районунда күн бүркөк болду («КК», азыр: *сүзүп жүргөн*). Жаңы займго жазылуу зор *өрдөш* менен өтүп жатат («КК», азыр: *кызуу темп менен; зор жогорулаш менен*). Экинчи түрдүү айтканда (азыр: *башкача айтканда; экинчи сөз менен айтканда*). Кыргызстандагы кыз-келиндердин республикалык экинчи съездине катышкандардын *бир түркүмү* («КК», азыр: *бир тобу*. Асанов *кезектеги саясыдан* эч нерсе билбейт («КК», азыр: *күндөлүк саясат*) ж.б.

Публицистикалык стиль терминдик жагынан алгачкы мезгилге караганда улам барган сайын такталып, жакшыртылып, калыптанып бара жаткандыгы байкалат. Кээде бир эле термин ар башка түрдүүчө аталып келген. Терминдер боюнча кандай өзгөрүүлөрдүн болгондугун төмөндө келтирилген факт-материалдардан көрүүгө болот. Алгачкы мезгилде: *жердин жасалма жандоочусу* делинип келди эле, азыр: *спутник*.

3-июлдагы сыяздын экинчи *отурушунда* (эртең менен) жол. Ысаке уулунун доклатынын орусчасы болду («Кыр. пионери» азыр: *заседание*). Кыргызстан педагогия *окуу журтунун* окуучулары... болду («КК», азыр: *окуу жайы*). 6—7 жылдын ичинде облигация *өз кунунан* тышкары 3 миң сомдон ашык акча утуп чыккан («КК», азыр: *өз баасынан тышкары*). *Турумдуу* тоют базасын түзүү үчүн («КК», азыр: *туруктуу тоют базасы*). Шаардык кийим тигүү *иш орундарында* 1-майга даярдык башталды («КК», азыр: *ишкана*). Бардык Фрунзе шаарындагы *ден соолук мекемелери* маалым кылды («КК», азыр: *саламаттыкты сактоо*). Республиканын *кызмат сиңирген* артисттери деген наам берилди («КК», азыр: *эмгек сиңирген*). Төмөнкү көрсөткөндөргө *керт баштык пенсие* берилген («КК», азыр: *персоналдык пенсия*). Мен жаңыдан эле *пашпурт пунктуна* бардым («КК», азыр: *паспорттук стол*).

Кыргыз адабий тилинин түзүлүү мезгилинен бери морфологиялык жактан айрым өзгөрүүлөр гана болбосо (мисалы,

учур чактын-*ууда* мүчөсүнүн түзүлүшү), негизинен, мурдагы эле аффикстер колдонулуп келе жаткандыгы байкалат. Бирок алардын кээ бирөөлөрүнүн колдонулуу чөйрөсү, мааниси кеңейген, айрым мүчөлөрдүн сөздөргө жалганыш тартиби, кээ бир сөздөрдүн жасалуу жолу такталган:

Кезитке *жазымчыл* сениби деп кекетип... көрсөтөт («КК», 13/II, 1930-ж.). Мындагы асты сызылган сөз *жаз+ым+чыл* деген үч элементтен турат, бирок мында-*ым* мүчөсү (*атым, салым, агым, чагым*) жаз этишине туура эмес уланган: *жазым* деген сөз жок (*жаз + ым + чыл*). Ошондуктан бул сөз калыпташуу процессинде колдонулуудан калып, өзүнүн ордун жаңы жасалган *жазгыч* деген сөзгө берген. Ушу сыяктуу эле кээ бир башка сөздөр жөнүндө да айтууга болот: Эмне үчүн *империялчылар* отор үчүн күрөшөт («КК», 3/VII, 1933, азыр *империалисттер*). Түштүк Ыславия өкмөтүнүн башында сериптердин *урушчулары* турат. («КК», 13/I, 30, азыр: *аскер кызматкерлери*). Каспийдин согуштук флотунун кемесинин *өсүмдүк* составынын митингесинин резолюцияларынан («КК», 6/III, 1938, азыр: *өздүк*). Испанияда жана башка капиталисттик өлкөлөрдө болуп жаткан фашисттердин *тетирчил* аракетинен курман болгондорду коргоо жөнүндө... чакырды («КК», 12/I, 1935, азыр: *терс, тескери*).

Бул сыяктуу фактыларды кыйла эле келтирүүгө болот. Булар публицистикалык стилдин элдик оозеки тилдин негизинде түзүлүп, коомдун өсүп-өнүгүшү менен бирге лексикалык составы, морфологиялык жана синтаксистик курулушу жагынан такталып, калыпташып, өнүгүп келаткандыгын ачык көрсөтөт.

ОФИЦИАЛДЫК-ИШ КАГАЗДАР СТИЛИНДЕГИ ТИЛДИК БӨТӨНЧӨЛҮКТӨР

Адабий тилдин стилдик өзгөчөлүктөрүнүн бири болгон официалдык-иш кагаздар стили жөнүндө жалпы эле тил илиминде жыйынтыктуу бир пикир айтыла элек. Бул стиль азыркы учурга чейин ар түрдүү терминдер менен аталып да келе жатат: приказдык стиль[1], канцелярдык стиль[2], иштиктүү стиль[3], официалдык-документалдык стиль[4], иш жазмасынын стили[5], официалдык-иш стили[6], официалдык-иш кагаздар стили[7], официалдык-канцелярдык документтер стили[8] ж. б.

Булардын ичинен официалдык-иш кагаздар стили деген термин коомдук мекемелерде жана анын мүчөлөрүнүн араларында колдонулуучу ар кандай документтерди, иш кагаздарды ичине алат (официалдык кагаздар жана иш кагаздары).

Стилдин бул түрүн изилдөөгө арналган атайын эмгектер саналуу гана. Алардын көпчүлүгү өткөн кылымдардагы официалдык-иш кагаздарынын тилин изилдөөгө арналган[9]. Кыр-

---

[1] *Аванесов Р. И.* Вопросы истории русского языка в эпоху формирования и дальнейшего развития русской (велико-русской) народности.— В книге: Вопросы формирования русской народности и нации. М.— Л., 1958, 186—187-беттер.

[2] *Винокур Г. О.* Избранные работы по русскому языку. М., 1959, 64—65-беттер.

[3] *Виноградов В. В.* Вопросы образования русского национального литературного языка.— Вопросы языкознания. № 1, 1956, 12—13-беттер.

[4] *Ефимов А. И.* История русского литературного языка. 1964, с. 22.

[5] *Тарабасова Н. И.* О некоторых особенностях языка деловой письменности.— В книге: Источниковедение и история русского языка. М., 1964, 157-бет.

[6] *Розенталь Д. Э.* Практическая стилистика русского языка. М., 1974, 37-бет.

[7] *Литвинов Н. Г.* Вопросы стилистики русского языка. М., 1965, 26-б.; *Курбатов Х.* Функциональные стили современного татарского языка (Тезисы докладов).— В книге: Вопросы стилистики. Саратов, 1962, с. 23.

[8] *Юнусалиев Б. М.* О стилевой дифференциации киргизского литературного языка.— В книге: Развитие стилистических систем литературных языков народов СССР. Ашхабад, 1968, 185-бет.

[9] *Селиванов Г. А.* К характеристике «делового стиля» в древне-русском литературном языке.— Ученые записки Красноярского Государственного педагогического института; т. 25, вып. 3, 1963; *Тарабасова Н. И.* Жогоруда аталган эмгек; *Хамидов Х.* Язык каракалпакского литературного языка: Автореф. канд. дисс. Нукус 1967.

гыз тилинде официалдык-иш кагаздарынын колдонулушу Октябрь революциясына чейинки мезгилдерде эле белгилүү болсо да, факт-материалдардын колдо болбогондугуна байланыштуу ал мезгилдеги кагаздардын стилдик өзгөчөлүктөрү жөнүндө сөз кылуу мүмкүн эмес. Революцияга чейин кыргыз тилинде иш кагаздарынын бирди-жарымдары гана (арыз, эки адамдын ортосунда кат алышуу) болгондугу белгилүү. Анткени «ал кездеги маданий-коомдук, экономикалык турмуш шарты ар түрдүү иш кагаздарынан кеңири пайдаланууну, балким, талап да кылбаган»[1]. Революциядан кийин кыргыз жеринде ар кандай коомдук мекемелер, окуу жайлары ачылып, элдин жалпы сабатсыздыгынын жоюлушуна байланыштуу канцелярдык жөнөкөй иш кагаздарынан баштап, алардын татаал формаларынан болгон мамлекеттик мааниси бар иш кагаздарына чейин жазылып, алардын ар кандай үлгүлөрү өнүгүп, калыпташып, эл арасына кеңири тарай баштады.

Октябрь революциясынан кийин кыргыз эли улуттук жазууга ээ болуп, анын жалпы элдик тили адабий тил болуп түзүлдү. Окуу куралдары, көркөм адабияттар, газета-журналдар кыргыз адабий тилинде жазылып, коомдук мекемелердеги иштер да кыргыз тилинде жүргүзүлө баштады. Айрыкча 24—30-жылдардан тартып көркөм адабияттын стили, публицистикалык стиль сыяктуу эле официалдык-иш кагаздардын стили өнүгүп, калыптана баштады.

Кыргызстанда совет бийлигинин орношу менен келип чыккан ар кандай коомдук мекемелердин иштеринин, өкмөт тарабынан болгон ар түрдүү мазмундагы кагаздарды (жоболор, указдар, закондор ж. б.) жалпы массага кеңири жеткирүү максатында алардын кыргыз тилинде жазылышы зарыл болду. Мына ушунун натыйжасында Кыргыз Автономиялуу республикасынын Борбордук Аткаруу Комитети жана Эл Комиссарлар Совети (23-март, 1928.) «Кыргыз АССРиндеги советтик аппараттарды улутташтыруу жөнүндө» атайын токтом кабыл алган[2].

Бул токтом боюнча:

1. Борбордук Аткаруу Комитетинин жана Эл Комиссарлар Советинин чыгарган ар кандай мазмундагы директиваларынын жана токтомдорунун орус жана кыргыз тилдеринде чыгарылышы милдеттендирилген.

2. Бардык мекемелерде циркулярдык жана жетекчиликке алынуучу ар түрдүү кагаздардын да орус жана кыргыз тилдеринде жазылып чыгарылышы милдеттендирилген.

---

[1] *Сартбаев К. К.* Кыргыз тилин окутуунун методикасы. Фрунзе, 1963, 241-бет.

[2] Кыргыз ССР Мамлекеттик архиви, 658-фонд, 4-опись, 10-дело, 20-бет.

3. 2 айлык мөөнөт ичинде кыргыз тилинде иш жүргүзүүдө пайдаланылуучу терминология иштелип чыгып, жарыяланышын камсыз кылуу иши Эл агартуу комиссариатына тапшырылган.

4. 3 айлык мөөнөт ичинде кантондук жана борбордук аппараттарда кыргыз тилинде иш жүргүзүүнүн, эсеп-кысап иштеринин жана отчет берүү формаларын иштеп чыгуу жана жарыялоо иши Борбордук Аткаруу Комитетинин алдындагы аппараттарды жана жумушчу-дыйкан инспекциясынын элдик комитеттерин улутташтыруу боюнча түзүлгөн комиссияга тапшырылган.

Жогоруда саналган милдеттенмелер оңой-олтоң гана аткарыла койгон жок, себеби официалдык-иш кагаздарын жазуунун кыргыз тилинде белгилүү бир тартиби, калыбы (трафарети) болбогондуктан, алгачкы кезде ар ким ар кандай жазуунун натыйжасында кээде документтик мүнөзгө ээ болбогон, түшүнүүгө кыйын чар жайыттыктар орун алган.

Мисалга кайрылалы:

КЫРСОППУРОПКО

Ушуну менен Ысталын ырайондук кесипчилдер кеңешинин ушуну шашылыш иретте сурайт эң зарыл күтүп турабыз! Мунда Ысталын ырайондук кесипчилдер кеңешинин жарым тыйын акчасы жок кенсалардын ыраскоту жок анан кантип биздин иштер жүрсө болот?

Эмки соппуроптун баштыгы иштей албайт[1].

Мисалдагы келтирилген грамматикалык каталарга карабаганда да, эмне жөнүндө айтылып, эмне жөнүндө суралып жаткандыгы («шашылыш иретте сурайт», «эң зарыл күтүп турабыз») да белгисиз. Бири-бири менен байланышпаган жана иш кагазына мүнөздүү болбогон суроолуу жана илептүү сүйлөмдөрдүн катышышы да бул стилге ылайык келбей турат.

Бул өңдүү чар жайыттуулукка жол бербөө үчүн жана иш кагаздарынын жазылышын бирдей тартипке салуу үчүн эң алгач белгилүү бир норма (трафарет, калып) иштеп чыгуу керек эле. Мындай үлгү (калып) кыргыз тилинде болбогондон кийин, иш жүзүндө нечен жылдар бою колдонулуп келаткандыктан, белгилүү бир калыпка салынып, тартипке келип калган орус тилиндеги иш кагаздардын үлгүсүнө кайрылууга туура келди. Бул иштин жүрүшүндө негизги талап ошол кагаздардын башталышы, андагы ойдун берилиш ыкмасы жана бүтүшү боюнча коюлуучу талаптардын так аткарылышы

---

[1] Кыргыз ССРинин мамлекеттик архиви, 740-фонд, 1-опись, 432-дело, 20-бет.

болуп эсептелингендиктен, кыргыз тилинде жазылуучу иш кагаздарындагы жогорку талаптардын туура аткарылышына жетишүүдө которуу жолу бирден бир туура жол болуп таанылды да, кыргыз тилинде иш кагаздарынын үлгүлөрүн иштеп чыгууда ийгиликтүү пайдаланыла баштады. Орус тилинде жазылган иш кагаздарын кыргыз тилине которуу менен, андай документтердин башталыш жана аякташ тартиби, андагы ойдун берилиш ыкмасы өздөштүрүлө баштады.

Мына ушунун натыйжасында кыргыз тилинде мурда мүнөздүү болбогон же жаңы маанидеги сөздөр жана сөз айкаштары колдонула баштады: *ушуну көрсөтүүчү* (предъявитель сего), *берилет ушул справка* — (дана настоящая справка), *аныk күбөлөндүрөт* (действительно заверяет), *күн тартиби* (в повестке дня), *угулду* (слушали), *колго салынды* (ставлен на голосование), *ачык калды* (открыто оставлен), *төмөндө маалым кыламын* (при этом сообщаю), *токтомго ылайык* (согласно постановлению), *приказга ылайык* (согласно приказу), *көчүрмө* (выписка), *арыз* (заявление), *күбө нама, күбөлүк кат* (удостоверение личности), *баа кагаз, айгак кагаз, күбөлүк* (удостоверение об образовании), *турмуш-ал, таржымал//таржымакал, өмүр баян* (автобиография), *мүнөз кагаз, мүнөздөмө* (характеристика), *жар нама, жарыя, жар салуу, маалымдоо, кулактандыруу* (объявление), *суранамын, өтүнөмүн* (прошу), *милдеттендирилсин* (объязать) ж. б.

Жогорку сөздөрдүн жана сөз айкаштарынын иш кагаздарында колдонулушуна бир нече мисал алып көрөлү.

Биз, төмөндө акт жазып кол коюучулар, ...(актыдан).

...Жал артели кол коюп, печать басып *аныk күбөлөндүрөт* (күбөлүк каттан).

Ушуну менен сиздерге ...жиберилет. *Өтүнөм бекитүүңүздү* (мекемеге жиберилген каттан).

Ушуну көрсөтүүчү жолдош Үркүмбаев Турум ... борбордук кыргыз педтехникумуна жиберилет (күбөлүк каттан).

Берилди ушул справка Сулайман Мамбет уулуна ...(справкадан). *Берилди ушул баа кагаз* жолдош Канымбүбү Баялы кызына ...(күбөлүк каттан). Мен *төмөндө* өз жайымды маалым кылып *билдиремин* (арыздан) ж. б.

Кыргыз жаңы алиппесинин кабыл алынган түрүн жиберди. *Кошумча — айтылган* (мекемеге жиберилген каттан).

Сиздин *218-сандуу кагазыңыз* таалым-тарбия бөлүмүнүн башчысы Байыш уулунун резолюциясы менен *эске алуу үчүн жиберилет* (мекемеге жазылган каттан).

Биздин мындан мурун жазган *буйругубузга карата* Арабай кызын степендиядан чыгарбай, илгери буйрук менен калтырыңыз (мекемеге жазган каттан).

Сиздин сураганыңызга ылайык уйгур, дунган улуттарынын алиппелеринин долбоорун... жиберет (мекемеге жазган каттан).

Сиздердин жиберген № ...сандуу *чачым кагазыңыздарга карата* ...(мекемеге жиберилген каттан).

Талас областынын эл сотторун шайлоого даярдык көрүүдөгү кемчиликтерди жоюу максатында, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиуму *токтом кылат*:

1. 1949-жылы 28-январынан кечиктирбей бардык шайлоо пунктарынын даярдыгын текшерүүгө эмгекчилер депутаттарынын Талас областтык Советинин Аткаруу Комитетинин Председатели милдеттендирилсин.

2. 1949-жылдын 1-февралына чейин шайлоочулардын тизмесин текшерип чыгып, ...камсыз кылууга Талас областынын эмгекчилер депутаттарынын жергиликтүү советтеринин аткаруу комитеттери *милдеттендирилсин*.

3. Шайлоолорду уюштуруу маселелери менен исполкомдун уполномочендерин жана эсептөө комиссиясынын мүчөлөрүн тааныштыруу иши областтык, райондук жана шаардык советтеринин аткаруу комитеттерине милдеттендирилсин.

(Текст кыскартылып алынды)[1].

Кыргыз жазуусун латиндештирилген алфавиттен орус графикасынын негизинде түзүлгөн жаңы алфавитке которуу жөнүндө 1941-жыл 31-январдагы ЗАКОН.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин 1-чакырылышынын 4-сессиясынын стенографиялык отчету).

...Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин төртүнчү сессиясы токтом кылат:

1. Кыргыз жазуусун латиндештирилген алфавиттен орус графикасынын негизинде түзүлгөн кыргыздын жаңы алфавитине которуу жөнүндө колхозчулардын, жумушчулардын жана интеллигенциянын кең массасынын суроолору канаатандырылсын.

2. Кыргыз ССРинин Эл комиссарлар совети сунуш кылган орус графикасынын негизинде түзүлгөн кыргыздын жаңы алфавитинин долбоору бекитилсин.

3. Жаңы алфавитке өтүүнүн сроктору төмөнкүдөй болуп белгиленсин:

а) мамлекеттик мекемелерде жана коомдук уюмдарда 1941-жылдын 10-февралынан тартып;

б) күндөлүк чыгып тура турган басма сөздөр — 1941-жылдын 1-апрелинен тартып;

---

[1] Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын экинчи чакырылган Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун заседаниелеринин протоколдору. Фрунзе, 1949.

в) толук эмес орто жана орто мектептерде жана башка окуу жайларында сабак берүү жана окутуу — 1941-жылдын 1-сентябрынан тартып жүргүзүлсүн.

4. Кыргыз ССРинин жогорку совети наркоматтарды, республикалык мекемелерди кыргыз жазуусун латиндештирилген алфавиттен орус графикасынын негизинде түзүлгөн жаңы алфавитке которуу боюнча ишти республикада бир жылда, 1942-жылдын 1-январына чейин аяктоого милдеттендирет[1].

Тянь-Шань областындагы Тогуз-Торо районунун борбору жөнүндө 1941-жыл 13-январдагы *УКАЗ*.

Кыргыз АССР БАКнын 1935-жыл 8-февралдагы Тогуз -Торо районунун турактуу борбору кылып Атай кыштагын бекитүү жөнүндөгү токтому (*№ 3 протокол*, § 1) *жокко чыгарылсын.*

Тогуз-Торо районунун Борбору болуп Казарман селениеси эсептелсин[2].

Жазуучу Жоомарт Бөкөнбаевдин эстелигин түбөлүккө калтыруу жөнүндө

1944-ж. 7-августтагы *УКАЗ*

(*Протокол* № 52, § 27)

Кыргызстандын көрүнүктүү жазуучусу Жоомарт Бөкөнбаевдин эстелигин түбөлүккө калтыруу максатында төмөнкү чаралар өткөрүлсүн:

1. Ысык-Көл областынын Тоң районундагы Кольцовка селосу Бөкөнбаев селосу деп аталсын[3].

1953-жылы 10-ноябрде төмөндө акт жазып кол коюучулар Талды-Булак сельсоветинин депутаты Кулубаева С., сельсоветтин секретары Осмонов, завизбач Омуркулов жана колхоздун мүчөсү Байбачаев болуп акт жазабыз, себеби сельсоветтин канторуна отун үчүн бир кубометри 145 сомдон эки кубометр отун алып, 120 сомду жолдош Байбачаевге акчалай төлөдүк.

Ошонун ырастыгына кол коюучулар[4]:

---

[1] Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын экинчи чакырылган Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун заседаниелеринин протоколдору. Фрунзе, 1949.

[2] Жогоруда аталган протоколдор жыйнагында, 51-бет.

[3] Кыргыз ССРинин закондорунун жана Кыргыз ССР Жогорку Совет-тинин Президиумунун указдарынын жыйнагы (1938—1956-ж. ж.). Фрунзе, 1958, 71-бет.

[4] Ушунун өзүндө, 31-бет.

БАА КАГАЗ

Берилди ушул баа кагаз жолдош Канымбү Баялы кызына *аның үчүн* бул жолдош жогорку Аларча айыл кеңешине караштуу Кашкабаш колхозунун алдына ачылган 3-номурлуу мектебинин окуучусу. Алган маалыматы: төрт амалды, эне тилди толук билет. Үчүнчү классты бүтүрдү[1].

Мунун ырастыгына Кашкабаш артелинин баштыгы *аныk күбөлөндүрөт*. 22/V-1932-жыл.

АРЫЗА

Мен төмөндө өз жайымды маалым кылып билдиремин: мурунтадан бери ата-тегим кедей. Билимим толук орто эмес, мектептин 6-классынын көлөмүндө бар. Текшерип туруп даярдоо группасына алсаңар экен[2].

Супатаев Аманбай. 2/XI-1937-ж.

КҮБӨЛҮК КАТ

Ушуну көрсөтүүчү жолдош Уркумбаев Турум уулу эл агартуу комиссариятынын 2156 сандуу кагазы боюнча комиссия текшерип, тийиштүү документтери менен борбордук кыргыз педтехникумуна жиберилет.

Эл агартуу бөлүмүнүн баштыгы. 10/VIII-1929-жыл[3].

СПРАВКА

Берилди ушул справка Сулайман Мамбет уулуна *аның үчүн бул жолдош* 31—32-окуу жылында Төрткүл мектебинин 4-сыныбынан окуп, айыл мектебин бүтүрүп чыкты.

Мектеп баштыгы — 12/VII — 1932-жыл[4].

Орус тилинде жазылган иш кагаздардагы керектүү сөздөрдү жана сөз айкаштарын кыргызчага которуп алуу дайым эле, жогорку мисалдарда көрсөтүлгөндөй, ийгиликтүү боло берген эмес. Бул өзгөчө сөз тизмектерин которууда көбүрөөк байкалат. Алсак, орус тилиндеги сөз айкаштарын которууда анын маанисине карай которбостон, ал сөз тизмектеринин ордун алмаштырбастан, турган-турган жеринде гана которула салгандыгы көрүнөт. Мындай которуулар көп

---

[1] КМА, 658-фонд, 4-опись, 61-дело, 10-бет.

[2] КМА, 869-фонд, 4-опись, 346-дело, 2-бет.

[3] КМА, 658-фонд, 5-опись, 436-дело.

[4] КМА, 658-фонд, 4-опись, 61-дело, 96-бет.

учурларда ал кагаздардын маанисине тез түшүнүүгө тескери таасирин тийгизбей койгон эмес.

Мисалы, орусча төмөндөгүдөй кагаз:

При этом Атбашинский профессиональный союз направляет...

Секретарь профсоюза — подпись.

Кыргызча төмөндөгүдөй берилген:

Ушуну менен Атбашы райкесипчилер союзу кошуп жиберет...

Кесипчилер союзунун катчысы[1].

Бул кагаздагы сөздөрдүн орун тартиби орус тилиндегиден эч айырмаланбайт; сүйлөм түзүлүшү кыргыз тилинин эрежелерине толук ылайык келбегендиктен, айтылуучу ой да түшүнүксүз болуп калган.

Бул документти:

Ушуну менен Атбашы райондук кесипчилер союзу өзүнүн 6-декабрдагы № 8 токтомун көңүлгө алуу үчүн жиберет деп которсо, бул документ орус тилиндеги документтин үлгүсүнө салынып түзүлгөнү менен, сүйлөм түзүлүшү жана мааниси жагынан биринчи котормого караганда алда канча туура болмок.

Ушинтип, так эмес которуунун натыйжасында пайда болгон (атасы) *член инвалидге мүчө*, (өзү) *атасына душ*, *член колхозго душ, протоколу № 10, член артель Бирлик, инспектор курс, кандидат партия, шаар Фрунзеде (турат), колхоз Кызыл-Туу башкармасы* ж. б. сыяктуу сөз айкаштарын алгачкы кездеги иш кагаздарынан көп кездештиребиз.

АРЗА

Ушуну менен сөзүмдү төмөндө жазып билдиремин. Жаңы ачыла турган (2) эки жылдык петинститутка окууга кабыл алып алуунузду сураймын. Ата тегим кедей дыйкан, кандыйдат партиямын[2].

ЫСПЫРАПКЕ

Берилди бул ыспырапке Ак дөбө айыл советине караштуу Ак дөбө калкосунун мүчөсү Дөөлөтов Акматка. Аның үчүн бул жолдоштун аталык теги кедей, 1930-жылдан бери калкос мүчөсү атасына душ.

Ак дөбө айыл советинин төрагасы[3] —

Катчысы —

---

[1] КМА, 740-фонд, 1-опись, 432-дело, 1-бет.
[2] КМА, 698-фонд, 4-опись, 228-дело, 4-бет.
[3] КМА, 698-фонд, 5-опись, 340-дело, 17-бет.

ЫСПЫРАПКЕ

Берилди ушул аныk ыспырапке Бостери айылынын адамы Асанакун Бозум уулуна. *Аның үчүн бул жолдоштун* аталык теги начар кедей, өз турмушу начар кедей, 29 жылдан бери чилен колкоско мүчө болуп, 29-жылдан 31-жылга чейин калкостун быраблениеси болуп кызматын аткарды. Салт-санаасы туура.

Бостери айыл советинин төрагасы[1].

Катчысы

ЧЫГАРУУ КАГАЗЫ

Берилди ушул чыгаруу кагазы аның үчүн бул жолдош Рабган кызы 18 сандуу Ленин уюгуна 26 жылдан бери чилен комсомол чилен акысын төлөп келди. Жыйналышка толук сүрөттө катнашты. Ленин уюмунун жообту катчысы[2].

ЫСПЫРАПКЕ

Берилди бул ыспырапке жолдош Кожобек улуу Мукамбетке. Аның үчүн бул жолдош 31 жылдан бери *чилен колкостун* душу. Малы устап боюнча ортолошкон[3].

Дөңтала колкос баштыгы.

Катчысы —

Өзү кедей баласы, кайсы мектептен болсо да окууга акысы бар. Атасы член колхоз (справкадан).

Бул жолдоштун аталык теги батырак жана ВЛКСМга октябрь айынан тартып, *член комсомол, душасы 5 жан* (справкадан).

... Бул балдар багуусуз калган балдар. Экинчи анамуна деп тентитпе.

Кол койгон — *Инспектор курс* (колу) (мекемеге жиберилген каттан).

Өзү башынан бери *член артел* (мүнөздөмөдөн).

...Аның үчүн бул жолдош Таймат эли Фрунзе району *член артел Бирликте* 1917-жылы туулган (справкадан).

Ата-тегим кедей-дыйкан. Мугалимдик стажым 5 жыл. *Кандидат партиямын.* Билимим толук эмес орто (арыздан).

Бул жолдош *шаар Фрунзеге* эл агартуу комиссариатынын чачым кагазы боюнча окууга жиберилет (күбөлүк каттан.).

---

[1] КМА, 698-фонд, 5-опись, 224-дело, 7-бет.
[2] КМА, 658-фонд, 4-опись, 50-дело, 2-бет.
[3] КМА, 658-фонд, 4-опись, 61-дело, 10-бет.

Колхоз Кызыл-Туу башкармасынын берген мүнөз катынын чындыгына Кошой коргон айыл кенешинин кенеш печаты басылат (мүнөздөмөдөн). 1929-жылдан бери *член колхозго мүчө* (справкадан). Булардын кээ бирөөнү талдап көрөлү.

Член инвалидге мүчө. Орус тилинде *член инвалида.* Бул сөз айкашын кыргызчага которууда *член инвалида* деген эки сөз бир сөз катары кабыл алынып, *инвалида* дегендеги родительный падеждин мүчөсү-*а* түшүрүлүп, анын ордуна кыргыз тилиндеги барыш жөндөмөсүнүн мүчөсү улануу менен, *мүчө* деген сөз кошо айтылган.

Ошентип, бир адамдын инвалид экендигин билдирүү үчүн кыргызча бир эле убакыттын ичинде *член* да, *мүчө* да колдонулган.

Калган сөз айкаштары да ушундай эле жолдор менен которулган: *член артель Бирлик — член артеля Бирлик, инспектор курс — инспектор курса, кандидат партиямын — являюсь кандидатом в члены партии, шаар Фрунзеде турат— живет в городе Фрунзе, колхоз Кызыл-Туу (башкармасы) — колхоз Кызыл-Туу.* Азыр бул сөз айкаштары кыргыз тилинин законуна ылайык *Бирлик артелинин мүчөсү, курстун инспектору, партияга кандидат, Фрунзе шаары, Кызыл-Туу колхозу* болуп колдонулуп келе жатат.

Официалдык-иш кагаздардын тейлөө чөйрөсүнө карай официалдык (өкмөт тарабынан белгиленген, өкмөт тарабынан кабыл алынган) кагаздар жана иш (канцелярдык) кагаздар деп бөлүп кароого болот.

Официалдык кагаздарга өкмөт тарабынан кабыл алынган ар кандай закондор, уставдар, токтомдор, договорлор, жоболор жана ар кандай маанидеги мамлекеттик билдирүүлөр, ноталар ж. б. жатат.

Ал эми иш кагаздарына болсо коомдук мекемелердин күндөлүк иштерине байланыштуу жазылуучу же мекеме менен анын мүчөлөрүнүн, же болбосо коомдун мүчөлөрүнүн бири-биринин ортосунда жазылуучу ар кандай документтер, протоколдор, арыздар, расписка лар, актылар, ишеним каттар, өмүр баяндар, мүнөздөмөлөр, күбөлүк каттар, справкалар, рапорттор, счеттор, приказдар, кулактандыруулар ж. б. кирет.

Официалдык-иш кагаздардын жогорудагыдай бөлүштүрүлүшү жалгыз гана алардын колдонулуш чөйрөсүнө байланыштуу болбостон, аларды жазууда коюлуучу талаптардын да ар башкалыгына байланыштуу.

Мамлекеттик масштабда колдонулуучу документтердин (закондордун, уставдардын ж. б.) тили өтө так келип, ар кандай туура эмес ой жоруулардын болушуна жол бербөө керек.

Мында негизги максат документтердин тилине тез түшүнүүдө эмес, туура түшүнүүдө болот, анткени, бул документке кызыккан жана аны пайдалануучу адам ага түшүнүш үчүн бир нече жолу кайталап окуп чыгыштан да баш тартпайт[1]. Ар кандай канцелярдык иш кагаздарынын тили түшүнүүгө женил, айтылуучу ою кыска жана так берилиши зарыл.

Канцелярдык иш кагаздардын айырмачылыгы — алардын болуп жаткан же боло турган ар кандай иштердин ар түрдүү кырдаалын, андан келип чыгуучу тыянак (жыйынтык) менен бирге көрсөтө алгандыгында. Бирөөгө справка бергенде анын мазмуну (кимге, кайда), аягына, сөзсүз, бул справка эмне үчүн берилип жаткандыгы жазылат, б. а. бул справканы алган адам кандай жыйынтыкка жетише ала тургандыгы ал иш иштеле элегинде эле билинип турат.

Башталышы, айтылуучу ойдун берилиши жана бүтүшү боюнча иш кагаздары да өз ич ара бири биринен ар биринин өзүнө гана тиешелүү болгон өзгөчөлүктөрү менен айырмаланып турат. Мына ушул өзгөчөлүктөрүнө карап иш кагаздарын иш жүргүзүү (же болбосо деловой) жана кат жазышуу тибиндеги кагаздар деп да бөлүп кароого болот.

Иш жүргүзүү тибиндеги кагаздарда көбүнчө ал кагаз жиберилген адамдан (же мекемеден) сөзсүз жооп келишин талап кылбайт, жөн гана бир иш, маселе, окуя жөнүндө кабар кылат. Мындай кагаздарга арыз, справка, күбөлүк кат, ишеним кат, договор, акт, расписка, мүнөздөмө, кулактандыруулар ж. б. кирет. Бул кагаздардын тили кыска, так болуп, жазуучу тарабынан берилүүчү ой белгилүү бир калыпка (трафаретке) салынып берилет да, ар кандай башка кошумчаларга жол берилбейт. Мисалы:

СПРАВКА

Жолдош Исмаилов Кубатбек Кыргыз мамлекеттик университетинин биология факультетинин IV курсунда окуйт.

Справка керектүү жерге көрсөтүү үчүн берилди.

ИШЕНИМ КАТ

Мен, Асаналиева Айгул, ушул жылдын 12-апрелинде почта аркылуу Москвадан менин наамыма келген посылканы Фрунзедеги медициналык окуу жайынын I курсунун студенти Асаналиев Ишембайдын алып коюшуна ишенемин.

---

[1] *Щерба Р.* Современный русский литературный язык.— Русский язык в школе, 1939, № 4, 22-бет.

1967-жылы Фрунзедеги № 19 жумушчу жаштар орто мектеби тарабынан Татьяна Ивановна Шахинанын ысмына берилген № 098666 жетилүү аттестаты жоголгондуктан, жарактысыз деп табылсын ж. б.

Канцелярдык иш кагаздарында көбүнчө татаал сүйлөмдөр колдонулат. Сүйлөмдөрдүн дээрлик татаал формада түзүлүшү ал документтин мазмунуна так түшүнүүгө жана айтылуучу ойдун өз ара байланыштуу жыйынтыктуу болуп, толук берилиши үчүн мүмкүнчүлүк түзөт. Эгерде белгилүү бир ойду берүүдө бири-бири менен тыгыз байланышпаган, өз алдынча турган жөнөкөй сүйлөмдөр колдонулса, айтылып жаткан ойго тез түшүнүү, андан белгилүү бир тыянак чыгаруу кыйыныраак болуп калар эле. Себеби өз ара тыгыз байланышпаган сүйлөмдөрдү окуп, түшүнүп, андан кийин жыйынтыкка келүү үчүн күч да, убакыт да талап кылынар эле[1].

Ал эми кат жазышуу тибиндеги кагаздар болсо иш жүргүзүү кагаздарына караганда бир аз эркинирээк жазылып, көлөм жагынан да, пайдаланылуучу тилдик каражаттар жагынан чектөөлөрдү анчалык талап кылбайт.

Бул кагаздар жиберилген кишиден (мекемеден) кайта жооп болушун күтөт, ошону үчүн кээде жооп берүү мөөнөтүн чектеп, кайсы адреске же номерге жибере тургандыгын да көрсөтөт. Ал эми бул кагаздардын кээ бирлери буларга жооп иретинде болгондуктан, буларда жогорудагыдай шарттын (жооп берүү) болушу сөзсүз эмес.

Адетте мындай кагаздардын өзүнө тиешелүү аты (арыз, справка деген сыяктуу) жок болот да, жиберилүүчү адамдын (мекеменин) адреси көрсөтүлүү менен гана, айтылуучу ой бериле берет. Мисалы:

ЖАЛАЛ-АБАД КАНТОНДУК ЭЛ АГАРТУУ БӨЛҮМҮНӨ

Ушуну менен сиздерге билдиребиз. Сиздин кантондо методист барбы? Буга чейин ким иштеп келген? Айлыгы канча? Ошону жазып жибергиле[2].

8/I—1928-ж.

---

[1] *Щерба Р.* Көрсөтүлгөн эмгек, 21—22-беттер.
[2] КМА, 688-фонд, 4-опись, 61-дело, 66-бет.

БОРБОРДУК ПЕДАГОГИЯ ТЕХНИКОМУНУН БАШТЫГЫ АКМАТААЛЫ УУЛУНА

Агартуу комиссариатынын күч даярдоо бөлүмү Беки уулу Сатарды техникумга кирүүгө жиберет. Беки уулу мурун студияда окуган. Билими жетишет. Экинчиден, чет райондун адамынан. Ошондуктан кайта жиберилбей алынсын. Жообун жиберүүгө биздин № 80-I.

3/X-1930-жыл[1].

КЫРГЫЗСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭЛ АГАРТУУ КОМИССАРИАТЫНА

Сиздин 1928-жыл 5-айдын 17-күн 2369-сандуу кагазыңызга жооп: биздин райондо сиздин сураган Кацирова Евдокия деген аял мугалим жок. Иштебейт. 23/X-1928-ж[2].

Официалдык-иш кагаздардын өздөрүнө гана тиешелүү жазылуу формасы (калыбы, трафарети) бар жана ар кайсынысынын өзүнө гана мүнөздүү болгон сөз айкаштары жана терминдери болот.

Мисалы, белгилүү бир адамга берилүүчү справканы жазууда эң мурун ал адамдын аты-жөнү, кызматы, андан кийин справканын мазмуну көрсөтүлүп, анын эмне үчүн берилгендигин айтуу менен аякталат да берилген күнү, айы, жылы көрсөтүлөт. Мына ушундай калыпка салынып жазылуунун натыйжасында справка үчүн мүнөздүү болгон *берилди ушул справка аның үчүн бул жолдош* (же *себеби бул жолдош*) деген сыяктуу сөз айкаштары пайда болуп, справка берилген адамдын адистигине, справканын кайда адрестелишине ылайыктуу ар түрдүү терминдер колдонула баштады.

СПРАВКА

Берилди ушул справка Нарын кантону Кочкор болушунун күн батыш элинин адамы Бүбүя Өмүрбай кызына. *Аның үчүн бул жолдош* кедейдин баласы. Кайсы мектептен болсо да окууга акысы бар[3].

2/VIII — 1930-жыл.

Күбөлүк катка мүнөздүү сөз айкаштары жана терминдер: *күбөлүк кат, берилди* (же *берилет*) *ушул күбөлүк кат, ант-*

---

[1] КМА, 688-фонд, 1-опись, 117-дело, 8-бет.
[2] КМА, 688-фонд, 1-опись, 262-дело, 22-бет.
[3] КМА, 658-фонд, 4-опись, 50-дело, 2-бет.

кени (же себеби), ушуну көргөзүүчү (же ушуну көргөзгөн) анык күбөлөндүрөт ж. б.

КҮБӨЛҮК КАТ

Ушуну көргөзгөн Кыргызстан Борбордук Аткаруу комитетинин алдындагы Борбордук жаңы алиппе комитетинин жумушчу президимунун мүчөсү жолдош Кашымбек уулу борбордук жаңы алиппе комитетинин 30-июнда Махачкала шаарында боло турган президиумга эсеп доклады менен жиберилет[1].

Ушунун чындыгын *анык күбөлөндүрүүчү* — 19/VI — 1929-жыл

КҮБӨЛҮК КАТ

Берилди ушул күбөлүк кат Мажит Матабек уулуна, анын үчүн бул жолдош Нарын шаарындагы 1-баскыч кыргыз мектебинин 4-бөлүмүндө окуп, эне тил, жазуу, эсеп, география, саясы, орусча, жаратылыш, сүрөт жана адамчылык жагынан мактоолуу сүрөттө бүтүрүп, 5-класска көчүрүлдү.

Ушунун чындыгында кол коюп, Кеңеш мөөрүн басып күбөлөндүрөт.

20/V—1929-жыл.

Токтомго мүнөздүү сөз айкаштары жана сөздөр:

токтом, күн тартиби, угулду, токтом кылынсын, милдеттендирилсин, жүктөлсүн ж. б.

Арызга мүнөздүү сөз айкаштары жана терминдер:

Арыз: *беремин ушул арызды, ушуну менен төмөндө өтүнөмүн, неге десеңиз* ж. б.

АРЫЗ

Ушуну менен төмөндө өтүнөмүн, жаңы ачыла турган эки жылдык пединститутка кабыл алуунузду сураймын[2].

12/VIII — 1935-жыл.

АРЫЗ

Неге десеңиз менин 5-класстык билимим бар. Ошону үчүн мени текшерип көрүп, финтехникумдун даярдоо курсуна алуунузду сураймын.

12/VI — 1937-ж.

---

[1] КМА, 688-фонд, 1-опись, 290-дело, 228-бет.
[2] КМА, 869-фонд, 4-опись, 346-дело, 6-бет.

АРЫЗ

Беремин ушул арызды неге десеңиз бүгүндөн баштап приказыңыз менен мени бошотуңуз. Мен 14-күндүн эскертүү кызматында иштебеймин жана закондо дем алыш күндүн акчасы берилбесин десе аны да албаймын. Өзүмө орун таап орношуп алгандыктан, толук эсеп берүүңүздү сураймын.

21/III — 1938-жыл.

Рапортко мүнөздүү сөз айкаштары же терминдер:

РАПОРТ, төмөндө маалым кыламын, суранамын ж. б.

РАПОРТ

Төмөндө маалым кыламын: Майсан уулу 26-февраль 1928-ж. бери бир дагы сабакка келбеди. Себепсиз сабакка келбеген себептүү бир чара көрүүңүздү *суранамын*[1].

Актыга тиешелүү сөз айкаштары:

АКТ, төмөндө кол коючулар, анык күбөлөндүрөт.

АКТ

Биз, *төмөндө кол коюп акт жазабыз,* себеби 1955-жылы 19-декабрь күнү Ворошилов колхозунун мүчөсү Бокмурунов Анарбайдын баласы Эсенбек өз ыктыяры менен бөлүндү. Бөлүнүшүүдө депутат Байкучуков Бакыр, коңшусу Сырдыбаев Казак катышты. Бөлүнүшүүдө Эсенбекке төмөнкү буюмдар тийди:

1. Жууркан 4
2. Жаздык 2
3. Идиш-аяк 7

Атасына:

1. Жууркан — 4
2. Жаздык — 2.

Бөлүнүү актысын туура деп *кол коюп күбөбөндүрүүчүлөр.*

Бул жогорку көрсөтүлгөн мисалдардан официалдык-иш кагаздардын ар кайсынысынын өзүнө мүнөздүү болгон туруктуу сөз айкаштары бар экендигин жана алардын мазмунуна жараша ар кандай маанидеги терминдер да пайдаланылгандыгын көрүүгө болот.

Официалдык-иш кагаздардын адабий тилдин башка стилдик өзгөчөлүктөрүнөн айырмалап турган бир белгиси болуп буларды жазуучу адамдардын жазуу моментинде аныкталуу-

---

[1] КМА, 658-фонд, 3-опись, 61-дело, 91-бет.

чу жазуу (же сүйлөө) манерасынын тап-такыр жок деп айтарлык даражада турушу эсептелет. Ал эми документтерде (өзгөчө алгачкы мезгилдердеги документтерде) жеке адамдын сүйлөө өзгөчөлүгүнө таандык болгон өзгөчөлүктөрдүн кээде аз да болсо орун алышы бул кагаздардын жазуу нормаларын бузгандык болуп эсептелет.

Төмөндөгү эки документти салыштырып көрөлү:

АРЫЗ

Неге десеңиз Үч эмчек мектебинде эки окуучу бар элек. Экөөбүз тең Фрунзе шаарынан окуш көрбөгөнбүз. 15-майга дейре бала окутуп жетише албай, разверстка алалбай калдым. Эми сизден өтүнөмүн мени тыңдоочулук окууга алуунузду.

29/V—1926-жыл.

АРЫЗ

Ушуну менен төмөндө өтүнөмүн. Неге десеңиз мен 1926—27-окуу жылында Ташкентте механикалык техникумдун 1-курсун окуп бүткөмүн. Андан кийин сыркоолоп калып, окууга барбай калдым. Азыр окууга талабым бар. Мүмкүн болсо 2-жылдык мугалимдер институтуна кабыл алууңузду сураймын.

7/VIII—1928-жыл.

Бул эки арыздын биринчиси арыз жазуунун калыбына көп баш ийдирилбей, арыз жазуучу адамдын билимине, сүйлөө манерасына ылайык кээ бир так эместиктер жиберилген: терминдердин орфографиялык жактан бузулуп берилиши, сүйлөмдөрдүн туура эмес түзүлүшү жана башкалар.

Ал эми экинчи арызда болсо айтылуучу ой биринчиге караганда алда канча жыйынтыктуу да, түшүнүктүү да болуп, жазган адам өз оюн мүмкүн болушунча так берүүгө аракет кылгандыгы көрүнүп турат. Эң негизгиси мында арыз жазыш үчүн талап кылынуучу эрежелер дээрлик сакталган.

ОФИЦИАЛДЫК-ИШ КАГАЗДАРДАГЫ ЛЕКСИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР

Алгачкы мезгилдердеги кыргыз тилинде жазылган официалдык-иш кагаздардын лексикалык составы негизинен эки чоң топтон: төл сөздөрдөн жана башка тилдерден өздөштүрүлгөн сөздөрдөн турат. Стилдин бул түрүндө дайыма сөздөр өтмө мааниде эмес, өзүнүн түз маанисинде колдонулат.

Ошондуктан бул кагаздардын тили «кургак» келип, ар кандай көркөмдүүлүктөн сырткары болот.

Иш кагаздарында колдонулуп жүргөн башка тилдерден кирген сөздөр негизинен араб, иран жана орус тилдеринен өздөштүрүлгөн сөздөр болуп эсептелет. Араб, иран сөздөрү революцияга чейинки мезгилдерде кабыл алынган да, орус тилинен кабыл алынган сөздөргө салыштырганда сан жагынан аздык кылат, анткени коомдук турмушта күн санап пайда болуп жаткан жаңы түшүнүктөрдү атоодо араб, иран сөздөрүнө караганда орус тилинен кабыл алынган сөздөр алда канча ийкемдүү жана ал түшүнүктөрдүн маанисин так берүүгө жөндөмдүү болгондуктан, мурун араб, иран сөздөрү менен аталып келген көп түшүнүктөр кийин төл сөздөр менен же орус сөздөрү менен аталып калды. Алсак, официалдык-иш кагаздарына мүнөздүү болгон *мажилис, нускоо, таржымал//таржымакал, мыйзам, карар, коолуу, күбө нама, жарнама* ж. б. сыяктуу араб, иран тилдеринен алынган сөздөр жалпы эл массасына түшүнүксүз болгондуктан, же тиешелүү терминдердин маанисин так ачып бере албагандыктан, булар кийин *чогулуш, инструкция, өмүр баян, закон, токтом, чечим, күбөлүк кат, кулактандыруу* деген төл жана орус сөздөрү менен алмаштырылган.

Официалдык-иш кагаздарынан учуроочу араб, иран сөздөрүн колдонулган мезгилине карай эки топко бөлүп кароого болот:

а) азыркы кездеги официалдык-иш кагаздарында кездешпөөчү сөздөр;

б) азыр да колдонулуп келе жаткан сөздөр.

Биринчи топко кирүүчү сөздөр өз убагында иш кагаздарында колдонулуп келген болсо да, биринчиден, керектүү түшүнүктүн маанисин так бере албагандыктан, экинчиден, өзүлөрүнүн мааниси жалпы элге түшүнүксүз болгондуктан, кийин башка сөздөр менен алмаштырылды: *жарыя* — азыр *кулактандыруу, мажилис* — азыр *чогулуш, нускоо, нускоочу* — азыр *инструкция, инструктор, сынып* — азыр *класс, таржымал* — азыр *өмүр баян, карар* — азыр *чечим, коолу* — азыр *токтом, дарыс* — азыр *сабак, мыйзам* — азыр *закон, күбө нама* — азыр *күбөлүк кат, элчи* — азыр *өкүл, элчи, шакирт* — азыр *окуучу, собол* — азыр *суроо* ж. б. сөздөр.

Булар катышкан бир нече мисал алып көрөлү.

Бул *карарды* орундатпагандар бүт *мыйзамдын* 107—статьясы менен бөлөкчө катуу жоопко тартылат (токтомдон).

Жаңылча Шамурза кызы II-ден III-гө чыгарылды. *Дарысты* алып барышы, эне тил — жакшы (күбөлүк каттан).

Сабакка келбеген балдар тууралу *коолуу* (токтомдон).

Менин кыскача *таржымалым* ушул (өмүр баяндан).

Коомдун акчасына кедей *шакирттер* дептер, китеп сатып алышат (жободон).

Керек-жарак даярдоо *элчилеринин* съездине карата ... (жободон) Бул жакшы, туура *собол* (жободон).

...кабыл алынган мектептин иши мектеп башкармасынын *нускоосу* негизинде өткөрүлсүн (токтомдон).

Иш долборун түзүп, 1-январда комитеттин *мажилисине* коюлсун (токтомдон).

Берилет ушул *күбө нама* (...күбөлүк каттан) ж. б.

Ал эми экинчи топтогу сөздөр болсо, биринчи топтогуларга караганда жалпы элге түшүнүктүү жана ойду так бере алгандыктан, азыр да ийгиликтүү колдонулуп келе жатат: *күбө* (болуу), *кабыл* (алуу), *доо, кесип, далил, даража, жооп, кабар, таалим-тарбия, тажрыйба, маалымат, канааттануу, эсеп, баян, кызмат, арыз, укук, маселе* ж. б. толуп жаткан сөздөр.

Башка тилдерден өздөштүрүлгөн сөздөрдүн экинчи бир чоң тобун орус тилинен кабыл алынган сөздөр түзөт.

Алгачкы мезгилдердеги официалдык-иш кагаздарда кездешүүчү орус сөздөрү, коомдук турмуштун башка тармактарына тиешелүү терминдер кыргыз тилине которулуп берилген. Мунун натыйжасында орус тилиндеги *колония — отор, колонизатор — оторчу, среда — айлана, производство — иш орону, кризис — каатчылык, кадр — күч, специальность — маштык, форточка — ачып-жапма, инструкция — нускоо, доверенность — убада кагаз, призыв — үндөө кагаз, агитатор — үгүтчү, свидетельство — күбө нама, доверенность — ишендирүү, характеристика — мүнөз кагаз* катары алынып, көпчүлүгүнүн берүүчү мааниси так болбой жана тандалып алынган сөздөр терминге коюлуучу талаптарга жооп бере албагандыктан, алар кийин башка сөздөр менен алмаштырылган. Азыр булар *колония, колонизатор, айлана-чөйрө, мекеме, кризис, кадр, адистик, форточка, инструкция, договор, чакырык, агитатор, күбөлүк кат, доверенность жана мүнөздөмө* деп колдонулат.

Кээде орус тилиндеги ар башка маанидеги сөздөр кыргыз тилине бир эле сөз менен которулгандыгы да кездешет. Мисалы: орус тилиндеги *директор, начальник, секретарь, заведующий, председатель* жана *управляющий* деген сөздөрдүн баары тең бир мекеменин жетекчиси деген маанисине карай кыргыз тилиндеги *баштык* деген сөз менен которулган: *председатель* президиума — үстөл *баштыгы, председатель* ученического комитета — окуучулар комитетинин *баштыгы, председатель* сельсовета — сельсоветтин баштыгы, секретарь комсомольской организации — жаштар уюмунун баштыгы, *директор* школы — мектеп *баштыгы, заведующий* учебной частью — окуу бөлүмүнүн *баштыгы* ж. б.

Жаңы түшүнүктөрдү жалаң гана төл сөздөр менен берүү, биринчиден, ал түшүнүктөрдүн түпкү маанисине дал келбесе, экинчиден, жогорудагыдай ар түрдүү маанидеги бир нече сөздүн бир гана сөз менен берилиши лексиканын толукталышына, байышына тескери таасир тийгизбей койгон жок. Ошондуктан жаңы алынуучу сөздөрдүн маанисин так бере ала турган төл сөздөр табылбаса, андай сөздөрдү котормосуз кабыл алуу жакшы натыйжаларды берди. Азыр *баштык* деген сөздүн мааниси дифференцияланып, *председатель, начальник, секретарь, директор* болуп колдонулат.

Алгачкы мезгилдерде жаңы терминдер көбүнчө төл сөздөр менен берилүүчү, бирок ал сөздөр көпчүлүк учурда жаңы терминдердин маанисин толук, так бере алчу эмес. Мисалы: Капиталчыл мамлекеттердин *оторунда* калып келе жаткан күн чыгыш элинин абалы ...оңолот (токтомдон).

Эмгектин өнүмүн көтөрүү, азыктардын *өзүбүзгө түшүүн* төмөндөтүү, ошону менен бирге ...каражат топтоону камсыз кылуу (токтомдон).

Берилди ушул *чыгаруу кагазы* жолдош ...(Күбөлүк каттан). ...уулуна берилген *ишеним кагазы* ишке жарабайт (кулактандыруудан).

Туз кайнатуу тууралу болгон 300 сомго болунган (бааланган) *убада кагаз* сатылат (кулактандыруудан).

...жумушчулардын аз болушу жардыларды жана жалчыларды кооперативдештирүү иши *өздүгүнөн агылышы* ...орун алат (токтомдон).

Бул иштерди аткаруу жумушу кыргыз педтехникомунун *бийлөө бөлүмүнө* тапшырылат (токтомдон).

Борбордук кыргыз педагогия *окуу журтунун* директоруна арыз (арыздан).

Үндөө катты эске алып ишке ашыруу жаңы тамга комитеттерине жүктөлүп, нускоочулукка Токтосун уулу алынсын (токтомдон).

Мектеп баштыгы *нускоону* 20-апрелден калтырбай ар бир баштооч мектепке бир даана, толук эмес орто мектепке эки даанадан жеткендей кылып көбөйтсүн (токтомдон).

Дөң-Талаа комсомол *шеригинин баштыгы* ...(справкадан).

Өнөр жайлары жагынан жергиликтүү *чийки малдарды* иштеп чыгара турган иш орундарын курууну күчөтүү, ...керек (токтомдон).

Капиталчыл дүнүйө буга дейре болбогон жалпы *үнөм каатчылыгына* калып ...отурат (токтомдон). Жети жылдык милдеттүү окууну өткөрүү, *күчтөр* даярдоо ...көңүл бурулат (токтомдон).

...окуу жайларынын, изилдөө мекемелеринин *торлорун* кең түрдө жайылтат (жободон).

Буларда дээрлик төмөн жана орто *маштыгы* бар *маш күч-төрдү* даярдоо иши иштелген эмес (токтомдон).

Союздагы ири өнөр жайларына улут республикаларды *аталыкка* алып жардам берүү... милдеттендирилсин (токтомдон). Жол кирени, айрыкча сатсиялчылык чарбасынын тар жерлеринен болуп турган *от араба* жана суу жолдорун кеңитүү жана кайта түзүү ...милдеттендирилсин (токтомдон).

...Дайым большевикчил туруктуулукту көрсөтүп, жана эмгекчил дыйкандар жана жумушчулар табынын душмандарына эч бир *көнүүчүлүк* кылынбасын (токтомдон).

...уулуна Эмгек Кызыл Туу *жышаанын* берүү жөнүндөгү аракети куттукталсын (токтомдон).

Жаздык айдоолор жагынан сатсиялчыл сектордун *энчилүү салмагы* мындан бетер чыңалсын (токтомдон).

Бир катар уюмдарга *үгүтчүлдөр* тандалбаган (жободон).

Эсеп-кысап өткөрүү жана иш жүргүзүү жагынан болгон *жөндөө* колдонула баштаган кезден тартып ушул *жөндөө* боюнча дайындалган эсеп-кысаптар өзгөртүлөт.

Бөлмөбүздөгү аба таза болсун үчүн терезенин *ачып-жапмасын* дем алыш араларында ачуу керек (инструкциядан).

Тазалоо жүргүзүү жугуштуу ооруну курутат (инструкциядан) ж.б.

Жогорку алынган мисалдардагы асты сызылган терминдердин кээ бирөөлөрүн талдап көрөлү.

Каатчылык. Орус тилиндеги *кризис* деген терминдин ордуна колдонулуп келген. *Кризис* (грек сөзү) капиталисттик чарбада жеке конкуренциянын натыйжасында эл көп керек кылуучу товарлардын плансыз иштелип чыгуусуна жана баанын жогорулашына байланыштуу мезгил-мезгили менен болуп туруучу **товарлардын баасыздыгы** деген түшүнүктү билдирсе, *каатчылык* кургакчылык, эгиндин чыкпай калышынан пайда болгон ачарчылык, жетишпегендик деген маанини берет. Азыр бул сөздүн ордуна *кризис* деген терминдин өзү колдонууга кирди.

Үнөм. Орус тилиндеги экономика деген терминдин ордуна колдонулуп келген; *экономика* эл чарбасынын бир тармагын жана аны үйрөнүүчү илимдин атын билдирүүчү термин. Ал эми *үнөм* болсо орус тилиндеги *экономиянын* маанисине көбүрөөк туура келип, бир нерсенин запасы, үнөмү деген маанини гана билдирет. *Экономика* деген терминге мааниси жагынан дал келбегендиктен, азыр *үнөмдүн* ордуна *экономика* колдонулат.

Күч. Орус тилиндеги *кадр* деген терминдин ордуна колдонулуп келген. *Кадр* — белгилүү бир мекемеде иштеген адамдарды билдирет. Ал эми *күч* болсо орус тилиндеги

сила деген сөзгө маанилеш, *кадр* деген терминдин маанисин толук бере албагандыктан, азыр *кадр* өзү колдонулат.

Мына ошентип, мааниси жагынан орус тилиндеги терминдерге толук туура келбеген төл сөздөр башка ылайыктуу сөздөр менен алмаштырылып, же бул мүмкүн болбогон учурларда орус тилиндеги терминдер өзгөртүлбөстөн кабыл алынды: азыр *көпчүлүк* эмес, *масса; эсеп-кысап* эмес, *отчет; отор* эмес, *колония; үгүт* эмес, *агитация; жөндөө* эмес, *инструкция; тазалоо* эмес, *дезинфекция; чийки мал* эмес, *сырье; тор* эмес, *тармак; маштык* эмес, *адистик; аталык* эмес, *шефтик; от араба* эмес, *паровоз; коштук* эмес *параллелизм; көнүүчүлүк* эмес, *келишүүчүлүк; жышаан* эмес, *орден; энчилүү салмак* эмес, *салыштырмалуу салмак.*

Ушундай ыкма менен алынып, өз убагында официалдык иш кагаздарынын атын билдирүүчү термин катарында колдонулуп келген төмөндөгүдөй төл сөздөр азыр колдонулуудан чыгып калды:

мүнөз кагаз (мүнөздөмө), *баа кагаз, актоо кагаз* (билими жөнүндө күбөлүк), *чыгаруу кагаз* (открепительный талон), *күбө нама* (күбөлүк), *жар нама* (кулактандыруу), *карар* (протокол), *коолу* (токтом), *таржымал*‖*таржымакал* (автобиография) ж. б.

Туз кайнатуу үчүн 300 сомго болунган (бааланган) *убада кагаз* сатылат (кулактандыруудан). Берилет ушул *мүнөз кагаз*... Анткени бул жолдош I баскыч мектепти окуп бүтүрдү, кулк-мүнөзү, салт-санаасы жагынан эч жамандыгы жок (мүнөздөмөдөн). Берилди ушул *баа кагаз*... Анткени бул жолдош төрт амалды, эне тилди толук билет (күбөлүктөн). *Айгак кагаз.* Берилди *ушул айгак кагаз* Ажар Искендер кызына... 28 — 29-окуу жылында аялдар педтехникумунан окуп, төмөнкүчө көрүлдү: (күбөлүктөн). Берилет ушул *актоо кагаз* Жолголот айылдык жаштар уюмунун мүчөсү... (күбөлүктөн).

Берилет ушул *чыгаруу кагазы*... аның үчүн бул жолдош... Фрунзе шаарына баруу үчүн төмөндө тийиштүү кол коюлуп *чыгаруу кагазы берилди* (күбөлүктөн). Берилет ушул *күбө нама*... анык член комсомол, улуту кыргыз, маалыматы аз (күбөлүк каттан).

Убада кагаз деген термин орус тилиндеги *договор* деген терминдин ордуна колдонулуп келген. *Убада* бир ишти аткаруу үчүн сөз берүү деген маанини билдирет. Ал эми *договор* болсо эки адамдын, же эки мекеменин ортосунда болуучу кандайдыр бир иштин аткарылышында эки тараптын тең катышын, келишимин билдирет.

Убада деген сөз *договор* деген сөздүн маанисине туура

келбегендиктен, азыр ал маанини туура чагылдыруучу *келишим* деген сөз колдонулат.

Актоо кагаз орус тилиндеги адамдын кайсы жерде жана ким болуп иштей тургандыгын билдирүүчү *удостоверение* деген терминдин ордуна колдонулуп келген. Кийинчерээк бул сөз *күбөлүк кат* деген термин менен алмаштырылса да, азыр көбүнчө *удостоверение* колдонулуп келе жатат.

Айгак кагаз, баа кагаз орус тилиндеги *свидетельство* деген терминдин ордуна колдонулган. Маанилери жагынан туура келбегендиктен *айгак* орусча *доносчик* (чагым, сөз ташуу) деген мааниде болсо, *баа* иранча *нарк, стоимость* деген маанини билдирет, азыр көбүнчө *күбөлүк* колдонулат (8-классты бүткөндөргө берилүүчү документ).

Күбө нама. Бул дагы *удостоверение* деген терминдин ордуна колдонулган (*нама* иран тилинде *ыйык, касиеттүү китеп* деген маанини билдирет). Азыр *удостоверение* деген терминдин өзү колдонулат.

Мына ошентип, төл сөздөрдүн бардыгы тең башка тилден келип кирүүчү түшүнүктөрдү так бере албайт, себеби башка тилдик түшүнүктөрдү атоодо ыксыз тандалып алынып, термин катарында колдонууга өткөн төл сөздөр кээде түзүк гана болмок түгүл, ошол терминди колдонуучу тил үчүн тескери натыйжаларды берип калышы да ыктымал. Мунун тескерисинче жаңы түшүнүктү атоодо анын ордуна бардык жагынан дал келүүчү (мааниси, кыскалыгы, бир маанилүүлүгү ж.б.) төл сөздөр болсо да кабыл алынуучу терминдерди өзгөртпөстөн кабыл ала берүү туура эмес. Бул жөнүндө В. Г. Белинский мындай дейт:

«Употреблять иностранное слово, когда есть равносильное ему русское слово, значить оскорблять здравый смысл, здравый вкус. Так, например, ничего не может быть нелепее и диче, как употребление слово *утрировать* вместо *«преувеличивать»*.

Жаңы терминдерди кабыл алуууда ар бир сөзгө жекече мамиле кылуу зарыл: эгер жаңы сөздүн маанисин кандайдыр бир төл сөз так жана туура бере алса, анда ал төл сөздү термин катарында колдонуу керек. Эгер андай сөздөр төл сөздөрдөн табылбаса, анда кабыл алынуучу сөздүн өзүн колдонуу керек.

Официалдык-иш кагаздарда колдонулуп жүргөн кээ бир терминдер сөз жасоонун лексикасынын ыкмасы менен жасалып чыккан.

Лексикалык ыкма менен сөз жасоодо сөздөр тыбыштык жагынан өзгөрбөй эле, семантикалык өзгөрүүгө учурап, өзүнүн түпкү маанисине маанилеш келген жаңы түшүнүктү билдирип калат: араб тилинен кирген *арыз* деген сөз ал тилде

нааразылык зарданууучулук, муң-зар деген маанини берген. Бул сөз орус тилиндеги *заявление* деген сөзгө маани жагынан жакын болгондуктан, ушул кезге чейин официалдык-иш кагаздарынын термини катары колдонулуп келе жатат.

ЖОБО. Орус тилиндеги *положение* деген сөзгө мааниси жагынан туура келгендиктен, термин ордуна колдонулат ж.б.

ОФИЦИАЛДЫК-ИШ КАГАЗДАРДАГЫ МОРФОЛОГИЯЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР

Жаңы сөздөрдү морфологиялык жол менен жасоодо алгачкы кездеги официалдык-иш кагаздарда адабий тилде колдонулуучу сөз жасоочу мүчөлөрдүн дээрлик бардыгы тең пайдаланылган:

ТОКТОМ: Кыргыз тилиндеги *токто* деген сөзгө-*ым* мүчөсүн жалгоо менен *токтом* (белгилүү бир жерге токтоо, бир ишти, маселени ушул жерден токтотуу, бүтүрүү деген маанидеги сөз) деген сөз жасалып, бул сөз орус тилиндеги *постановление* деген терминдин ордуна колдонулуп келе жатат.

ЧЕЧИМ. *Чеч+ым* (белгилүү бир ишти, маселени төмөндөгүдөй кылып чечүүчү деген маанини түшүндүрөт). Орус тилиндеги *договор* деген сөздүн ордуна колдонулат.

КЕЛИШИМ. *Кел+ыш+ым*. Эки тараптын белгилүү бир тыянакка, натыйжага келиши деген маанини билдирет. Орус тилиндеги *договор* деген сөздүн ордуна колдонулат.

КУЛАКТАНДЫРУУ. *Кулак+тан+дыр+уу*. Адамдардын жаныбарлардын угуу мүчөсүнүн атын билдирген сөздөн бир нерсе жөнүндө алдын ала айтылган кабар деген маанини билдирүүчү сөз жасалган. Орус тилиндеги *объявление* деген сөздүн ордуна колдонулат.

МҮНӨЗДӨМӨ. *Мүнөз+дө+мө*. Адамдын жүрүм-турумун, көз карашын билдирген сөздөн жасалган жаңы сөз орус тилиндеги характеристика деген сөздүн ордуна колдонулган ж.б.

Этиш сөздөрдүн жасалыш жана өзгөрүш ыкмалары боюнча да адабий тилдегиден айырмачылыгы жок; официалдык-иш кагаздарда этиштик мамилелердин жана ыңгайлардын азыркы кезде колдонулуп жүргөн бардык түрлөрү кездешет.

Атоочтуктардын адабий тилде кездешүүчү формалары менен бирге (*-ган, -ар, -оочу, -уучу*) алгачкы мезгилдеги иш кагаздарда анын-*мыш* формасы да учурайт: *айтылмыш* (*-мыш* формасынын мындан башка сөз менен айтылышын жолуктура алганыбыз жок).

Мисалы: Ошондуктан сизге жогоруда *айтылмыш* акчаны тезинен почто менен жиберүүнүздү буйрат (мекемеге жиберилген каттан).

...бирикме чарбалардын мүчөлөрү болгон үчүн *айтылмыш* иштерди жүргүзүүдө астайдили менен аралашты (мүнөздөмөдөн).

Азыркы адабий тилибизде бул форма атоочтукту уюштурбайт, анын функциясын-*ган* формасы аткарып калды.

Сан атооч, ат атоочтордун түрлөрү, жасалышы боюнча да официалдык-иш кагаздарынын тили адабий тилден өзгөчөлөнбөйт. Алгачкы мезгилдеги иш кагаздарында деле жөндөмө жана таандык мүчөлөрдүн дээрлик бардыгы пайдаланылган.

Илик жөндөмөдөгү сөздөн кийин келген атооч сөздүн эреже боюнча таандыктын үчүнчү жагында турушу талап кылынса да, иш кагаздарында бул эреже сакталган эмес. Мисалы: эки жылдык баштоо мектептин билиминчелик *окуу бар* (күбөлүк каттан).

Кыргыз эмгекчилери падыша чиновниктеринин *эзүүндө* тапталып жүргөндө эмнелер болгон эле? (пленумдун токтомунан).

...тажрыйбасы алардын бышып *жетилүүн* тездетти (инструкциядан).

Ноокат району боюнча бардык окутуучулардын *катышуу* менен конференция ачылды (токтомдон).

Жогорку мисалдардагы асты сызылган *окуу, чиновниктердин эзүүнөн, алардын жетилүүн, окутуучулардын катышуу* деген сөз тизмектеринин адабий тилдин грамматикалык нормаларына ылайык келбегендиги көрүнүп турат. Эреже боюнча булар мектептин *окуусу,* кулактардын *эзүүсүнөн,* чиновниктердин *эзүүсүнөн,* алардын *жетилүүсүн,* окутуучулардын *катышуусу* болуп илик жөндөмөсүндө турган сөздөн кийинки сөз дайым таандыктын үчүнчү жак формасында турушу керек эле.

Официалдык-иш кагаздарда сын атоочтордун жасалыш жолдору боюнча да кандайдыр бир бөтөнчөлүктөр учурабайт.

Айрым учурларда гана зат атоочтон сын атооч жасоочу илик мүчөсү жалганган сөзүнүн аягынан түшүрүлүп айтылгандыгы байкалат: *борбор комитет, борбор жаңы алиппе комитети* ж. б.

Ошондой эле бул мүчөнүн башка мүчөлөрдүн ордуна ашыкча колдонулган учурлары да кездешет.

Берилди ушул справка ...аныҥ үчүн бул жолдоштун *аталык теги* кедей (справкадан).

...төмөнкү кеңеш аппаратынын керектиктерин камсыз кылгандай өлчөмдө ...тапшырылсын (токтомдон).

Алгачкы мезгилдеги официалдык-иш кагаздарда кыймыл атоочтордун *-ыш, -мак, -май, -оо* мүчөлөрүнө караганда *-уу* формасы көбүрөөк колдонулгандыгы байкалат:

Ошентип, окуу жылынын *башталууна* чейин ...чараларды көрүүдөбүз (пленумдун материалдарынан).

Саясы сабат жана партия тарыхы сабактарынын ылдамдык менен *киргизилүүнө* жетишилсин (токтомдон).

Зыянкечтер менен түрдүү оруулардын *өсүүн* токтото турган ...профилактикага көп көңүл буруу керек (токтомдон).

Биринчи беш жылдыктын *башталуунан* мурунку учурда ...мурунку молдолорду ж. б. кубалоого туура келди (пленумдун материалдарынан).

БАК 1933-ж. Кыргызстандын бюджетин орундоодо айтылып кеткен кемчиликтердин орун *алууна* ...себеп болгондугун белгилейт (токтомдон).

Жогорку мисалдардагы асты сызылган кыймыл атоочтун бардыгы тең *-уу* формасы менен жасалган. Бул сөздөрдү кыймыл атоочтун *-ыш* формасы менен, же *-уу* формасынан кийин таандыктын III жагынын мүчөсүн кошо айтуу менен берсе, адабий тилибиздин грамматикалык нормаларына көбүрөөк туура келген болор эле да, сөздүн ошол контекстте берүүчү мааниси да тагыраак, ачыгыраак болгон болор эле: окуу жылынын *башталышына* (же *башталуусуна*) чейин; *киргизилишине* (же *киргизилүүсүнө*) жетишилсин; *өсүшүн* токтото турган (же *өсүүсүн* токтото турган); *башталышынан* (же *башталуусунан*) мурунку; орун *алышына* (же *алуусуна*).

Кыймыл атоочтордун *-оо, -уу* формаларынын көп колдонулушу официалдык-иш кагаздарга мүнөздүү өзгөчөлүк катары эсептелиниши мүмкүн, себеби бул кагаздардын стилдик талабына сөздөрдүн таза этиштик формасына караганда ал сөздөрдүн маанисин абстракттуу кылып жалпылап берүүчү кыймыл атоочтун *-оо, -уу* формалары көбүрөөк жооп берет.

Мисалы, *ал, бер, жыйна, сүйлө* ж. б. деген этиштер конкреттүү бир маанини билдирип, контекстен башка, өзүнчө турганда да болуучу окуянын мезгилин, иштелүүчү кыймыл кайсы жакка тиешелүү экендигин ж. б. ачык көрсөтүп турат. Ал эми ушул этиштерден жасалган *алуу, берүү, жыйноо, сүйлөө* деген кыймыл атоочтор жогорку этиштерге караганда абстракттуу маанини билдирип, чакты, жакты так көргөзбөйт.

Кыймыл атоочтордун колдонулушундагы дагы бир маанилүү себеп аны чыныгы этиштик маанидеги сөздөр менен алмаштырууга мүмкүн эмес. Эгер алмаштырылса официалдык-иш кагаздарга мүнөздүү иштиктүүлүк (деловой) маани берилбей калат.

Айрым учурларда кыймыл атоочтордун *-уу* формасынын ордуна *-мак* мүчөсү колдонулган:

Мектеп, окуу журттары, клуб, театр, кино ж. б. көбөйүп, маданиятыбыз *өсмөктө* (токтомдон).

Жалпы эле, алгачкы кездердеги иш кагаздарда кыймыл атоочтун *-мак* формасы азыркы учурга караганда активдүү колдонулгандыгы байкалат.

Иш кагаздардан атоочтуктун бардык формалары кездешет, бирок көпчүлүк учурларда атоочтуктун-*ган+элек, эмес* формаларынын мааниси буга маани жагынан синонимдик болгон терстикти билдирүүчү-*ба* мүчөсү аркылуу берилген: *өткөрүлбөгөн, орундалбаган, күрөшүлбөгөн, болунбаган, берилбеген, көрсөтүлбөгөн,* ж. б.

Берилүүчү ойдун чечкиндүү, кескин болушун күчөтүү максатында азыр мындай сөздөрдө-*ган+эле, эмес* формалары активдүү колдонулат: *өткөрүлгөн эмес, орундалган эмес, күрөшүлгөн эмес, берилген эмес, көрсөтүлгөн эмес,*

ОФИЦИАЛДЫК-ИШ КАГАЗДАРДАГЫ СИНТАКСИСТИК БӨТӨНЧӨЛҮКТӨР

Лексикалык жана морфологиялык өзгөчөлүктөрүнө караганда официалдык-иш кагаздарга мүнөздүү айырмачылыктар сүйлөм түзүлүштөрүнөн ачык байкалат, анткени башка стилдик өзгөчөлүктөргө караганда официалдык-иш кагаздар стили сүйлөмдөрдүн башкача конструкциясын талап кылат. Официалдык кагаздарды жазуудагы негизги талап аларды туура түшүнүүгө багытталгандыктан, буларды жазууда тактыктын болушу менен бирге эле ар кандай туура эмес ой жоруулардын чыгышына жол берилбөөсү керек. Ошондуктан буларды жазууда көлөмдүк жактан чектөөлөр көп сакталбай, айтылуучу ойдун берилиши үчүн пайдаланылган сүйлөмдөрдүн санына эмес, сапатына көңүл бурулат, б. а. ар бир сүйлөм ойду так түшүндүрө алгыдай болуп түзүлүшүнө көңүл бурулат.

Официалдык-иш кагаздар өкмөт же бир мекеме тарабынан чыгарылган ар кандай мазмундагы жоболорду, закондорду, уставдарды, токтомдорду, кайрылууларды ж. б. ичине алгандыктан, жазууда айтылуучу ой так жана түшүнүктүү болуш үчүн аларды катар номерлерге, параграфтарга, пункттарга ж. б. бөлүп жазуу талап кылынат. Мына ошондуктан официалдык кагаздарда татаал жана жайылма, бир өнчөй мүчөлүү сүйлөмдөр көп учурайт.

Иш кагаздарды жазууда келки-келки ойлорду бири-бири менен байланыштырып, бириктирип турган сүйлөмдөр көп колдонулат. Ошондуктан иш кагаздагы сүйлөмдөр көбүнчө татаал сүйлөмдөрдөн болуп, айтылуучу негизги ойдон тышкары кошумча ойлорго жол берилбейт. Сүйлөмдөрдүн мындай бирдиктүү татаал конструкцияда болушу ал кагаздардын мазмунуна тез жана туура түшүнүүгө жардам берет. Иш

кагаздарда ар кандай нумерация, параграф ж. б. болбогондуктан, көпчүлүк учурда башталган ой аягына чейин бир гана сүйлөм менен берилип калат:

КҮБӨЛҮК КАТ

Ушуну көргөзгөн Кыргызстан Борбор Аткаруу Комитетинин алдындагы борбор жаңы алиппе комитетинин жумушчу Президиумунун мүчөсү Кашымбек уулу Кыргызстан Борбор жаңы алиппе комитетинин, жалпы Союздук Борбор жаңы алиппе комитетинин 30-июнда Махачкала шаарында болоторган президиумуна эсеп доклады менен жиберилет.

Бул күбөлүк каттагы айтылуучу ой кыска-кыска сүйлөмдөр менен үзүлүп, ажыратылбастан, баштан аяк туташ бир сүйлөм менен берилген. Ушунун натыйжасында кагазды окуган кишинин көңүлү бөлүнбөй, анын мазмунун оңой түшүнөт.

Официалдык-иш кагаздарды кыргыз тилинде жаңыдан жаза баштаган мезгилдерде алардын жазылыш үлгүсү толук өздөштүрүлө электигинен, чаржайыттуулук өкүм сүргөн.

МҮНӨЗ КАГАЗ

Берилет ушул мүнөз кагаз Калинин толук эмес орто мектебинин мугалими жол. Бектурганов Момунбекке.

Аныҥ үчүн бул жолдош 1934-жылдан бери Калинин толук эмес орто мектептин бөлүмүндө иштейт. 34/35 окуу жылында 40 бала окуткан 1-класстан класска өткөн 29 бала көпчүлүк жумушунан 18 окуткан 12 адамды сабатын жоюп чыккан.

Балдар менен толук жакшы байланышат. Билимин көтөрүүгө аракети асыраак бар. Быйыл 35 адамды окутуп жатат, жаныбар айына чейин бүт сабатын жоюуга милдеттүү болуп.

Бул кызматка киргени уят, эскертүү алган жок[1].

ЫСПЫРАБКЕ

Бул жолдош Жумалы Күнтүбай уулу анык Атбашы ырайону кара коюн кызылтуу калкосунун эсебинен турат. Малып 60 процент ортолоштурган калкос иштерине көңүлүн берген өзү калкос ишинде жан дили менен иштеди. Эч жамандыгы көрүнгөн жок.

БАА КАГАЗ

Берилди ушул баа кагаз жолдош Жумагул Сүттүбай

[1] КМА, 869-фонд, 4-опись, 222-дело, 11-бет.

уулуна бул жолдош канай эли карасу жаштар уюмунун мүчөсү 1931-жылдан ата теги аныk эзилген кедей Букара комсомол ишине жакшы актиптүү катышат. Эч кандай жамандыгы көрүнгөн жок деп берилди[1].

КҮБӨЛҮК КАТ

1928/29-окуу жылы үчүн Прунзе шаары 8-номурлуу Өрнөк мектебинин окуучусу Жаңылча Шамурза кызы IIден IIIгө чыгарылды. Дарысты алыб барышы:

эне тил — жакшы
эсеб — жакшы
орусча — орто
комплекисти сиңирүү — орто
тартиб сакташы — жакшы
окуган күнү — 92 процент
окулбаган күн — 8 процент[2]

Кыргызстан эл агартуу комиссариатына
Сиздин 21-январь 1928-ж. № 394-кө.

Сиздин көрсөткөн тилегиңиздерди биз кабыл кылар элек, бирок саясы жагынан жана өзүнөн агартуу ишине салкын кароосу төмөндөгүчө болду. Байсал кызы Шайлоого укугу жарабаган атактуу Байтик баатырдын тукуму жана атактуу манап жана Кулак митаам Туркмен Сарыпбек уулунун келини. Ошол манаптын дүнүйөсүн коргоо ниети менен конфисковать кылбаса экен деп жайды жайлата агартуу бөлүмүнө арызды жаадырган. Маалимдерди метод жолу менен тааныштырууга кенперенция ачып чыкырсак, пейил күтүп келбеди. Шонуң үчүн биз аны алууга ылайык таппайбыз, жана ал биздин катарыбызга ылайыксыз бөтөн киши болуп табылат.

Эл агартуу бөлүмүн баштыгы — иш жүргүзүүчү[3].

Кыргызстан эл агартуу комиссариатына

АРЫЗА

Ушуну менен сиздерге билдиремин аныңа үчүн мен партия кеңеш кызматы менен жүктөлүп жана өзүмдүн негизги жумушум менен дагы жүктөлүп саясы агартуу жумушуна аныk көңүл менен иштөөгө жаратылыш күчүм түк келе албай койду. Ошонуң үчүн сиздерден эң төмөнчүлүк менен суранамын

[1] КМА, 658-фонд, 5-опись, 407-дело.
[2] КМА, 658-фонд, 5-опись, 420-дело.
[3] КМА, 688-фонд, 1-опись, 186-дело.

мени саясы агартуу жумушун милдетинен куткарып өзүнчө ыштат ачып берүүңүздү[1].

Колу.

КҮБӨЛҮК КАТ

Берилди ушул күбөлүк кат Межик Матабек уулуна аныңа үчүн бул жолдош Нарын шаарындагы 1-баскыч кыргыз мектебинин 4-бөлүмүндө окуп, эне тил, жазуу, эсеп, жарапия, саясы, орусча, жаратылыш, сүрөт жана адамчылык жагынан эн биринчи мактоолу сүрөттө бүтүрүп, 5-класска көчүрүлдү. Ушунун чындыгында кол коюп кеңеш мөөрүн басуу менен ишендирилет.

1929-ж. Мектеп баштыгы.
Окутуучулар.

Келтирилген иш кагаздардын үлгүлөрүндө ар кандай ашык сөздөрдүн, сөз айкаштарынын кошула берилиши менен айтылуучу ой чар жайыт баяндалгандыгы көрүнүп турат. Токтомго мүнөздүү чечкиндүүлүк, ачыктык сакталбагандыгынан *эске алынсын* дегендин ордуна *эске алууга, тезинен бүткөрүлсүн* дегендин ордуна *бүтүүгө* деп, *тапшырылсын, басылсын* дегендин ордуна *басууга* деп ж. б. мындай кагаздарда артыкбаш (*ар бир түрдүү чараларды көрүп болсо да* сыяктуу) сөз тизмектеринин кошулуп, иш кагаздарга мүнөздүү стилдик боек бошондоп, жөнөкөй баяндамага жакындашып калган.

Ошентип, официалдык иш кагаздарды жазууда булардын ар бирине өзүнчө коюлуучу талаптардын так аткарылышы (диалектизмдердин, карапайым сөздөрдүн, тууранды сөздөрдүн, суроолу, илептүү сүйлөмдөрдүн катыштырылбашы ж. б.) ал кагаздардын мазмунунун түшүнүктүү болушуна да өз таасирин тийгизбей койбойт.

Кыргыз тилиндеги иш кагаздар сүйлөм түзүлүшү жагынан официалдык кагаздарга караганда бир топ өзгөчөлөнүп турат: көпчүлүк учурларда сүйлөмдүн баяндоочу ээден мурун келет да, сүйлөмдүн мазмунуна жараша колдонулуучу ар кандай маанидеги киринди сөздөр эреже катары дайыма сүйлөмдүн башына жазылат:

КҮБӨ НАМА

Берилди, ушул күбө нама Атабай уулуна бул жолдош аныk 1929-жылдан бери член комсомол болуп эсептелет. Улуту кыргыз, маалыматы аз, өз турмушу окуучу.

[1] КМА, 688-фонд, 1-опись, 186-дело.

АРЫЗ

Ушуну менен төмөндө өтүнөмүн, неге десеңиз мен 1930—31-окуу жылында Ташкенде механический техникумдун 1-курсун бүтүрүп, ошону менен сыркоолоп калып окууга барбай калдым. Азыр окууга талабым бар. Ошондуктан мени... алсаңыз экен деп арыз жазуучу...

КҮБӨЛҮК КАТ

Берилди ушул күбөлүк кат 9-номурлуу мектептин директору жолдош Жүндүбай уулуна аның үчүн бул жолдош Төкөлдөш кыштагына коом жумушун аткаруу үчүн жиберилет ж. б.

Иш кагаздарындагы сүйлөмдөр көбүнчө татаал сүйлөмдөрдөн болот да, алар бири-бири менен, негизинен, *себеби* жана *аның үчүн* деген байламталардын катышуусу менен түзүлгөндүгүн байкоого болот.

СПРАВКА

Берилди бул справка Ак-Терек айлынын адамы Абдылдаев Дүйшөгө *аның үчүн* бул жолдоштун аталык теги кедей, өзү окуучу, эч кандай жаманчылыгы жок.

СПРАВКА

Берилет ушул справка Чолпон айлынын адамы Ажар Искендер кызына *себеби* бул жолдоштун аталык теги кедей-дыйкан, азыркы турмушу болсо атасы Искендер колхозго мүчө, өз душу 6 душ.

Кээ бир иш кагаздары эч кандай байламтасыз эле интонация аркылуу байланышкан сүйлөмдөр менен да берилген:

СПРАВКА

Берилди ушул справка Дыйканбай кызына, бул жолдош колхоз мүчөсү атасына душ, малын устав боюнча ортолоштурган, салт-санаасы колхозчо.

Мурунку мезгилдеги иш кагаздарынан сүйлөм түзүлүшү жагынан грамматиканын нормаларына ылайык келбеген сүйлөмдөрдү көп кездештирүүгө болот:

...Ан үчүн сиздерден суранамын тезирээк бул биздин сурообузга тиешелүү жооп берүүңүздөрдү (Мекемеге жиберилген каттан).

Бул сүйлөм:

«Ошону үчүн биздин бул сурообузга тезирээк жооп берүүңүздөрдү сиздерден суранабыз» болуп түзүлсө, так да, түшүнүктүү да болор эле.

Мындай мисалдарды көп келтирүүгө болот:

Быйыл 35 адамды окутуп жатат январь айына чейин бүт сабатын жоюуга милдеттүү болуп (күбөлүк каттан).

...Ушуну менен рай кесипчилер кеңеши жиберет 2 конференциянын резолюциясы жана да кесипчилер кеңешинин 2-февралдагы 1-сандуу токтомун көңүлгө алууга деп (Мекемеге жиберилген каттан).

...аның үчүн суранамын Майсан уулу окууга келбеген тууралуу бир чара көрүүңүздү (рапорттон).

Беремин ушул тил катты мен Нарын району Куланак айылдык советинин мүчөсү Салый Абайылда уулу аның үчүн педтехникумдан бардык документимди алдым колума деп (распискадан) ж. б.

Официалдык-иш кагаздарда сүйлөм мүчөлөрүнүн орун алыш тартиптери боюнча бөтөнчө өзгөлчөлүктөргө ээ эмес. Мында берилүүчү ой бир нече сүйлөмдөр аркылуу туюнтулуп, бири-бири менен байланышкан татаал же өз алдынча турган жөнөкөй сүйлөмдөрдөн да болушу мүмкүн. Сүйлөмдөрдүн баяндоочу көбүнчө буйрук маанисинде айтылгандыктан, дайыма чечкиндүүлүк, буйруу мүнөзүн алып жүрөт.

Эл комиссарлар Советине план мекемелерин керектүү болгон күчтөр менен чындоо буюрулсун (токтомдон).

...Өнөр жайлары жана соодадан боло турган кирешелердин... камсыз болушу буюрулсун (токтомдон) ж. б.

Сүйлөмдүн буйруу маанисиндеги баяндоочунун дайыма сүйлөм аягында келиши булардын маанисине көңүлдүн баса бөлүнүшүнө жана ал сүйлөмдүн негизги мазмунуна да (буйруктук тон) таасир этет. Андай сөздөрдүн сүйлөм аягында эмес, баш жагында келиши ал сүйлөмдүн жалпы эле буйруктук маанисин бошондотушу ыктымал:

Милдеттендирилсин районого өткөн кемчиликтерди кайталабоого (токтомдон);

тапшырылсын районого окутуучулардын айлыгын өз убагында берип турууга (токтомдон);

милдеттендирилсин районого сельсовет жана колхоз башчыктарына тезинен кабарландырууга (токтомдон);

милдеттендирилсин районого мектептерди керек болгон айнектер менен камсыз кылууга (токтомдон);

токтом кылынды: клубга Ленин бурчун уюштурууга (токтомдон) ж. б. Мындай сүйлөмдөр:

Өткөн кемчиликтерди кайталабоо жагы районого милдеттендирилсин;

Окутуучулардын айлыгын өз убагында берип туруу иши районого тапшырылсын;

Сельсовет жана колхоз башкармаларына тезинен кабар кылуу жагы районого милдеттендирилсин;

Мектептерди айнек менен камсыз кылуу жагы районого милдеттендирилсин;

Токтом кылынды: клубда Ленин бурчу уюштурулсун деген формада, *милдеттендирилсин, тапшырылсын, уюштурулсун* деген сөздөр сүйлөмдүн аягына келтирилип түзүлсө, бул кагаздарга мүнөздүү болгон иштиктүүлүк жана буйруу тону ачык көрүнмөк.

Официалдык-иш кагаздарда колдонулуучу бир кыйла терминдер сөз жасоонун синтаксистик ыкмасы менен жасалган:

Күбөлүк кат. Свидетель деген сөздүн маанисин берүүчү, иран тилинен алынган *күбө* деген сөз менен *кат* (кагаз) деген сөз чогуу айтылып, орус тилиндеги *свидетельство* (об образовании личности) деген термин ордуна колдонулган.

Ишеним кат. Орус тилиндеги *доверие* деген сөздүн маанисин берүүчү *ишеним* деген сөз менен *кат* деген сөздүн бирге айтылышы менен *доверенность* деген термин жасалган.

Тил кат. Тил жана *кат* деген сөздөрдүн чогуу айтылуусу менен орус тилиндеги *расписка* деген сөздүн маанисин берүүчү термин жасалган.

Өмүр баян. Турмуш-тиричилик деген маанини билдирүүчү *өмүр* деген сөз менен араб тилинен алынган, орус тилиндеги *рассказ, повествование* деген сөзгө мааниси жагынан дал келген *баян* деген сөздүн катар айтылышы менен *автобиография* (өткөн өмүрү жөнүндө баян, аңгеме) деген маанини билдирүүчү термин жасалган.

Ушундай эле ыкма менен кыргыз тилиндеги сөздөрдөн жасалган кээ бир терминдер мааниси жагынан туура болбогондуктан, башка сөздөр менен алмаштырылып же өзгөртүүсүз колдонулган: *күбө нама — күбөлүк кат, баа кагаз, мүнөз кагаз — характеристика* ж. б.

Ал эми кээ бир терминдердин маанисин кыргыз тилинде бере ала турган сөздөр белгилүү болсо да, дээрлик орус тилиндеги терминдер колдонулат: *тил кат — расписка, мүнөздөмө — характеристика, келишим — договор* ж. б.

Алгачкы кездердеги официалдык-иш кагаздарда буларга ылайыксыз, мааниси супсак, так эмес сөз тизмектери да көп колдонулган. Мына ушундай өзгөчөлүктөрү менен да булар азыркы кездеги официалдык-иш кагаздарынан кескин айырмаланып турушат:

Член акысын убагы менен төлөп келди жана жыйналышка *толук сүрөттө* катнашты (мүнөздөмөдөн).

Бул кайрат сатсиялчыл милдеттерди уюштургандыкта, тосмо өндүрүш акча пландарын *кабыл кылып*, эпкиндүүлүктү күчөткөндүктөн байкалат (токтомдон).

Өндүрүш жайларынан үнөм саясатынын жана бааны арзандатуунун *мыктуу болуун* тилешүү керек (токтомдон).

... сатсыялчылык курулушунун ишине көпчүлүктүн өзүн *кең сүрөттө* катыштырбай туруп апаратты чындоо, ... мүмкүн эмес (жободон).

Окуучуларды *тап жагынан теруугө* эң айрыкча көңүл берүү жанада алардын турмуш жайларын жакшыртууга дагы *көңүл берүүгө* буйрулсун (токтомдон).

... иш орундарынын, өндүрүш турмушунун милдеттерин чечүүгө чындап *көңүл бурушпаган* (токтомдон).

Эл комиссарлар кеңешинин республикалык чечүү фондусун түзүү тууралуу чыгарган токтому *макул табылсын* (токтомдон) ж. б. толуп жаткан сөз тизмектери.

Жогорку келтирилген мисалдардагы асты сызылган сөз тизмектери азыр ошол калыбында пайдаланылбайт. Алардын ордуна *толугу менен, кабыл алуу, камсыз кылуу, көңүл бөлүү, жактыруу* (же *бекитүү*) деген сөз тизмектери колдонулат.

Бул сөз тизмектери алгачкыларга караганда мааниси жагынан бир топ так болуп, берилүүчү ойду тез жана туура түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Алгачкы сөз айкаштары болсо орус тилиндеги терминдерге маани жагынан туура келбейт жана терминге коюлуучу талаптарга да жооп беришпейт.

Мисалы, *кең сүрөттө, толук сүрөттө, мыктуу болуун тилешүү, керек* деген сөз айкаштары ойду так бере албайт: *кең, толук сүрөттө* дегендин ордуна *толугу менен* деп берүү ылайыктуу; орус тилиндеги *уделять внимания* дегенге *көңүл берүү* деген сөз тизмеги маани жагынан туура келбейт, *көңүл буруу* деп берүү керек эле. Ошондой эле *кабыл кылуу* деген сөз айкашы орусча *принять* дегенге маани жагынан туура келбегендиктен, *кабыл алуу* (орусча — *принимать*) деген сөз тизмеги менен алмаштырылды.

Тилешүү керек деген орус тилиндеги *обеспечить* деген терминге дал келбегендиктен, *камсыз кылуу* деген сөз айкашы менен алмаштырылды.

Макул табылсын алгачкы кездерде орус тилиндеги *одобрить* деген сөздүн ордуна колдонулуп келсе, азыр маани жагынан буга көбүрөөк туура келүүчү *жактырылсын* деген сөз менен алмаштырылды. Алгачкы иш кагаздарда граммаатикалык жагынан туура уюшулбаган, мааниси тайкы кириндди сөздөр да көп учурайт:

Бул маселенин ошончолук чоң маанисин *азыргача* жетишинче түшүнө элек деп эсептелинсин (токтомдон).

Мүмкүн болгончо, ыр, музыка жагы көбүрөөк болсун (токтомдон).

Ажыратып айтканда, сессия контроль сандардан төмөнкү чараларды айтып кетет: ... (токтомдон).

Латын тамгасынын бир гана түрү алынсын, *кеңирек айтканда,* латын тамгасы басмада, жазмада бир болсун (токтомдон).

Сатсыялдык маданият чаралары жагынан *эң көбүнчө* жалпыга кат таанытуу жана сабатсыздыкты жоюу ... чаларын кеңитүүнү камсыз кылуу (токтомдон).

Орток сөздөр *мүмкүн болгон кадар* ошол маанисинен өзгөртүлбөсүн (токтомдон).

Экинчилей, чет райондун адамынан, ошондуктан кайта жиберилбей алынсын (мекемеге жиберилген каттан).

Мындай айтканда, ... бул иш ошолордун өздөрүнө тапшырылсын (токтомдон) ж. б.

Бул сөздөр азыр төмөндөгүдөй түрдө колдонулат:

Бул маселенин ошончолук чоң маанисин *азырынча* жетишерлик түшүнө элек деп эсептелинсин.

Мүмкүн болушунча, ыр, музыка жагы көбүрөөк болсун. *Башкача атйканда,* сессия контроль сандарынан төмөнкү чараларын айтып кетет...

Сатсыялдык маданият чаралары жагынан, *өзгөчө* жалпыга кат таанытуу жана сабатсыздыкты жоюу ... чараларын кеңитүүнү камсыз кылуу...

Орток сөздөр, *мүмкүн болушунча,* ошол маанисинен өзгөртүлбөсүн.

... *Экинчиден,* чет райондун адамы. Ошондуктан кайта жиберилбей алынсын.

Мындайча айтканда, бул иш ошолордун өздөрүнө тапшырылсын ж. б. Азыркы кезде официалдык-иш кагаздар бир топ калыпташып, туруктуу мүнөзгө ээ. Бул кагаздардын кайсы түрүндө болбосун, белгилүү бир традициялык трафареттин иштелип, калыптанып калгандыгына байланыштуу ар кандай так эместиктерге жол берилбей, жалпыга түшүнүктүү сөздөр менен айтылуучу ойду так, кыска, түшүнүктүү кылып берүү максаты көздөлөт.

Республикабыздын областтык, райондук масштабдарында, официалдык-иш кагаздар азыр кыргыз жана орус тилдеринде бирдей жүргүзүлүп келе жатат. Ал эми жашаган элинин басымдуу көпчүлүгү кыргыздар болгон айыл-кыштактарда ар кандай иш кагаздары кыргыз тилинде жүргүзүлөт:

АРЫЗ

Мен 1965-жылы Нарындагы педучилищага кирип, аны 1968-жылы бүтүрүп чыктым. Ошондуктан 1967/68 окуу жылында Оштук орто мектебинин төмөнкү класстарына мугалимдикке дайындоонузду сураймын[1].

Он-Арча селолук советинин председатели жол. Сурановага

Тянь-Шань райондук финансы бөлүмү селолук советинин чарбалык учетунун негизинде 1969-жылдын 1-январында колхоздун уставы жана өкмөт тарабынан белгиленген нормадан ашык мал күткөн жана жер аянтын пайдаланган колхозчулардын, жумушчулардын жана кызматчылардын тизмесин жиберет. Ошону менен бирге аларды нормага келтирүү үчүн законго ылайык чараларды көрүүнү сурайт[2].

АРЫЗ

Мен менчик тамымды толук бүтө албагандыгыма байланыштуу 1973-жылга чейин төлөө мөөнөтү менен 500 сом ссуда берүүнүздү суранамын[3].

8-июль 1969-ж. Кыргызстан КП Тянь-Шань райкомунун профсоюз уюмунун жалпы чогулушунун токтому.

Каралуучу маселе:

1. Кыргызстан КП Тянь-Шань райондук комсомол комитетинин мектептер боюнча бөлүм башчысы жол. Усубалиевдин арызын кароо.

Угулду: жол. Усубалиев Кадыркулдун арызы боюнча райкомдун алдындагы профсоюз уюмунун жергиликтүү комитетинин председатели жол. Турдубаевдин билдирүүсү.

Токтом: үй-бүлөлүк абалына жараша жол. Усубалиев Кадыркулга коммуналдык квартира берүү ылайыктуу деп табылсын жана үй берүү жагы Эмгекчилер депутаттарынын Тянь-Шань райондук советинин Аткаруу комитетинен суралсын[4].

КҮБӨЛҮК КАТ

Эмгекчилер депутаттарынын Тянь-Шань райондук советинин депутаты жол. Кулжыгачов Кайбалы 1971-жылдын 28-февралынан 1-мартына чейин боло турган Тянь-Шань райондук керек-жарак коомундагы товарларды арзандатууга катышуу үчүн жиберилет[5].

---

[1] Тянь-Шань райондук элге билим берүү бөлүмүнүн материалдарынан.
[2] Тянь-Шань райондук финансы бөлүмүнүн материалдарынан.
[3] Тянь-Шань райкомунун материалдарынан.
[4] Тянь-Шань райондук Аткаруу комитетинин материалдарынан.
[5] Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ведомосттору. 1970-ж. 422-бет.

Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун
УКАЗы

Кыргыз ССРинин составында Ысык-Көл жана Нарын областтарын түзүү жөнүндө.

Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиуму токтом кылат:

1. Кыргыз ССРинин составында Ысык-Көл жана Нарын областтары түзүлсүн.

2. Ушул указ Кыргыз ССР Жогорку Советинин бекитүүсүнө коюлсун (текст кыскартылып алынды)[1] ж. б.

Жогоруда келтирилген мисалдардан көрүнүп тургандай, официалдык-иш кагаздардын тили так, жыйынтыктуу болушу керек.

Официалдык-иш кагаздар тилдин башка стилдик түрлөрүнөн төмөндөгүдөй айырмаланат:

1) Профессионалдык терминдердин жана кыскартылган сөздөрдүн көп колдонулушу.

2) Диалектилик жана башка карапайым сөздөрдүн дээрлик колдонулбашы.

3) Тууранды жана элестүү сөздөрдүн колдонулбашы.

4) Таза этиш сөздөргө караганда атоочтуктардын баасымдуу колдонулушу.

5) Ат атоочтордун сейрек колдонулушу.

6) Сүйлөмдөгү атоо сөздөрдүн орун тартибинин туруктуулугу. Официалдык жана иш кагаздардагы сүйлөм түзүлүштөрүн өзүнчө алып кароо жөндүү.

Официалдык кагаздарда сүйлөмдүн ээси баяндоочтон мурун келип түзүлөт да баяндооч көбүнчө буйрук формасында айтылат.

Башка иш кагаздарда болсо (справка, күбөлүк, тил кат, арыз ж. б.) сүйлөмдүн ээси көпчүлүк учурларда сүйлөмдүн баяндоочунан кийин келет.

7) Киринди сөздөр көбүнчө сүйлөмдүн башынан орун алат

8) Официалдык-иш кагаздарда бир иш, окуя ж. б. жөнүндө саяндама берилгендиктен, буларда жай сүйлөмдөр басымдуулук кылат да, суроолу жана илептүү сүйлөмдөрдүн катышы өтө сейрек кездешет.

9) Буларда кыйыр сөз көп пайдаланылат. Ал эми тике сөздүн колдонулушу кээ бир закондордун статъясын же башка бир документти мисал катары сөзмө-сөз берүү зарыл болгон учурларда гана колдонулат.

---

[1] Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ведомосттору. 1970-ж. 422-бет.

КӨРКӨМ СТИЛДИН ЛЕКСИКАСЫНЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Көркөм адабиятта улуттук тилдин лексикасынын бардык каражаттары пайдаланылат. Айрым учурда жазуучу кээ бир диалектилик сөздөрдү өз «лабораториясында» кайрадан иштеп чыгып, жаңыча маниге ээ болгон көркөм каражатка айландырат. Көркөм сөз устаттары өз чыгармаларында макал, лакаптарды, учкул сөздөрдү, фразеологизмдерди да кеңири колдонушат.

Көркөм чыгармаларда белгилүү бир аймакта жашаган адамдардын тилине мүнөздүү болгон диалектилик сөздөр да учурайт. Диалектизмдерди жазуучу ошол жергиликтүү элдин турмуш-тиричилигиндеги жана сүйлөө речиндеги өзгөчөлүктөрдү чагылдыруу максатында пайдаланат. Бирок мындагы эске ала турган маселе: көркөм чыгармаларды жаратууда биринчи кезекте адабий тилдин нормасы сакталууга тийиш. Улуттук тилдин лексикасындагы бардык каражаттарды жазуучу чыгармачылык жол менен пайдалана билүүгө тийиш. Лексикалык каражаттар өз орду менен туура колдонулса, чыгармадагы айтылган ой-пикир, идея ачык-айкын берилип, эмоционалдык-экспрессивдик касиетке ээ болот.

Чыгарманын тилинин жөнөкөйлүгү, тактыгы, кыскалыгы образ түзүүнүн негизги касиеттеринен болуп саналат. Окуяларды баяндоодо көп сөздүүлүктөн качып, тиешелүү тилдик каражаттарды туура тандап алууга аракет кылуу керек, ошондо андагы кейипкерлер элестүү көркөм чыгат.

Көркөм чыгармалардагы персонаждарды реалдуу сүрөттөп, алардын ар биринин тилдик өзгөчөлүгүн так бере билүү жазуучунун эң татаал жана жооптуу милдеттеринин бири болуп саналат.

Бул үчүн жазуучу, ар түрдүү кесиптеги адамдардын жашоо турмушунун социалдык ал-абалын жакшы билүүсү керек.

Көркөм чыгармаларда улуттук тилдин ар кандай лексикалык катмарлары кездешет. Алар төмөнкүдөй кырдаалдар менен байланыштуу: 1) чыгарма кандай теманы ичине алат (мал чарбачылыгына байланыштуубу же дыйканчылыкка байланыштуубу ж. б.); 2) кандай тарыхый шарттарды сүрөттөйт; 3) чыгармада кайсы территориядагы окуялар сүрөттө-

лөт; 4) чыгарма кайсы жердин өкүлү тарабынан жазылган ж. б. Ушул сыяктуу бир нече шарттар көркөм чыгармаанын лексикалык катмарларын аныктоого өбөлгө түзөт.

Сөздөр стилдик маанисине карай төмөнкүдөй катмарлардан турат:

а) Бейтарап (нейтралдык) лексика. Булар стилдин бардык түрлөрүндө колдонула берет:

Мисалы: жат, тур, канча, тамак, суу, жуун, ал, отур, кийим ж. б. у. с. сөздөр стилдин бардык түрлөрү үчүн орток.

б) Кабыл алынган лексика. Азыркы кыргыз адабий тилинде башка тилдерден кирген көп сөздөр бар. Алар оозеки речте гана эмес, көркөм чыгармаларда кеңири колдонулат. Кыргыз тилинде өзгөчө маданияттын жана илимдин, техниканын өсүшүнө байланыштуу орус тилинен кирген сөздөр өтө эле көп кездешет.

Жазуучулар аларды да стилдик максатта колдонушат. Андай сөздөр көбүнчө автордук баяндоодо жана каармандардын речинде берилет. Автордук баяндоодо орус тилинен оошкон сөздөр ошол тилдин орфографиялык нормасы боюнча колдонууга тийиш:

«Абышкасы» шашып туруп, чайын ичип колхоз жумушуна жөнөйт. Мектептин клубунда анда-санда лекция, зоок кечелери, оюндар болор эле (К. Б.).

Ал эми орус тилинен кирген сөздөр каармандардын тилинде эки түрдүү колдонулат. Эгерде чыгарманын каарманы сабаттуу, адабий тилдин нормасы менен тааныш болсо, анын речиндеги орус сөздөрү ошол тилдин нормасына ылайык айтылат. Эгерде каарман адабий тилдин нормасы менен тааныш болбосо, кабыл алынган сөзду ар кандай формада колдонот. Мындай учурда алардын тилдик өзгөчөлүгүн сактоо максатында орус тилиндеги сөздөр айтылышы боюнча берилет:

Милиса менен келип, энчимди бөлдүрүп алам. Кыңк этпейсиң! *Кемесия* сындап өткөрсө, ортого алынат дейт (Т. С.).

Тигил *секлетарыңа* айтып, күбөлүк жаздырып койчу (Т. С.).

Көркөм чыгармаларда орус тили аркылуу кирген советтик-интернационалдык сөздөрдөн башка араб, иран, монгол тилдеринен кирген сөздөр да учурайт. Бирок алар тыбыштык жагынан өзгөрүлүп, кыргыздын төл сөздөрү өндөнүп кеткен. Араб, иран тилинен кирген сөздөрдү жазуучулар көбүнчө ар түрдүү стилдик максаттарда колдонушат. Чыгармада динге байланыштуу окуялар жөнүндө сөз кылганда ага ылайыктуу терминдерди пайдалануага туура келет.

Мисалы: — Өкмөт амирине баш ийбегендик-тартипке, *мийзамга* каршы болгондук,— дешти кишилер (Т. С.). Бергенге берем дейт эмеспи *кудурет* (Т. С.). Түтүн болуп саналган үй ээсине *курбандык* чалуу мойнуна карыз (Т. С.). Нээти дурус киши эле, *шейит* болду, жаны *жаннатта* болсун (К. Б.).

Диалектизмдердин көркөм чыгармалардагы ролу. Лексиканын башка катмарлары сыяктуу көркөм адабиятта диалектилик лексикалар белгилүү роль ойнойт. Буларды жазуучулар башка каражаттар сыяктуу стилдик максатта колдонушат.

Мындай учурда жазуучу белгилүү бир территорияда жашаган адамдын тилдик өзгөчөлүгүн же жергиликтүү колоритти сактоо максатында ошол жерге мүнөздүү болгон диалектизмдерди колдонот. Бирок диалектизмдерди туш келди эле колдоно бербей, максатка ылайык, өз орду менен тандап колдонгондо гана алар стилдик маанаге ээ болот. Мисалы: Мына, *уке!* Сени ушул ишке жарайт деп чакырып отурабыз (К. Ж.). Кыскасын айтканда, *мандикер* эмес эле камактагы кишилер... (М. Аб.). Иши кылып үйдөгүлөр *курсант* болуп калышты (М. Аб.).

Мейли, буга *кабатыр* болбой эле кой, садаган кетейин (М. Аб.). Тим эле бар эмеспи бир *бадвоту* бир Ыманбайдын өзүнөн кайраттуу болуп кетиптир (Т. С.). Самтырга колукту алып берели деген *дакилибим* бар (Т. С.).

Самтыр *боо* каршы болсо, аны *маа* кой (Т. С.). Курч *бакини* кармаган калыбында Ысак эмне иштерин билбей калды (Т. С.).

Бирок диалектилик сөздөрдү ыгы жок эле көп колдоно берүүгө болбойт, ал адабий тилдин калыптануусуна кедерги болот. Проф. М. Ефимов адабий тилдин бузулушу жергиликтүү сөздөрдү, грамматикалык формаларды этияттык менен пайдаланбоодон келип чыгат деп бекеринен айткан эмес[1].

Диалектизмдерди колдонуу көркөм адабий стилден башка публицистикалык стилге да мүнөздүү.

Фразеологизмдер туруктуу сөз айкаштарына кирет. Алардын туюндурган мааниси тутумундагы сөздөрдүн мааниси менен түздөн-түз байланышпайт, составындагы сөздөрдүн баары бирдиктүү түрдө келип жаңы маанини билдирет: *суу жүрөк* — коркок, *жел таман* — көп баскан, *ийри тумшук* — жолдуу, *оозун карануу* — өкүнүү. Фразеологизмдер көркөм адабий чыгармаларда өтө кеңири колдонулат, алар сүйлөмгө экспрессивдүү, эмоционалдуу маани берет: Жашы 15—16 чамасында, сенделип буту арап гана шилтөөгө келип, мундуу жумшак көз жашы тыйылбай, үшкүрүгү таш жарат (К. Б.). Зуннахундун таарыныч менен айткан сөздөрү Түлкүбектин *өлбөгөн төрт шыйрагын калтырган* сыяктантты (К. Ж.). Эки ийнинен эки батман жүк баскансып, *жылдызы жерге түшүп*

---

[1] *Ефимов А. И.* Стилистика художественной речи. М., 1957, 227-бет.

чөгүп турат (Т. С.). Кекенген Касейин да Саадаттын *сары изине чөп салып* өз кишилерине ой-тоону аңдытты (Т. С.).

Азыркы күндө өзүнүн речинде макал-лакаптарды кошуп сүйлөбөгөн кишини учуратуу кыйын. Алар канчалык даражада орундуу пайдаланылса, көркөм чыгарманын экспрессивдүүлүгү, эмоционалдуулугу ошончолук артат. Тилдеги бул көрүнүш стилдик мүнөзгө ээ. Адабий чыгармаларда макал, лакаптар көп колдонулат. Алар чыгарманын көркөмдүгүн күчөтүп, өзү катышкан сүйлөмдөргө эмоционалдуу, экспрессивдүү маани берет:

Өз башыңдагы төөнү көрбөй менин *башымдагы чөптү* айтпа сен (Т. С.). Иним Досумбек *«катын албай кайын алсын»* дегени (Т. С.). Ыманбай айткандай, *айран ичкен кутулуп, челек жалаган тутулушу* да ыктымал (Т. С.).

КӨРКӨМ ЧЫГАРМАЛАРДЫН ЛЕКСИКАЛЫК ЖАНА ГРАММАТИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Айрым учурда жалгыз эле жекелик түр стилдик мүнөзгө ээ болбостон, белгилүү даражада көптүк түргө да ээ болушат.

Көркөм прозада айрым бир өңчөй энчилүү аттар айтылып келип, аягына көптүктүн *-лар* мүчөсү уланат. Мындай ыкманы автор өзүнчө бир стилдик өзгөчөлүк катары пайдаланат:

Ыманбайлар сокур намыс талашып, катын-баланын маңдайында күпүлдөп жүргөн кезде, Саадат менен Касейин чатакты ырбата беришти (Т. С.). Дүрдүйүп, *Саадаттарга* кыр көрсөтүп, Касейиндин зоболосун көтөрүү (Т. С.).

Эне үнүнө *Касейиндерден* мурда тигил коодо турушкан атчандар чабышты (Т. С.).

Бул энчилүү аттардын аягындагы *-лар* мүчөсү жалганганы менен негизи аты белгисиз каармандар баяндалып жаткандыгын түшүнүүгө болот. Ошол белгисиз каармандардын аттарын чубалжытып санап отуруунун ордуна автор аларды кыскача *Ыманбайлар, Сапарбайлар, Касейиндер* деген энчилүү аттардын көптүк түрлөрү менен берген. Чындыгында көркөм чыгармадагы жалпылоо зат атоочтун сан категориясы менен тыгыз байланыштуу.

Отор, *Кийизбайлар* баккан малыбызды билебиз, чатак менен ишибиз жок дешер (Т. С.). Эртеси Бердибай, *Кармышактар* Өскөнбайга жаны ачыган болушуп Шорукка келишти (Т. С.). Намыс мындай турсун, Баатырбек, *Бакастардай* куда-сөөк келишет. Келтирилген фактыларда каармандардын аттары саналып, аяккы *-лар* мүчөсү уланганда көптүктү билдирген маани ачык байкалып турат.

Көркөм адабиятта жөндөмө категориясы да ар түрдүү стилдик касиетке ээ.

Матайчик, азаматсың уулум, азаматсың! Ушундай шайыр мүнөзүндү эң жакшы көрөмүн (С. С.). Бул сүйлөмдөгү энчилүү атка, Матайга, орус тилинин кичирейтүү-эркелетүү маанисиндеги *-чик* мүчөсү жалганган; кыргызча да ошол эле мааниде, стилдик планда пайдаланылат. Бирде илик жөндөмөсү мүчөсү менен айтылса, кээде ал түшүрүлүп айтылат. Ал биздин кан, ал революция, ал *Совет* (Советтик) өкмөтү, ал биз окуп жаткан САКУ (А. Т.). *Тоо* (тоонун) койнундагы алыскы колхоздордон эгинди өгүз, эшекке артып айдап келатышкан балдар менен катындардын жондору туздуу шор, чаң баскан беттери капкара болуп күйгөн (Ч. А.). *Сүлүктү* (Сүлүктүнүн) большевиктеринин милдети мына ушул революцияга каршы аракетке от ачуу, бийликти биротоло колго алып, социалисттик революциянын жеңишин улантуу! (С. С.). Күкүмдөнүп эшилип, *жол* (жолдун) боюнча жаткан майда, борпоң ак топурактар аттардын буттары тийгенде эле бурк этип көккө көтөрүлөт (К. Б.). *Клуб* (клубдун) ичи жымжырт. Күбүр-шыбыр тыйылып кыбыраган жан жок (Т. С.).

Илик жөндөмөсүнүн мүчөсүнүн түшүп калышы көркөм адабияттардагы колдонулуучу дидактикалык кыска чыгармаларда (макал, лакаптар) учурайт. *Аргымак* (аргымактын) мойнун ок кесет, *азамат* (азаматтын) мойнун жок кесет (эл макалы). *Киши* (кишинин) жакшысы кирип чыкканча, *жылкы* (жылкынын) жакшысы кишенешкенче (эл макалы).

Илик жөндөмөсүнүн да бир стилдик өзгөчөлүгү — алардын *-лык* мүчөсү менен синонимдик варианттарынын колдонушу эсептелет: *колхоздун менчиги, колхоздук менчик, айылдын мектеби, айылдык мектеп* деген фактылардан илик жөндөмөсүнүн тиешелүүлүктү билдирүүчү сын атоочтун *-лык* мүчөсү менен синонимдик катышта экендигин көрөбүз. Ушуга байланыштуу А. И. Чижик-Полейконун төмөндөгүдөй: «Родительный падеж богат значениями, которые сложились в письменной речи, имеют ее окраску и в разговорно-бытовом стиле заменяются прилагательными. Эти значения можно рассматривать как принадлежность в широком смысле слова, например, сад колхоза — колхозный сад, площадь базара — базарная площадь»[1] деген орундуу пикирин келтире кетүүгө туура келет: Ашыр ушинтип кекенип алды да, атына камчы уруп, мунарыктаган Сүлүктү тоосун көздөй зымырылды (С. С.). Цехтик *«Мотальщик»* аттуу дубал газетанын жаңы номери чоң тактанын бетине кадалды (С. С.).

---

[1] *Чижик-Полейко А. И.* Стилистика русского языка, Часть II, Лексика и морфология. Воронеж, 1964, стр. 93.

Көркөм чыгармаларда барыш жөндөмөсү да стилдик өзгөчөлүктөргө ээ болот. Мунун негизги формасы барууга багытталган *-га* мүчөсү экендиги белгилүү. Ал көркөм чыгармалардагы айрым сүйлөмдөрдө мүчөсү менен да мүчөсүз да колдонулат. *Ойго* келбеген сонун фантазия кимде десе, мен балдарда дээр элем. Ногой топуну чекеге коюп, жаш жары *Айнага* чай сундуруп, Саадат төрүндө чардап отурмак (Т. С.). Жайы менен жайлоодо түтүнгө ышталган жылкычылардын үйлөрү азыр чоң сайдын буурул тарткан *чабындысында* тигинде-мында карайып, ак элечек, ак көйнөк кийгендей түтүндөр чамгарактан этек-жеңин чубалжытып, той тойлогон аялдардай айылма-айыл көйкөлүшөт (Ч. А.). Бүгүн болсо, эки ирик, эки куржун *көзү* кездеме-буюм алып келишиптир (С. С.). Баргыла, айткыла тиги *казак орустарга:* атайын өкүлдөрүн жиберишсин, баш кошолу, сүйлөшөлү, бир корутундуга келип, келишим (келишимди) жасайлы (К. Б.).

Табыш жөндөмөсү бир өнчөй мүчөлөргө уланат. Бул учурда ар бир сөздүн аягына эмес, аяккы гана мүчөгө жалганат:

Капитан өтүгү менен карды тээп, араа, *балталарды* бирдей чыгара баштады (К. Ж.). Кылдырап үйдү көздөй келе жаткан арабаны, анын эки жагында баштарын төмөн салып, аттарын илкитип бастырышкан Касаткин менен *Василийди* көрө коюп, алдынан тосо жүгүрүп жетти (К. Б.).

Жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрүнүн да стилдик ролу бар; бири биринин ордуна колдонула берет, *арыкты аттаарыктан атта; үйдө жатып алды — үйгө жатып алды; мектептен оку — мектепте оку; үйдөн ичүү — үйдө ичүү.*

Сын атоочтун колдонулушу

Көркөм адабиятта сын атоочтордун колдонулушу боюнча башка сөз түркүмдөрү сыяктуу, тилдик өзгөчөлүгү кездешет.

Көркөм чыгармаларда сын атооч сөздөр мейли нагыз, мейли функционалдык маанилери боюнча болсун, өздөрүнүн стилдик касиетинде ар кандай жолдор менен колдонулат: Ширенкенин *жалынындай* кичинекей тили менен бүлкүлдөтүп жумшак соргондо анын үлбүрөк эриндери кошо эненин денеси коргошундай эрип кетчү эмес беле (А. Т.). «Ынтымак» деп жүрүп сыйпалып бүттүк, чыгымын улугу бир салса, *жакшылары* эки эсе кылып отуруп, мындагы элдин аягына да чыкмак болду. Айтор *жакшылары* кургур чыгымдан көз ачырбас болду го (М. Э.). Мындан биз сын атоочтордун чектелүүчү белгисин көрсөтүүдөн алыспыз. Сын атооч сөздөр кыргыз жазуучуларынын эмгектеринде ар түрдүү ыкмаларда берилет. Жогоруда биз көрсөткөндөй, жеке эле жылдын мезгилдерин сүрөттөөдө колдонулбастан, башка дагы ар түрдүү

образдарды түзүүдө, ар кандай башка сүрөттөөлөрдө стилдик ыкма катары колдонулат. Жогорудагылар сыяктуу эле, он каармандарды же советтик адамдардын образын түзүүдө *кызыл, кызылдар* деген сөздөр, ал эми душмандардын образын түзүүдө актар деген сөздөр колдонулуп келген. Айрым учурда *кара* деген сын атооч сөз терс көрүнүштү сүрөттөө үчүн да пайдаланылат: *кара жолтой, кара кийди, караланды* ж. б. Качыке Сашадан *чубалжыган узун* кат алды (У. А.). Мына өмүрдүк жан жолдошу, *ширин* досу жаркырап-жайнап келип кол алышат (С. К.). Бөтөн шаар, бөтөн элдин ушул экзотикалык көрүнүшү чет элден келген жолоочуга *сонун да* (К. Б.). Жөөлөп кирген Касейиндин кишилери аны *жылуу* төшөгүнөн суурып алышты (Т. С.). Ийгиликтин аялы Сыпайы жене колдон суурулган *чыйрак тамашөкөй* киши (А. У.).

Мына ушул мисалдардан сын атооч сөздөр стилдик максатта кандай ыкма менен колдонулгандыгы ачык болуп турат: бирде сын атооч сөздөрдүн синонимдик түгөйлөрү пайдаланылса, бирде сын атоочтор катышкан фразеологизмдер иштетилген. Кыскасы, тигил же бул түшүнүктү жеткиликтүү формада берүү үчүн көркөм сөз каражаттары пайдаланылган.

Ошондой эле кыргыз тилиндеги сын атооч стиль жагынан синонимдик катышта болушат: *ак — боз — куба — куу — куба, кара — ымырт, сары —албайы, кызгылт — кызгылыраак, кызгылтым, саргылт — сарыраак — саргыч, карараак — каралжын — карайыңкы, бозураак — бозомук, агыш, сургулт агышыраак, сурураак аксымал* сыяктуу варианттар ар бири сүйлөмдөгү ойдун жүрүшүнө жараша колдонулат. Сыртынан алганда булар өз ара синоним боло алышат. Ал эми сүйлөмдө конкреттүү колдонгондо булар кошумча маанилери боюнча өз ара болор-болбос айырмачылыктарга ээ. Мисалы, *боз ат* деп айтылат, *ак ат* деп айтылбайт, же *куу ат* деп айтылбайт. *Куу сөөк, ит* деген сөздөр менен айкашкан учуру көп кездешет: *куу сөөк, куу ит,* бирок *куба ат, куу ат* деп колдонулбайт. Өң-түстү билдирүүчү сын атоочтор стилдик жактан колдонулуш сферасы боюнча өзгөчөлүктөргө ээ. Көркөм чыгармалардагы сын атооч сөздөр аркылуу болгон сүрөттөөлөр өз орду менен колдонулганда гана баяндалган ой өз максатына жете алат. Ошон үчүн сын атоочтордун эл арасында калыптанып келген мүнөзүн эске албай коюуга болбойт. Анткени, анын жогорудагыдай туруктуулугун эске албаганда айтылган ой экспрессивдүүлүк жагынан аксаган болор эле. Сын атооч сөздөрдү образдуу пайдалануунун ролу зор, ал аркылуу сүйлөмдүн экспрессивдүүлүгү артат жана чыгарма окурмандарга эстетикалык таасир калтырат.

Сын атоочтун салыштыруу даражаларынын да өзүнчө стилдик өзгөчөлүктөрү бар. Сын атоочтордун бул категория-

лары айтылып жаткан окуяга карата ар кандай салыштыруу-
га алынган белгинин кем, жетишсиздиги же артыкчылыгы
белгиленет. Алсак, *жашыл-жашылыраак. -ыраак* мүчөсү
уланган сөз *жашыл* деген сөзгө караганда *коюу жашыл* экен-
дигин туюндурат. Буларды көркөм чыгармалардан көп жо-
луктурууга болот. Салыштыруу даражасынын мындан башка
түрлөрү сөз айкалыштарынын негизинде уюшулат. Салышты-
руу маанисиндеги сын атооч сөздөргө *бир аз, анча-мынча,*
бир топ деген сөз тизмектерин кошуп айтууга да болот:
түзүк — бир кыйла түзүк, бир аз түзүк; жакшы — бир аз
жакшы, түзүк — бир топ түзүк; кызыл — анча-мынча кызыл;
дурус — бир канча дурус ж. б.

Бир аз ойлуу (ойлуу) тиктеген койгулт *(коюу)* көздөрү
күлө караса бадырая түшүп, жүзү нурданып жылдыздуу
(Т. С.). Ачык көгүш сукно капталып «т» түрүндө коюлган
чоң столдун төрүндөгү: күрөң костюмчан, *кызгылтым* (кызыл)
галстук тагынган *капкара* (кара) чачы үрпөйүнкү, жашы
отуздан ашып калган жигит комбинаттын башкы инженери
Шакиртжан Акимов болчу (С. С.). Сын атоочтордун салыш-
тырма даражалары өз ара бири биринен ички кошумча маа-
нилери боюнча айырмаланышат, ошондой эле алар ар кандай
лексика-грамматикалык функцияларды аткарышат.

Сан атоочтордун колдонулушу

Сан атоочтор да стилдик максатта пайдаланылат.

1917-жылдан бери *алты-жети* жыл болду го дейм. Ооба,
ооба, мына мен *жыйырма төрткө* чыктым, ал менден *бир* эле
жаш кичүү болчу (А. Т.) (Жылды, мезгилди, курактыбилдирип жатат). Капар *онунчу* классты өткөн жылы бүтүргөн. Бирок Капар онунчу классты өз күчү менен эмес, атасынын күчү менен бүтүргөнүн жакында гана билдим (К. Ж.) (Билим боюнча маалыматын билдирип жатат). Үрүстөм карыя *80* бээден *80* кулун алган — деген үндү укканда карыянын бүткөн бою чымырап, денесинен тер чыкты (М. Ж.) (Малдын санын белгилеп жатат). Демек сан атоочтор заттын ар кандай санын, өлчөмүн, ченемин билдирет. Булар менен катар булардын синонимдик түгөйлөрү алынат. Мисалы: *бир, жалгыз, жалкы, сыңар* деген сөздөр өз ара синонимдеш, ушу сыяктуу эле *эки түгөй, эгиз* деген сөздөр да өз ара синонимдеш.

Чыгармада дайым *бир, эки* деген сөздөрдү колдоно бербестен, ойдун берилиши көркөм болсун үчүн, экинчи жактан, стили так болсун үчүн, алардын синоними болгон *түгөй, жалгыз, эгиз, сыңар* жана башка ушул сыяктуу сөздөрдү алмаштырып колдоно берүүгө болот: Тээ өстөн алыштын боюнда

бир жылкы бош турат (С. Ө.). Садаган болоюн, садаган...
сенден мен айланайын, атыңдан тегеренейин. Сен Элчибек
турбайсыңбы? Үкөйүң менин *түгөйүм* эмеспи? (А. Т.). Бөрү-
бай көлдөлөндүн үстүнө түшүп калган *жалгыз* тал чөптү
чымчып алып, бармак, сөөмөйү менен сындыра кармалап
отурду (Т. С.). Ушундай ээнчиликте кулагыңа салып коер
жалгыз сабак сөзүм ушул (Т. С.). Тарыхый окуяларды сү-
рөттөгөн чыгармаларда даталарды белгилөө үчүн жыл эсеп-
төөнүн эскиче аттары колдонулуп, кээде эсептөө системасы-
нын архаикалык формасы да жолугат. Бул кубулуш да сан
атоочтордун стилдик планда пайдаланышына жатат: «Хатны
язуучу Карабек деп биларсиз. Бугу айынын *17си,* пенжи-
шамби күнү, *1320-чи* санаа» — Зуннахун катты *экинчи* ирет
окуп чыкты. ...анда Каныбекти менин адамдарым менен Кашкарга жибериңиз, деп кат жазуучу Зуннахун, *1322* санаа,
текелип *28-күнү* (К. Ж.). *Бири кем алтымышка* келдим. *Сек-*
сендин бешиндемин.

Ат атоочтордун колдонулушу

Заттын атын атабай жалпылап көрсөткөн сөздөр ат атооч-
тор болуп саналат. Мисалы: *мен, ал, бул, тигил* ж. б. ушул
сыяктуу ат атоочтор жалпы түшүнүктү билдирет. Айталы
мен биринчи жакты билдиргени менен, ким жөнүндө айтылып
жатканы белгисиз болот. *Мен* деген сөз Абылды, Айшаны же
дагы башка адам жөнүндө билдирери белгисиз, тек гана
сүйлөөчү биринчи жакты көрсөтөт. Ошондуктан сүйлөөчү би-
ринчи жакты конкреттештирүү максатында ага кээде түшүндүрмө мүчө кошулуп айтылат. Алардын мааниси ошондо
гана ачылат: Эшик тык-тык. — *Сен ким? Мен,* Чегиртке-
мин ж. б.

Ат атооч стилдик максатта сөздөрдүн текстте улам кайталана бербеши үчүн пайдаланылат. Мисалы: Асан келди,
Асан сүйлөдү деген сүйлөмдөрдө Асан улам кайталанып ка-
лып жатат, ошондуктан андай кайталоолор болбос үчүн,
кийинкисин ат атооч менен алмаштыруу зарылчылыгы туу-
лат. *Бул* кезде кызыл үйдө үч кыз отурган эле. Алардын
бири Күлай. *Калган экөө* — анын теңтуш кыздары (Т. С.).

Мен Алтынбекке сырымды айтканда, ал атасына жөнөдү.
Жигиттин жүрөгү булкунуп, көңүлү эргиди. Бөтөнчө жылуу
сезим аны чулгап алгандай болду (С. С.).

Айрым учурда ат атоочтор түшүп калып, бирок ал сүй-
лөмдүн аягында колдонулган баяндоочтон улам белгилүү
болот. Жазуучу чыгарманын баш жагында гана бир жолу
баян кылып, калган учурларда жөн гана ат атоочсуз эле
окуяны сүрөттөй берет. Бирок ат атооч кайсы экендиги, кан-

дай ат атооч түшүп калгандыгын окуучу ачык түшүнө алат. Мектептин чыгыш жагына жаңыдан бир комнат үй тургузулуп, *ал* үйдүн кичинекей терезеси бар. *(Анын)* Ичи толтура көмүр (М. Ж.). *(Сен)* Бир козунду андан аяба. Кыргыз баласынын наркы менен *(сен)* чапанынды жап, *(сен)* буурулундун чылбырын тарт (Т. С.). *Мен* табышмактуу кызды тапмак тургай дарегин билбей кетип баратам, *(мен)* өмүрүмдө кыздан тапшырма алышым, аны так аткарып, кыз колуна тапшырышым жана кыздан алкыш алышым бүгүн! (К. Ж.).

Келтирилген мисалдагы кашаанын ичиндеги белгиленген ат атоочтор чыгармада колдонулган эмес. Себеби окуянын башындагы берилген ат атоочтон улам сүйлөмдүн баяндоочуна карата кайсы ат атоочтун түшүп калгандыгы белгилүү болуп отурат. Жазуучу улам-улам ат атооч сөздөрдү кайталап отуруунун ордуна, анын жогоруда көрсөтүлгөндөй экинчи бир ыкмасын колдонгон. Ат атоочтордун сүйлөм тизмегинде стилдик планда колдонулушу ушундан ачык көрүнүп турат.

Айрым бир учурларда *биз* менен *мен* синонимдик катышта болгону да байкалат. Автор өзүнүн эмгегин жаратууда жалпы эле окуучуларга *мен* деп кайрылбастан, *биз* деген ат менен кайрылат: *Биздин* бул эмгегибиз, *биз* аракеттендик, *биз* ушундай деп ойлойбуз ж. б. Мындай көрүнүш көбүнчө илимий стилге таандык болот. Көптүк формада турган *силер* да жекеликтин сылык түрү ордуна колдонулат. Көбүнчө кичүү адамдар улууларга карата *сиз* деп же *силер деп* кайрылат. Мындай учурда *силер* жекеликти билдирген болуп калат, мааниси жагынан экөө тең сылык оттенокко ээ болушат. Ат атоочтордун синонимдик функциялары мындан башка мындай учурларда да байкалат: *кайсы бир, кээ бир, айрым бир, кай бир*. Түрлөндүрүп жазуу үчүн булардын бирин экинчиси менен алмаштырып колдонууга жол берилет: Алар экөө эле болгондуктан *кай бирөөлөр* аларды музейден көргөнсүп таңыркап карашат. *Кай бирөөлөр* жипкирип калат (А. Т.). Анын кулагы менен мурду ыгы менен селбигендей эмес, *кимдир бирөө* тамашалап атайы жаткырып кеткендей. Өзү тендүүлөргө жемин жедирбей, көбүнүн чекесин томуйтуп, кээде *кайсы биринин* мурдун кан жалатып, энесинен далай жолу тил уккан күндөрү да болгон (С. С.). Ага ишенбей *кээ бирөөлөр* «Аман-эсен эле береги кошуна колхоздо жүрөт дейт» — деген сөз да чыгарышты (Н. Б.). *Кээ бир* Ышкыналыны жаман көргөндөр учурдан пайдаланып, Ышкыналынын ошондон ары жок болушун каалашат. Оезной ачендиктин өзүнө кол берген *кээ бир* кишилер төбөсү көккө тийгендей кубанычтуу (Т. С.). Чыным эле ошо, тең тууганга

кул болуп жүргөндөн көрө мужуктардын *бирине* көз далдаа малай болоюн деп качып баратканмын, болуш аке (А. У.). *Ошол* учурда ар жактан «ууру эле ууру» деген катуу үн чыкты. Бул жерге сөз сүйлөп, элдин *жартысын* жарыш үчүн келбестен, учурдан пайдаланып тартуу-тармек, олжо алайын деп келген. Ийгиликтин кыраакылыгына, жөн билген жөндөмдүүлүгүнө Мантек элүү башы *ушу* жолу катуу ыраазы. А *тиги* Мырзабек *ким?* (У. А.). *Тиги* анысын байкаган жок (Ч. А.). Арабанын артынан жарыша чуркаган Дайыр экөө энтиге жетип, *тигил* орто кырманга эчен жолу барышкан (С. Ө.). Келтирилген мисалдардагы айрым ат атоочтук сөз тизмектери синонимдик катышта болушса, айрымдары өздөрүнүн тыбыштык составы жагынан кыскарып, ошол эле ат атоочтук маанисинде колдонулган.

Ат атоочтор сүйлөмдө ар кандай шарттарда колдонулат. Жактама ат атоочтор көркөм адабиятта окуялардын баяндалышына карата өз орду менен берилүүгө тийиш. Себеби алардын ар бири өздөрүнчө стилдик оттенокторго ээ: *Мен силердей* мырзалар менен жүргүнчүлөрдүн олуясы Илияс пайгамбармын, тар жол, тайгак кечүүлөрдө *мен* жол берем, *мен* жооп берем (А. Т.). Так ушул сөздү *мен өзүм* сага айтайын деп турдум эле, *сага* алдырып жибердим (А. Т.).

Көркөм адабиятта сурама ат атоочтордун өздөрүнө тиешелүү синонимдеш дублеттери бар. Алар чыгармалардын ичиндеги сүйлөмдөрдө бири бирине стилдик боекторду берип турат: *Канча* || *нече, эмне* || *не, канчанчы* || *неченчи* сыяктуу сурама ат атоочтор көркөм чыгармаларда жазуучунун пикирине ар кандай стилдик боекторду алып келет. Буга *эмне* жок, муну мында кандай шайтан айдап келди экен? (С. С.). *Качан* || *кайсы убакта* || *кай убакта* || *кайсы чакта* деген синонимдер бири-бири менен орун алмашып ыгына жараша колдонулат. Чыгармада ат атоочтордун катар айтылышы да кездешет, бул кубулуш плеонастикалык кайталоо (плеонастическое повторение) деп аталат: *мен өзүм, мына ушул, сен өзүң, ал өзү* ж. б. Чыгармада ат атоочтук маанини күчөтүп, конкреттештирүү максатында ага ат атооч кошулуп айтылат: *Сен өзүңдүн* бош убагындын баарын *бизге* кат жазып, *бизди* ойлоп жүрүп өткөзөт окшойсуң (У. А.). *Мына ушул* кишилик сапатын кетирип... *Мына ушул* өндүү укмуштардын баары азыркы окуу билим аркасында болгонун тушундурду (С. К.). Жанагы сүзмө салган баштыктай торсойгон Шабыралы арыз берди дейт, *ал өзү* ким экен (Н. Б.). Даниярдын эски шинели менен тамтыгы чыккан өтүгүн мындай кое туруп, *ал өзү* ким экенин, анын ички байлыгы канчалык зор экенин мен билбегенде ким билет (Ч. А.). *Мен өзүм* адамдын бетине айтканды жакшы көрөм (Н. Б.). *Сен*

өзүң билесиң го, бирөөнүн аркасынан сүйлөгөндү өлгүчө жаман көрөм (Н. Б.).

Көркөм чыгармаларда этиштердин стилдик функциялары

Кыргыз тилиндеги сөз түркүмдөрүнүн ичинен этиш негизгилеринин бири, анткени кыймыл-аракет ушул сөз топтору аркылуу ишке ашат. Этиштин сүйлөмдөгү ролун П. А. Павленко мындайча көрсөткөн: «Кыймыл-аракетти жазуу үчүн көптөгөн этиш сөздөр керек». Жазуучулар этиш сөздөр аркылуу окуянын жүрүшүн жана башка көрүнүштөрдү кубулуштарды сүрөттөйт. Этиштердин стилдик функциялары алардын категориялары менен тыгыз байланыштуу. Мисалы, чак категориясы, жак категориясы, ыңгай категориялары, мамиле категориялары жана башкалар ар бири өзүнчө стилдик касиеттерге ээ болуу менен кыймыл-аракеттин ар түрдүү кырдаалдарын көрсөтүшөт. Жалпы эле этиш сөздөр көркөм чыгармаларда көп кырдуу тармактарда кездешет. Жазуучунун кандай гана чыгармасын албагын, андан этиш сөздөрдүн ар түрдүү типтеринин пайдаланылганын көребүз. Этиш — бул кыймыл (движение). Этиш сөз түркүмүнүн көркөм чыгармадагы өзгөчөлүктөрүнө көңүл буруп көрөлү. Этиштердин стилдик планда колдонулушу баарыдан мурда синонимдик варианттар менен алмаштырылышынан байкалат:

сүйлөдү — айтты — деди,
сүйлөп жиберди — айтып жиберди — деп жиберди,
сүйлөй койду — айта койду — дей койду,



Бул схемадагы сөз тизмектери окуянын тез, чукулунан болгондугун билдирет. Экинчи жагынан, булар мааниси боюнча бири бирине синонимдеш, бири биринин ордуна колдонулат.

Айрым сөздөрдүн синонимдик катышы сүйлөм тизмегинде гана белгилүү болот. К. Баялиновдун «Боордоштор» романынан бир нече мисал келтирип көрөлү:

Мына эми стенадан тыкылдаган үн чыкканда, отура калып *тоссо (укса,салса, кулак түрсө* ж. б.). Ал жактан кеч жакында март айында гана *кайтты* (келди) же (кайра тартты).Бирок азырынча экөө тең ал жөнүндө эчтеке *айтышкан жок* (сүйлөшкөн жок), (пикирдешкен жок). Арабакеч жалдап, өлүктү салып, артына түшүп, эрди-зайып ээрчише басып,

көрүстөндү *карай жөнөштү* (көздөй кетишти), (карай кетишти). Ушул учурдан пайдаланып, темирди кызуусунда сокмокчу болушту да, алар кайра казармага *жөнөштү* (кетишти), (барышты) ж. б.

Этиштин жардамы менен жаратылыштагы болгон ар кандай аракеттердин элестүү берилишине шарт түзүлөт. Бирок мында бир нерсени эске алууга тийишпиз. Этиштердин көркөмдүүлүгү жана образдуулугу ошол сөздөрдү жазуучунун колдоно билишине жараша болот: Жакын келтирилбестен окторду *жаадыруу керек* (көп ок атуу маанисинде) (К. Б.). Абылкасым бул маселени туура жана өз учурунда *көтөрүп жатат* (козгоп, айтып жатат) (Н. Б.). Кокуй өлтүрдү, өлүгүндү көрөйүндөр, кырабы мындагы элди! — деп, чаңк эткен дагы бир аялдын ачуу үнү *угулду* (өлтүрөбү) (М. Э). Абалымдын абдан кысылганынанбы же Алтынбектин ак ниеттүүлүгүнө сүйүнгөнүмөнбү байкуш жашым башат суусундай *сызылды* (аябай ыйладым деген мааниде) (К. Ж). Ачуусу келген Андрей үзөнгү боосун чирене тээп какая калды да, мылтыгын аны көздөй *кармай берди* (атып жиберди деген мааниде) (С. С.). Бет мандайымдагы арыктын кырына чыккан бир түп буудайга анын көзү *чалынды* (көрдү деген мааниде) (К. Ж.). Сиз сагызгандай шакылыктап, жоктон жомок чыгарып дөөрүп баратасыз, Акинай байкуш болсо уят менен намыска чыдай албай, көзүнөн жамгыр *төгүп атат* (ыйлап жатат деген мааниде) (А. Т.).Текстте белгиленген этиштер окурмандардын сезимине жеткиликтүү формада таасир этсин үчүн образдуу колдонулган. Ушунун өзү эле алардын стилдик планда жумшалганын көрсөтүп турат.

Кыргыздын прозалык чыгармаларында метафора түрүндө колдонулуучу этиштер басымдуу учурайт, бирде алар түз маанисинде колдонулса, бирде көркөм каражат катары каймана мааниде колдонулат, салыштыр: 3 теке *атты* — 3 текени *сулатты* — 3 текени *кулатты* ж. б.

Каймана (метафора) маанини берүүчү этиштердин көркөм чыгармалардагы дагы бир стилдик функциясы болуп жансыз нерселерди жандандыруу (олицетворение) эсептелет. Автор жаратылышты, кубулушту жалпы эле табийгаттын ар кандай көрүнүштөрүн сүрөттөөдө жансыз нерселерге, башка жандуу нерселердин кылык-жоругун, кыймыл-аракетин берет да, ал аркылуу эмоционалдыкты, экспрессивдүүлүктү арттырат. Эгерде чыгармада сүрөттөлүп жаткан ар кандай жансыз нерселерге автор ылайыктуу жандандыруу, ылайыктуу кыймыл-аракеттерди туура тандап бере алса, анда ал чыгарма көркөмдүк жагынан өзүнүн сапатын арттырат. Мисалы *поезд кетип баратат* деген көрүнүштү автор көркөмдөштүрүп бергиси келди дейли. Ушул максатта аны

башка өтиштер менен алмаштырууга болор эле: *кылтылдап поезд кетип баратты* же *кыймылдап поезд кетип баратты* түрүндө айтылышы мүмкүн. Эгерде мунун ордуна *кылтыңдап поезд кетип баратты* деп койсок, анда поезддин жүрүшүнө көркөм каражаттар туура тандалып алынбаган болор эле, анткени поезд эч качан *кылтыңдап, төгүлүп* же *кулап кетчүдөй* болуп жүрбөйт. Демек, канчалык даражада көркөм чыгармада сөздөр өз орду менен колдонулса, анын көркөмдүгү ошончолук артат, кеп сөздү максатка ылайык колдоно билүүдө турат.

Прозалык чыгармаларда этиш катышкан метафоралык сүрөттөөлөр көп эле учурайт. Мына ошол авторлордун айрым чыгармаларынан фактыларды келтирип талдап көрөлү:

Жер *томсоруп* гана турат (А. Т.). Мында томсоруп деген сөз адамдын психологиялык ал-абалынан алынган да жерге карата колдонулган. Күндөр *мончоктой тизилип, жылдыздардын кучагына кысылып* жатты (А. Т.). *Убакыттар токтобой өтүп жатты* деген маанини көркөмдөштүрүп, салыштырып жандандырып берген.

— Амансыңбы, куттуу талаам?

— Аманчылык. Келдиңби, Толгонай. Былтыркыдан дагы карый түшүпсүң го. Чачың куудай, колуңда таяк (Ч. А.).

ИЛИМИЙ СТИЛЬ ЖӨНҮНДӨ

Стилдин бул түрү илимий иштерди жазууда колдонулат. Мунун негизги милдети маселени башка бирөөлөргө так, системалуу, жыйынтыктуу түрдө жазып берүү болуп эсептелет.

Совет бийлигинин алгачкы жылдарынан тартып эле өкмөт менен партиянын өз алдына койгон негизги максаттарынын бири кыска мөөнөттүн ичинде элдин сабатсыздыгын жоюу болгон. Ошондуктан бул жылдары көңүлдүн борбору жаш муундар, чоңдор үчүн ар түрдүү окуу куралдарын түзүүгө бурулган. Натыйжада 20-жылдардын орто ченинен тартып, 40-жылдарга чейин орто мектептер жана башка окуу жайлары үчүн кыргыз тили, адабияты жана илимдин башка тармактары (тарых, биология, химия, математика ж. б.) боюнча окуу китептери түзүлүп, же орус тилинен кыргыз тилине которулуп, массалык тираж менен басылып чыккан.

Өзгөчө согуштан кийинки мезгилде илимий, илимий-популярдык, илимий-техникалык, коомдук-саясий, маданий-агартуу ж. б. мүнөздөгү адабияттар, брошюралар, марксизм-ленинизм классиктеринин эмгектери кыргыз тилине массалык түрдө которулуп, жарык көрдү.

Илимдин ар кандай тармактары боюнча кыргыз тилинде окуу китептеринин, котормо адабияттардын пайда болушу менен илимий стилдин айрым элементтери, мисалы, илимий-техникалык терминдер түзүлө баштаган.

Адатта, тигил же бул стилге тиешелүү адабияттар дайыма үзгүлтүксүз жазылып жарыяланып турса гана ал стилдин түзүлүшүнө, өнүгүшүнө, калыптанышына ылайыктуу шарт түзүлөт.

Объективдүү шарттарга жараша илимий эмгектердин кыргыз тилинде жазылышы бир кылка эмес: кыргыз тили, адабияты боюнча изилдөө иши эне тилинде системалуу түрдө жүргүзүлүп келе жатса, илимдин башка тармактары боюнча (математика, физика, химия, биология, медицина, философия, тарых ж. б.) кыргыз тилинде жазылган адабияттар анчалык көп эмес (котормо адабияттарды көңүлгө албаганда). Ушуга байланыштуу кыргыз адабий тилинин илимий стили филологиялык адабияттардын негизинде өнүккөн; ал эми илимдин башка тармактары боюнча жаңыдан түзүлүү, өнүгүү абалында гана деп айтууга болот.

Ушундан улам биз, мүмкүн болушунча, кыргыз тилиндеги илимий стилдин түзүлүшүн, өнүгүшүн, башка стилдер менен болгон карым-катышын, алардан айырмаланган негизги өзгөчөлүктөрүн, мүнөздүү белгилерин кыргыз тилинде жазылган илимий эмгектердин негизинде кыскача ачып көрсөтөбүз.

Илимий стилдин лексикасы

Илимий стилде ойдун логикалык жактан ачык-айкын болушуна, илимий түшүнүккө так аныктама берилишине өзгөчө көңүл бурулат. Ошол себептүү андагы сөздөр түз маанисинде колдонулуп, көп маанилүүлүккө жол берилбейт. Илимдин тигил же бул тармагына тиешелүү болгон терминдер, абстракттуу маанидеги сөздөр көп пайдаланылат.

Оозеки речте, жазма адабияттарда (көркөм адабияттар, официалдуу документтер, илимий эмгектер, окуу куралдар, газета-журналдарда ж. б.) кеңири колдонулуп, жалпыга бирдей түшүнүктүү болгон сөздөрдү нейтралдык (орток) лексика дейбиз.

Илимий эмгектин лексикасын нейтралдык сөздөр менен илимий-техникалык терминдер түзөт. Экспрессивдүү маанидеги сөздөр стилдин бул түрү үчүн мүнөздүү эмес.

Кыргыз тилиндеги терминдердин пайда болушу социалисттик коомдун, илим, техниканын өнүгүшү менен тыгыз байланыштуу. Анткени турмушта пайда болгон ар бир жаңы түшүнүк ага ылайыктуу ат коюуну талап кылат. Бул үчүн алды менен эне тилдин ички мүмкүнчүлүктөрү, андан кийин башка тилдерден өздөштүрүлгөн сөздөр кеңири пайдаланылат.

Өзгөчө азыркы илимий-техникалык прогресстин мезгилинде терминдик маанидеги жаңы сөздөр, жаңы сөз айкалыштары массалык түрдө пайда болууда. Андай терминдер илимдин бардык тармактарына (автоматика, биология, адабият, лингвистика, философия, физика, химия ж. б.) тиешелүү.

Ар бир илимге таандык терминдер өз чөйрөсүндө гана колдонулат. Мисалы, *фонемалардын айкалыш закондорун*, алардын чыгышын, өнүгүшүн үйрөтүүчү илим *фонетика* деп аталат (К. Дыйканов). Мында кыргыз тилинин тилдик каражаттарынан *фонетика, фонема* деген терминдердин эквиваленттерин табуу кыйын. Ошондуктан буга окшогон терминдер кыргыз тилине даяр түрүндө орус тилинен кабыл алынган. Ушундай жол менен ар бир илимге тийиштүү терминдер кыргыз тилинде калыптанып жатканын төмөнкү мисалдардан да байкоого болот. Кыргыз совет жазуучуларынын алдында 30-жылдардагы советтик адамдардын толук жандуу *образдарын* түзүп, *социалисттик* эмгек *героикасынын пафосун* берүү үчүн *оригиналдуу сюжеттерди* таап, жогорку көркөмдүктө *поэмаларды* жазыш милдети турган болчу (Ж. Т.). *Ай орбитасынын* жерге эң жакын *точкасы—перигей*, ал эми эң алыс точкасы — *апогей* деп аталат (астрономия). *Протоплазма* — илешкен *коюу масса* болот, анын түзүлүшү абдан татаал (анатомия).

Борборун анын *очогу* же *гипоцентр* дейт, ал эми тик үстүндөгү жер бетиндеги борбору — *эпицентр* делет (геология).

Мээнин кыртышында болгон козголуу жана *тормоздоо* бир гана жерде турбастан, тегерегиндеги участокторго да тарайт. Муну *иррадиация* дейт (медицина).

Белоктор, углеводдор, водороддор, кислороддон, азоттон, күкүрттөн жана башка элементтерден турат (химия).

В. И. Ленин *легалдык марксисттерди* эң катуу түрдө критикалап, алардын *либералдык-буржуазиялык* ички мазмунунун айыбын ачкан (КПССтин тарыхы).

Полимердик молекулаларды түзүп жаткан *химик* пейзаж тартып жаткан художникти элестетет (К. С.). Кыш алдында эгилген өсүмдүктүн *вегетациясынын фазалары* жазында эгилгенге караганда эрте башталат («Кыргызстан айыл чарбасы»). *Циклон методу* менен жалаң гана күкүрттү жана *окистүү сурьманы* бөлүп албастан, анын таштандыга кеткен шлагын кайра иштетүүдө турат (Адамкулов). Бул сүйлөмдөрдөгү асты сызылган терминдик маанидеги сөздөр, сөз айкаштары илимий стилдин лексикасын түзөт.

Кыргыз адабий тилинин алгачкы түзүлүү мезгилинде интернационалдык терминдердин ордуна кыргыз тилинен анын эквивалентин издөө, кыргыз тилинин ички байлыктарын пайдалануу аракет кылуулар болгон, бирок көпчүлүк терминдердин ылайыксыз тандалып алынгандыгы байкалат. Мисалы, *төңкөрүш, көңтөрүш* деген сөздөр *революция* деген сөздүн ордуна колдонулган: Ушуну менен көтөрүлүштүн төңкөрүшчүл маанисин түшүндүрүүгө болот. В. И. Ленин «Бул күн чыгышмагы *көңтөрүш»* — деп, баа берген (А. Мыктыбеков). Азыр булардын ордуна революция деген сөз колдонулат. Ошондой эле агитация, *кадр* деген сөздөрдүн ордуна *үгүт, күч* деген сөздөр пайдаланылган: Анткени *үгүтчүлөр*, тарых окуучулар жетишпеген («Коммунист»). *Күч* даярдоо жумушу бир гана азыркы ачылып жаткан педагогия институту, комуниверситет аркалуу болмок (А. Мыктыбеков).

Көркөм адабий стилде синонимдер кеңири колдонулат да, сүйлөмгө эмоционалдуу, экспрессивдүү маани берет, об-

раздуулукту күчөтөт. Ал эми илимий стилде колдонулуучу илимий-техникалык терминдер үчүн синонимдик катарлар мүнөздүү эмес, синоним-терминдер аз жолугат: *Лингвистика — языкознание* ж. б.

Орус тилинен өздөштүрүлгөн терминдер менен кыргыз тилинин төл сөздөрү катар колдонулуп, синоним түзүлүшү мүмкүн: *экзамен — сыноо; корреспондент — кабарчы; договор — келишим; тил илими — лингвистика, языкознание* ж. б. Бирок кээ бир синонимдик катарлар айрым оттеноктору боюнча бири-биринен аз да болсо айрымаланып турат. Ошол себептүү алар дайыма эле биринин ордуна экинчиси эркин колдонула бербейт. Айтылуучу ойго, стилдик максатка карай тандалып колдонулат. Мисалы, *согуш — уруш* өз ара синоним болгону менен, биринчисинин мааниси экинчисиникинен кеңири; *уруш* көбүнчө эки кишинин ортосундагы чатакты билдирүүдө колдонулат. Ошондой эле *аскер* конкреттүү эмес, жалпыланган мааниде колдонулганда *армия* деген сөз менен синонимдик катарды түзөт. *Аскер* көбүнчө элдик оозеки чыгармаларда, оозеки речте колдонулат. *Врач, доктор* деген синоним сөздөрдүн биринчиси орус тилинде медициналык термин катары жазма адабиятта кездешсе, экинчиси көбүнчө оозеки речте кездешет. Ал эми кыргыз тилинде бул синонимдердин басма сөздө болсун, оозеки речте болсун *доктор* деген түрү көбүрөөк колдонулат.

ИЛИМИЙ СТИЛДИН МОРФОЛОГИЯСЫ

Илимий стилдин морфологиясы функционалдык стилдин башка түрлөрүнөн анчалык деле айырмаланбайт. Бирок айрым сөз түркүмдөрүнүн, грамматикалык формалардын көбүрөөк колдонулушу же аз колдонулушу жагынан башка стилдерден аз да болсо айрымаланып турат.

Морфологиялык каражаттардын илимий стилде колдонулушун лексико-морфологиялык планда алып, төмөнкүдөй тартип менен көрсөтүүгө болот:

Зат атооч боюнча. Экспрессивдүү-эмоционалдык зат атоочтордон башкалары башка стилдерге кандай мүнөздүү болсо, илимий стилге да ошондой мүнөздүү. Мисалы, *Туфелька* сыяктуу эле *амёба* да *органикалык азыктар,* негизинен, *бир клеткалуу балырлар* менен азыктанат. *Амёба балырды* туш тарабынан акырындык менен курчап, аны ичине киргизип алат. Мында азыркы *протоплазмадан* бөлүнүп чыгуучу *тамак сиңирүүчү суюктук* курчайт. *Ыйлаакча* (тамак сиңирүүчү *вакуоль)* пайда болуп, анда *азыктын бөлүкчөлөрү* эриген затка айланат (Зоология; орто мектептер үчүн окуу китеби, 1957 , 11-бет).

Элдин турмуш жагынан болгон *таламдарын* камсыз кылууда бардык болгон *резервдерди* толук пайдалануууда *Советтер* барган сайын көп *мүмкүнчүлүктөргө* жетишип отурушат. (Ж. Малабаев).

-ууда мүчөсү кыргыз тилинде кийинки мезгилдерде гана кеңири колдонула баштады. Бул форма аркылуу уюшулган учур чак өзгөчө илимий жана публицистикалык стилдерге мүнөздүү: Өзгөчө чөбү бийик шалбаалардын чөбүнүн ичинде отоо жана уу өсүмдүктөрдүн саны жылдан жылга *көбөйүүдө* жана тескерисинче, шалбаа чөбүнүн ичинде ак сотонун жана башка балуу өсүмдүктөрүнүн жыйымы *кемүүдө* (Кыргызстандын жаратылышын сүйгүлө, коргогула). Аркандар химиялык жиптер менен *толук алмаштырылууда* (А. Сулайманов).

Ошондой эле илимий стилдеги сүйлөмдөрдүн баяндоочтору кыймыл атооч *-уу, -оо* + барыш жөндөмө + *болот, тийиш* (*-ууга тийиш, -ууга болот*) формасында уюшулуп, айтылуучу ойдун аткарылышы толук мүмкүн экендигин же аткарылышы зарыл экендигин билдирет. Мисалы, Аны менен белгилүү бир участокту каптап жылгаяк аянтчасын *жасоого болот* (А. Сулайманов). Ошондуктан калемчелерди кесүү мөөнөтү фенологиялык байкоолор менен аныкталууга тийиш (Кыргызстандын жаратылышын сүйгүлө, коргогула).

Айрым терминдер биротоло калыптанууга чейин белгилүү бир баскычты басып өткөндүгүн көрүүгө болот. Алсак, 30—жылдарда орус тилинен кабыл алынган кээ бир терминдердин аягындагы грамматикалык формалар (*мис. -ский, -изм*) кыргыз тилинде *-чыл* мүчөсү аркылуу берилип келген: *сатсиялчыл, империалчылар* урушу (азыр *социалисттик, империалисттик* ж. б.).

Айрым мүчөлөрдүн колдонулушунда мүчүлүштөрдүн болгондугу байкалат. Мисалы: ...кеңеш өкмөтү менен компартиянын *чечимдеринен* толук пайдаланып, турмушка *ашырган жок* (А. Мыктыбеков). П. М. Никифиров Кемин жер титирөөсүндө бошоп чыккан *кубатты эсептесе,* ошол жер титирөөдөгү бошоп чыккан *кубаттын саны* союздагы эң ириси болуп эсептелет (Н. Данияров). Бул сүйлөмдөрдөгү *чечимдеринен* деген сөз чыгыш жөндөмө эмес, табыш жөндөмөдө, *кубаттын* деген сөз табыш жөндөмөдө эмес, илик жөндөмөдө туруу керек эле. Ошондо гана стилдик жагынан жатык, адабий тилдин нормасына туура келмек.

Ошондой эле кээ бир мүчөлөр бир жерде түшүп калса, экинчи жерде ашык колдонулган учурлары кездешет: Ошол жылдардан тартып сабатсыздыкты жоюу майданында чоң

бурулуш жасалды (А. Мыктыбеков). Бул сүйлөмдө *сабатсыздыкты* деген сөздүн аягындагы табыш жөндөмөнүн мүчөсү ылайыксыз түшүрүлүп айтылган.

Зат атоочторго жалгануучу *-тай, -чак, -ке* сыяктуу кичирейтүү, эркелетүү маанисиндеги мүчөлөр илимий стилге мүнөздүү эмес.

Сын атоочтор боюнча. Зат атоочтор сыяктуу эле, сын атоочтор да бардык стилдин көпчүлүк түрүндө колдонулат, бирок баарында бирдей даражада эмес: биринде бардык түрү тең жыш колдонулса, экинчисинде анчалык эмес, сейрек колдонулушу мүмкүн. Мисалы, күчөтмө сын атоочтор илимий стилге караганда көркөм адабий чыгармаларда кеңири колдонулат. *-ыраак* формасындагы салыштырма сындар жана жай сындар илимий стилде көп жолугат. Мисалы: Оң каармандардын образын андан да *даанараак, ачыгыраак* көрсөтүү үчүн, автор анын антиподу Саадатты *күчтүү, амалкөй* кылып көрсөтүүдөн тартынбайт (К. Асаналиев). Ч. Айтматовдун аталган повести да орусча жазылганы менен, кыргыз элинин улуттук мүнөзүн *тереңирээк* жана *даанарак* ачып берет (А. Садыков). Анда 19-кылымдын экинчи жарымындагы кыргыз кыздарынын эрксиз турмушу дагы *толугураак, ачыгыраак* берилген (Ж. Төлөев). Ошол жумурткалардан бир нече күндөн кийин сырты назик келген *боз ала* кабык жапкан личинкалар (кокондор) пайда боло баштайт. Жакшылап кургатылган кокондор *ак саргыл* же *боз ала* болушат (А. Алтымышев).

Катыштык сын атоочторду уюштуруучу *-гыс, -гыр, -чан, -мер* ж. б. мүчөлөргө караганда *-лык, -луу, -ий* формалар активдүү колдонулат. Ошол кездеги коомдук, социалдык шарттар, таптык жиктелүүлөр, күндөлүк тиричилик, улуттук адат, салттар жана башка учурлар тыгыз бирдикте сүрөттөлөт (Ж. Төлөев). Эгер акын *таланттуу* болсо, көп эмгектене билсе, поэзия *көлөмдүү* прозада берилген ойлорду, идеяны сөзсүз бере алат.

Ат атоочтор боюнча. Сүйлөм ичинде ат атоочтун колдонулушунун стилдик зор мааниси бар: ал бир эле сөздү бир нече жолу кайталабоого шарт түзөт. Ат атоочтор, стилдин башка түрлөрүндөгүдөй эле илимий стилде да кеңири колдонулат. Мисалы: *А. Осмоновдун* чыгармаларынын көпчүлүгү эмгекчи элге арналган. *Ал* жөнөкөй кызылчачы келиндин эмгегинен турмуштун ачык-айкын поэзиясын көрө билет. *Анын* эмгек темасындагы ырларынан эмгекти сүйгөн мээнеткеч, карапайым адамдардын образдары көз алдынан чубай өтөт (К. Кырбашев).

Кычкылтектин ачылышы жана *анын* касиеттерин окуп билүү абанын составын изилдөөгө жол ачты (Химия окуу китебинен) ж. б.

Бул же тигил маселенин тегерегинде сөз болгондо, андагы айрым сөздөрдү улам кайталоодон качуу үчүн ушуга окшогон ат атоочтор колдонулат. Мына ушунун өзү эле өзүнчө бир стилдик ыктын түзүлүшүнө алып келген.

Ат атоочтордун ичинен *биз* өзүнүн негизги функциясында (1-жак, көптүк түрүндө) колдонулуу менен бирге, илимий эмгектерде 1-жак жекелик *мен* жактама ат атоочунун функциясын да аткарып калат. *Биз бул эмгегибизде* кийинки жылдарда жазылган аңгеме менен повесттерге токтолдук (М. Түлөгабылов). *Биз өзүбүздүн* эмгегибизде мына ушул гана максатты көздөп, отузунчу жылдардагы кыргыз прозасынын айрым маселелерине токтолмокчубуз (К. Асаналиев). Мында *биз* ат атоочу түрү жагынан көптүктү көрсөтүп турганы менен, мааниси жагынан *мен* деген жактама ат атоочтун функциясын аткарып жалпылоо маанисинде келген.

Сан атооч боюнча. Сүйлөм ичинде алган орду, берген мааниси боюнча сан атоочтордун бул стилде колдонулушунда башка стилдерден айырмасы жок. Бирок ар бир илимдин өзгөчөлүгүнө карай сан атоочтун айрым түрлөрү илимдин бир тармагында көбүрөөк колдонулса, экинчи бир түрү илимдин башка тармагына ылайык талданып колдонулат. Мисалы, математика, физика, биохимия ж. б. техникалык илимдер үчүн бөлчөктүк, эсептик сан атоочтордун колдонулушу мүнөздүү болсо, чамалама, жандама сан атоочтор анчалык мүнөздүү эмес. Ошондой эле сан атоочтордун метрдик ченем, проценттик жана градустук өлчөм менен айтылган түрлөрү экономика, химия, математика, медицина, географ, геология ж. б. илимдерде кеңири колдонулат. Мисалы: Бир килограмм жаңы жыйналган кокондордон *15—16 грамм* кургагын алууга болот. Чалкандын бийиктиги жер шартына жараша *70—80 сантиметрге* чейин жетет. От жагылган печке *60—70° температурада* бир саат бою кайнатат. Андан кийин аларды жукалап чачып, *30—40° ысыкта* кургатат. Эгер бүткүл дарыларды салыштырып карасак, алардын 40 процентке жакыны ар кайсы дары чөптөрдөн алынат (А. Алтымышев).

Тактоочтордон (*күндүр-түндүр, жайдыр-кыштыр, бүгүн-эртең* ж. б.) сын-сыпат тактооч (*тымызын, дароо, бекер, астасекин, ыйкы-тыйкы, айбанча, саал-паал*) ж. б. у. с. түрлөрүнөн башкалары башка стилдерде кандай колдонулса, илимий стилде да ошондой эле колдонулат. Ал эми табыш, элес тууранды жана сырдык сөздөр (*тарс-турс, жарк-журк, калдыр-шалдыр, багжаң-багжаң, желбир-желбир, баракелде, пай-пай, пах, ай,*

ой, эх) илимий стиль үчүн мүнөздүү эмес, булар көбүнчө көркөм адабий стилге мүнөздүү.

Этиш сөздөр боюнча. Илимий стилде этиштин бардык категориялары активдүү колдонулат. Илимий эмгектин негизги максаты бул же тигил маселе боюнча ой жүгүртүп, аны далилдеп, аныктап жана ал боюнча белгилүү бир жыйынтыкка келүү болгондуктан, сүйлөмдүн баяндоочтору да ошого ылайык колдонулат. Бул стилге этиштин категорияларынан төмөнкүлөр анчалык мүнөздүү эмес: 1) учур, келер, өткөн чактардын 2—3-жак жекелик, одоно, сылык түрү (мен изилдейм, сен анализ жасайсың, сиз жыйынтыгын чыгарыңыз); 2) ыңгай категорияларынан-*айын* (мен изилдейин), *-гын* (сен изденгин),*-сын* (ал изденсин) формалары; 3) модалдуулук категориясы (Ал ишин бүтүргөн окшойт). Этиштин башка категориялары, негизинен, илимий эмгектерде колдонула берет. Мисалы, Кыргызстандын түндүк бөлүгүндө көтөрүлүш өөрчүп отуруп, август айынын экинчи жарымында кеңири кулач жайды (Т. Сыдыкбеков).

XVIII кылымдын 50-жылдарынын аягында жана 60-жылдардын башында кыргыздар Талас жана Чүй өрөөндөрүндө, Ысык-Көлдүн жээктерине, Кочкорго, Жумгалга, Ат-Башыга жана Нарынга келип, бул жерге акырындык менен кайрадан орношо башташат (Б. Жамгырчинов).

Кызматчы сөздөр боюнча. Сөз менен сөздү, сүйлөм менен сүйлөмдү бири-бири менен байланыштырууда кызматчы сөздөр чоң роль ойнойт, айрымдары айтылып жаткан ойдун чындыкка карата болгон ар түрдүү катышын билдирет.

Кызматчы сөздөр башка сөз түркүмдөрүнө караганда, стилдин бардык түрүндө бирдей колдонулат. Мисалы, чейин, дейин, сайын, кийин, үчүн, менен, караганда, карата, карай ж. б. (жандоочтор); ошондуктан, андыктан анткени, жана, себеби, ошол себептүү ж. б. (байламталар); ырас, гана, эле, да, эң, өтө, так, дал, ж. б. (бөлүкчөлөр), албетте, сөзсүз, шексиз, арийне, балким, мүмкүн (модаль сөздөр) ж. б. ушуга окшогон кызматчы сөздөр көркөм адабият, публицистикалык стилдерде кандай кеңири колдонулса, илимий стилде да ошондой колдонулат. Булардын ичинен кыясы, сыягы, болжолу, чамасы, имиш ж. б. ушуга окшогон күмөндүк маанини берүүчү модаль сөздөр, сымак, сөрөй, чалыш ж. б. ушуга окшогон жандоочтор илимий стилге мүнөздүү эмес. Ал эми биринчиден, демек, тактап айтканда, биздин оюбузча ж. б. деген өндүү кириндi сөздөр башка стилдерге караганда, илимий стилге мүнөздүү.

Жыйынтыктап айтканда, илимий стилдин морфологиялык структурасы, жогоруда көрсөтүлгөндөй, башка стилдердикинен кескин айырмаланбайт. Тилдин морфологиялык каражаттары стилдин бардык түрлөрүнө таандык, баарына бирдей кызмат кылат. Бирок илимий иштердин мүнөзү, максаты ар башка, ар түркүн болгондуктан, морфологиялык каражаттар да бирдей даражада колдонулбастан, ар бирине ылайыкталып тандалып колдонулат. Натыйжада морфологиялык каражаттар да стилдик жагынан жиктелүүгө дуушар болот.

Илимий стилдин морфологиясы

Функционалдык стилдин түрлөрү бири-биринен сүйлөмдүн тигил же бул түрүнүн басымдуу колдонулушу жагынан да айырмаланып турушат. Илимий иштердин милдети илимий ой-пикирлерди, жыйынтыктарды, далилдөөлөрдү системалуу, логикалык жактан өз ара байланыштуу берүү болгондуктан, илимий стилдин синтаксисине жөнөкөй сүйлөмгө караганда, татаал сүйлөмдөр өзгөчө багыныңкылуу татаал сүйлөмдөр мүнөздүү келет. Мисалы Сурьманы окись түрүндө бөлүп ала турган болсо, сунуш кылынган методду колдонуу керек (К. Адамкулов). Бийик тоолуу жерлердин тоңу апрелдин башында гана эрий баштагандыктан, мындай жерлерге жазгы талаа жумуштарын ошол айдын экинчи жарымынан мурда жүргүзүү мүмкүн эмес.

Мында баш сүйлөм менен багыныңкы сүйлөмдөр тийиштүү мүчөлөрдүн жардамы менен өз ара байланышып, тизмектүү бир логикалык ойду түшүндүрүп турат.

Ошондой эле илимий стилде багынычсыз, аралаш татаал сүйлөмдөр, ар түрдүү татаал конструкциялар да кеңири колдонулат: Кыш алдында эгилген өсүмдүк өзүнүн алгачкы ведегетациясынын акырында генеративдик сабактарды пайда кыла *баштайт,* ал эми жазында эгилген өсүмдүк болсо, түптөнүү, өзөк байлоо фазасына жетүүгө аракет үлгүрөт («Кыргызстан айыл чарбасы»). Мындай конструкция толуктоочу багыныңкы сүйлөм экенин *билиш үчүн,* ага баш сүйлөмдүн баяндоочуна карай *эмне?* б. а., табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү уланган суроону бериш керек жана баш сүйлөмдүн баяндоочу, көбүнчө сүйлөөнү (речти) билдирүүчү *(сүйлө, айт, сура* ж. б.) ой-пикирди билдирүүчү *(ойло, эсте, түшүн* ж. б.) этиштерден болуу керек (А. Турсунов).

Жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрүнөн илимий стилде көбүнчө толук, жайылма сүйлөмдөр көп кездешет: Кишинин денеси теери менен капталган. Теринин астында аздыр-көптүр калың **май катмары жатат. Май катмарынын астында булчундар** жана алар бекитиле турган сөөктөр бар (А. Алдашев). СССРдин территориясында күндүн толук тутулуулары 1914, 1936, 1942, 1954, 1968-жылдарда байкалган (К. Жанузаков). Дени соо чоң кишинин жүрөгү минутасына 60—70 жолу жырылат (Ж. Турусбеков).

ой, эх) илимий стиль үчүн мүнөздүү эмес, булар көбүнчө көркөм адабий стилге мүнөздүү.

Этиш сөздөр боюнча. Илимий стилде этиштин бардык категориялары активдүү колдонулат. Илимий эмгектин негизги максаты бул же тигил маселе боюнча ой жүгүртүп, аны далилдеп, аныктап жана ал боюнча белгилүү бир жыйынтыкка келүү болгондуктан, сүйлөмдүн баяндоочтору да ошого ылайык колдонулат. Бул стилге этиштин категорияларынан төмөнкүлөр анчалык мүнөздүү эмес: 1) учур, келер, өткөн чактардын 2—3-жак жекелик, одоно, сылык түрү (мен изилдейм, сен анализ жасайсың, сиз жыйынтыгын чыгарыңыз); 2) ыңгай категорияларынан-*айын* (мен изилдейин), *-гын* (сен изденгин),*-сын* (ал изденсин) формалары; 3) модалдуулук категориясы (Ал ишин бүтүргөн окшойт). Этиштин башка категориялары, негизинен, илимий эмгектерде колдонула берет. Мисалы, Кыргызстандын түндүк бөлүгүндө көтөрүлүш өөрчүп отуруп, август айынын экинчи жарымында кеңири кулач жайды (Т. Сыдыкбеков).

XVIII кылымдын 50-жылдарынын аягында жана 60-жылдардын башында кыргыздар Талас жана Чүй өрөөндөрүндө, Ысык-Көлдүн жээктерине, Кочкорго, Жумгалга, Ат-Башыга жана Нарынга келип, бул жерге акырындык менен кайрадан орношо башташат (Б. Жамгырчинов).

Кызматчы сөздөр боюнча. Сөз менен сөздү, сүйлөм менен сүйлөмдү бири-бири менен байланыштырууда кызматчы сөздөр чоң роль ойнойт, айрымдары айтылып жаткан ойдун чындыкка карата болгон ар түрдүү катышын билдирет.

Кызматчы сөздөр башка сөз түркүмдөрүнө караганда, стилдин бардык түрүндө бирдей колдонулат. Мисалы, чейин, дейин, сайын, кийин, үчүн, менен, караганда, карата, карай ж. б. (жандоочтор); ошондуктан, андыктан анткени, жана, себеби, ошол себептүү ж. б. (байламталар); ырас, гана, эле, да, эң, өтө, так, дал, ж. б. (бөлүкчөлөр), албетте, сөзсүз, шексиз, арийне, балким, мүмкүн (модаль сөздөр) ж. б. ушуга окшогон кызматчы сөздөр көркөм адабият, публицистикалык стилдерде кандай кеңири колдонулса, илимий стилде да ошондой колдонулат. Булардын ичинен кыясы, сыягы, болжолу, чамасы, имиш ж. б. ушуга окшогон күмөндүк маанини берүүчү модаль сөздөр, сымак, сөрөй, чалыш ж. б. ушуга окшогон жандоочтор илимий стилге мүнөздүү эмес. Ал эми биринчиден, демек, тактап айтканда, биздин оюбузча ж. б. деген өндүү кириндi сөздөр башка стилдерге караганда, илимий стилге мүнөздүү.

Жыйынтыктап айтканда, илимий стилдин морфологиялык структурасы, жогоруда көрсөтүлгөндөй, башка стилдердикинен кескин айырмаланбайт. Тилдин морфологиялык каражаттары стилдин бардык түрлөрүнө таандык, баарына бирдей кызмат кылат. Бирок илимий иштердин мүнөзү, максаты ар башка, ар түркүн болгондуктан, морфологиялык каражаттар да бирдей даражада колдонулбастан, ар бирине ылайыкталып тандалып колдонулат. Натыйжада морфологиялык каражаттар да стилдик жагынан жиктелүүгө дуушар болот.

Илимий стилдин морфологиясы

Функционалдык стилдин түрлөрү бири-биринен сүйлөмдүн тигил же бул түрүнүн басымдуу колдонулушу жагынан да айырмаланып турушат. Илимий иштердин милдети илимий ой-пикирлерди, жыйынтыктарды, далилдөөлөрдү системалуу, логикалык жактан өз ара байланыштуу берүү болгондуктан, илимий стилдин синтаксисине жөнөкөй сүйлөмгө караганда, татаал сүйлөмдөр өзгөчө багыныңкылуу татаал сүйлөмдөр мүнөздүү келет. Мисалы Сурьманы окись түрүндө бөлүп ала турган болсо, сунуш кылынган методду колдонуу керек (К. Адамкулов). Бийик тоолуу жерлердин тоңу апрелдин башында гана эрий баштагандыктан, мындай жерлерге жазгы талаа жумуштарын ошол айдын экинчи жарымынан мурда жүргүзүү мүмкүн эмес.

Мында баш сүйлөм менен багыныңкы сүйлөмдөр тийиштүү мүчөлөрдүн жардамы менен өз ара байланышып, тизмектүү бир логикалык ойду түшүндүрүп турат.

Ошондой эле илимий стилде багынычсыз, аралаш татаал сүйлөмдөр, ар түрдүү татаал конструкциялар да кеңири колдонулат: Кыш алдында эгилген өсүмдүк өзүнүн алгачкы вегетациясынын акырында генеративдик сабактарды пайда кылла *баштайт,* ал эми жазында эгилген өсүмдүк болсо, түптөнүү, өзөк байлоо фазасына жетүүгө аракет үлгүрөт («Кыргызстан айыл чарбасы»). Мындай конструкция толуктоочу багыныңкы сүйлөм экенин *билиш үчүн,* ага баш сүйлөмдүн баяндоочуна карай *эмне?* б. а., табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү уланган суроону бериш керек жана баш сүйлөмдүн баяндоочу, көбүнчө сүйлөөнү (речти) билдирүүчү *(сүйлө, айт, сура* ж. б.) ой-пикирди билдирүүчү *(ойло, эсте, түшүн* ж. б.) этиштерден болуу керек (А. Турсунов).

Жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрүнөн илимий стилде көбүнчө толук, жайылма сүйлөмдөр көп кездешет: Кишинин денеси тери менен капталган. Теринин астында аздыр-көптүр калың **май катмары жатат. Май катмарынын астында булчундар жана алар бекитиле турган сөөктөр бар** (А. Алдашев). СССРдин территориясында күндүн толук тутулуулары 1914, 1936, 1942, 1954, 1968-жылдарда байкалган (К. Жанузаков). Дени соо чоң кишинин жүрөгү минутасына 60—70 жолу жырылат (Ж. Турусбеков).

Жөнөкөй сүйлөмдүн калган түрлөрү, атап айтканда, кемтик, атама, жалаң сүйлөмдөр бул стиль үчүн мүнөздүү эмес.

Илимий стилдин синтаксисине тике жана кыйыр сөздөр мүнөздүү. Тике сөз, негизинен, илимий-монографиялык эмгектерде жолугат. Мында автор өзүнүн оюн бекемдөө үчүн башка бирөөнүн пикирине таянат: Айбандар нерв системасы аркылуу сырткы чөйрө менен татаал байланыштарды түзөт, бирок алар өздөрүнүн биологиялык керектөөсүнө (же талап кылышына) көз карандысыз сырткы чөйрөнү чагылдыра албайт. Бул жөнүндө Ф. Энгельс мындай деген: «...Айбандар сырткы жаратылышты пайдаланганды гана билишет жана өздөрүнүн катышуусунун аркасында жөнөкөй өзгөрүүлөргө алып келет. Адам болсо жаратылыштагы өзгөрүүнү өздөрүнүн максатына ылайык кызмат кылууга аргасыз кылат, аны башкарат. Бул адамдын калган айбандардан негизги айырмачылыгы жана ушул айырмачылыгы менен... баары бир эмгектенүүгө милдеттүү» (В. И. Лениндин мурасы жана азыркы доор). Мында автор Ф. Энгельстин сөзүн кубаттоо менен бирге, өзү да ушул пикирде экенин далилдөө үчүн колдонгон.

Илимий иштерде бөтөн сөз кээде которулбай да берилет. Мисалы: Сөздөр өз алдынча түшүнүктөрдү билдирип жана жалпылай да алат. В. И. Ленин: Всякое слово (речь) уже обобщает... мысль и слово — общее»,— деп үйрөтөт.

Бул стилге бөтөн сөздүн кыйыр түрдө айтылган формасы да мүнөздүү. Мисалы: Мындай учурда, Л. Н. Харитонов менен Э. В. Севортян белгилегендей, уңгу билдирген түшүнүк атоочтон этишке өткөндөй эле болуп сезилет.

Илимий стилде чакчыл, атоочтук түрмөктөр көп колдонулат да, айтылуучу ойду кеңири өз ара байланыштуу, системалуу берүүгө жардам берет: Тегиз такта болуп, баш алып ыргалып, көлдөй толкуп турган эгинди күтпөгөн жерден мөндүр сабап кеткенде, катуу өкүнүп, ачуу ызаланган дыйкан сыңары, Саадат өзү жаат баштап чатак чыгарганын көргөндөн бери, Сапарбай өкүнүчтүү, ызалуу, камыгып ачулуу (К. А.). Жазгыч акындар эскини ашкерелеп, жаңыны кубаттаган көлөмдүү, жогорку идеялуу көркөм чыгармалары менен кыргыз жазма адабиятынын башатын түзүштү (С. Байходжоев). Али да болсо турмушту үстүртөн таанып, эч кимден запкы тарта элек жаш жигит өз башына түшкөн биринчи кыйынчылыкты ушундай тосту (К. А.).

Ойду ыраттуу, жыйынтыктуу жана логикалык жактан байланыштуу берүү максатында илимий стилде ар түрдүү байламталар, киринди сөздөр да кеңири колдонулат: анткени, себеби, жана, да, ошондуктан, ошол үчүн; албетте, ариймне, сөзсүз, шексиз, мүмкүн, тактап айтканда, башкача айтканда, баарыдан мурда, менимче, биздин оюбузча, айтор, адат-

та, биринчиден, бир сөз менен айтканда, айталык, демек, негизинен, кыскасын айтканда ж. б. Мисалы, Кыскасын айтканда, Менделеевдин мезгилдик системасынын 60 ка жакын элементтери Кыргызстандын аймагында кездешет (К. Адамкулов). 1954-жылдын ичинде гана республиканын колхоздорунда дан эгиндеринин жана чанактуу дан эгин өсүмдүктөрүнүн дүң түшүмү 35,6 процент өскөндүгүн, башкача айтканда, 1953-жылга караганда үчтөн бир эсе көбөйгөндүгүн көрсөткөнүбүз жетишерлик болот (Т. Искаков). Чак категориясы, негизинен, этиштин баяндагыч ыңгайына мүнөздүү болуп, анын негизин түзөт (А. Турсунов).

Көркөм стилдин айрым маселелери

Көркөм адабияттын тили өзүнүн образдуулугу, таасирдүүлүгү жана экспрессивдүү-эстетикалык касиетке ээ болушу менен стилдин башка түрлөрүнөн айырмаланып турат. Көркөм адабият турмуштун көп кырдуу жактарын чагылдырып, көпчүлүк окурмандарга арналат. Көркөм адабиятта колдонулуучу тилдик каражаттар өтө бай жана ар түрдүү.

Мындай каражаттар автордун баяндоосунда, көбүнчө персонаждардын тилинде учурайт. Максат: персонаждардын өзгөчөлүктөрүн бузбай берүү, жергиликтүү колоритти сактоо. Көркөм адабияттын стилинде көркөм сөз каражаттарынын түрлөрү да кеңири колдонулат. Жазуучу тилдик каражаттарды өз чыгармасында айтайын деген оюна, көрсөтөйүн деген окуясына, сүрөттөйүн деген образына ылайыктап колдоно билүү керек. Ошондо гана чыгарманын көркөмдүк деңгээли артып, эстетикалык ролу күчөйт. Бирок сөздөрдү тандап алып, аларды өз-өз ордунда колдоно билүү ар бир жазуучуда бирдей деңгээлде болбошу мүмкүн, анткени бул маселе жазуучулардын ар биринин конкреттүү өзгөчөлүктөрү (турмуштук чындыкты тааный билүүсү, ага баа бере билиши жана аны өз чыгармасында устаттык менен чагылдыра алуусу ж. б.) менен байланыштуу. Биз эскирген сөздөрдүн (архаизм, историзм), неологизмдердин жана көркөм сөз каражаттарынын көркөм адабиятта стилдик функцияда колдонулушуна кыскача токтолобуз.

Эскирген сөздөр. Тилдин үзгүлтүксүз өсүп, байып турушу менен кээ бир сөздөр эскирип, кээ бир сөздөр жаңыдан пайда болуп турат. Азыркы кезде күндөлүк турмушта колдонулбаган, эгер колдонулса да өткөн эски доордун элестеринен кабар берүүчү сөздөр эскирген сөздөрдүн катмарын түзөт. Андай сөздөрдүн лексикадан биротоло чыгып, колдонулбай калышы — узак убакытка созулчу процесс. Ал эң мурун акырындык менен активдүү сөздөрдүн катарынан пассивдүү сөздөрдүн катарына, андан барып өтө аз колдонулуучу архаизм сөздөр-

дүн катарына сүрүлөт да, андан кийин ал сөздөр таптакыр колдонуудан чыгып калат, — дейт Н. А. Баскаков[1].

Эскирген сөздөр өз ич ара архаизмдер жана историзмдер болуп бөлүнөт.

Историзмдер. Өзүлөрү туюндурган түшүнүктөрдүн жоюлушу менен кошо жоюлуп, изилдөөчү-тарыхчы же жазуучу тарабынан белгилүү бир доордун өзгөчөлүгүн ачып жана аны сүрөттөп көрсөтүүдө гана колдонулуучу эскирген сөздөрдү историзмдер деп атайбыз[2]. Историзмдер белгилүү бир эскирген түшүнүктү атап көрсөтөт да, колдонулушу жагынан пассивдүү келет. Өткөн мезгилдердеги коомдук түзүлүштүн тушунда орун алган административдик, территориялык бөлүнүштөр, аларды башкаруучу, тейлөөчү уюмдар, колдонулган буюмдар ж. б. жөнүндө биз азыр ар түрдүү адабияттардагы историзмдер аркылуу гана биле алабыз. Историзмдердин басымдуу көпчүлүгү көбүнчө башкаруу жана мамлекеттик кызмат аттарына байланыштуу болот. Кыргыз тилиндеги историзмдер катарында төмөнкү сөздөрдү атоого болот:

болуш — падышалык Россияда уезддин бир бөлүгү болуп эсептелинген эски административдик-территориялык бөлүнүшү, волость, ушундай бөлүнүштүн башкаруучусу;

бий — революцияга чейинки сот милдетин аткаруучу адам;

губурнатыр — революцияга чейинки Россиядагы губерниянын (административдик-территориялык бөлүнүш) начальниги;

оёз — уезддин начальниги, уездной;

чөп ооз — бирөөнүн жеринен малын откозгондугу үчүн төлөнүүчү салык;

ыстарчын — карамагында элүүдөн эки жүз элүүгө чейин үй-бүлө болгон айыл башчысы.

датка — Кокон хандыгы мезгилинде берилүүчү, чин жагынан полковникке тең өзү турган жердеги элдин арызын ханга жеткирип туруучу адам;

чекер — приказчик, кызматчы (өзгөчө соода ишинде);

чаарыкер — башка бирөөнүн курал-жабдыгы менен иштеген жеринен алынган түшүмгө орток болуучу жалданма адам;

саркер — жол баштоочу, согуштук отряддын командири, жетекчиси ж. б.

Ошондой эле *хан, вазир, зындан, зоолу, нөкөр, так, таажы, ордо, амир* ж. б. деген сыяктуу толуп жаткан сөздөр да өздөрү туюндурган заттардын жоюлушу менен тилде өтө сейрек колдонуп, кийин историзмге өтүп кетишкен.

---

[1] *Баскаков Н. А.* Развитие языков и письменности народов СССР.— Вопросы языкознания, № 3, 1952.

[2] *Левковская К. А.* Лексикология немецкого языка. М., 1956, 56-б.

Архаизмдер. Кээ бир эскирген сөздөр азыр турмушта көп кездешпесе да, заттарды атап турган сөз тилдин лексикалык составынан чыгып калбайт. Анткени бул сөздөр өзүлөрүнүн түз маанисинде болбосо да өтмө мааниде активдүү колдонулат.

Тилдин өнүгүшүнүн белгилүү бир этабында өзү туюндурган түшүнүктү өзүнө синонимдеш болгон башка сөз менен алмаштырып атай берет. Мындай сөздөр архаизмдер болот[1]. Мисалы, *жаа, жебе, саадак, найза* ж. б. дегендер азыр эскирген сөздөр болсо да, өтмө мааниде активдүү колдонула берет: *сааттын жебеси, жаа* (математикалык термин) ж. б.

Архаизмдер азыркы адабий тилде активдүү колдонуудан чыгып калган сөздөр, бирок ал сөздөрдүн өзү эскиргени менен, алар туюндурган түшүнүк эскирбейт, тек гана жаңы мазмун, жаңы аталышка ээ болот.

Өткөн мезгилдерде болуп өткөн тарыхый окуяларды көркөм адабиятта чагылдыруу үчүн, ошол мезгилдин духун, мүнөздүү өзгөчөлүгүн, элдин кулк-мүнөзүн, жашоо шартын, маданий дэңгээлин ж. б. сүрөттөп көрсөтүү үчүн жазуучу ошол учурда колдонуп жүргөн саясий-коомдук жана турмуштук ар түрдүү маанидеги терминдерди, сөздөрдү колдонот. Ч. Айтматов, Т. Сыдыкбеков, Ж. Турусбеков, А. Токомбаев, К. Маликов, К. Жантөшев, Т. Касымбеков ж. б. жазуучулардын тарыхый окуяларга арналган чыгармаларында эскирген сөздөрдү өз ордуна чеберчилик менен пайдаланышкан.

Тарыхый чыгармаларды жазууда жазуучу эски турмуштун картиналарын берүү максатында эскирген сөздөрдү да пайдалануу мажбур болот. Андай сөздөрдүн көпчүлүгү азыр окуучуларга түшүнүксүз да болушу мүмкүн: *шартнама, соорун, селбик, даачан, датка, чааракер, шөкүлө, такыя, таажы, бой тумар, чачпак, тай туяк, саканак, наштар, кызыл чок, оёз, чөп ооз, шаңыя, саркер, паңсат, удайчы, аталык, шылк этме, сарпай, черик, кантком, ачейке, уруят, батырачком.*

Чыныгы художниктердин архаизмдерге өтө этияттык менен мамиле кыла тургандыктары жөнүндө айтып келип, Г. А. Абрамович архаизмдерди көп эле пайдалана берүү чыгарманын тилин «бузуп», сөз кылынып жаткан нерсени түшүнүүдө кедерги боло тургандыгын көрсөтөт[2]. Эскирген сөздөр Т. Касымбековдун «Сынган кылыч» аттуу романында өтө көп колдонулган, алардын айрымдарын контекстсиз, кээде контекстин ичинде да түшүнүүгө кыйын болуп калган учурлар кездешет: Кызыл кийинген *сарбаздар* далдакташып, ... орнотуп жатышат. Бухарага кайтып бараткан жолдо уюшкан *ку-*

---

[1] *Левковская К. А.* Аталган эмгек, 56-бет.

[2] *Абрамович Г. А.* Введение в литературоведение. М., 1953, 126-б.

тумдарынын колунан өзү да өлүп тынат. *Удайчылар* кайда жүрүшөт? Ушул учурда жалгыз гана *удайчы* жок болуп чыкты. ...анын амирине *ыкрарлыктын* белгиси катарында кыйбат тартуу жиберип, бат эле өзү билип жөнөтүп салмак ж. б.

Эскирген сөздөр көркөм образ түзүүдө жана эски турмушту чагылдырууда маанилүү каражаттардын бири болуп эсептелет. Жазуучулар өткөн доордогу чындыкты көрсөтүү үчүн ошол заманда жашаган элдин үрп-адатын, салт-санаасын, курал-жабдыгын, кийим-кечегин, ичкен тамагын, эң негизгиси тилин билбесе, алардын көркөм образын түзүү да кыйын болор эле. Тарыхый темага кайрылган жазуучулар ошол себептүү эскирген сөздөргө өзгөчө көңүл бөлүшөт. Бирок ошол эскирген сөздөрдү өз ордунда, өз ыгы менен жана окуучуга түшүнүктүү кылып колдоно билүү жазуучунун устаттыгына жана тил байлыгына байланыштуу болот.

Неологизмдер — бир тилде жаңыдан пайда болгон сөздөр, ушунун аркасында көпчүлүккө толук тарабаган, тараса да, өзүнүн жаңылыгын али жоготпогон, басма сөздөн жаңыдан орун ала баштаган сөздөр[1].

Неологизмдердин пайда болушу Октябрь революциясынан кийинки мезгилге тиешелүү. Бул закондуу көрүнүш, анткени Улуу Октябрь социалисттик революциясы кылымдар бою эзилип келген калктарга, ошону менен катар кыргыз элине да боштондук берди.Элибиздин экономикасы өнүгүп, формасы улуттук, мазмуну социалисттик маданияты өстү. Социалисттик жаңы коомдук курулуш өзү менен бирге көптөгөн жаңы түшүнүктөрдү ала келди, бул түшүнүктөрдү атоо үчүн жаңы сөздөр пайда болду. Жаңыдан пайда болгон сөздөр, адатта, акырындык менен жалпы элдик мүнөзгө ээ болот. Илимий-техникалык терминдер гана өзүнө тиешелүү тармакта активдүү колдонулуп, жалпы элдик лексикага көп өтпөйт. Неологизмдер жаңы түшүнүк билдирүү менен, кээде алардын аты катары тандалып алынган сөздөр мурунку эски сөздөрдөн болушу да мүмкүн; мындай учурда мурунтан эле колдонулуп келе жаткан төл сөз жаңы маанини туюндуруп калат.

Неологизмдер тилде дайыма эле өзүнүн жаңылыгын сактап тура бербейт. Алар жалпы элдик мүнөзгө ээ болуп, практика жүзүндө кеңири колдонула баштоо менен жаңы сөз болуудан калат да, акырындап тилдин негизги сөздүк фондусуна кирип, пассивдүү сөздөрдүн катарынан актив сөздөрдүн катарына өтөт[2]. Айрымдары, тескерисинче, тилде убактылуу

---

[1] *Мусабаев Г. Г.* Современный казахский язык, часть I. Алматы, 1959, 91-бет; *Мамытов Ж.* Кыргыз тилиндеги неологизмдер. Фрунзе, 1966-ж.

[2] *Шанский Н. М.* Лексикология современного русского языка. М., 1964, 158-б.

гана колдонулуп, кийинчерээк эскирген сөздөргө айланат. Мисалы, совет бийлигинин алгачкы жылдарында жаңыдан пайда болгон *жалчылар комитети, комсомол, ВЛКСМ, ВКП, ВКП* ж. б. *лык, батрачком* сыяктуу сөздөр аз учурда неологизм катары колдонулуп келген да, кийинчерээк алар түзөндүрүлгөн түшүнүктөрдүн турмушкан чыгып калышы (же башка сөздөр менен алмашылышы) менен алар эскирген сөздөргө өтүп кетишкен.

Көркөм адабий чыгармаларда учурдагы чындыкты чагылдырып көрсөтүүдө, эскирген сөздөр сыяктуу эле, неологизмдердин да ролу чоң. Жаңыдан пайда болгон сөздөрдү өз чыгармаларында кеңири колдонуп, аларды элге таратууда жазуучулардын эмгеги зор. Жалпы адам баласына келген *прилет* болду (Т. С.) Айгүлдүн атасы *комсомолдор сокзунун* чогулушунан ушул үйдү жеткеле кайтып ... кубанган (А. А). Кагылайын *кадеш* турганда даңы аттуу болормун (Ч. А.). *Ортонун* малы бир жерге топтолот (Т. С.). Аны *волкомго* чакырылышпан улам ... болуп кетти (Т. С.) ж. б.

Көркөм чыгармаларда, жалпы элдик неологизмдерден башка ар бир жазуучунун өзүнө гана таандык болгон неологизмдер да учурайт. Алар жаңыдан пайда болгон сөздөр эмес, мурунтан эле белгилүү сөздөр. Жазуучу аларга жаңы стилдик оттенок киргизип, жаңы мааниде колдонот. Мындай сөздөр ошол гана чыгарманын ичинде жашап, сүрөттөлүп жаткан окуяларды элестүү кылып берүү үчүн колдонулат. Мисалы, жазуучу Т. Сыдыкбеков өз чыгармаларында совет бийлиги орнот, кыргыз эли жаңыдан колхоздошууга бет алган учурдагы байларды жактагандарды *байчыл*, кедейлерди жактагандарды *кедейчил*, эски турмушту көксөгөн адамдарды *эскичилдер* деп, жаңы турмушка умтулгандарды *жаңычылдар* деп атаган: *Эскичилдер* — кедейлерди эзгендер, жалчы жумшап, камчы үйрүп, короосунун четине келгендерди тепкилегендер; *жаңычылдар* — кеңеш өкмөтү келгенден бери мал күткөндөр, аз кара күчү менен мал асырап, башкаларга кайрылгандар (Т. С.). ...Кеңеш өкмөтү *кедейчилбиз* дешет го. *Байчыл* көрүнөсүн сен да (Т.С.).

Т. Сыдыкбековдун чыгармаларында төмөнкүдөй стилдик неологизмдер да көп учурайт: *жоксуздар, каратамандар, кара боорлор; боз тондуулар, жыртык этектер* деген сөздөр стилистикалык максатта жалгыз гана кедей деген мааниде колдонулат:

Алар жок жерден *жоксуздарды* жазалап, айыпка жыккан далай көргөн («Зайыптар», 34-бет). Ага асылган Барс кан өзү *каратаман беле?* («Зайыптар», 413-бет). *Кара боор* адамдын кызы ынча жакта жүргөнү жакшы («Зайыптар», 319-бет). ...көкүрөгүн жаккайт

кан *боз тондууларга* карап, ... («Тоо арасында», 3-бет). Ал *жыртык этектин* кызын эр албаганда дүйнөдөн так өтмөк беле? («Темир», 9-бет). Ошондой эле *жоон чарбалар, атка минерлер, азылуу камандар, жакшылар* ж. б. деген сөздөр *байлар, шылуун активдер* деген түшүнүктү, *ак жоолук, ак башыл* деген сөздөр *аял* деген түшүнүктү билдирген: ... *атка минерлер* кайта ал жорукту мактап калышат («Зайыптар», 35-бет). *Жоон чарбалардын* баарына катуу тапшырма берилсин («Тоо арасында», 2-к. 174-бет). Жарыктык апам *ак жоолуктун* сырттаны эле («Зайыптар», 435-бет). Мындан ...менин ак башылым ийменер («Зайыптар», 379-бет). Бул сыяктуу индивидуалдык-стилдик неологизмдер көбүнчө жазуучунун чыгармасы чагылдырган тарыхый мезгилде же айрым заттарга мүнөздүү болгон көрүнүштөрдү, белгилерди экспрессивдүүлүк менен берүүдө гана колдонулуп, кийин адабий тилдин лексикасына кирбеши да мүмкүн.

Омонимдер. Сырткы формасы (тыбыштык сóставы) бирдей болуп, мааниси жагынан бири бирине окшобогон сөздөр омонимдер деп аталат[1].

Көркөм чыгармаларда омонимдер ар кандай стилдик максатта колдонулат. Бирок, алардын стилдик касиеттери анчалык күчтүү эмес, тек гана кээ бир учурларда экспрессивдүүлүктү күчөтүү үчүн жазуучулар тарабынан атайын колдонулгандыгы байкалат: Менин атым *кой*, мени сойгонунду *кой*, жаныма мыкты киши *кой* (А. У.). Омоним сөздөрдү сүйлөм ичинде колдонуу менен алардын лексикалык мааниси ачылып, такталып турат.

Мисалы, Минген *аты* жорго чалыш деген сүйлөмдөгү *ат* деген сөздүн ысымга же мылтык атууга эмес, минип жүрүүчү көлүккө тиешелүү экендиги сүйлөм тизмегинен белгилүү болуп турат.

Антонимдер. Көркөм чыгармаларда антоним сөздөр да кеңири учурайт. Алар көбүнчө сөз болуп жаткан нерсенин (заттын, көрүнүштүн, кубулуштун, окуянын ж.б.) кандайдыр бир белгисин баса көрсөтүүдө, ага окуучунун көңүлүн өзгөчө буруу керек болгон учурларда колдонулат: *Ый* менен *күлкүнүн* аягына чыкпай кыпын ордуна жок болчу да адам (Т. Сыдыкбеков). Баары мүнкүрөгөндөй, *кубаныч* да, *кайгы* да эми аларга бир баа өндүү (Т.К.).

Көркөм чыгармалар дээрлик көркөм образдар аркылуу гана жарала тургандыгы белгилүү. Ошондуктан көркөм сөз устаттары чыгармадагы образдарды сөз болуп жаткан окуя-

---

[1] *Гвоздев А. Н.* Очерки по стилистике русского языка. М., 1965, 67—72-беттер.

ларды көркөм, окуучуларга жеткиликтүү кылып берүүгө аракет кылышат.

Канча кылган менен Жамила турмуштун *ачуу-таттуусун* көп биле элек ... жаш да (К. Б.).

Мында турмушта болуучу жакшылык, жамандык, бактылуулук, кыйынчылык ж. б. сыяктуу ар кандай түшүнүктөрдүн ордуна колдонулду. Муну менен жазуучу, биринчиден, баяндоонун кыска жолун колдонсо, экинчиден, жогоруда саналган түшүнүктөрдүн баарын ичине камтый турган эмоционалдуу сөздү таап, аны менен айтайын деген оюн элестүү, көркөм кылып берүүгө жетише алды.

Кырктын кырынан өтүп, турмуштун *ысык-суугуна* канытып калган окшойт (К.К.). *Дос, душманды* айра таанып, турмуштагы *ак-караны* ылгай көргүлө (С. Ө.). Негедир өлүм алдында бул дүйнөнүн *жакшысы* да, *жаманы* да артында калып, кудай алдына баратам ... деген кезде намаз эсине келди (Т. К.). ...бу ою-кыры көп жериндин боорунан, *жакшы-жаманы* көп пенделериндин арасынан... бөлүк бер (Т. К.). *Туугандын* да, *душмандын* да көңүлү сынган окшоду (Т. К.). Качан гана жанга жабыр түшүп, кара башка күч келгенде *алыс* менен *жакындын* ортосу ченелип, *кастын, достун* кадыры билинет экен (Т. К.) ж. б.

Эмоционалдуу-экспрессивдүү сөздөрдүн колдонулушу

Сөздөр өзүнүн түпкү, негизги маанисинен башка кошумча маниге ээ болот. Кошумча маанилери контекстте гана ачылат, андай маанилери аркылуу сүрөттөлүп жаткан окуя, образ көркөмдүүлүккө, элестүүлүккө жетишет. Окуяларды, кубулуштарды сөздөрдүн өтмө маанилери менен баяндоочу көркөм сөз каражаттары троп деп аталат.

Троптун төмөнкүдөй түрлөрү бар: салыштыруу, эпитет, метафора, метонимия.

Салыштыруу. Жалпы окшоштукка ээ болгон эки нерсени, түшүнүктү, көрүнүштү бир-бирине салыштыруудан келип чыгуучу көркөм сөз салыштыруу болуп эсептелет[1].

Салыштырууда жалпы жонунан окшош келген эки нерсе салыштырылып, алардын өзгөчө бир касиети дагы күчөтүлүп, окуучунун сезимине көркөм таасир калтырылат. Салыштыруу үчүн заттар, көрүнүштөр туш келди эле алына бербейт; предметтик жана ички мазмундук окшоштуктары барлары гана тандалып алынат: Алимхандын тушунда Кокон *жел тийген өрттөй* күч алып өстү (Т. К.). Ордумдан учуп туруп *учкан куштай* жанына жетип бардым (Ч. А.). Ал кабар айылдан баш аягына *өрттөй* кетти (Т. С.).

---

[1] *Квятковский А.* Поэтический словарь. М., 1966, 280-б.

Мында кыймыл-аракеттин ылдамдыгы, тездиги биринде өрткө, экинчисинде учкан кушка салыштырылган.

Салыштыруу көркөм чыгармаларда көп колдонулат жана ал жазуучунун чеберчилигине карай ар түрдүү жолдор менен ишке ашырылат. Мисалы, бир нерсенин кичинелигин салыштырып көрсөтүүдө: *Тырмактай* кызга күйөөлөп барганча сууга агып кетели (К. К.). ... Жоон сандан *ийненин көзүндөй* жеринен ириң чыгып турат (К. Ж.). *Куш тилиндей* болсо да мунун чындыгы бар го (Т. С.). Мүйүзү менен уй кирди, териси менен кой кирди *тепкедей* болгон карынга (Э. И.). Бирок *таруудай* чындык жок, эки ортодо эл убара (Э. И.). *Муштумдай* баланы жарыбагыр дегени эмнеси? (Т. С.).

Салыштыруу дайыма эле бир калыпта колдонула берсе, штамп сыяктуу болуп, көркөмдүк өзгөчөлүгү бир аз солгундай түшүшү мүмкүн. Жазуучулар тарабынан бир эле көрүнүш ар кандай нерсеге жана ар кандай ык менен салыштырылып берилет: ... андан кара кагаз келгени *электр тогундай* бардык үйгө жетип барганда ... (Ж. М.). Бу сөз айылга *чагылган түшкөндөй* тарады (К. О.). Жеке ал эмес, бул айың *күзүндө тутанган өрттөн бетер* баратат (Т. С.). Бул мисалдардагы асты сызылган сөздөр ар башка жазуучулар тарабынан жалгыз гана *тез, бат* деген түшүнүктү берүү үчүн колдонулду.

Ошондой эле *акырын, табышсыз, үнсүз* деген түшүнүктү Т. Сыдыкбеков *чымын учса угулгандай, көлөкөдөй, кулак мурун кескендей* деп берсе, Касымбеков *жыландын куйругуна* салыштырат:

Бир саамга *чымын учса угулгандай* жымжырт боло түштү (Т. С.). ... дароо *ооздоруна кум куя койгондой* жымжырт боло калышты (А. Т.). Айлана *кулак-мурун кескендей* жымжырт болду да калды (К. Б.). *Жыландын куйругундай* гана эч табышсыз тууну ээрчигиле (Т. К.).

Салыштырууда өзгөчө *-дай* мүчөсү активдүү катышат жана *-ча, гансып, сыңары, сымал, окшоп, өңдүү, бетер* ж. б. дегендер да кеңири колдонулат:

Алдында ат басаңчалаганда *кайнап жаткан суу тымыган сыңары* ачуусу тарап. ... күлүп кетет (Т. С.). Баары эле *кабаган итке окшоп* ырылдап турушат (У. А.). Тамашаны эркин көрүп жаткан эл эмнегедир *карышкыр көргөн жылкыча* дүргүй түштү (К. К.). *Ак көйнөкчөн келиндей* болгон ак кайындар ... термелет (У. А.).

Салыштыруунун жогоруда көрсөтүлгөн ыкмаларынан башка дагы эки нерсенин же көрүнүштүн атын гана атап коюу менен да салыштырылат: Чырайын сурасаңыз — *көктөгү ай.* Назиктиги—*бактагы гүл.* Көздөрү *кара чара жүзүм.* Каштарын сурасаңыз — *учуп бара жаткан кардыгачтын канаты* (Ж. М.). Жылмайганы — *жыргал күн*, буга каршы чыгар ким? (А. Б.).

Эпитет. Көркөм адабияттарда кеңири колдонулуучу троптун экинчи бир түрү болуп саналат. Эпитет дегенибиз — сүрөттөлүп жаткан образдын, окуянын ж. б. мүнөздүү өзгөчөлүгүн, сапатын белгилөөчү сөз же сөз тизмеги. Анын туруктуу эпитет, мүнөздөмө эпитет ж. б. сыяктуу бир нече түрлөрү бар. Туруктуу эпитеттер өзгөчө элдик оозеки поэзияга мүнөздүү: *айкөл* Манас, *сырттан* Төштүк, *акылман* Бакай. Эпитеттин бул түрү көбүнчө эпостук каармандарды мүнөздөөдө колдонулат да, кээ бир эпитеттер тигил же бул образга биротоло таандык катары айтылат.

Мүнөздөмө эпитет көркөм адабияттарда көбүрөөк колдонулат. Эпитеттин бул түрүн жазуучулар өзүлөрүнүн чеберчилигине, көркөм образ түзүү ыкмаларына жараша кейипкерлердин сырткы көрүнүшү (кебете-кешпири, кийим-кечеси, баскан-турганы) менен ички дүйнөсүндөгү өзгөчөлүктөрдү көркөм сөз каражаттары аркылуу көрсөтүүдө колдонушат: Аны... Картаңбай атам гана түгүл, күйдүргү сүйлөгөн *кераяк* Сатымкул да узатып чыгышты (Ч. А.). Демейде *сөзмөр* Тойчу... тынч ала албай отурат (К. К.). Ал үчүн *көсөө* Абыке жалпылдай берди (Т. С.).

Келтирилген мисалдардагы асты сызылган сөздөр көркөм образдардын (Абыке, Тойчу, Сатымкулдардын) мүнөзүндөгү, жүрүш-турушундагы жана кебете-кешпириндеги өзгөчөлүктөрдү көрсөтүп турган мүнөздөмө эпитеттер. Мындай эпитеттерди колдонуу менен жазуучулар кулк-мүнөзү жана турмушка болгон көз карашы жагынан бири-бирине окшошпогон, ар түрдүү мүнөздөгү көркөм образдарды жаратышат. Сатымкулдун адамдын айтканына бат эле көнө койбогон, туура эмес болсо да өз оюн жактап талашкан, ыкка оцой менен кире койбогон адам экендигин *кераяк* деген сөз билдирип турат.

Мында бир эле сөз менен бүтүн бир образдын ички дүйнөсү, кулк-мүнөзү ачык берилген. Ошондуктан, жазуучулар көркөм образ жаратууда көп сөздүүлүккө жол бербей, анын өзгөчөлүгүн толук камтыган бир гана сөздөн турган мүнөздөмө эпитет табууга умтулушат. Эпитеттердин стилдик максатта колдонулушундагы негизги мааниси мына ушунда турат.

Метафора — троптун эң негизги түрлөрүнүн бири. Заттын, кубулуштун, көрүнүштүн ж. б. жалпы окшош жактары менен өтмө мааниде салыштырып берүүчү сөз же сөз тизмеги метафора деп аталат[1].

---

[1] *Квятковский В.* Поэтический словарь. М., 1966. 156-б.

Жазуучу көбүнчө кадыресе эле сөздөрдү зарылчылыгына карай каймана, өтмө маниде колдонуп, ошону менен ал сөздөрдүн бул убакка чейин белгисиз болгон касиеттерин ачып, сүрөттөп жаткан окуяны элестүү, кызыктуу кылып берет.

Сөздөрдүн маанилеринин метафоризацияланышы деп алардын түпкү, эски маанисине негизделип жана ошого окшоштурулуп сөздүн жаңы өтмө мааниде колдонулушун айтабыз[1]. Адатта сөздөрдүн маанисинин метафоризацияланышы алардын түпкү маанилеринин кеңейиши, буга байланыштуу жаңы, кошумча маанинин же оттеноктун келип чыгышы менен байланыштуу:

Береги бош калган эки кровать көзгө ушунчалык *суук* (Т. Б.). Ыманы *ысык* эки баланы колуна алган Дүйшөналы... жашып кетти (С. Ө.). Исхактын андан такыр *ичи муздап* калды (Т. К.). Мага окшогон *ак көңүл, жарым акыл болбо* (К. Ж.).

Жогорку сүйлөмдөрдөгү асты сызылган *суук, ысык, муздак, ак, жарым* деген сөздөр башкалар менен айкашып айтылып, белгилүү бир өзгөчөлүктү күчөтүп, баса көрсөтүү үчүн колдонулган.

Сөздөрдү мындай мааниде колдонуу бир жагынан, тактыкты, кыскалыкты камсыз кылса, экинчи жагынан, образдуулукту камсыз кылат.

Каймана маанидеги сөздөрдүн (метафоранын) стилдик максатта колдонулушунда алардын антонимдерин карама-каршы коюп пайдалануунун ролу зор. Мисалы, *суук* жана *муздак* деген сөздөргө маани жагынан карама-каршы келүүчү *ысык* жана *жылуу* деген сөздөр да жазуучулар тарабынан ар кандай көркөмдүк максатта колдонулушу мүмкүн:

Ай-ай!.. Кандай гана *ысык* сөздөр! (Т. С.). Турмушта ар кыл адам болору бышык. Бирөөнө ыраазы болсоң ичиң *ысып*, бирөөнө ааразы болосуң (Э. И.). Кашкардан чыккандан берки *ысык көңүлү* суу сепкендей *муздады* (К. Ж.). Мырзакан адам жүрөгүн жылытар *жылуу сөзү* кишиден сурачу эмес (Т. С.). Арып-ачып чарчап келгенде *жылуу жүзү* менен каршы алган киши жок (К. Б.).

Келтирилген сүйлөмдөрдөгү асты сызылган *ысык, жылуу, суук* жана *муздак* деген сөздөр экспрессивдүү; алардын бири кандайдыр бир нерсенин жакшы, жагымдуу жагына карай айтылса, экинчиси жаман, жагымсыз, терс жагына карата айтылып, автордун сөз болуп жаткан нерсеге карата болгон ар кандай мамилесин билдирет. Көркөм образдарды жаратууда жазуучулар сөздөрдүн ушул сыяктуу экспрессивдүү,

[1] *Ефимов А. М.* Стилистика художественной речи. М., 1957, 98—99-беттер.

эмоциялуу маанилерин терең ачып колдонууга өзгөчө көңүл бурушат. Тилдеги ар кандай сөз метафоралык мааниде колдонула бербейт. Ал үчүн сөздүн алгачкы мааниси менен кийинки жаңы маанисинин ортосунда тыгыз байланыш, түпкү окшоштук болуу керек. Мисал үчүн эл арасында мурда белгилүү болгон *бүркүт* деген сөздү алалы. Мунун түпкү мааниси аңчылыкта колдонулуучу жырткыч, алгыр куш дегенди түшүндүрөт. Мүнөздүү сырткы белгилери: көзү курч, тумшугу ийри, көз карашы сүрдүү ж. б. Ал эми көркөм чыгармаларда учуроочу *бүркүт кабак, бүркүт тумшук* сыяктуу сөз айкаштары сүрдүү, айбаттуу же коңкойгон мурундуу адамдарга карата колдонулат. Ошондой эле *түлкү, аюу, каман* ж. б. сыяктуу сөздөр кээде ошол айбандарга мүнөздүү болгон белгилери бар адамдарга карай каймана мааниде айтылат: Түлкү алдамчы, аюу — ийкемсиз, чоң, эби жок, күчтүү ж. б. каман — жырткыч, башкалардын эсебинен күн көргөн зулум ж. б. Азылуу *камандан* шордуу кызды кутка-рып алышка даай албаганына ал ызалуу (Т. С.).

Сөздөр каймана мааниде колдонулганда, алар түз маанисинен ажырабайт, тек гана ошол учурда өтмө мааниде колдонулуп, заттын ар кандай белгисин образдуу кылып көрсөтөт.

Метафора — заттарды, кубулуштарды бүтүндөй же айрым бир белгиси, формасы, касиети ж. б. жагынан болгон окшоштугуна, өз ара катышына карай каймана салыштырат. Сөздөрдү метафоралык мааниде колдонуу үчүн салыштырылган заттардын, кубулуштардын мүнөздүү белгилерин автор жакшы билиши жана ошол белгилеринин ичинен эң кектүүлөрүн гана тандап алышы керек.

Көркөм сөз чеберлери тарабынан индивидуалдык метафоралар да пайда болуп турат. Булардын ичинен устаттык, билгичтик менен жасалып, көркөмдүк касиетке жетишкендери тилде сакталып калат. Адабий чыгармаларда метафораны колдонуу сөздөрдүн түз мааниси жеткиликтүү бере албай турган ойду көркөмдөп, элестүү кылып берүү максатында өзүлөрүнүн чеберчилигине жараша сөздөрдү жаңы, өтмө мааниде кеңири пайдаланышат:

Науман *кабагын туман басып* сүрдүү тиктеп... (Т. К.). *Кабагына булут турбаган* жакшы адам деп баалоочу (Т. С.).

Келтирилген мисалдардагы фразеологиялык айкалыштардын составындагы сөздөр түз маанисинде эмес, өтмө мааниде колдонулду. Мында туман басып, кар жаагандагы айлананын түнөрүп көрүнүшүнө жеке адамдын капаланып, ачууланып тургандагы абалы салыштырылып берилип жатат.

Метафоранын колдонуу чөйрөсү, масштабы кеңири. Ал көркөм адабий жана публицистикалык стилдерге оозеки речке

Жазуучу көбүнчө кадыресе эле сөздөрдү зарылчылыгына карай каймана, өтмө маниде колдонуп, ошону менен ал сөздөрдүн бул убакка чейин белгисиз болгон касиеттерин ачып, сүрөттөп жаткан окуяны элестүү, кызыктуу кылып берет.

Сөздөрдүн маанилеринин метафоризацияланышы деп алардын түпкү, эски маанисине негизделип жана ошого окшоштурулуп сөздүн жаңы өтмө мааниде колдонулушун айтабыз[1]. Адатта сөздөрдүн маанисинин метафоризацияланышы алардын түпкү маанилеринин кеңейиши, буга байланыштуу жаңы, кошумча маанинин же оттеноктун келип чыгышы менен байланыштуу:

Береги бош калган эки кровать көзгө ушунчалык *суук* (Т. Б.). Ыманы *ысык* эки баланы колуна алган Дүйшөналы... жашып кетти (С. Ө.). Исхактын андан такыр *ичи муздап* калды (Т. К.). Мага окшогон *ак көңүл, жарым акыл болбо* (К. Ж.).

Жогорку сүйлөмдөрдөгү асты сызылган *суук, ысык, муздак, ак, жарым* деген сөздөр башкалар менен айкашып айтылып, белгилүү бир өзгөчөлүктү күчөтүп, баса көрсөтүү үчүн колдонулган.

Сөздөрдү мындай мааниде колдонуу бир жагынан, тактыкты, кыскалыкты камсыз кылса, экинчи жагынан, образдуулукту камсыз кылат.

Каймана маанидеги сөздөрдүн (метафоранын) стилдик максатта колдонулушунда алардын антонимдерин карама-каршы коюп пайдалануунун ролу зор. Мисалы, *суук* жана *муздак* деген сөздөргө маани жагынан карама-каршы келүүчү *ысык* жана *жылуу* деген сөздөр да жазуучулар тарабынан ар кандай көркөмдүк максатта колдонулушу мүмкүн:

Ай-ай!.. Кандай гана *ысык* сөздөр! (Т. С.). Турмушта ар кыл адам болору бышык. Бирөөнө ыраазы болсоң ичиң *ысып*, бирөөнө нааразы болосуң (Э. И.). Кашкардан чыккандан берки *ысык көңүлү* суу сепкендей *муздады* (К. Ж.). Мырзакан адам жүрөгүн жылытар *жылуу сөзду* кишиден сурачу эмес (Т. С.). Арып-ачып чарчап келгенде *жылуу жүзү* менен каршы алган киши жок (К. Б.).

Келтирилген сүйлөмдөрдөгү асты сызылган *ысык, жылуу, суук* жана *муздак* деген сөздөр экспрессивдүү; алардын бири кандайдыр бир нерсенин жакшы, жагымдуу жагына карай айтылса, экинчиси жаман, жагымсыз, терс жагына карата айтылып, автордун сөз болуп жаткан нерсеге карата болгон ар кандай мамилесин билдирет. Көркөм образдарды жаратууда жазуучулар сөздөрдүн ушул сыяктуу экспрессивдүү,

[1] *Ефимов А. М.* Стилистика художественной речи. М., 1957, 98—99-беттер.

эмоциялуу маанилерин терең ачып колдонууга өзгөчө көңүл бурушат. Тилдеги ар кандай сөз метафоралык мааниде колдонула бербейт. Ал үчүн сөздүн алгачкы мааниси менен кийинки жаңы маанисинин ортосунда тыгыз байланыш, түпкү окшоштук болуу керек. Мисал үчүн эл арасында мурда белгилүү болгон *бүркүт* деген сөздү алалы. Мунун түпкү мааниси аңчылыкта колдонулуучу жырткыч, алгыр куш дегенди түшүндүрөт. Мүнөздүү сырткы белгилери: көзү курч, тумшугу ийри, көз карашы сүрдүү ж. б. Ал эми көркөм чыгармаларда учуроочу *бүркүт кабак, бүркүт тумшук* сыяктуу сөз айкаштары сүрдүү, айбаттуу же коңкойгон мурундуу адамдарга карата колдонулат. Ошондой эле *түлкү, аюу, каман* ж. б. сыяктуу сөздөр кээде ошол айбандарга мүнөздүү болгон белгилери бар адамдарга карай каймана мааниде айтылат: Түлкү алдамчы, аюу — ийкемсиз, чоң, эби жок, күчтүү ж. б. каман — жырткыч, башкалардын эсебинен күн көргөн зулум ж. б. Азылуу *камандан* шордуу кызды кутка-рып алышка даай албаганына ал ызалуу (Т. С.).

Сөздөр каймана мааниде колдонулганда, алар түз маанисинен ажырабайт, тек гана ошол учурда өтмө мааниде колдонулуп, заттын ар кандай белгисин образдуу кылып көрсөтөт.

Метафора — заттарды, кубулуштарды бүтүндөй же айрым бир белгиси, формасы, касиети ж. б. жагынан болгон окшоштугуна, өз ара катышына карай каймана салыштырат. Сөздөрдү метафоралык мааниде колдонуу үчүн салыштырылган заттардын, кубулуштардын мүнөздүү белгилерин автор жакшы билиши жана ошол белгилеринин ичинен эң кетүүлөрүн гана тандап алышы керек.

Көркөм сөз чеберлери тарабынан индивидуалдык метафоралар да пайда болуп турат. Булардын ичинен устаттык, билгичтик менен жасалып, көркөмдүк касиетке жетишкендери тилде сакталып калат. Адабий чыгармаларда метафораны колдонуу сөздөрдүн түз мааниси жеткиликтүү бере албай турган ойду көркөмдөп, элестүү кылып берүү максатында өзүлөрүнүн чеберчилигине жараша сөздөрдү жаңы, өтмө мааниде кеңири пайдаланышат:

Науман *кабагын туман басып* сүрдүү тиктеп... (Т. К.). *Кабагына булут турбаган* жакшы адам деп баалоочу (Т. С.).

Келтирилген мисалдардагы фразеологиялык айкалыштардын составындагы сөздөр түз маанисинде эмес, өтмө мааниде колдонулду. Мында туман басып, кар жаагандагы айлананын түнөрүп көрүнүшүнө жеке адамдын капаланып, ачууланып тургандагы абалы салыштырылып берилип жатат.

Метафоранын колдонуу чөйрөсү, масштабы кеңири. Ал көркөм адабий жана публицистикалык стилдерге оозеки речке

мүнөздүү айтылуучу ойго көркөм, экспрессивдүү маани берет. Көпчүлүк идиомалар метафоралык мааниде колдонулат:

Ошентип Алым, Орозбек, Султандардын *чүкөсү айкүр конуп*, чатак иш басылып тынды («Чалкан»). Бул тапта кайра да бир жолу *ташы өргө кулаган* Калпанын айы оңунан чыгыптыр (С. Ө.).

Көркөм сөз устаттары өздөрүнүн чыгармаларында айтылуучу ойду көркөмдөп, элестүү кылып берүү үчүн ар кандай сөз тизмектерин метафоралык мааниде колдонушат. Мисалы: Кудай урган арам *эки аяктуунун жаманы* болуп калды (Т. С.). Карындашынын акылы да *жумуру баштууда* жок (Т. С.). Ушунча болуп *айры төштүн* астына жата элек (Н.Б.).

Мындагы асты сызылган сөз айкаштарынын ордуна *адам, киши* деген сөздөрдү колдонсо да негизги ой бузулбайт, бирок, сөзсүз, андагы көркөмдүүлүк, образдуулук солгундай түшөт. Көркөм сөз устаттары жалпы мааниси боюнча окшош, бирок сырткы түрү ар түрдүү сөздөрдү, сөз айкаштарын чеберчилик менен колдонушуп, ойду көркөм сүрөттөп түшүндүрүшөт. Мисалы, белгилүү прозаик Т. Сыдыкбеков «кедей» деген түшүнүккө төмөндөгүдөй сөз жана сөз айкаштарын пайдаланган:

Жер менен күн көргөн *кара тамандар,* бирикме чарбага жүргүлө (Т. С.). Ага *кара боор* журт илгертеден багынган (Т. С.). Ал иттер өңчөй *жыртык этектерди* уюштуруп алышкан (Т. С.). Эй, *боз тондуулар,* жер карабагыла (Т. С.). Жыйылгандардын көбү *кара чарбалуулар* (Т. С.). Айлыбыздагы *чолок этектер* бизди жектеген менен түпкү мыйзам калыс тура (Т. С.). Береги ансыз да азынаган *куу этектерди* көкүтөр (Т. С.). Үйдөгүлөрдүн көбү өзү болжолдогондой... *кара курсактар* экен (Т. С.).

Метонимия. Бир эле заттын, окуянын же көрүнүштүн сырткы көрүнүшү, белгиси, касиети, формасы ж. б. аркылуу каймана мааниде берилүүчү сүрөттөөлөр метонимия болуп эсептелет.[1] Метонимия метафора сыяктуу, адабий чыгармаларда көркөм чагылдыруунун, элестүү образ түзүүнүн негизги каражаттарынан. Метафора эки нерсенин, көрүнүштүн же окуянын окшош жерлерин алып салыштыруу, окшоштуруу иретинде болсо, метонимия бир эле нерсенин көзгө көрүнөрлүк мүнөздүү белгисин сүрөттөө менен ошол нерсе жөнүндө толук кабар берет.

Өз ордунда колдонулган метонимиялар, метафора сыяктуу эле, чыгармага ачыктык, тактык киргизип, анын экспрессивдүүлүгүн күчөтөт да, окурмандардын логикалык ой жүгүртүүсүнө түрткү болот:

Боз айгырга минген *семиз сары* тиштеген мүштөгүн... алып койду (Т. С.). Бир-экөөндө такымына кыскан *жыйырма сегизинчи* бар (Т. С.). Бизди акмалап жүрүшкөн *төртүнчүлөрдүн* жарактуу отряддары (Т. С.).

Метонимия метафора сыяктуу өтмө маанини билдирет. Бирок анын өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрү да бар. Алсак, метонимия дайыма кыска түзүлөт, ал гана эмес кээде пикирди кыска, жыйынтыктуу кылып айтып, сөздүн же сөз тизмегинин ордуна гана эмес, сүйлөмдүн ордуна да колдонула берет. Метонимия дайыма көркөм образга жандуулукту киргизип, анын ар түрдүү белгилерин көрсөтүп, таасирдүү сүрөттөө үчүн колдонулат: Мына бул сол көзү таңылган *бултук* орой неме экен (Т. С.). Анын бери колтугундагы *көсөөдөй* кара да ымшып тердеп алган экен (С. Ө.). Мындагы асты сызылган метонимиялар сөз кылынып жаткан адамга терс мүнөздөмө берүү үчүн колдонулду.

Көркөм адабияттарда метонимия көбүнчө сөз болуп жаткан кырдаалда заттын зарыл деп эсептелинген сырткы белгилерине негизделип жасалат. Мындай метонимиялар жеке эле көркөмдүк үчүн эмес, ошол образга карата жазуучунун мамилесин билдирүү үчүн да колдонулат. Көпчүлүк учурларда жазуучулар өзү сүрөттөп жаткан образдын ички дүйнөсүн ачуу-да, анын оң же терс образ экендигин билдирүүдө метонимияны кеңири колдонушат:

Элдин дуу-дуусуна эргиген тиги *лөкүйгөн кара чаар* ого бетер бууракандагандай болсо... жанына киши туралбайт (С. Ө.). Жанагы *кыйшык* кем болот, малы менен тең болот (Т. С.). Дууландын санын оң алаканы менен таптай сүйлөгөн *узун* кара сөзүн бүтүп, чырт түкүрүнду (С. Ө.). *Олойгон кыйшык жаманга* бүйдаланып барармын (Т. С.).

Синекдоха. Метонимияга жакын, анын өзгөчө бир түрүн түзүүчү троптун бир түрү[1]. Метонимия менен синекдоханын ортосуна кескин чек коюу мүмкүн эмес. Метонимия сүрөттөлүп жаткан белгилүү бир окуянын же образдын атын башка бир нерсенин аты менен белгилөөдө колдонулат, ал эми синекдоха болсо сүрөттөлүп жаткан образдын же окуянын айрым жактарын алып, ушуну менен ошол бир бүтүн түшүнүк жөнүндө кабар берүүдө же мунун тескерисинче, бир бүтүн нерсе аркылуу анын белгилүү бир бөлүгү жөнүндө кабар берүү үчүн колдонулат:

...Көкүрөгүн жакжайткан *боз тондууларга* карады (Т. С.). Бу сенин ата-тегинди го билебиз: бизге окшогон эле *кара та-*

---

[1] *Квятковский А.* Поэтический словарь, 158-бет; *Асаналиев К., Кыдырбаева Р.* Адабият таануу терминдеринин кыргызча кыскача сөздүгү. Фрунзе, 1961, 54-бет.

[1] *Рубайло А. Т.* Художественные средства языка. М., 1961, 43-бет.

ман (Ч. А.). Кудай таала анын ырысын *ак жоолуктан* айткан экен (Т. С.).

Мисалдардагы асты сызылган сөздөр чыгармада сөз кылынып жаткан кедейлерди ошолорго гана мүнөздүү болгон бир белгини айтуу менен эле түшүндүрүп турат.

Мындан башка синекдоха кээде айрым түшүнүктөрдү сан белгилери аркылуу да көрсөтөт:

Бир үйдө *он эки баш* болдук да калдык (М. Э.).

Мындагы *баш* деген сөз жалпы эле адам маанисинде колдонулду. Келтирилген мисалдардагы *ак жоолук, кара таман, боз тондуу* сыяктуу сөздөр өтмө мааниде колдонулушу менен метафора катары келсе, экинчи жагынан, ошол эле сөздөр *аял, кедей, адам* деген бүтүндүн бөлүгү катарында эсептелинип, синекдохалык мааниде колдонулду. Ушинтип, метонимия менен синекдоха тыгыз байланыштуу, экөө тең өтмө мааниде колдонулушу менен шартташкан.

Аллегория троптун бир түрү, табыяттагы ар кандай затты экинчи бир нерсенин көрүнүшү менен салыштырып берүүдө колдонулат. Бул жагынан аллегория метафора менен байланыштуу. Көркөм чыгармадагы сүрөттөлүп жаткан нерсе метафоралык көркөм каражат аркылуу чагылдырылат, ал эми анын каймана түрдө берилиши аллегория аркылуу ишке ашат, б.а. сүрөттөлүп жаткан нерсе көркөмдүк каражаттары боюнча метафорага жатса, кайманалык мааниси жагынан аллегорияга жакын. Метафора менен аллегориянын ортосундагы байланыш да ушунда: Менменсинген улуу тоолор төрт ирет жашыл чепкенин алмаштырды. Ак көбүктөп алкынган өзөндөр да төрт ирет *муздан күбөк тагынды* (Т.С.). Турмушта тоолор чепкен кийип, өзөндүн күбөк тагынбашы белгилүү. Жазуучу бул жерде мезгилдин өтүшүн, төрт ирет көк чөп чыгып, төрт ирет кар түшүп, өзөндөр тоңгондугун жөн гана көрсөтө салбастан, айрым сөздөрдү каймана мааниде колдонуп, арадан төрт жыл өтүп кеткендигин көркөмдөп сүрөттөгөн.

Көркөм адабиятты жаратуучу ар бир жазуучунун өз чыгармасында чындыкты ары көркөм, ары элестүү чагылдырышы үчүн ар түрдүү көркөм сөз каражаттарын устаттык менен пайдалана билиши өтө маанилүү.

КӨРКӨМ АДАБИЯТТЫН СТИЛИНИН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

Жөнөкөй сүйлөмдүн синтаксиси боюнча

Азыркы учурда кыргыз жазма адабий тилинин коомдук функциясы кеңейип, турмуштун ар түрдүү тармактарында кеңири колдонула баштады. Коомдук өсүштүн азыркы талабына ылайык жазма адабий тилдин тазалыгын сактап, анын ролун жогору көтөрүү жагы күн тартибине коюлду. Ошондуктан речибизде дайыма баяндалуучу ар түрдүү мүнөздөгү ойдун так жана түшүнүктүү берилиши керек. Тилдин лексикалык, морфологиялык, синтаксистик каражаттарын тандап колдонуу зарылчылыгы келип чыгат. Ал эми иш жүзүндө тилдик каражаттардын колдонулушу жана алардын аткарган функциясы бир кылка эмес. Ал ар кандай тармактын же чөйрөнүн ички өзгөчөлүгү менен шартталып, ошого карата тандалып колдонулат. Мына ошонун негизинде өздөрүнө мүнөздүү тилдик каражаттары болгон ар кандай стилдик тармактардын келип чыгарлыгы талашсыз. Жалпы элдик тилдин бул өндүү стилдик тармактары речтин стилдери деп аталат[1]. Алар иш кагаздардын стилине, публицистикалык стилге, көркөм адабияттын стилине жана илимий стилге бөлүнөт. Бул стилдердин ичинен көркөм адабияттын стили таралыш жана колдонулуш чөйрөсү жагынан кеңири өнүккөн стилдердин бири болуп саналат.

Тилдик каражаттардын байлыгы жана алардын стилдик функциясынын ар түрдүүлүгү да ушул көркөм адабий стилден көрүнөт. Көркөм адабияттын стили — кыргыздын жазма адабиятындагы өнүккөн, калыптанган стилдердин бири. Көркөм адабияттын стили филологиялык илимдерде эки багытта изилдөөгө алынып келе жатат: ал лингвистикада жана адабият таануу илиминде каралат. Бирок экөөнүн чеги, кандай критерийлердин негизинде бири-биринен айырмалана турганды кеңири планда чечиле элек. Айрым окумуштуулар көркөм речтин стилин адабий жана лингвистикалык планда аралаш изилдөөнү сунуш кылышса, айрымдары көркөм адабияттын тили адабият таануу илиминде, тил илиминде жекежеке талдоого алыныш керек деген көз карашты айтышат.

---

[1] *Гвоздев А. Н.* Очерки по стилистике русского языка. М., 1965, 17-бет.

ман (Ч. А.). Кудай таала анын ырысын *ак жоолуктан* айткан экен (Т. С.).

Мисалдардагы асты сызылган сөздөр чыгармада сөз кылынып жаткан кедейлерди ошолорго гана мүнөздүү болгон бир белгини айтуу менен эле түшүндүрүп турат.

Мындан башка синекдоха кээде айрым түшүнүктөрдү сан белгилери аркылуу да көрсөтөт:

Бир үйдө *он эки баш* болдук да калдык (М. Э.).

Мындагы *баш* деген сөз жалпы эле адам маанисинде колдонулду. Келтирилген мисалдардагы *ак жоолук, кара таман, боз тондуу* сыяктуу сөздөр өтмө мааниде колдонулушу менен метафора катары келсе, экинчи жагынан, ошол эле сөздөр *аял, кедей, адам* деген бүтүндүн бөлүгү катарында эсептелинип, синекдохалык мааниде колдонулду. Ушинтип, метонимия менен синекдоха тыгыз байланыштуу, экөө тең өтмө мааниде колдонулушу менен шартташкан.

Аллегория троптун бир түрү, табыяттагы ар кандай затты экинчи бир нерсенин көрүнүшү менен салыштырып берүүдө колдонулат. Бул жагынан аллегория метафора менен байланыштуу. Көркөм чыгармадагы сүрөттөлүп жаткан нерсе метафоралык көркөм каражат аркылуу чагылдырылат, ал эми анын каймана түрдө берилиши аллегория аркылуу ишке ашат, б.а. сүрөттөлүп жаткан нерсе көркөмдүк каражаттары боюнча метафорага жатса, кайманалык мааниси жагынан аллегорияга жакын. Метафора менен аллегориянын ортосундагы байланыш да ушунда: Менменсинген улуу тоолор төрт ирет жашыл чепкенин алмаштырды. Ак көбүктөп алкынган өзөндөр да төрт ирет *муздан күбөк тагынды* (Т.С.). Турмушта тоолор чепкен кийип, өзөндүн күбөк тагынбашы белгилүү. Жазуучу бул жерде мезгилдин өтүшүн, төрт ирет көк чөп чыгып, төрт ирет кар түшүп, өзөндөр тоңгондугун жөн гана көрсөтө салбастан, айрым сөздөрдү каймана мааниде колдонуп, арадан төрт жыл өтүп кеткендигин көркөмдөп сүрөттөгөн.

Көркөм адабиятты жаратуучу ар бир жазуучунун өз чыгармасында чындыкты ары көркөм, ары элестүү чагылдырышы үчүн ар түрдүү көркөм сөз каражаттарын устаттык менен пайдалана билиши өтө маанилүү.

КӨРКӨМ АДАБИЯТТЫН СТИЛИНИН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

Жөнөкөй сүйлөмдүн синтаксиси боюнча

Азыркы учурда кыргыз жазма адабий тилинин коомдук функциясы кеңейип, турмуштун ар түрдүү тармактарында кеңири колдонула баштады. Коомдук өсүштүн азыркы талабына ылайык жазма адабий тилдин тазалыгын сактап, анын ролун жогору көтөрүү жагы күн тартибине коюлду. Ошондуктан речибизде дайыма баяндалуучу ар түрдүү мүнөздөгү ойдун так жана түшүнүктүү берилиши керек. Тилдин лексикалык, морфологиялык, синтаксистик каражаттарын тандап колдонуу зарылчылыгы келип чыгат. Ал эми иш жүзүндө тилдик каражаттардын колдонулушу жана алардын аткарган функциясы бир кылка эмес. Ал ар кандай тармактын же чөйрөнүн ички өзгөчөлүгү менен шартталып, ошого карата тандалып колдонулат. Мына ошонун негизинде өздөрүнө мүнөздүү тилдик каражаттары болгон ар кандай стилдик тармактардын келип чыгарлыгы талашсыз. Жалпы элдик тилдин бул өндүү стилдик тармактары речтин стилдери деп аталат[1]. Алар иш кагаздардын стилине, публицистикалык стилге, көркөм адабияттын стилине жана илимий стилге бөлүнөт. Бул стилдердин ичинен көркөм адабияттын стили таралыш жана колдонулуш чөйрөсү жагынан кеңири өнүккөн стилдердин бири болуп саналат.

Тилдик каражаттардын байлыгы жана алардын стилдик функциясынын ар түрдүүлүгү да ушул көркөм адабий стилден көрүнөт. Көркөм адабияттын стили — кыргыздын жазма адабиятындагы өнүккөн, калыптанган стилдердин бири. Көркөм адабияттын стили филологиялык илимдерде эки багытта изилдөөгө алынып келе жатат: ал лингвистикада жана адабият таануу илиминде каралат. Бирок экөөнүн чеги, кандай критерийлердин негизинде бири-биринен айырмалана тургандыгы кеңири планда чечиле элек. Айрым окумуштуулар көркөм речтин стилин адабий жана лингвистикалык планда аралаш изилдөөнү сунуш кылышса, айрымдары көркөм адабияттын тили адабият таануу илиминде, тил илиминде жекежеке талдоого алыныш керек деген көз карашты айтышат.

---

[1] *Гвоздев А. Н.* Очерки по стилистике русского языка. М., 1965, 17-бет.

Тил жана адабият — эки башка илим; экөөнүн багыты, алдына койгон максаты эки башка.

Көркөм адабияттын стилине анализ жасап, аны изилдөөдө акад. В. В. Виноградов айрым жазуучунун стилин изилдөөнү негизги маселе деп белгилейт [1]. Ал эми М. Кожина көркөм адабияттын стилин адабияттык планда изилдөөнүн максаты да, методу да өзгөчө экенин белгилеп келип, адабий талдоодо көркөм чыгарманын, көркөм образдын мазмунун берүүдө колдонулуучу тилдик каражаттар менен органикалык байланышта, мазмун менен форма тыгыз бирдикте каралат. Ушуну менен бирге адабиятчы көркөм чыгарманын тилин эмес, анын речинин түзүлүшүн (кээде речтеги сөздү) изилдөө керек дейт [2].

М. Кожина булар менен катар, көркөм адабияттын стилин лингвистикалык планда талданышын белгилеп, ага карата бир кыйла орундуу пикирин ортого салат. Изилдөөнүн бул жолун: диахрондук жана синхрондук планда жүргүзүү пайдалуу экендигин белгилейт [3].

Ошентип көркөм адабияттын стилин адабияттык планда изилдөөдө жеке автордун стилин талдоо, аны изилдөө бир кыйла максаттуу болуп саналат, анткени анын тили, тилдик каражаттарды пайдаланышы аркылуу чыгармада чагылдырылган доор, автордун дүйнөгө карата көз карашы, чыгарманын идеялык мазмуну жана андагы ар кандай мүнөздөгү образдар жөнүндө да кеңири планда кабар алууга болот.

Ал эми көркөм адабияттын стилин лингвистикалык планда изилдегенде чыгарманын идеялык мазмуну башкача максатта каралып, атайын талдоого алынбайт. Мындагы эң негизги милдет тилдик каражаттардын стилдик функциясын изилдөө болуп эсептелет.

Демек, көркөм адабияттын стили адабият таануу илиминде, ошондой эле, тил илиминде изилденилет жана аны изилдөө процессине бул эки илим өз ара тыгыз байланышта туруп катышат.

А. М. Горький белгилегендей, адабияттын жаралышы үчүн биринчи элемент — тил. «Тилсиз, башкача айтканда, сөзсүз адабият жок» [4] деп бекеринен айтылган эмес.

Ушинтип адабият менен тил эки башка илим болуп, эки багыттагы функцияны аткарып турушса да, тилдик каражаттарды пайдалануу жагынан бири-бирине окшош жана өз ара

---

[1] *Виноградов В. В.* О теории художественной речи. М., 1971, 212-бет.

[2] *Кожина М. Н.* О задачах, предмете и методах исследования художественной речи в аспекте функциональной стилистики.— Ученые записки, № 162. Пермь, 1966, 166-б.

[3] *Кожина М. Н.* Аталган макала, 166-б.

[4] *Федоров А.* Язык, стиль художественного произведения. М.— Л., 1963, 6-бет.

карым-катышта болушат. Өзгөчө көркөм адабияттын стилин изилдөөдө бул экөөнүн байланышы ачык көрүнөт. Мейли адабиятчы болсун, мейли тилчи болсун изилдөөнүн объектиси катары көркөм адабиятты алат. Тилдик каражаттардын стилдик өзгөчөлүгүн аныктоодо адабий чыгарма тилчилер үчүн негизги материал катары алынса, көркөм адабияттын стилин талдоодо тил адабиятчы үчүн негизги курал болуп, ар бир жазуучунун стилдик өзгөчөлүгүнүн негизин түзөт. Тилдик каражаттар көркөм адабият менен катар, илим изилдөө иштеринде, иш кагаздарын түзүүдө, коомдук-саясий темадагы публицистикалык чыгармаларды жаратууда да кеңири колдонулат. Стиль белгилүү бир максатта белгилүү чөйрөдө колдонулат. Ошого ылайык тилдин лексикасы, морфологиялык жана синтаксистик каражаттары тандалып алынат. Стилдин башка түрлөрүнө караганда көркөм адабияттын стилинде тилдик каражаттардын колдонушу эркинирээк болот. Анда ооз-еки жана жазуу речтерине мүнөздүү болгон сөздөр, сөз айкаштары, сүйлөмдөрдүн бардык түрлөрү кездешет. Ошолорду ар бир автор өз лабораториясында иштетип, электен өткөзүп колдонот.

Ошонун негизинде көркөм стилде сөздөр көп мааниде, өтмө мааниде, ошондой эле эмоционалдуу-экспрессивдүү, мааниде кеңири колдонулат.

Көркөм чыгарманы жаратуучу жазуучу сөзгө устат, чебер болуш керек. Эгерде автор белгилүү бир окуяны же жаратылыш көрүнүшүн баяндоодо, каармандын кулк-мүнөзүн мүнөздөөдө же авторлук баяндамасында тилдин лексикасын, морфологиялык жана синтаксистик каражаттарды ылайыгына карата өз орду менен туура пайдалана алган болсо, чыгарма да ошончолук көркөм чыгат.

Көркөм чыгармада бир эле сөз бир нече мааниде, бир нече сөз айкашынын составында колдонулгандыгы кеңири учурайт. Мисалы, *жүрөк, аяк* деген сөздөрдү алалы: *жаш жүрөк, жаралуу жүрөк, ызалуу жүрөк, капалуу жүрөк коркок жүрөк, бок жүрөк, өрттөнгөн жүрөк, эт жүрөк ж. б. айдын аягы, китептин аягы, көшөгөнүн аягы* (драмада), *көчөнүн аягы* болуп көп мааниде колдонулат.

Сөздөрдүн өтмө мааниде колдонулушу менен катар историзмдер, архаизмдер да көркөм чыгармадагы негизги каражаттардын бири болуп эсептелет.

Адабияттын стили үчүн синтаксистик каражаттардын да мааниси зор. Синтаксистин тигил же бул стилге карата болгон катышы тилдеги сүйлөмдөрдүн түрлөрү, андагы сүйлөм мүчөлөрүнүн орун тартиби, синтаксистик синонимдер ж. б. менен тыгыз байланышта болот.

Сүйлөмдүн маанилик жана структуралык түрлөрү белгилүү бир максатта колдонулат. Ал билдирген ой жөнөкөй болбостон, адамга таасир этип, эстетикалык элес калтыргандай болуш керек. Ошондо гана ал көркөм каражаттык функцияны аткара алат. Ал үчүн сүйлөм чеберчилик менен түзүлүп, речте туура колдонулушу керек. Грамматиканын синтаксис бөлүгү сүйлөмдүн түзүлүшүн, сөздөрдүн айкашын үйрөтсө, стилистика ошол сүйлөмдөрдүн туура колдонулушун жана анын өзгөчө бир түзүлүшкө ээ болуп турганын үйрөтөт.

Ш. Балли стилистикага аффективдүүлүк (оштондуруп, экилентип сүйлөө) мүнөздүү экендигин туура байкаган[1]. Сүйлөмдөр ар түрдүү түзүлүштө болгондой эле, алардын коммуникативдик функциясы да бир калыпта эмес жана алардын көркөмдүгү да түрдүүчө.

Жай сүйлөм

Жай сүйлөм стилдик жагынан нейтралдуу. Анын мазмуну ар кыл: бирде чындыкта болгон окуя же ар кандай жаратылыштык көрүнүш ж. б. жөнүндө кабар берсе, бирде болбогон, болууга мүмкүн эмес окуя же тескери көрүнүштөр жөнүндө кабарлайт. Ойдун берилиш мүнөзүнө байланыштуу анын структуралык материалдары — лексикалык жана морфологиялык каражаттары тандалып алынат. Сөздөрдүн жана грамматикалык формалардын өз орду менен тандалып колдонулушу, албетте, ар бир автордун чеберчилигине байланыштуу. Жай сүйлөмдүн составына ар түрдүү тилдик каражаттар (карапайым сөздөрдөн тартып, макал-лакаптар, фразеологиялык, айкаштарга чейин) камтылат. Ошентип, жай сүйлөмдүн тутумунда кездешүүчү тилдик каражаттар мүнөзү жагынан ар түрдүү жана алардын лексико-семантикалык маанилери сүйлөмдүн жалпы маанисине өз таасирин тийгизбей койбойт. Адатта биз турмуштагы көрүнүштөр жөнүндө кандайдыр бир нерсени ырастайбыз же танып түшүндүрөбүз. Ошол себептүү алар тууралуу кабар берүүчү жай сүйлөмдөрдү да оң маанидеги жай сүйлөмдөр деп бөлүп кароо максатка ылайыктуу.

Оң маанидеги жай сүйлөм

Оң маанидеги жай сүйлөм турмуштагы чындык көрүнүштөр менен байланыштуу болгон жана боло турган түшүнүктөрдү билдирүүдө колдонулат: Алиги сөзүм менен аны кубантам, көңүлүн көтөрөм (Ж. М.). Жүрөгүм алып учуп, колдорум

[1] *Балли Ш.* Французская стилистика. М., 1961, 295-б.

калтырайт (А. Т.). Бизге эч ким айтпаганы менен да жылкы кайтарууга кириштик (Н. Б.).

Мында 1-сүйлөмдөгү жак уландысы менен келген *кубантам, көңүлүн көтөрөм* деген баяндоочтор *кубантамын, көңүлүн көтөрөмүн* болуп да айтылат. Бул эки вариант көркөм чыгарманын, ошондой эле оозеки сүйлөө речинин стили үчүн мүнөздүү. Көркөм адабияттын стилине фразеологизмдердин, макал-лакаптардын катышуусу менен түзүлгөн жай сүйлөмдөр да мүнөздүү. Фразеологизм катышкан жай сүйлөмдөр ойдун көркөмдүүлүгүн арттырат: *Умсунай — ургаачынын жабылуу кара ингени.* Олтурган ордунан эле ырыска да, бекеге да малына берет (Т. С.). Мында ой элестүү берилди. Эгерде бул сүйлөмдүн ордуна: *Умсунай ургаачынын көтөрүмдүүсү* десек, жогоркудай көркөмдүүлүккө жетише албай калмак.

Мындай фразеологиялык айкаштыктар катышкан жай сүйлөмдөр өзгөчө прозанын стилине мүнөздүү. Фразеологизмдер ойдун экспрессивдүүлүгүн күчөтөт. Төмөнкү сүйлөмдөргө көңүл буруп көрөлү:

1. *Жардамдашып, каралаша жүрсөң болгону* (К. Ж.). *Ошону айтайын деген элем (М. Э.). Көз кырың сала жүрсөң болгону. Ушундай ээнчиликте кулагыңа салып коёр жалгыз сабак сөзүм ушул* (Т.С.). 2. *Бул жолу эч нерсе албады* (С.Ө.). *Бул жолу ал куру кол жөнөдү* (Ж. М.). 3. *Ушуну менен эки жолку кылган ишинен улам Бүбүштүн көңүлү калды.—Ушуну менен эки жолку кылган ишинен улам Бүбүштүн супсуну сууп калды* (Н. Б.). Мында фразеологиялык бирдиктин катышуусу менен айтыла турган ой так, жыйнактуу жана образдуу болуп берилди.

Ырастагыч жана тангыч жай сүйлөмдөр илептүү сүйлөм менен суроолуу сүйлөмгө синоним.

Турмуштагы чындык менен байланышта болгон ар кандай көрүнүштөр же нерселер жөнүндөгү ойдун бирде ырасталып, бирде танылып берилгендигине ылайык жай сүйлөмдөр бекемдегич (ырастагыч) сүйлөмгө жана тангыч сүйлөмгө бөлүштүрүлүп келе жатат[1]. Ар бир тилдин өзүнө мүнөздүү болгон спецификалык бөтөнчөлүктөрү болсо да, бул бөлүштүрүү кыргыз тилинин синтаксистик курулушуна да туура келет. Ырастагыч маанидеги жай сүйлөм, айтылуучу ойдун мазмунуна ылайык өзгөчө бир интонация менен айтылганда жана айрым лексикалык жана морфологиялык каражаттардын контексттеги маанилерине карай кээде илептүү жана суроолуу сүйлөм-

[1] *Чижик-Полейко А. Н.* Стилистика русского языка, ч. 3, Синтаксис. Воронеж, 1966, 87-бет; *Гвоздев А. Н.* Очерки по стилистике русского языка. М., 1965, 298-б.

8 184

сек болобу? (Т.С.). Мааниси: *Барабыз. Ал орустукунан бал, жумуртка жемейинче койбойбуз.* Мындагы илептүү сүйлөм менен суроолуу сүйлөмдөр өзгөчө интонациясы, өзгөчө формадагы лексика-морфологиялык каражаттары жана риторикалык мазмуну аркылуу сүйлөмдүн башка түрлөрүнөн айырмаланып турат.

Көркөм адабий чыгармаларда *эмес, -ба* тангычтарынын жана *жок* сөзүнүн катышуусу менен уюшулган терс формадагы жай сүйлөмдөр кеңири учурайт.

Алардын айрымдары өзгөчө лексикалык составда же интонация менен айтылып, экспрессивдүүлүккө ээ. Мисалы, *Экинчи ушул үйдө турбайм* деген сүйлөмдү күчөтүп: *Экинчи ушул үйдү желкемдин чуңкуру көрсүн!* (Т. А.) — деп колдонуу көркөм адабияттын стили үчүн өтө мүнөздүү.

Мына ошондой эле *жок* сөзүнүн катышуусу менен уюшулган сүйлөмдөр буйруу же эскертүү мүнөзүндөгү ойду баяндоодо көтөрүңкү интонацияда айтылып, экспрессивдүүлүгү жагынан алдыңкы сүйлөмдөргө тете болуп турат: *Киши күчүнөн пайдаланган байларга, эски атка минер шылуундарга жол жок!*

Мында экспрессивдүүлүк маани этиштик баяндоочу бар сүйлөмдөрдө да болот. Мисалы, *Ал бардыгынын эле колунан келбейт* деген сүйлөмдүн маанисин күчөтүп айтуу керек болсо: *Ал бардыгынын эле колунан келе бербейт* болуп, баяндоочунун башка формада айтылышы менен, анын семантикасында да экспрессивдүүлүк оттеногу пайда болгондугун байкоого болот.

Суроолуу сүйлөм

Суроолуу сүйлөмдүн эң негизги милдети белгилүү бир объект, кыймыл-аракет же ошол кыймыл-аракеттин аткаруучусу жөнүндөгү ойду тактап, андан жооп күтүү болсо да, танданyy, сурануу, какшык, кемсинтүү, мыскылдоо семантикасын кошо билдирет. Бул өндүү маанилерди жай сүйлөм аркылуу билдирүү мүмкүн эмес: алар суроолуу сүйлөм аркылуу гана берилет. Анткени суроолуу сүйлөмдүн өзүнө гана мүнөздүү болгон атайын лексико-морфологиялык жана интонациялык каражаттары бар. Ал каражаттар сүйлөмдүн семантикасынын көп кырдуулугун, экспрессивдүүлүгүн шарттап турат. Ошондуктан оозеки речтеги жана жазма адабий тилдеги суроолуу сүйлөмдөрдүн, кандай гана түрү болбосун, экспрессивдүү маниге ээ[1]. Ал көркөм чыгарманын кандай

[1] *Чижик-Полейко А. И.* Стилистика русского языка. Воронеж, 1966, 78-бет.

гана түрү болбосун кездешет. Андагы персонаждардын жана автордун ички дүйнөсүн, психологиялык абалын чагылдыруу орчундуу ролду ойнойт.

Суроолуу сүйлөмдөр суроо уландысынын *(-бы)*, сурама ат атоочтордун, *го, ыя* деген бөлүкчөлөрдүн, ошондой эле суроо маанисиндеги интонациянын жардамы менен уюшулат. Мааниси жагынан негизинен, берилген суроого жооп алуу максатын көздөйт. Ошону менен бирге адамдын ар кандай ички дүйнөсүн чагылдырып, табалоо, танданyy, күмөндөнүү, боору ачуу, кайгыруу маанисин да берип, өзүнчө бир стилдик ыкманы түзөт.

Мындай мүнөздөгү суроолуу сүйлөмдөр өзүнүн экспрессивдүүлүгү менен башка суроолуу сүйлөмдөрдөн айырмаланып турат. Мисалы: *Үй-жайы жок мусапыр кимге керек эле?* (А. Т.). — боору ачып, жан тартуу маанисинде. *Акылыңды угуучу баатыр тукумунун жаштарынан мен эмегенде ким?* — субъективдүү көз карашты тактоо.

Ар кандай окуянын себебин тактоо же ага карата болгон тан калуу, нааразы болуу мүнөзүндөгү ой көбүнчө *эмне, кандай* деген сурама ат атоочтор катышкан сүйлөмдөрдөн ачык байкалат: *Бул эмнеси? Бул кандай сыры?* (Т. К.).

Айласы кетип, кыйын абалда калгандыкты же кенебегендикти чагылдырган ой да ушул *эмне* сурама ат атоочу катышкан суроолуу сүйлөмдөр менен берилет: *Эми эмне кылмакчы?* Артта куугунчу, алдыда кыйын жол (С. К.). *Бирок мен ага эмне дейт элем?* (Ч. А.). Берилген мисалдардын биринчи сүйлөмүндөгү *эмне* сурама ат атоочу менен айкашып турган *кылмакчы* ниет этишиндеги-*чы* мүчөсү да сүйлөмдүн жалпы маанисине экспрессивдүү түс берип турат. Салыш.: сүйлөм-*чы* мүчөсүз түзүлгөндө: 1) *Эми эмне кылмак?*—ойдун баяндалышы басыңкы тондо. 2) *Эми эмне кылмакчы?* — ой күчөтүлгөн тондо берилет.

Суроолуу *-бы* мүчөсү аркылуу уюшулган сүйлөмдүн составына *эмне* ат атоочу катышса, айтылуучу ойго күчөтүү, тактоо маанисин берет: — *Эмне, мунун бир айталбай жүргөн кинеси, ала албай жүргөн кеги барбы?* (Т. А.). Эгерде бул сүйлөмдөгү *эмне* ат атоочун алып салып: ...*Мунун бир айталбай жүргөн кинеси, ала албай жүргөн кеги барбы?* десек, мурунку күчөтүү тактоо мааниси жоюлуп, жайынча гана суроо маанисин берип калат.

Салыштыр: Сенин, эмне, тилиң дудук, кулагың дүлөй болдубу? — *Сенин тилиң дудук, кулагың дүлөй болдубу?* — Эгерде ушул эле түзүлүштөгү сүйлөмгө *ыя* бөлүкчөсү катышып айтылса, баяндалуучу ой мурункусунан күчөтүлүп берилет. *Сен эмне, бала, жиндеп кеттиңби, ыя?* (Ч. А.).

Эмне сурама ат атооч менен катар колдонулган *не* сурама

ат атоочу катышкан суроолуу сүйлөмдүн да стилдик мааниси бар. Анткени ал аркылуу берилүүчү ой, тактап айтканда, каршылык көрсөтүү жана өкүнүү ойдун күчөтүлүп берилишин активдештирет: *Бу не деген айбанчылыгыңар?* (Т. А.). Каршылык көрсөтүү мааниси күчөтүлөт. Булардан тышкары, өкүнүү мүнөзүндөгү ойду берүүдө *үчүн* жандоочу менен бирге айтылган *эмне* сурама ат атоочу катышкан суроолуу сүйлөмдүн да ролу чоң: *Даниярдын буту жарадар экенин эмне үчүн мурда ойлободук экен?* (Ч. А.).

Грамматикалык мааниси жагынан ар кандай тескери көрүнүштүн себебин тактоо үчүн колдонулуучу *үчүн* жандоочу менен айкалышып турган *эмне* сурама ат атоочу катышкан суроолуу сүйлөмдөр барыш жөндөмөсүнүн мүчөсү менен келген *эмне* сурама ат атоочу аркылуу уюшулган сүйлөмдөргө синоним. Бирок *үчүн* жандоочу менен айкашып турган *эмне* сурама ат атоочу катышкан сүйлөмдөр прозада колдонулат. *Эмне үчүн сен кече келбедиң* (А. Т.). Ал эми оозеки сүйлөө речинде: *Эмнеге // эмне үчүн сен кече келбедиң?* болуп булардын эки түрү тең колдонула берет.

Демек, *ким, эмне* деген сурама ат атоочтор катышкан суроолуу сүйлөмдөр, өздөрүнүн негизги маанисинен тышкары, ар түрдүү стилдик түскө ээ болуп, тандануу, өкүнүү, күчөтүү, тактоо ж.б. сыяктуу маанилерди да билдирип, экспрессивдүүлүгү менен чыгарманын көркөмдүүлүгүн арттырат.

Кайда, кайдан сурама ат атоочтор аркылуу уюшулган суроолуу сүйлөмдөр да ар кандай нерсенин башталып чыккан орду (*Ок кайдан чыкты?*), багыты (*Качып кайда барасың?*) жөнүндө сурап ал тууралуу ачык жоп алуу максатында колдонуу менен бирге, көркөм чыгармаларга адамдын ички сезими менен байланышта болгон субъективдүү ар кандай (тануу, билмексен болуу, тандануу, нааразы болуу оттенокторундагы) көз караштарды баяндоодо колдонулат: *Кайдан күрөшсүн?* (Т. К.) (тануу маанисинде). *Кайдан билейин* (С. К.) (билмексен болуу маанисинде).

Баягы шооласы түшкөн махаббат кайда (С. К.) (тагдырына нааразы болуу маанисинде). Бул сыяктуу ар кандай субъективдүү мамиле *кантип* деген ат атоочтун катышуусу менен уюшулган суроолуу сүйлөм аркылуу да берилет: *Кантем эми?* (айласы түгөнүү). *Кана, кантип өлтүрмөк болдуңуз бул томаягыңызды?* (Т. А.) (табалоо маанисинде).

Кайсы, кана, канакей сурама ат атоочтору менен уюшулган суроолуу сүйлөмдөр да өздөрүнүн негизги функциясы болгон тактоо, жоп күтүү маанисинен тышкары нааразы болуу, кекетүү, тануу өндөнгөн оттенокторго да ээ болуп, көркөм каражат боло алат.

Анын табар пайдасы кайсы экен анткенде? (Т. А.) — нааразы болуу. *Малыбыз тургай итибиз жок, канакей байыганыбыз?* (Т. А.) — кекетүү. Кана анын келгени? (Т. К.) — тануу мүнөзүндө.

Мына ушулар менен катар, *-бы* мүчөсү уюштурган суроолуу сүйлөмдөрдүн көркөм каражаттык ролу чоң. Өзүнүн негизги маанисинде, тактап жоп күтүүдө колдонулуу менен катар, адамдын психикасы менен байланышкан ар түрдүү абалды билдирүүдө, тактап айтканда, сурануу, өтүнүү, кайгыруу мүнөзүндөгү оттенокторду берүүдө да колдонулат: *Сизден бир чака жана бир аз картошка ала турууга болбойбу?* (Ж. М.) — өтүнүү.

Данике, согуштан козгоп, эрмектеп бербейсизби? Ой, сустайган неме, ырдап койсоң болбойбу? (Ч. А.) — сурануу, өтүнүү. *Бул сыр көңүлдү бөлгөн, жанды кыйнаган боюнча калабы же тышка чыгабы?* (С. К.) — кайгыруу. *Эр сайышта эр өлтүрүп, катын-баласын жетим-жесир калтырганым үчүн ушинтип жатасыңбы?* (Т. А.) — кекетүү маанисинде.

Баяндалуучу ар кандай мүнөздөгү ойдун күчөтүлүп берилишинде *беле* (бы+эле), *ээ* бөлүкчөлөрүнүн да стилдик мааниси чоң. *Эмне тикиреесиң, көрбөй жүрдүң беле?* (Т. А.) — күчөтүү маанисинде. *Сиз да келет экенсиз ээ?* — какшык маанисинде. *Ой, укмуш экен ээ, энеке?* (Т. А.) — таң калуу маанисинде. Бул сүйлөмдөр кадимки суроолуу сүйлөмдөрдөй, экинчи тараптан жоп алуу, жоп күтүү маанисинде колдонулбастан, негизинен, адамдын ички сезими менен байланыштуу болгон какшыктоо, таң калуу, өтүнүү, себебин тактоо мүнөзүндөгү оттенокторго ээ. Бул сыяктуу сүйлөмдөрдө мындай экспрессивдүү маанинин болушу, биринчиден, аларды уюштурган тилдик каражаттардын лексико-грамматикалык мааниси жана контекст менен байланыштуу болсо, экинчиден, алардын өзгөчө интонацияга жана модалдуулукка ээ экендиги менен түшүндүрүлөт.

Көркөм адабиятта жалаң интонациянын жардамы менен уюшулган суроолуу сүйлөмдөр стилдик функцияны аткарат. Аларда негизинен белгисиз, бүдөмүк нерселер, окуялар жөнүндө ачык, так жоп алуу максаты көздөлгөн болсо (*Аштыгың быша электир? А канаттуу атчандар орудиелердин артына өтө чыксачы?* (Т. К.)), айрымдары, андан тышкары адамдын ички дүйнөсү менен байланышта болгон ойдун такталып, ырасталганын көтөрүңкү тондо көркөмдүү кылып баяндайт. Өзгөчө *-чы* мүчөсү менен аяктаган баяндоочтуу сүйлөмдөр эмоционалдуу-экспрессивдик мааниге ээ. Мисалы, *Кан үстүндө жүрүп кол кармашкан Ысманымчы? Өчпөс жаңылыктын аты коюлган Жылдызымчы?* (А. Т.).

Мына ошентип, айрым лексико-грамматикалык каражат-тардын жардамы аркылуу уюшулган суроолуу сүйлөмдөр да адабий чыгармаларда кеңири колдонулуп, алардын көр-көмдүүлүгүн арттырат. Эгерде ошол эле суроолуу сүйлөм-дөр аркылуу берилүүчү ой жай сүйлөм менен бериле турган болсо, суроолуу сүйлөмдөрдөгүдөй, экспрессивдүү жана эмоционалдуу маанилерге ээ боло албай калат. Ошондой эле нукура суроо маанисиндеги суроолуу сүйлөмдөрдөн да суроо функциясында колдонулбаган сүйлөмдөр ошол эк-спрессивдүү маанилүүлүгү менен айырмаланып турат. Бул жөнүндө Ш. Баллинин төмөнкүдөй пикирин толугу менен кубаттайбыз: «...суроолуу интонациянын экспрессивдүүлү-гү качан гана анын негизги функциясынын суроого арнал-багандыгынан болот. Нукура суроо — бул логикалык тил-дик каражат. Нукура суроолуу интонация — грамматикалык факт»[1].

Буйрук сүйлөм

Көркөм адабияттын стили үчүн буйруу маанисиндеги сүйлөмдөр мүнөздүү. Буйрук сүйлөм грамматикалык көп түр-дүү маанике ээ. Көркөм стилде көбүнчө алардын буйруу, түшүндүрүү мүнөзүндө айтылгандары жана өтүнүү, сурануу, тилек, каалоо, сунуш түрүндөгү оттенокторго ээ болгондору колдонулат. Алар берилүүчү ойдун логикалык мүнөзүнө ка-рай бирде күчөтүлгөн тондо, бирде жайынча айтылат. Буй-рук сүйлөмдөрдүн баяндоочу, негизинен, төмөнкүдөй форма-да уюшулат: II жактагы буйрук этиштен, *этиш+чы, этиш+сын, этиш+гыла, этиш+ба* тибинде. Мындай түзүлүштөгү буйрук сүйлөмдөр жалпысынан буйруу маанисин бергени менен, алардын ар бири интонацияга жана контекстке карай ар кандай стилдик мааниде колдонула берет.

Көркөм адабияттын стилине көбүнчө күчтүү тондо айтыл-ган буйрук сүйлөмдөр мүнөздүү. Андай сүйлөмдөрдүн этиш-тик баяндоочтору дайыма сүйлөмдүн башкы орундарында жайгашат.

Тарт тилиңди! — деген молдонун үнү элдин жүрөгүнө канжар ургандай угулду (А. Т.). *Өлтүр мени!* Атып сал же аска ылдый ташта! (Т. А.). Бул мисалдардагы *тарт тилиң-ди, өлтүр мени* деген сүйлөмдөр патетикалык (күчөтүлгөн) тондо айтылып адамга күчтүү таасир берет. Ойдун мына ушундай патетикалык тондо берилиши буйрук этиштик баян-

[1] *Балли Ш.* Французская стилистика. М., 1961, 308-бет.

доочу контексттен түшүп калып айтылган сүйлөмдөрдөн да ачык көрүнөт. Андай сүйлөмдөр чечкиндүүлүк менен буйрук берүү, катуу талап кылуу маанисин берет[1]. Мындай түзү-лүштөгү сүйлөмдөр көркөм адабияттын гана стилине мүнөз-дүү болуп, буйрук сүйлөмдүн башка түрлөрүнөн айырмалан-ган өзгөчө бир стилдик түскө ээ болот. Мисалы, Таптым, таптым! *Чоң дептерди батыраак. Калем сап, сыя!* (Т. А.). — *Ооой, улуу казатка!* Эрмектүү, эптүү келиндер, кыпча бел кыздар, *ырчы жигиттер, оюнга!* (Т. С.). Карма, эки колун ар-тына байла. *Бекем... Бекем!* (С. К.).

Ушуну менен бирге, буйрук этиштик баяндоочтун кайта-ланышынан уюшулган сүйлөмдөр да патетикалык тондо ай-тылат. Алар жеке эле күчтүү, көтөрүңкү тондо айтылганды-ры менен көркөм болбостон, ойдун образдуу баяндалышы менен да көрктүү болуп турат: *Карма, карма! — Токто, токто!* Жаныңдан үмүтүң болсо, *токто! Айт... Айт,* Жунуш! Сени биз жакшы билебиз (С. К.).

Ал *чабышса-чабыш!* Ал *мийзамдашса-мийзамдаш!...* (Т.С.).

Баяндоочу *-гыла* формасындагы этиштен болгон буйрук сүйлөмдөр да патетикалык тондо айтылып, образдуу келет: *Тарткыла,* ширеңкени! (Т. С.). *Тарткыла колуңарды* Ашы-кемден! (Т. А.). *Жөнөгүлө* узай электе (С. К.). *Тарткыла* бу-тун! *Илгиле! Угуп койгула,* кийин укпай калган элем деп өкүнбөй турган болгула, сөзүм бир! (Т. К.). Баяндоочу *-сын* жана *-чы* мүчөлөрү жалганган этиштерден болгон буйрук сүйлөмдөрдө да *-гыла* формасы менен уюшулган буйрук сүйлөмдөрдөгүдөй эле ой патетикалык тондо, экспрессивдүү, эмоционалдуу мааниде берилет. Мындай структурадагы сүй-лөмдөр аркылуу жалпысынан бири-бирине синонимдеш буй-рук маани берилгени менен алардын ар биринин баяндоочу морфологиялык өзгөчө формада уюшулуп ар бири өзүнө га-на мүнөздүү интонацияга ээ. Ошонун натыйжасында ар түр-дүү мазмундагы стилдик маанилердин келип чыгары да та-лашсыз. Алсак, *-гыла* формасында уюшулган сүйлөм аркы-луу буйрук патетикалык тондо, образдуу берилсе, *-сын* фор-масы менен уюшулган буйрук сүйлөм аркылуу келишүүгө эч мүмкүн болбогон субъективдүү буйрук берилет. Буйрук маани мында чечкиндүүрөк: *Менин сөзүм эки кылынбасын! Сөзүмдү эч ким жыра тартпасын! Алдыма жулунуп эч ким ат бастырбасын!* (Т. К.). Ал эми кийинки эки сүйлөмдө *эч ким* деген тангыч ат атооч контекстке кошулуп айтылып, сүйлөм-дүн жалпы маанисине өзүнүн семантикалык таасирин тий-гизбей койгон жок. Натыйжада ал сүйлөмдөгү чечкиндүү

[1] *Чижик-Полейко А. И.* Стилистика русского языка, часть 3, Синтак-сис. Воронеж, 1966, 83-бет.

айтылган буйрук маани дагы да күчөтүлүп берилди. Эгерде таңгыч ат атоочту түшүрүп айтсак, анда сүйлөмдөгү угуучуга күчтүү таасир этүүчү (патетикалык) тон бир топ басандай түшөт. Салыштыр: *сөзүмдү эч ким жыра тартпасын! — сөзүмдү жыра тартпасын!*

Демек, сүйлөмдөрдүн стилдик мааниси дайыма эле баяндоочтун аягындагы грамматикалык формалар аркылуу түзүлбөстөн, лексикалык каражаттардын катышы менен да түзүлөт.

-чы мүчөсүнүн катышуусу менен түзүлгөн буйрук сүйлөмдөр да экспрессивдүү маанаге ээ.

Салыштыр: *Муну эшикке чыгар. Муну эшикке чыгаргын. Муну эшикке чыгарчы.* Мында «чык» деген этишке *-ар, -гын, -чы* мүчөлөрү жалганып, баяндоочтук милдетти аткарышты. Жалпысынан булар бири-бирине синоним. Бирок ар биринде өзүнө мүнөздүү болгон стилдик оттеноктор бар. Алсак, 1-сүйлөм аркылуу буйруктун берилиши жайынча, солгун болсо, 2-сүйлөмдө буйрук андан күчтүүрөөк. Ал эми 3-сүйлөмдө буйруу менен бирге өтүнүү мааниси да бар. Мындай баяндоочу *-чы* формасындагы этиштен болгон буйрук сүйлөмдөрдө башкаларга караганда экспрессивдүүлүк басымдуулук кылат. Мисалы: — Ой, өлүгүндү көрөйүн, *береги немени чыгарып жиберчи!* Түшкө кирчүдөй кылбай *жоготчу* (А. Т.). Кайда жүрөт ал, *чакырчы!* (Т. А.).

Көркөм стилге тангыч *-ба* формасындагы этиштик баяндоочу бар буйрук сүйлөмдөр да өтө мүнөздүү. Мында да буйрук күчтүү таасир этүүчү (патетикалык) тондо айтылат:— *Сүйлөбө!* Сендей кара тамандар намыс деген эмне экенин билбейт (Т. А.). *Тийбе,* кыжырыбызды келтирбей! (С. К.). *Барбайт андайыңарга* (Ч. А.).

Угуучуну кандайдыр бир ишти, кыймыл-аракетти аткарууга түртүлөө көбүнчө баяндоочу буйрук ыңгайдын 2-жагындагы этиштерден болгон сүйлөмдөр аркылуу берилет. Андай сүйлөмдөрдүн баяндоочу болгон этишке *-гын, -гыла* мүчөлөрү уланат же унгу буйрук түрүндө айтылат да, буйрук берүү, сурануу маанисин билдирет. Андай сүйлөмдөрдүн баяндоочу оозеки речте логикалык басым менен кесткин түрдө айтылат. Мисалы: Менин *тилимди ал, тоокту ташта,* ал майда иш (Т. А.). *Ойлон,* Саадат да элсиз түлкү эместир (Т. С.). *Кел,* арабага *отургула* (Ч. А.).

Баяндоочу буйрук ыңгайдын 2-жагындагы этиштерден болгон сүйлөмдөр жалпы жонунан буйрук маанисин берүү менен бирге, лексикалык составына карап аларда сунуш кылуу, каалоо, өтүнүү ж. б. оттеноктору да кошо болот:

а) Сунуш кылуу мүнөзүндөгү буйруу: Деги не болсо *да байка,* Имаш. Кокус бирөөнүн *союлу тийсе, сулк жат!*

(Т. С.). Чабышам деп убара болбо! (А. Т.). Ичинин баары эле атыр менен упа көрүнөт. *Алгын!* (Т. А.).

б) Өтүнүү мүнөзүндөгү буйруу:

Ой, эл-журт! Эжемди *көрсөткүлө!* Айланайын эл, эжемди *көрсөткүлө.* Жатындашымды бир кучактап калайын... (А. Т.). Шордуу кулунчактын ажалына *аралжы боло көргүлө!* Бул силерге түбөлүк кул болсун! (Т. К.). Кой, айланайын, келинимди ошол орогуна эле *тим койгула!* (Ч. А.).

— Шерали! Мына, карагым, эми сен журт эгесисиң. Журтка *кайрымдуу бол! Көздүүнүн артынан ээрчи!* (Т. К.). Мага кошулуп *кейибеңиз.* Кейишке көнгөн мен эле кейийин (Т. А.).

в) Каалоо — тилек мүнөздөгү буйруулар: Эми сен жубайың менен *бактылуу жаша!* Эми силер *бактылуу болгула,* Табылды! (А. Т.). Ак тилегиң *алдыңан чыксын, самаган муратыңа жет!* (С. К.).

г) Кубаттоо оттеногундагы буйрук сүйлөмдөр. *Ошону айт,* мүнүшкерим! (Т. К.).

Илептүү сүйлөм

Илептүү сүйлөмдөр жай сүйлөмдөрдөн мазмунунун эмоционалдуулугу жана өзгөчө интонацияга ээ экендиги менен айырмаланат[1]. Алар кишинин таңдануу, кайгыруу, сүйүнүү, арман кылуу, аёо сыяктуу ички сезимин билдирүү максатында көбүнчө көркөм адабиятта колдонулат[2].

Илептүү сүйлөмдөрдө эмоцияга ээ болуп турган сөз, жай сүйлөмдөрдөгүдөй, жумшак, созулуңку айтылбастан, көтөрүңкү үн менен кескин айтылат[3]. Көркөм чыгармаларда авторлордун жана персонаждардын турмуштагы чындыкка каратып болгон ар кандай ички мамилелерин экспрессивдүүлүк менен баяндаш үчүн көбүнчө илептүү сүйлөмдөр колдонулат. Илептүү сүйлөмдөрдөгү күчтүү сезим менен айтылган интонация ойду эмоционалдуу туюндурууга кеңири мүмкүнчүлүк берет. *Жакшы болбой жерге кирсин, андай итти Дадый мырзама садага чабам!* (Т. А.). *Шашпа! Сендей эскиден калган карыганжеңенин шору кайнайт деген ушу!* (Т. А.). *Мына, менин жараланган жүрөгүм айыкты!* (Т. А.).

---

[1] *Чижик-Полейко А. И.* Стилистика русского языка, часть 3, Синтаксис. Воронеж, 1966, 84-бет.

[2] *Балакаев М., Жанпейисов К.* Казак тілінің стилистикасы. Алматы, 1966, 180-бет.

[3] Грамматика русского языка, т. II, Синтаксис, ч. I. М.: Наука, 1954, 368-бет.

Илептүү сүйлөмдөрдүн эмоционалдуу мааниси интонациядан башка төмөнкүдөй тилдик каражаттардын жардамы менен да берилет:

1. Сырдык сөздөр аркылуу: *Баса, ошондой да!* (Ч. А.). *Ай,* менин ошондогу уялганым! Өлбөгөн эле жерде калдым (Ч.А.). Ал ыйык, каргап салат, *караңгүн!* (С. Ө.).

Бах, жарыктык жаш тооктун эти *ай, өрүк!* (Т. А.). — Калдаңдаган *өлүксүз ий, а!* (С. Ө.). Кийинки эки мисалда сырдык сөздөр сүйлөмдүн ар кайсы жеринен орун алып, экинчиси биринчисинин маанисин толуктап, ойдун эмоционалдуу жана экспрессивдүүлүгүн күчөтүп турат.

2. Сырдык сөздүү сүйлөмгө бөлүкчөлөрдүн кошулуп айтылышы аркылуу:

Ата-а кудай жалгап кал, бүгүн күн мемиреп *жылуу тийди дегеле!* (С. Ө.). *Ой, чиркин ай,* өчпөс *ой күндөн күнгө чөктүң го!* — деп Каныбек тыштан кирип келди (К. Ж.). *А, төшү түктүүгө* жолуккан *окшойсуң го!* (Т. К.).

3. Бөлүкчөлөр аркылуу: Сайдагы түн *көрктүү да,* коркунучтуу *да!* (Ч. А.). Окуй *гой,* окуй *гой,* көпөлөгүм, окуй *гой!* (Т. С.). Бөрү карысын жектейт болуп, өлөрү калган кишилердин маанайын басып *не!* (Т. С.).

4. Сөздөрдүн жана формалардын кайталанышы аркылуу:

— Жыттоочум!... Жыттооч сарым! *Жерибизге баратабыз,* көрдүңбү?! *Жерибизге барабыз эми!* (С. Ө.). — Жок — деди Эшим, менин жаным сеникинен артык эмес! *Сенин убалыңа калганча, сени менен кучакташа жатам! Тирүүлүктө бир өстүк, бир ойнодук, эми бир жаталы! Бирге чирийли!* Тилиги биз бирге токтолсун деди да, алдастаган эмедей дирилдеп кетти (А. Т.). *Биздин мунубуз эрдик эмес, акылдуулук да эмес, көрөгөчтүк да эмес.* Биздин мунубуз жеткен маскарачылык! Алсыздык! Айта берсе зыянкечтик! (Т. А.).

Булар Кыдыр болсо керек, булар Кыдырдын өзү! Биз өлбөйбүз! — Биз өлбөйбүз! (А. Т.).

— *Тигине, тигине* пароход келе жатат! (С. К.).

5. Сүйлөм мүчөлөрүнүн орун алмашып келиши аркылуу: Алты *кызды бага албай жүргөн кедеймин мен!* (Т. С.). — *Жашырынба! Куйтуңдайсың,* түлкүнүн куйругу! — деди өзүн токтото албай (Т. К.). Бул тилдик каражаттар менен интонация илептүү сүйлөмдөрдүн эмоционалдуу маанисин ачып, аларга ар кандай стилдик түс берүүчү баалуу каражаттардан болуп саналат.

Көркөм чыгармаларда колдонулган илептүү сүйлөмдөр адамдын ар түрдүү ички сезимдерин кылдаттык менен баяндоого жардам берет.

а) Суктануу мүнөзүндө баяндоо: *Ал кезде сен кургур* бышып турган *алма элең го, чиркин!* (А. Т.).

— *Согушсуз жашоо кандай сонун!* (А. Т.). Аты жакшы ат окшойт, *карачы, жаныбардын аяк ташташын!* (Т. А.). Ушундай *түндө жол жүргөн кандай жакшы!* (Ч. А.).

И-ш, айта көрбө! Тим эле өрүк, өрүк! (Т. А.).

б) Тандануу, өкүнүү мүнөзүндөгү маанини билдирүү: Атандын мунусу *өтө эле таң каларлык нерсе экен!* (Т. А.). Э, ботом, *бул кандай тыкчыңдаган келин эле!* (Ч. А.). *О, жараткан алла! Үнүң тааныш, Арпачы!* (Т. А.).

в) Кекетүү маанисин берүү: *Алжыпырсың, абышка, алжыпырсың!* (Т. А.).

Отурасыңарбы, оозуңарды ачып! Ой, сексейген каракчы! (С. Ө.). *Бөрк астында бөрү бар. Сен бөрүдөн ашкан кан ичерсиң!* (Т. А.).

Шашпа, сени элеби! Сага эле көрсөтпөсөм! Сендей жатындашым жок менин! (Т. А.).

г) Табалоо, жактырбоо, какшыктоо маанисин билдирүү: *Шайык кеңкелес өзүнүн кул-кутандарын ач карышкырдай касапчылап жаткан экен, маа ошонусу кызык! Болду эми бүгүн көрүшкөнсүбөй!* (Т. А.). Жылаңач түгүл, жылаңайлак *тура келиниң!* (С. Ө.).

— *Багдагүлүң кимчелик болуп калыптыр!* (Т. А.).

д) Нааразы болуу, күнөөлөө маанисин туюндуруу: Кеттим! *О, таалайы тайкы Ашырбай! Баарын кылган өзүң! Багдагүлдүн ажалына өзүң жеттиң! Өзү-үңү!* (Т. А.). Жок *сен адилет эмессиң! О, жараткан алла!* (Т. А.).

ж) Боор ачып, жан тартуу: *Бечара, эрксиз турмуштун эриксиз курманы экен ээ!.. (С. К.).*

— *Аа шоруң кур, уялчагын мунун!* — деп аяп *койдум аны* (Ч. А.).

з) Арман кылып кайгыруу: *Менин боорум бала көрбөгөндүктүн айынан катып баратат! Чыныгы бейтаалай менмин* (Т. А.). *Отун алып бүткүчө кара нөшөр төгүп турса көрдүм го көргүлүктү!* (С. Ө.). *Багдагүлүм! Ажалыңа мен өзүм себепкер. Бирок тилегим ак, үмүтүм чоң эле! Оорудан сакайып, кубанып, күлөмүнбү деген элең! Мен ыйлап отурам! (Т. А.).*

4) Ички каалоолорду жана каргоо маанисин берет: *Ылайым мал-жаныңыз аман болуп, мартабаңыз арта берсин!* (Т. А.). *Туз урсун, аябайт болчумун! Экинчи ушул үйдү желкемдин чуңкуру көрсүн! (Т. А.). Ишиң оңолуп, ак жоолугуң башыңан түшпөсүн! (С. Ө.).*

к) Жалынуу, ыраазы болуу жана эркелетүү сезимин билдирет:

— *Оо, садагаң кетейин! Дүйшөкөмүн колуктусун көрдүм карган чакта! Ыраазымын, болду, болду! О, кагылайын эр бейген!* (С. Ө.). *Садага болоюнум! Айланайын бир боорум! Кичинекей алтыным! Улагым, эркем!* (Т. А.).

м) Каршылык көрсөткөндүктү жана кайрат кылгандыкты баяндоодо да колдонулат: *Жо-ок, Дадый мырза! Ким экениңди билдик* эми. *Ашыкемди бербейбиз сендей жан алгычтын колуна!* (Т. А.). Баса калып мууздагандай мен улак эмесмин. Мен Бектурганмын (А. Т.).

н) Кубануу, кубаттоо же ырастоо маанисин берет: *Бул адам жүрөгүнө чоң сүйүү алып жүргөн адам!* (Ч. А.). *Баягы эле Ашыкемсиң! Сага эми ушул тоок өстүргөн эле ылайык. Кары адамга жакшы иш да!* (Т. А.).

о) Тактоо, бекемдөө маанисин билдирет:— *Ошону айтамда* (Ч. А.). — *Ыманбай келди — элдин аягы бүткөнү!* — —*Ыманбай намаз акысын берди, эми киши калган жок!* (Т. С.).

п) Куттуктоо, эскерүү түрүндөгү маанини билдирүүдө да колдонулат. М., О, келин кут болсун! (С. Ө.). Улакка мен да түшчүмүн! (Т. А.).

р) Учурашып саламдашууда колдонулат:

— *Ассалоому алейкум!* (Т. К.).

Ушулар сыяктуу эмоционалдуу-экспрессивдүү маанидеги илептүү сүйлөмдөр көркөм адабий стилге гана мүнөздүү.

Бул сүйлөмдөр эмоционалдуу маниге өзгөчө интонация, сырдык сөздөр, бөлүкчөлөр, сөздөрдүн өзгөчө орун тартиби, сөздөрдүн кайталанып айтылышы аркылуу жетишкен. Ал эми стилистиканын максаты да ошол тилдик каражаттардын өз орду менен туура тандалып, туура колдонулушун жана айтылуучу ойдун эмоционалдуу-экспрессивдүү болуп берилишин көздөйт.

Стилистикага берген аныктамасында Ш. Балли да: Стилистика тилдик системадагы элементтердин эмоционалдуу-экспрессивдүүлүгүн үйрөтөт[1] деп айтса, А. Н. Гвоздев, ал тилдик көрүнүштөрдүн маани жана экспрессия жагын караштырат. Жакшы түзүлгөн стиль аркылуу ой так, ачыгыраак жана ачык болуп берилет — деп айтат[2]. Ошондуктан биз да жогоруда илептүү сүйлөмдөрдүн стилдик, экспрессивдүү-эмоционалдуу маанилерине кыскача мүнөздөмө бере кеттик.

Бир составдуу сүйлөмдөр

Көркөм адабий стилге жогоркулар менен катар, бир составдуу сүйлөмдөр жана эки составдуу сүйлөмдөр да мүнөздүү.

---

[1] *Балли Ш.* Аталган эмгеги, 17-бет.

[2] *Гвоздев А. Н.* Очерки по стилистике русского языка. М., 1965, 11-бет.

Мындай структурадагы сүйлөмдөр баш мүчөлөрүнүн — ээ, баяндоочтун бар же жоктугу менен мүнөздөлөт. Жалгыз гана бир баш мүчөнүн базасында уюшулган сүйлөмдөр бир составдуу болот да, ээ, баяндоочу толук катышкан сүйлөмдөр эки составдуу болот. Сүйлөмдөрдүн бул структурада колдонулушу алардын семантика-грамматикалык жана стилдик өзгөчөлүктөрү менен мүнөздөлөт. Көркөм адабий стилде мына ошол баш мүчөлөрү түшүп же түшпөй толук катышкан сүйлөмдөр кеңири учурайт. Бир составдуу сүйлөмдөрдүн түрлөрү болгон жагы белгилүү, жаксыз жана атама сүйлөмдөрдүн ар биринде өздөрүнө мүнөздүү болгон стилдик функция бар.

Көркөм адабий чыгармаларда өзгөчө баяндоочу барыш жөндөмөсүндө турган кыймыл атоочторго *болот, болбойт, туура келди, туура келет* деген көмөкчү компоненттердин айкашып айтылышы менен уюшулган жаксыз сүйлөмдөр өзүнчө бир стилдик ыкманы түзөт. Анткени кыймыл-аракеттик процесс объектилик түшүнүк катары колдонулгандыгы жана ага болгон мамиле жөнүндө сөз болот, ошондуктан ал ойду нагыз этиштен болгон баяндоочу бар кайдыгер эле сүйлөмдөр аркылуу баяндоо мүмкүн эмес. Объекти катары колдонулган кыймыл-аракеттин процессинин иш жүзүнө ашырылышы жөнүндөгү ой ар бир автордун жеке стилине таандык. Мындай мазмундагы ойду берүүдө жаксыз сүйлөм гана колдонулат жана аларга барыш жөндөмөсүндөгү сөздөр логикалык субъект катары таандыкталат. Бирок аны сүйлөмдүк контексттен кезиктирбейбиз, андан сүйлөмдүн мааниси бузулбайт, тескерисинче, ал катышпаганда ой тыкан, жыйнактуу болуп берилет: Демек, андай чыныгы сүйгөнү бар *кызды алдоого болбойт* (К. Ж.). *Убаданы бузууга болбойт* (К. Б.). *Маселени үстүртөн чечүүгө болбойт* (Н. Б.). Булар — стилдик жагынан туура түзүлгөн сүйлөмдөр. Ал эми булардагы логикалык субъект өндөнүп турган *бизге* деген сөздү кошуп айта турган болсок, алардын көркөмдүүлүгү бир аз солгундай түшөт. Салыш.: Демек, андай чыныгы сүйгөнү бар *кызды бизге алдоого болбойт. Убаданы бизге бузууга болбойт. Маселени үстүртөн бизге карап чыгууга болбойт.*

Баш мүчөсү барыш жөндөмөсүндөгү кыймыл атооч + *туура келет, туура келди* тибиндеги айкаштан жасалган жаксыз сүйлөм аркылуу гана баяндала турган (объекти катары келген кыймыл-аракеттик процесс, аны аткарууга болгон далалат жөнүндөгү) ой башка сүйлөмдүн семантика функциясына жатпайт: Мүмкүн анда *бригададан кетүүгө туура келер* (Ч. А.). Күндө он чакты киши менен *урушууга туура келет* (Н. Б.). Тээ кийинчерээк гана сүрөтчүлөр колдонгон

тюбиктеги *сыкма боекторду биринчи жолу көрүүгө туура келди* (Ч. А.).

Бир составдуу сүйлөмдүн жагы* белгилүү түрү да көркөм стилге мүнөздүү. Бул сүйлөмгө мүнөздүү болгон *мен, сен, биз, сиз, биздер, сиздер* деген ат атоочтон болгон грамматикалык ээлер сүйлөмдүн семантика-функциясы үчүн зарыл болбогондугунан сүйлөмдө колдонулбайт, бирок этиштик баяндоочтон болгон баш мүчөдөгү жак мүчөлөр аркылуу алар белгилүү жана кайсы экендиги аныктык болуп турат:

Жаныңды бак. Жаш экенсиң, жакшылык көрөсүң (К. Б.). *Айтканбыз* (Т. С.). *Төрт түлүк малдан кур алаканбыз* (К. Б.).

Жагы белгилүү бир составдуу сүйлөмгө грамматикалык ээнин катышпай калгандыгы адабий тилдеги калыптанган өзүнчө бир стилдик ыкма болуп саналат. Айрым сүйлөмдөрдө ээни колдонуунун зарылчылыгы жок экендиги жөнүндө А. М. Пешковский мындай деген: «...Мына ушул көз караш менен алып караганда мен, сен, биз, сиздер сөздөрүн колдоно берүүнүн ынгайсыздыгы келип чыгат; аларды орунсуз эле колдоно бере турган болсок, речтин акырындык менен ыдырап, чубалжый баштаганын жана эч нерсенин ачык эместигин көрөбүз»[1]. Эгерде мындай структурадагы сүйлөмдөрдүн ээсин катыштырып айтсак, анда сөз кыймыл-аракет жөнүндө гана эмес, аны аткаруучу субъект жөнүндө болуп калат: *Сен* жаныңды бак. *Сен* жаш экенсиң, жакшылык көрөсүң. *Биз* төрт түлүк малдан кур алаканбыз.

Ал эми жагы белгилүү бир составдуу сүйлөмдөрдө мунун тескерисинче, көңүлдүн борбору кыймыл-аракетке, окуяга фактыга гана арналат, б. а. сүйлөмдүн синтаксистик семантикасы ар кандай маанидеги кыймыл-аракетти, ал-абалды билдирүүгө багытталган болот.

Көркөм адабиятта бир составдуу сүйлөмдүн жагы жалпылама түрү да колдонулуп, өзгөчө бир стилдик ыкманы түзөт.

Жагы жалпылама сүйлөмдүн баш мүчөсү II жактын мүчөсү уланган этиштен уюшулат. Айтылуучу ой 2-жактын формасы менен берилсе да, ал үч жакка тең тиешелүү болуп айтылат:

Кылган ишине кубанасың да отурасың (К. Ж.). *Сөзүн укканда таң каласың* (Н. Б.). *Айтып жатса, өзүңдү айыптуудай сезесиң* (М. Э.).

---

* Жагы деген термин кыймыл-аракеттин аткаруучусун, кыймыл-аракеттик белгини алып жүрүүчүнү билдирет.

[1] *Пешковский А. М.* Русский синтаксис в научном освещении. М., 1956, 184-б.

Короого чыксаң икир-чикирден баса албайсың (Т. А.). Жагы жалпылама сүйлөм аркылуу берилүүчү ой башка сүйлөмдөр аркылуу баяндалбайт, алардын семантикасына ылайык эмес, ал жагы жалпылама сүйлөмдүн гана семантикасына ылайыкташкан, адатта, ал ой белгилүү бир конкреттүү жакка багытталбастан, бардык жакка тиешелүү болуп жалпы айтылат.

Бир составдуу сүйлөмдүн жагы белгисиз түрү да көркөм стилге мүнөздүү болгон сүйлөм. Мында, конкреттүү кыймыл-аракеттин аткаруучусу болбойт, ал белгисиз абалда калат: Кийинчерээк *сыяны эмен жалбырагынан жасай турган болушкан* («КМ»). *Колуна эмне тийсе ошону менен уруп жиберет деп жүрүшөт* (А. Т.).

Элге кам көргөндү эл атасы деп ошондуктан айтат (Н. Б.). *Армияда кандай экенин өзүңүз билесиз, бир гана айтат* (Н. Б.). Жагы белгисиз сүйлөм бир составдуу сүйлөмдүн башка түрлөрүнөн аракет кылуучу жагынын белгисиз, конкреттүү эмес экендиги менен айырмаланат. Ошондой эле стилдик өзүнчө ыкманы түзөт.

Атама сүйлөм. Бир составдуу сүйлөмдүн бул түрү көркөм адабий чыгармаларда, өзгөчө драма жанрында өтө кеңири колдонулат. Атама сүйлөмдөр бир сөздөн же сөз айкашынан турат да, баяндоо интонациясынын жардамы менен сүйлөмдүк касиетке ээ болот. Сүйлөмдүн бул түрү структурасы жагынан өтө кыска келгендиктен, айтыла турган ойду кыскача баяндап түшүндүрөт. Алар көркөм адабиятта көбүнчө жаратылыштагы, айлана чөйрөдөгү ар түрдүү көрүнүштөрдү сүрөттөөдө, заттардын ар кандай сапатын, сандык белгисин, мезгилди ж. б. баяндоодо активдүү колдонулат. Атама сүйлөмдөр өз ара тыгыз байланышпай, бири-биринен ажырап турган көрүнүштөрдү билдирет да, угуучунун бардык көңүлүн ошол баяндалган көрүнүшкө, окуяга топтойт.

Мисалы: *Тоонун этеги. Айдөш келген кең талаа.* Тынымсыз иштеп жаткан сансыз адамдар (К. Б.).

Айлуу түн. Парктын бурчу. Алыстан Ала-Тоо үргүлөйт. *Кызылчачылардын талаа станы.* Солдо эки жагы ачык чоң айванканын бир жак бурчу... *Түшкү дем алыш маалы.* Кызылчада иштегендер ырдап өтүшөт (Т. А.).

Жайлоо. Көк конуш. Алыстан мөңгүлүү тоо, кырка тизилген боз үйлөр. Сахнанын бир тарабынан чоң таштын чети, бир жак тарабынан Койлубайдын үйүнүн эшиги көрүнүп турат. *Эртең менен.* Көшөгө ачылганда Шамалбек көрүнөт («Пъесалар», 1966).

Эки составдуу сүйлөмдөр

Көркөм адабиятта эки составдуу сүйлөмдөр кеңири колдонулат. Андай сүйлөмдөрдөгү ээлер көпчүлүк учурда баяндоочтон мурун келип, сүйлөмдүн баш жагына жайгашат:

Балдар келишти. Жүргүнчүлөр узак жол тартышты. *Сен* быйыл кош айдоого эч бир пайданды тийгизбегенсиң (К. Б.). *Мен* кары адаммын (Т. К.). Бул мисалдардагы ээнин сүйлөм тизмегинен түшүрүлбөй колдонулушунун стилдик мааниси бар. Бул жерде автор, биринчиден, кыймыл-аракеттин аткаруучусуна көңүл бөлүп, аны атайын белгилеп көрсөтүү жагын көздөгөн болсо, экинчи жагынан, субъектинин кыймыл-аракетин өзгөчө белгилебей кетүүнү милдет кылып койгон.

Эгерде мындай түзүлүштөгү сүйлөмдөрдүн ээси түшүрүлүп айтылса, анда көңүлдүн борбору субъектинин кыймыл-аракетине бурулган болот: *Ага феодалдарча жол бергенсиң. Быйыл кош айдоого эч бир пайданды тийгизбегенсиң.*

Сүйлөмдүн ээсинен кийин тактагыч *да, дагы* бөлүкчөлөрү айкашса, алардын грамматикалык-семантикалык табиятына ылайык аракет кылуучу жакка айрыкча көңүл бурулуп, күчөтүлүп айтылат. Бул көрүнүш жалпы эле сүйлөмдүн семантикасына таасирин тийгизип, ой күчөтүлүп берилет.

Салыштыр:

1 ...Ударниктердин тизмесин окуганда *мен да чыккан болчумун* (К. Б.). — Ударниктердин тизмесин окуганда *мен чыккан болчумун.*

2. Жигиттер менен кошо *сиз да барасыз* (Т. А.). — Жигиттер менен кошо *сиз барасыз.*

3. *Биз дагы* атанын баласыбыз (Т. А.). — *Биз атанын* баласыбыз.

Эки составдуу сүйлөмдөрдө көбүнчө стилдик максатта ээнин илик жөндөмөдөгү ат атоочтон болгон аныктоочу түшүрүлүп айтылат. Мындай учурда сүйлөөчүнүн көңүлү логикалык субъектиге эмес, сүйлөмдүн грамматикалык ээсине жана андагы кыймыл-аракетке бурулган болот:

4. *Колу-буту* ташка тийди (анын). *Бүткөн боюнун ооруганы, таманынын сыздаганы, жүрөгүнүн дүпүлдөп соккону* аны жашоорутуп онтолотту. *Бардык үмүтү, тилеги...* ошол отто (анын) (К. Б.).

5. *Үйдө апам* менен *карындашым* бар (менин) (Ч. А.).

6. *Кээде ыйлап жибермейим да* бар (менин) (Т. А.).

Кээде сүйлөмдөгү аныкталгыч түшүп [illegible]йтылып, анын функциясы алдындагы аныктоочуна өтөт[illegible]стантивдешип, ээлик милдетти аткарат. Мындай[illegible]ы эки

составдуу сүйлөмдөр көркөм адабий чыгармаларда көп кездешет.

— *Токол алгандар* томсорот миш (Т. С.). Анысы аз келгенсип, колхоздун малына *кастарын тиккендер* да көбөйөт («Чалкан»). *Эрки күчтүү* кыйынчылыкка чыдайт. Карандылыктын *айынан алданып жүргөндөр* көп (Т. А.). *Бирок ал жыйнагандары* баштыгына батпады (К. Б.).

Мындай түзүлүштөгү сүйлөмдөр бир сөздү артыкбаш кайталабоого, ойду кыскача туюндурууга мүмкүнчүлүк берет.

Сүйлөмдүн ээси айрым учурда инверсияланып, сүйлөмдүн аягына келип да колдонулат. Бул учурда ээге логикалык басым түшүп, сөз болуп жаткан жактын аты катары келген субъект же объект көтөрүнкү үн менен айтылат. Ошонун натыйжасында сүйлөмдүн жалпы мааниси экспрессивдүү каснетке жетишет. Мындай түзүлүштөгү сүйлөмдөр көркөм адабий чыгармалар үчүн өтө мүнөздүү: — Алдагысы келген экен *карыган түлкү!* (Т. К.). Жакыптын колунан келди *бул иш!* (Т. С.).

Алардай кем акыл көөдөктөрдү иритип жүргөн *ошол!* (Т. А.).

Инверсия жолу сүйлөмдүн ээсине гана эмес, башка мүчөлөрү үчүн да мүнөздүү.

Баяндооч

Сүйлөмдүн баяндоочу орун жагынан ээге караганда туруктуу келет да, дайыма сүйлөмдүн аягына жайгашат: Тектектин эмне экенин мен *сага билгизем* (К. Б.). Батма эшикке чыгып, *күйөөсүн аткарды* (К. Б.). Бардыгын тең анан *өзүнө төкпөй-чачпай айтып беремин* (Н. Б.). Бирок кээде баяндооч да инверсия кубулушуна учурап, өзүнүн туруктуу ордун өзгөртүп, ээнин алды жагынан орун алып калат. Мындай учурда ал көтөрүнкү үн менен айтылып, жалпы ой экспрессивдүүлүккө ээ болуп, чыгарманын көркөмдүүлүгүн арттырат: *Билем,* сенин түтүк кагазындын ичиндегини! (Т. К.).

— *Чык эшикке,* ит! (К. Б.).

Мен сага *көрсөтөмүн* курортту! (Т. А.).

Бул сыяктуу сүйлөмдөрдүн жалпы маанисинин эмоционалдык-экспрессивдүү мүнөздө айтылышында тилдик каражаттар менен катар, көтөрүнкү тондогу интонациянын ролу да зор. Сүйлөмдүн экспрессивдүү маанисин күчөтүү максатында кээде баяндоочу кайталанып да айтылат:

— *Өлтүр мени, мени да өлтүр!* (К. Б.).

Берекенин баары *үйда эмеспи, үйда!* (Т. А.).

Грамматикалык ар кандай жактык формалар менен жаб-

дылган баяндоочтордун стилдик катышы ар кыл. Өзгөчө биринчи жактык жак мүчөдөгү этиштик баяндоочтун колдонушунда өзгөчөлүк бар экендиги байкалат. Башкача айтканда, көркөм стилде алар эки түрдүү формада колдонулат *-м, -мын*. Булардын ортосунда синонимдик байланыш бар. Бирок стилдик колдонулушунда айырмачылыктын бар экендиги да белгилүү. Алсак, жак мүчөнүн толук формасы менен уюшулган баяндооч аркылуу берилүүчү ой күчөтүлгөн мүнөздө берилет да, жак форманын (*-м*) кыскарган түрү менен уюшулган баяндоочко караганда экспрессивдүүлүгү басымдуулук кылат. Салыштыр: Өзүң билесиң го мен *көп сүрдөбөйм* // (*сүрдөбөймүн*) (Т. С.). Мен ага сөздүн *гүлдөрүн тандаймын* // (*тандайм*) (А. Т.).

— Аткыла, тузу арамдар-р! Мен силерге алла атынан буйруп *жатам* // (*жатамын*) (Т. С.).

— Ошону *айтам да* (*айтамын да*) (Ч. А.).

Эгерде жайынча айтылган сүйлөмдүн составына терс же таңгыч маанидеги тилдик каражаттар кошулуп айтылса, берилүүчү ой мурункусунан күчтүүрөөк тон менен айтылат: Үй-жайымды таштап мен *эч жакка бара албаймын* (Т. С.). Үй жайымды таштап мен *барбаймын*. Эки составдуу сүйлөмдөгү баяндоочтор айрым учурда баяндоочтогу жак мүчөсү түшүп калган сүйлөмдөргө да синоним болот. Салыш.: Баарысы ач-жылаңач... Ошого ким күнөкөр? Мына *мен күнөкөрмүн*// (*мен күнөкөр*) (Т. А.).

Ушуну менен бирге *-мак +чы +мын* жана *-мак +мын* формаларындагы баяндоочтор өз ара синонимдеш, бирок айрым стилдик оттенокторду боюнча бири-биринен аз да болсо айырмаланып да турушат. Тактап айтканда, *-мак +чы +мын* формасындагы баяндооч аркылуу келечекте иштеле турган аракеттин же ага карата болгон ниеттенүүнүн берилиши *-мак +мын* формасындагы баяндоочтогуга караганда чечкиндүүрөөк келет. Салыш.: 1. Мен азыр да ошону *айтмакмын* (Ч. А.). Мен азыр да ошону *айтмакчымын*. Ошондой эле, уңгу буйрук этиштен жана *-саң > -са +ың* (*ң*) формасындагы буйрук этиштен уюшулган баяндоочтор да жалпы жонунан маанилеш болгону менен, стилдик жагынан анча-мынча айырмачылыгы бар экендиги байкалат. Салыш.: 1. Жок дегенде *кат жазып койсоң*. 2. Жок дегенде кат *жазып тур*. Мында биринчи сүйлөмдө сурануу мааниси басымдуулук кылса, экинчи сүйлөмдө буйруу мааниси басымдуулук кылат. Ошондуктан экөө эки түрдөгү стилдик ыкманы түзөт.

Адатта, сүйлөмдүн баяндоочу ээ менен жак жана сан боюнча ээрчип байланышат. Бирок кээде сүйлөмдүн ээси көптүк санда, баяндоочу жекелик санда да айтылып калат. Андай сүйлөмдөрдө стилдик мүчүлүштүк байкалбайт, тескерисинче, ал өзүнчө бир стилдик ыкманы түзөт. *Ишиңер бүттүбү?* (К. Б.). *Окуучулар келди. Окуучулар келишти.*

Көркөм адабиятта баяндоочу жатыш жөндөмөдөгү сөздөрдөн болгон сүйлөмдөр да көп колдонулат. Алар кандайдыр бир заттын, белгинин кимде, эмнеде экендигин, ордун кыскача, так баяндайт. Ал эми баяндоочу жатыш жөндөмөдөгү кыймыл атоочтон болсо, белгилүү бир иштин үстүбүздөгү учурда болуп жаткандыгын жана кийин да боло берерин, анын созулуңкулугун билдирет: Эптешкендер сайма *алачыкта* (Т. С.). *Кулак сизде* (Т. К.). Алтынбек болсо күлүндөп *жайнагандан жайноодо* (К. Ж.). Келин да аны мойнуна алган сыяктуу тек *сакалдууларга кымыз сунууда* (Т. С.).

Экен, эле, сыяктуу, ыктымал, шексиз, керек, мүмкүн, тура ж. б. көмөкчү сөздөрдүн кошулуусунан жасалган баяндоочтору бар сүйлөмдөр ал жардамчы сөздөрдүн ар кыл мүнөздөгү кошумча маанисинин таасири менен түрдүү стилдик түскө, эмоционалдуу оттенокко ээ болот:

1. Бирок аны да бир коркуу *сезими баскан сыяктанды* (К. Б.). (Ойго болжолдоо маанисин берет).

Мындай шашуу эң катуу коркунуч мезгилде гана *болууга тийиш* (А. Т.). (Милдеттүүлүк маанисинде).

Шарттуу ыңгайдын *-са* формасындагы этиштен жана анын айрым модалдык сөздөр менен болгон айкалышынан уюшулган баяндоочтук конструкциялардын көркөм чыгармаларда колдонушу активдүү жана алардын айрымдары бири-бирине синонимдеш келет:

Балким, бул жолдон бир заманда кылдыраган төрт дөңгөлөк араба *да жүрбөсө керек* (Т. С.).

Кейпи, колхоздун жетекчилери доолагандан *уялып жүрүшсө керек* («Чалкан»). 3. Бир бейбактын кесири төрт *атага тийбесе ийги* (*тийбесе* экен // *тийбесе болгону*) (Т. С.). 4. *Жоо жеңилсе, согуш бүтсө*. Аман кайтсак. Төрдүн шиберине оонасак. Булактын суусуна жүз чайкасак. Оодарышсак, чабышсак, сонунубузду таратсак. Анан биздин колхоздун өзүнүн электр станциясын курсак (Т. С.).

Мына ушулар менен катар *шексиз, калетсиз, ыктымал* ж. б. деген өндүү модаль сөздөр да сүйлөмдүн баяндоочу болуп, тактоо, болжолдоо маанисиндеги ой-пикирди баяндоодо активдүү колдонулат: Мындан ары газетанды *буерде отургандардын окушары калетсиз* (Ш. Б.). *Барсам бир шумдук болору ыктымал* (К. Б.). Бара-бара жолто, *талаш-тартыштар көбөйөрү шексиз* // (сөзсүз) (Ш. Б.).

Баяндоочу-*ды* чактык форма уланган *кел* этишинен, *жок* жана *бар* модаль сөздөрүнөн жасалган сүйлөмдөр көркөм адабий стилде кеңири учурайт жана алар синонимдеш белгиге ээ. Мындай сүйлөмдөр аракет кылуучу жактын каа-

лоо, ниет мүнөзүндөгү аракет-абалдарын билдирүүчү каражат катары колдонулат да, өзүнчө бир контексттик-стилдик структураны түзөт: Салыштыр:

Чуркап чыгып Өмүрбекти чакыргысы келди//бар (А. Т.). Бирок *аны атасына сездиргиси келбейт// жок* (Т. К.). *Азаттыктын өмүрүнө мөөр болгум бар* //келет.

Баяндоочу субстантивдешкен сын атооч сөздөрдөн болгон сүйлөмдөр да көркөм чыгармада кеңири учурайт: Күйөөнүн мингени *суналган кара бышты.* Кыздын мингени *эликтей элтеңдеген жээрде кашка* (Т. С.). Бул түзүлүштөгү сүйлөмдөр да өзүнчө бир стилдик ыкмада. Эгерде булардагы түшүп калган аныкталгыч болуп турган зат атооч кошулуп айтыла турган болсо, ойдун берилиши мындай жыйнактуу, кыска, так болмок эмес. Салыш.: Күйөөнүн мингени кара бышты *ат.* Кыздын мингени (эликтей элтендеген) *жээрде кашка ат.*

Фразеологиялык тизмектен уюшулган баяндоочтор көркөм жана публицистикалык стилдерге мүнөздүү. Андай состтавдагы сүйлөмдөр айтылуучу ойду экспрессивдүү, көркөм туюндурууга жардам берет. Эми керкиден айрылып, *кур кол калды* (К. Б.) Ажар менен Каныбек аталадан ичип *өзөк жалгашты* (К. Ж.). Силерди көрүп *төбөм көккө тийгендей болду* (Т. С.).

Көркөм чыгармада, сүйлөмдүн башка мүчөлөрү сыяктуу эле, бир өнчөй баяндоочтордун да стилдик мааниси бар. Бир өнчөй баяндоочтор субъектинин саналып айтылган бир нече кыймыл-аракетин, белгисин көрсөтүп,ойду толук, кеңири баяндоого жардам берет. Аны тактап, бир аз күчөтүү маанисин да туюндурат.

Сүйлөмдүн бир өнчөй баяндоочтору өз ара интонациянын жана байламталардын жардамы аркылуу байланышат: *Далайды таң калтырат, суктандырат, тамшандырат* (С. К.).

Карачалга Бекназар кайра *атырылган да жок, тиктеген да жок, күткөн да жок* (Т. К.). Мындагы *да* бөлүкчөсү баяндоочтордун негизги компонентине күчөтүү оттеногин берип аны менен жалпы эле сүйлөмдүн мааниси экспрессивдүүлүккө жетишип турат.

Ушуну менен бирге көркөм чыгармаларда баяндооч болуучу сөздөрдүн кээде туура эмес тандалып алынган учурлары кездешет. Натыйжада андай сүйлөмдөр стилдик мүчүлүшкө дуушар болот. Алсак, алар төмөнкүлөр: 1. Жыпар Кендирбайдын бирден бир көрөр көз кызы (С. К.). Мындагы *көрөр көз* деген айкалыш кызына карата эмес, аялына карата айтылыш керек. Сүйлөмдүн туурасы: Жыпар Кендирбайдын бирден бир *көзгө басар кызы.* 2. Атаке, кайратынды жыйна (К. Ж.). Туурасы: Атаке, *кайраттан!* 3. Тургундун каңшар кулагы да бир *нерсени чалганга окшоду* (К. Б.). Туурасы:

Тургундун каншар кулагы да *бир нерсени чалгандай болду.* 4. Жыл өткөндөн кийин *Жыпардын турмушу да тегеренди, өзгөрдү* (С. К.). Туурасы: Жыл өткөндөн кийин *Жыпардын турмушу кыйындап өзгөрдү.* 5. *Сөөгү таза, нускалуу жакшы киши бүтөт өзү* (С. Т.). Туурасы: *Сөөгү таза, нускалуу жакшы киши болот өзү.* 6. Бербесе *шаңыяга билгизип, набакка солоторун уктурду* (К. Б.). Туурасы: *Бербесе шаңыяга билгизип, набакка солоторун айтты.* 7. Жигиттер ондон болуп, топ кармап, кылка тартып, *тоо аралап сапар алды* (Т. К) // *— сапар тартты.*

Аныктооч

Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнө көпчүлүк учурда айкындооч мүчөлөр кошулуп айтылат. Алар семантикалык компоненттер болуп саналат. Айкындооч мүчөлөрдүн бир түрү болгон аныктооч жайылма сүйлөмдүн структурасында келип, андагы заттардын, көрүнүштөрдүн сапатын, белгисин же алардын бир жакка таандык экендигин аныктап, тактап көрсөтүү үчүн колдонулуучу синтаксистик каражат. Аныктоочтор өзүнөн кийинки аныкталгычы менен синтаксистик байланыштын ар кандай жолдору аркылуу айкашат.

Аныктооч аныкталгычы менен кыйышуу жолу аркылуу байланышканда аныктоочтун грамматикалык маанисине карай аныкталгычка тиешелүү таандык уланды жалганат да, экинчи жагынан, ал таандык формадагы аныкталгыч аныктоочунун илик жөндөмөдө турушун талап кылат. Демек, бул учурда аларды өз ара илик жөндөмөнүн мүчөсү менен таандык уланды тутумдаштырат да, мааниси жагынан бир заттын экинчи бирөөгө таандык экендигин билдирет. Аныкталгычы менен кыйышуу жолу аркылуу байланышкан илик жөндөмөдөгү аныктооч кээде мүчөлүү айтылса, кээде мүчөсүз аймөдөгү ротылып калат. Мунун да белгилүү бир даражада стилдик ролу бар. Эгерде аныкталып турган заттын кимге, эмнеге таандык же тиешелүү экендигин конкреттүү, так көрсөтүү керек болсо же аныктоочту логикалык басым менен айтуу зарылчылыгы туулса, аныктооч дайыма мүчөлүү айтылат: Асан кече *Акматтын* үйүндө болду. *Кийизбайдын* үй ичи баштагыдай эмес (Т. С.). *Колхоздун* кыштагы калың бак менен курчалган (Ш. Б.).

Эгерде аныкталып турган затты, белгини конкреттүү б[illegible]рөөгө таандык кылбай, бир өнчөй заттардын жалпыла[illegible]тобуна таандык кылып көрсөтүү тийиш болсо, же и[illegible] аныктооч аныкталуучу затты өзүнө окшош башка[illegible] айырмалоочу белги катарында колдонулса му[illegible]

Мисалы, *Үй ичи* Сергейдин көзүнө баягыдай (Т. С.). *Жаз чыгары* менен Анжияндан наркы Асаке базарына айдап барып саттым (К. Ж.). Кең пейил *үй ээси* конокторун сыйлай берди (Т. С.)... Сиздин атаңыздын *өз үйү* бар ээ? (Т. А.).

Аныктоочтун сүйлөм ичинде алган орду да ар түрдүү: көбүнчө сүйлөмдүн башына, ортосуна, кээде аягына да жайгашып калат: *Жыпардын* ыраазы эместигине кенедей этибар кылбады (С. К.). Ал эми мага *жеңемдин* ушундайы жакчу (Ч. А.). Карыган атам жыгач уста. *Колхоздун* жүрүп турган ушул тактай араба, шады араба — баарысы дээрлик ошол *кишинин* колунан чыгып турат (Ч. А.). Мында сүйлөмдүн аныктоочтору өзүнүн аныкталгычтарына жанаша орун алган.

Айрым учурда (илик жөндөмөдөгү аныктооч мүчөлүү айтылганда) аныктооч менен аныкталгычтын ортосуна башка сөздөр да катыштырылып, ал өзүнөн кийинки аныкталгычтын ар түрдүү кошумча белгилерин көрсөтүп, ойду кеңири түшүндүрүүгө жардам берет. Экөөнүн тең жүрөктөрү *келечектин таттуу, ширин үмүттөрү* менен толуп, бойлору баллкыйт... (С. К.). Данияр менен *Жамийланын ушул туюк мамилеси* акыры эмне менен бүтөрү мен үчүн анда түшүнүксүз эле (Ч. А.).

Аныктоочтор кээде инверсияланып, сүйлөмдүн аягында да колдонулат. Инверсиялык кубулушка дуушар болгон аныктооч аныкталып турган заттын сапаттык белгисин, кимге тиешелүү экендигин өзгөчө белгилеп көрсөтүүгө шарт түзөт: Мыкаачылыгына жараша *эрдиги* да бар ал *доңуздун!* (Т. А.).

Автор кээде чыгарманын көркөмдүүлүгүн арттыруу үчүн аныктооч менен аныкталгычы кайталанып айтылган же аныктоочу күчөтмө сындан уюшулган сүйлөмдөрдү да кеңири пайдаланат. Алар аркылуу аныкталгычтын сапаттык белгиси күчөтүлүп сүйлөмдүн жалпы семантикасы экспрессивдүү мүнөзгө жетишет: *Алда кимдердин кесепети, алда кимдердин кутуртканы, бузуктугу* аркасында далай күнөөсүз кандар аксын эл билет (К. Ж.). Ошондо кудаадан болуп эм түшсө, *уюган-уюган* кара кочкул кан кусуп, дароо эле куландан соо болуп кетесиң дейт (Т. А.). Суунун астында бөлөнгөн баягы казандай таштар эми сыртка чыгып, алардын үстүндө *жапжашыл, сапсары* тукаба өндүү эңгилчектер оюу жүргүзгөн (Ч. А.).

Көркөм адабий стилде бир өңчөй аныктоочтуу сүйлөмдөр да кеңири учурайт. Алар аркылуу автор аныктала турган затка же көрүнүшкө мүнөздүү болгон сапаттык белгилерди кеңири чечмелеп көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот: *Мээримсиз, таш боор, кара жүрөк* атасы кулак салбады. Отурган

кайыгым сынып, *түпсүз, чексиз, терең* көлдө дайынсыз калдым (С. К.). *Күлүк* ой, *узун* санаа, *түпсүз* кыял Ажарды курчап алды (К.Б.). Аты да *кара,* өзүнүн ирени да *кара, түнөрүңкү, суз, муздак* болучу (Т. К.).

Демек, жазуучу сүйлөм мүчөлөрүн өз орду менен пайдалана билгенде гана анын чыгармасы жеке эле көркөмдүүлүгү жагынан өзгөчө орунда болбостон, мазмундуулугу жагынан да окуучуну өзүнө тартат. Өзүнүн чыгармасын көркөмдүү, мазмундуу кылып түзө албаган жазуучуда жакшы түзүлгөн стиль да болбойт. Ал эми стили жок акын, К. Маркс айткандай, «"өзүнчө чыгармачылык жүзү жок" деген пикир менен барабар»[1]. Мына ошондуктан ар бир жазуучу көркөм чыгарманы түзүүдө синтаксистик каражаттарды, тактап айтканда, сүйлөм мүчөлөрүн өз орду менен пайдалана билиши керек, ал болсо анын чеберчилиги менен чечиле турган көрүнүш. Бирок сүйлөмдүн аныктоочу менен аныкталгычына мүнөздүү болгон төмөнкүдөй мүчүлүштөр да чыгармада учурайт. Алсак, алар төмөнкүлөр:

1. Айрым сүйлөмдүн аныктоочу менен аныкталгычынын ортосуна ашык сөздөр киргизилет да, стилдик мүчүлүштү пайда кылат: Салыш.: Адамдын *ичи-койну ачыгы эле* жакшы болот. — Сасыткылар кайра ошо тымпыгыйлардан чыгат (Ч. А.). Мындагы аныктооч (адамдын) менен аныкталгычтын (ачыгы) ортосуна келген *ич-койну* деген тизмектин колдонулушу өз орду менен эмес. Анын бул жерге келиши ашыктык гана кылат. Кыргыз эч качан мындай түзүлүштөгү сүйлөм менен сүйлөбөсү белгилүү. Ошондой эле, болот менен сасыткылар деген сөздөрдүн ортосундагы тире да орунсуз коюлган. Бул сүйлөмдү төмөнкүчө жазганда жана түзгөндө түзүк болмок: *Адамдын ачыгы* эле жакшы болот. Сасыткылар кайра ошо тымпыгыйлардан чыгат. Ал эми *ичи-койну* деген тизмек адамдын мамилесине карата колдонулат: *Адамдын ичи-койнуна* кирип кетет ж. б.

2. Сүйлөмдүн аныктоочундагы илик жөндөмөнүн мүчөсү өз орду менен колдонулбай калганда берилиши: *Күзгү күнү* анын жаңы салдырган кампасы эгин менен жык толгон (С. К.). Туурасы: *Күздүн күнү* анын жаңы салдырган кампасы эгин менен жык толот.

---

[1] Адабият теориясынын проблемалары. Фрунзе, 1966, 81-бет.

Толуктооч

Толуктооч, негизинен, сүйлөмдүн этиш сөздөн турган ар кандай мүчөсү билдирген кыймыл-аракеттин түздөн-түз, тике же кыйыр түрдө багытталган объектисин (затты) көрсөтөт[1]. Экинчи жагынан, ошол зат (объект) өзү менен байланышып турган этиштин же башка сөздөрдүн маанисин толуктайт[2]. Кыймыл-аракеттин кыйыр же тике түрдө багытталып турган жана сүйлөмдүн башка мүчөлөрүнүн маанисине толуктоо киргизип турган заттар же көрүнүштөр ар түрдүү жана ар кандай абалда кездешет. Мына ошолорду семантикалык маанисине ылайыкташтырып, сүйлөмдүк контекстте туура пайдалануунун стилдик мааниси зор.

Толуктоочтун сүйлөм ичинде алган орду туруктуу эмес. Бул кырдаал өзү тутумдашып турган сүйлөм мүчөсү менен болгон грамматикалык жана маанилик байланыштын мүнөзү менен шартташкан болот. Ошого карай ал сүйлөмдүн башында, ортосунда жана баяндоочко жанаша ошондой эле сүйлөмдүн аягында да колдонулгандыгы көркөм чыгармалар үчүн өтө мүнөздүү.

Толуктооч инверсия кубулушуна учурап, сүйлөмдүн аягынан орун алганда, стилдик маниге ээ болуп, угуучунун көңүлүн өзгөчө ошол объект туюндурган түшүнүккө бурат: Саадат оной жоо эмес *сизге* (Т. С.). Мен чочуп турам *силерден* (Т. А.). Боёкторум начар көрүнөт деп *ойлогомун ичимден* (Ч. А.).

Толуктоочтун милдетин табыш, барыш, жатыш, чыгыш жөндөмөсүндөгү сөздөр гана аткарбастан, *тууралуу, жөнүндө, менен, үчүн* жандоочторунун катышуусу менен да уюшулуп, сүйлөмдөгү аракет ким жөнүндө, эмне жөнүндө, ким менен, эмне менен, эмне үчүн, ким үчүн болгондугун тактап көрсөтүүдө колдонулат: Мен эми *сен үчүн* соолгон гүлмүн. Сен *мен үчүн* алыстаган закымсың (А. Т.). *Үчүн* жандоочунун айкашы аркылуу уюшулган толуктоочу бар бул сыяктуу сүйлөмдөр барыш жөндөмөдөгү кыйыр толуктоочтуу сүйлөмдөргө синонимдеш келет. Салыштыр: Мен эми *сага* соолгон гүлмүн. Сен *мага* алыстаган закымсың. Бирок, албетте, бул сүйлөмдөрдүн баяндоочтору туюндурган белгинин ким үчүн

---

[1] *Убрятова Е. И.* Исследования по синтаксису якутского языка, т. I. М.—Л., 1950, 113-бет.

[2] *Мураталиев М., Турсунов А.* Кыргыз тилиндеги сүйлөм мүчөлөрү. Фрунзе, 1961, 85-бет.

ошондой көрүнөрүн ийкемдүү көрсөтүү үчүн *үчүн* жандоочу катышып түзүлгөн толуктоочту пайдалануу ылайыктуу.

Салыштыр: Мен эми *сен үчүн* соолгон гүлмүн — Мен *эми сага соолгон гүлмүн.*

Ушундай эле *жөнүндө, тууралуу* жандоочтору да өз ара синонимдик мааниде. Ошол үчүн алардын айкалышы аркылуу уюшулган толуктоочтор да көпчүлүк учурда биринин ордуна экинчиси колдонула берет. Ошону менен бирге бул жандоочтор айрым бир маанилик оттеноктору боюнча өз ара айырмаланып да турушат. Ошондуктан бул жандоочтор аркылуу түзүлгөн толуктоочторду дайым эле бири-биринин ордуна эркин колдоно берүүгө болбойт. Айтылуучу ойдун максатына карай экөөнүн бирин тандап колдонгондо гана өзүнө тиешелүү стилдик ролун так аткара алат. Мисалы:

1. Авиация күнүнө карата колхоздорго чыгып, *самолет тууралуу* лекция окушат (А. Т.). 2. Ырас *качкандыгы тууралуу* кылмыштуу (К. Ж.). 3. Отургандар өздөрүнүн *иштери жөнүндө* айтып олтурушту (К. Б.). 4. Кой *багуу жөнүндө* сүйлөшөлү (А. У.). Бул мисалдардагы толуктоочтордун структурасындагы жандоочтун айрымдары өз орду менен колдонулбагандыгын көрөбүз. Алсак, биринчи сүйлөмдөгү *самолет тууралуу* дегендин ордуна *самолет жөнүндө* экинчи сүйлөмдөгү *качкандыгы тууралуу* дегендин ордуна *качкандыгы үчүн* деп толуктоочторду туура, өз орду менен колдонсо гана, стилдик мүчүлүштөн арылууга болот. Башка жандоочтордун айкашып айтылышы менен уюшулган кыйыр толуктоочтордун стилдик максатта туура колдонулушу жөнүндө да ушуну айтууга болот.

Булар менен катар, алардын айрымдары жөндөмөдөгү толуктоочко, б. а., *жөнүндө* жандоочунун катышуусу менен уюшулган толуктоочтор табыш жөндөмөсүндөгү толуктоочко синоним боло алат.

Салыш.: 1. Отургандар өздөрүнүн *иштери жөнүндө (иштерин)* айтып отурушту (К. Б.). 2. Кой *багуу жөнүндө (багууну)* сүйлөшөлү (А. У.). Булардын ичинен азыркы түзүлүшү боюнча алганда *жөнүндө* жандоочунун катышуусу менен уюшулган толуктоочтордон пайдалануу стилдик туура колдонгондукту мүнөздөйт.

Ошентип, сүйлөмдүн толуктоочу, алдыда биз белгилеп өткөндөгүдөй, жөндөмөдөгү (табыш, барыш, жатыш, чыгыш) сөздөрдөн жана айрым жандоочтук айкалыштардан уюшулуп, синтаксистик каражат катары колдонулат. Алар көпчүлүк учурда жөндөмө мүчөлүү айтылат. Ал эми тике толуктооч, кыйыр толуктоочтон айырмаланып, кээде мүчөлүү, кээде мүчөсүз колдонулуп калат жана анын стилдик айрым өзгөчөлүгү бар. Мисалы, эгерде табыштагы сөзгө

караганда аны башкарып турган этишке өзгөчө көңүл буруп, аны логикалык басым менен айтуу керек болсо, тике толуктооч аффикссиз айтылат, тескерисинче, логикалык басымды табыш жөндөмөдөгү сөзгө түшүрүп, аны өзгөчө белгилеп айтуу керек болсо, мүчөлүү айтылат.

Салыштыр: Зуура бээ *саады* — Зуура *бээни* саады.

Көркөм чыгармаларда бир өңчөй толуктоочтор да кеңири учурайт. Алар кыймыл-аракет багытталган объектини ирети менен чечмелеп көрсөтүүгө жардам берет: *Үшүгөнүн, кардынын ачканын* эсинен чыгарат (С. К.). *Хандын даражасын, увазирлердин ордун, аскер башчыларынын* мүмкүнчүлүктөрүн сурамжылады (Т. К.). Кээде бир өңчөй толуктоочтордун эң акыркысына гана жөндөмө мүчө жалганып, калгандары мүчөсүз айтылат. Бир өңчөй толуктоочтордун ар бирининин мүчөлүү жана мүчөсүз айтылышынын да белгилүү өлчөмдө стилдик мааниси бар. Эгерде бир өңчөй толуктоочтор туюндурган түшүнүктөрдүн ар бирине көңүлдүн борборун буруп, аларды өзгөчө белгилеп көрсөтүү зарыл болсо, жөндөмө мүчөлүү айтылат; эгерде табыштын мүчөсү эң акыркысына гана жалганса, анда ал толуктоочтор өзгөчө белгиленбей, жайынча гана айтылып калат. Салыштыр: Кечээ *Асанды, Айшаны, Султанды* көрдүм. — Кечээ *Асан, Айша, Султанды* көрдүм.

Жайылма бир өңчөй толуктоочтордун составында кайталанып айтылган айкындооч мүчөсү болсо, сүйлөмгө экспрессивдүү маани берет. Мисалы: *Өткөн өмүр, өткөн доорду* айтышып, узак аңгемеге киришти. (С. К.). Кызыгып ата берип, *кечтин кандай киргенин, бороондун кандай башталганын* билбей калыптырмын (Т. А.). *Түбөлүк бирге болууга, түбөлүк ажырабаска убада* беришти (С. К.).

Сүйлөмдүн башка мүчөлөрү сыяктуу эле, толуктоочтор да инверсияланат. Мындай учурда толуктоочтук функциядагы сөз өзгөчө белгиленип айтылып, сүйлөм экспрессивдик түскө ээ болуп, айырмаланып турат: Жүрөгүм сезген эле ал иттердин арам ой *ойлоп жатышканын* (Т. А.). Айсараланы такалатып берет *сага!* (Т. С.).

— Балам, чакырчы *бирөөнү*. Чакыр, *карааныңдан айлана-найындарды* (А. Т.).

Бышыктооч

Айкындоочтун бул түрү кыймыл-аракеттин сапатын, аткарылыш мүнөзүн, анын болгон мезгилин, ордун, себебин, максатын, сан-өлчөмүн билдирери белгилүү. Бышыктоочтун түрлөрүнүн ар бири өзүнчө стилдик мааниге ээ. Мисалы, сыпат бышыктоочтордун функциясын кандай маанидеги сөздөр аткарышына карай, кыймыл аракеттин ар түрдүү мүнөзүн билдирип, сүйлөмгө образдуу, экспрессивдүү маани берет. Көбүнчө төмөнкү учурларда:

а) Сыпат бышыктооч идиомалардан болсо: Оёзной ачендиктин өзүнө кол берген кээ бир кишилер *төбөсү көккө тийгендей* кубанычтуу (Т. С.). *Кара жанды карч уруп* ушул убакка чейин иштедим (К. Ж.).

б) Сыпат бышыктоочтун милдетин тууранды сөздөр же алар катышкан сөз айкаштары аткарса: Жүрөгү *дүп-дүп* согот (С. К.). Аны Камгакбайдын мойнуна *мына минтип шарт дегизе* жаза коюш керек (Т. А.).

в) Сыпат бышыктооч кайталанып айтылган сөздөрдөн болсо: Ырды *кайта-кайта окуду* (А. Т.). Аттардын туягынан чыккан таштар *чагыла-чагыла ыргып* калды (С. К.). Ар бир көрүнгөн кишини кучактагым, *кысып-кысып* өпкүм келет (К. Ж.). Кыскасы, бышыктоочтордун стилдик мааниси, алардын милдетин аткарган сөздөрдүн семантика-грамматикалык өзгөчөлүгү менен байланыштуу.

Бышыктоочтун башка түрлөрүнүн стилдик функциясына да ушундай мүнөздөмө берүүгө болот: *Каш караймайынча* же *күн шашке болмоюнча* ал ордунан козголуп да койбойт (А. Т.). Бул мезгил бышыктоочтуу сүйлөм. Ал сүйлөмдүн баяндоочунан оолак, сүйлөмдүн башкы орунунда келди. Эгерде бул мезгил бышыктоочторду баяндоочко жанаша орундарга коюп колдонгонубузда деле маани жана стиль жагынан өзгөрүүгө учурабайт. Салыш.: Ал ордунан *каш караймайынча* же *күн шашке болмоюнча* козголуп да койбойт. Демек, мындан мезгил бышыктоочтун сүйлөмдөгү орду, башкаларга караганда, эркин экендиги ачык байкалат[1].

Сүйлөмдүн бышыктоочунун көркөм каражаттардын негизгилеринен экендигин анын бир эле сүйлөмдө бир баяндоочко багынган эки түрдөгү түрүнүн катар келишинен, бирдей суроого жооп берип турган тең маанидеги бир өңчөй мүчөгө ээлигинен, жайылма мүчө түрүндө да болушунан жана аны уюштуруучу лексико-грамматикалык каражаттардын кайталанып колдонулушунан көрөбүз. Ошонун негизинде алар сүйлөмдүн жалпы маанисиндеги экспрессивдүүлүктү түзөт. Бышыктоочтордун составына бөлүкчөлөр кошулуп айтылса, ал сүйлөмдүн жалпы табиятына экспрессивдүү түр берет.

Салыштыр: 1. Мына *эртең да* айылга жөнөймүн (Ч. А.). Данияр бизди капчыгайдан *чыга бериште гана* кууп жетти (Ч. А.). 2. *Мына эртең* айылга жөнөймүн. Данияр бизди *капчыгайдан чыга бериште* кууп жетти. Биринчи сүйлөмдөрдөгү бөлүкчө катышып айтылган бышыктоочтор кыймыл-ара-

---

[1] *Жакыпов Ы., Мураталиев М.* Азыркы кыргыз тилинин синтаксиси боюнча кыскача конспект. Фрунзе, 1956, 68-бет.

кеттин мезгилин тактап, чектеп көрсөтсө, экинчи сүйлөмдөр-дөгүлөр жайынча гана баяндап турат. Айтылуучу ойду чечмелеп, кеңири баяндоодо, тигил же бул заттын, кыймыл-аракеттин ар кандай белгилерин толук чагылдырып көрсө-түүдө саналып айтылган жөнөкөй сүйлөмдөр, бир өнчөй бы-шыктоочтор маанилүү ролду аткарат, сүйлөмдүн жалпы мазмунуна экспрессивдүү маани берет:

Көздөрү канталап, ирени кубарып, бырышы көбөйүп, уй-кудан жүдөгөн. *Ичи жылынып, чекеси тердеп, чепкенин оор-доп* үстүнөн чечип ыргытты (К. Б.). *Жалгыздыктан, көңүл-сүздүктөн* узун түндөрдө убара тартты (С. К.). Катын-балан-дын күнүн көрбөй *ач бел, куу жолдо* өл! (К. Б.).

Бышыктоочторго инверсия кубулушу мүнөздүү. Мындай учурда бышыктооч логикалык басым менен айтылат да, угуу-чунун көңүлүн өзүнө бурат: Биз силерден мурда келгенбиз *бул жерге* (Т. А.). Чор бутуму этегиме далдалаган мен ула-гага жүйүртө бастым бүжүрөп (С. Ө.). Кече күнү Мамыр өзүнүн Абдыбеги менен аябай урушуп калыптыр *сенин кызың үчүн* (Т. А.). *Тур ордуңдан!* (Т. А.).

Каратма, киринди жана сырдык сөздөр

Көркөм адабияттын стилинде сүйлөмдүн башка мүчөлөрү менен байланыш түзө албаган жана ошонун негизинде сүй-лөм мүчөлөрүнүн милдетин аткарбаган каратма, киринди жа-на сырдык сөздөр кеңири колдонулат. Булар ар кандай түз-үлүштөгү сүйлөмдүн составында келип, айтылуучу ойго модалдык жана эмоционалдуу-экспрессивдик маани берет.

Каратма сөз айтылуучу ойго экинчи бирөөнүн көңүлүн буруу үчүн колдонулат, ошону менен катар, жалпы берилүү-чү ойго экспрессивдик түс берет. Анын стилдик касиети да мына ушуну менен мүнөздөлмөкчү. Анткени, экинчи тарапка багытталып арналган ой каратма сөзсүз баяндала турган болсо, мурункудай так, ачык болбостон, бир нерсе жетпеген-сип айтылат. Ошондой эле алар интонациялык айтылыш жа-гынан да айырмаланат. Башкача айтканда, каратма сөздүү сүйлөмдөргө мүнөздүү болгон жогорку тондогу интонация каратма сөзсүз түзүлгөн сүйлөмгө мүнөздүү болбойт. Алар жайынча гана төмөнкү тондо айтылган интонацияда берилет. Ошонун негизинде ойдун экспрессивдүү боектуулугу мында төмөнүрөөк болот:

— Рахмат, *карыя,* кайратыңызга (К. Б.).

— *Дадый балам,* мунуң ашкан адилеттик (Т. А.). Кадыр баркынды сактасаң, энчиңе бак-дөөлөт сактаганың ошол, *балам!* (Ч. А.).

Көркөм чыгармаларда жалынып-жалбаруу, эркелетүү маа-нисиндеги каратма сөздөр жана анын кайталанып айтылган түрү да көп учурайт. Андай каратма сөздөр айтылуучу ойдун көркөмдүүлүгүн күчөтөт: — *Айланайын жылдызым,* муну ич (А. Т.).

Кагылайын, мына бул — сеники, бул Табылдыныкы (А. Т.). *Апа, жаным апа!* Ойгонсоң, көзүңдү ачсаң. Мени карачы, мен кантем (К. Б.).

Киринди сөздөр

Киринди сөздөр да каратма сөздөр сыяктуу көркөм чы-гармадагы негизги каражаттардан. Анын грамматикалык милдети айтылуучу ойдун ар түрдүү кырдаалын билдирүү. Киринди сөз катышкан сүйлөм аркылуу ой кеңири түшүндү-рүлүп, ар кандай мүнөздөгү субъективдүү ички сезим кошо берилет. Сүйлөм жалпысынан эмоционалдуу мааниси боюнча өзгөчөлөнүп турат: *Кантейин,* кайгым көп (К. Б.).

Кыргыз адабий тилинде колдонулуучу киринди сөздөрдүн мааниси ар түрдүү. Айрымдары бири-бирине синонимдеш. Алсак, айтылуучу ойго бекемдөө оттеногун берүүчү *чынында, чындыгында, чынын айтсам, ырас, ырас эле, ырасын айтсам* деген киринди сөздөр жалпысынан бири-бирине синоним, бирок ар биринин өз бетинче стилдик ыкмасы бар. Ошол себептүү алар дайыма эле биринин ордуна экинчиси эркин колдонула бербейт. Мисалы: Чарбагы бөлөк болгону менен, *чынында,* биз баарыбыз бир үй-бүлө болчубуз (Ч. А.). Мын-дагы *чынында* деген киринди сөздү *чындыгында, чын эле, чыны менен* деген киринди сөздөр менен алмаштырып айтуу-га болот: Чарбагы бөлөк болгону менен, *чындыгында,* бир үй-бүлө болчубуз.

Чын эле, чындыгында ушундай түндө да унчукпай коюш болобу? (Ч. А.). *Чыны, чыны менен* кантер экен деп тамаша кылдык (Ч. А.). *Чыны,* Бегайым эң сонун кыз (Ж. Ш.). *Чынында эле (чын эле),* эликтикине окшош турбайбы (А. М.).

Булардагы киринди сөздөр өз орду менен туура колдонул-ду, аларга *ырас, ырас эле* деген киринди сөздөр да синоним катары колдонула берет. Мисалы: *Ырастан эле (чынында эле),* төрөгөндөн аял бузулбайбы? (Т. А.). *Ырасын айтсам (чынын айтсам, чынын айканда)* чолом тийбейт (Т. А.). *Чынын айтканда,* бул өндүү чырайлуу кыздын жанында жал-гыз калуудан уялдым (А. Молдокулов). *Чынын айтсам,* көңүлүмдөгүдөн башкача (Ж. Шаршеев).

Мына ушулардай эле, айтылуучу ойдун бир бөлүгүн экин-чи бөлүгүнө каршы коюуда колдонулуучу *деген менен, кант-кен менен, ошенткени менен* деген киринди сөздөр да бири-

бирине синонимдеш келет. Бирок булардын ар биринде өздөрүнө мүнөздүү болгон стилдик оттеноктору бар. Салыш.: *Ошенткениң менен,* анткорсуп кааданча өзүң эле жумушка чыкпай коёрсуң (К. Б). *Деген менен,* аял тийип-качып Бердибайдын кызматын иштейт (Т. С.). *Канткен менен,* баатыр да, кол салууга да мүмкүн (А. Т.).

Жок дегенде, эч болбосо деген синонимдеш киринди сөздөр да көркөм чыгармада катар колдонула берет:

Салыш.: Амир Темир Көрөгөндүн чексиз зор өлкөсү, *жок дегенде,* жүз жылга бүтүн турбады (Т. К.). *Эч болбосо,* Өмүрбегимди көрсөтчү (А. Т.).

Ал эми автордук баяндаманы берүүдө жана чыгармадагы кейипкердин субъективдүү көз караштарын билдирүүдө *менимче* киринди сөзү активдүү колдонулат:

Менимче, апам аны мүнөзүнүн күчтүүлүгү, адилеттүүлүгү жагынан өзүнө жакын, өзүнө тең болорлук көрөт (Ч. А.).

Менимче, мындай ийгиликтүү ишке комсомолецтер да каршы боло койбос (К. Б.). Мына ушулар менен катар, күмөндүүлүк, болжолдоо, эскерүү жана күчөтүү маанисин берүүчү *баса, көрсө, айтмакчы, балким, сыягы, айтор, жаңылбасам, андан калса, анын үстүнө, айрыкча, жадаса, жада калса* деген киринди сөздөр да көркөм чыгармаларда кеңири колдонулат. Булардын айрымдары бири-бирине синонимдик мааниде колдонула берет: *баса // айтмакчы; сыягы // кыязы; жадаса // жада калса, айрыкча // өзгөчө* ж. б. *Баса // (айтмакчы)* мен бүгүн базардан Иванды көрдүм (К. Б.).

Айтмакчы // (баса), жолоочунун бири мында (Ч. А.). Сы*гы // (кыязы)*, биздин жолду буумакчы болсо керек (К. Б.). *Кыязы,* анын иши жакшы көрүнөт (А. Молдокулов). *Жадаса // (жада калса)* булардын малынан өйдө жоо (Т. С.). *Анын үстүнө (андан калса // анын үстүнө)*, жанагы жаңы тууган Даниярды кошуп берейин (Ч. А.).

Бир пикирге келип макулдашылган мүнөздөгү оттенокту берүүдө колдонулуучу *болуптур, мейли, макул, ошентелик* деген киринди сөздөр да бири-бирине синоним болуп турат. Бирок ошондой болсо да, ар биринде өзүнө мүнөздүү болгон стилдик боёк болгондуктан биринин ордуна экинчиси колдонула бербейт. Тактап айтканда, *болуптур* киринди сөзү, негизинен, макул болгондукту билдирүүдө келсе, *макул* киринди сөзү тикеден тике, ачык *макул* болгондукту, ал эми *мейли, ошентелик* киринди сөздөрү жалпы пикирге кошулуп, аны кубаттаган мүнөздө айтылуучу ойду берүүдө колдонулат. Салыш.: *Болуптур,* күрөң айгырды токугула (Т. С.). *Макул* ошентелик, бул каркыбарым турганда биздин колубуздан келбей турган иш жок (К. Б.).

Мейли, жүрчү деги эл жок жерге барып аябай акылдан

лы (Т. А.). Айтылган ойду жыйынтыктап, корутунду чыгарууда колдонулуучу, стилдин башка түрлөрүнө, өзгөчө илимий стиль үчүн мүнөздүү болгон *ошентип, мына ошентип, башкача айтканда, мындайча айтканда, тактап айтканда, кыскасын айтканда, демек* деген киринди сөздөр көркөм стилде да кездешет: Алдыңкылардай эле булардын айрымдары да (*ошентип // мына ошентип; башкача айтканда // мындайча айтканда // тактап айтканда // кыскасын айтканда*) бири-бирине синоним киринди сөздөр. Бирок сүйлөмдөгү башка сөздөр менен болгон байланышына ылайык тандалып колдонулат; бири бир түрдөгү ойду берүүдө келсе, экинчиси дагы бир башка ойду берүүдө келет:

Ошентип, аргасы түгөнүп кейип турганында үч аяктап, соксондоп келаткан карагерди көрөт... (Т. А.).

Айганыштын турмушу эң жаман, *мындайча айтканда,* итке эле берсин дээрлик (К. Б.). *Кыскасын айтканда,* Гүланда экөөбүздүн тагдырыбыз ушундайча чечилди (А. Т.). *Демек,* сен Ата-Мекен үчүн согушкан экенсиң (К. Б.).

Көркөм адабий чыгармаларда берилүүчү ойдун иреттик белгисин билдирүүчү *биринчиден, экинчиден* (*Биринчиден,* ата даңкыма бел байлаган болсом, *экинчиден,* өзүмдү таманымдан түртүп асманга көтөрүшөр өзүң өндүү жолборс сүрдүү канат-бутактарыма... бел байлачу элем); айтылуучу ойго тактоо, кубаттоо маанисин берүүчү *албетте, арийне* киринди дөрү да жыш кездешет: *Албетте,* бул мамлекеттин пайда-чүн! (Т. К.).

асууга да, *арийне,* курсактын тогу, кийимдин бүтүнү керек го (К. Б.). Үмүттөнгөндө, ошондой эле, кадиксиз аткарыла турган иш жөнүндө айтылуучу ойду таратууда келүүчү *буюрса, сөзсүз* (*Буюрса,* бизден бир-эки адам Социалисттик Эмгектин Баатыры болот... (Т. А.). Сенин ордунда башка бирөө болсо, *сөзсүз,* ошентет эле (М. Э.)) активдүү колдонулат.

Сырдык сөздөр

Каратма, киринди сөздөр менен катар, сырдык сөздөр да көркөм стилдеги негизги каражаттардан болуп эсептелет. Көркөм чыгармада колдонулган сырдык сөздөр сүйлөөчүнүн турмуштагы ар түрдүү көрүнүштөргө карата болгон мамилесинин негизинде келип чыккан кубануу, кайгыруу, өкүнүү, коркуу, чочуу, таң калуу, жек көрүү, шылдың, ыраазы болуу сыяктуу толуп жаткан ички сезимдик абалын чагылдырууга арналат да, натыйжада сүйлөмгө экссивдик, эмоционалдык түс берип, анын көркөмдүүлүгүн өт: *Ой-уй, Чал,* о эмне керилесиң? Бат-бат баспайсың- (Т. А).